# ТОГОЛОК МОЛДО



КЫРГЫЗ ССРнин ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ

# ТОГОЛОК МОЛДО

ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН
ЭКИ ТОМДУК
ЖЫЙНАГЫ

I ТОМ

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ ФРУНЗЕ 1970

Т50
Киргиз.

Түзгөн жана баш сөзүн жазган—
**ЖАКИ ТАШТЕМИРОВ**

Супер обложканын гравюрасы
**А. С. ОСТАШЕВДИКИ**

■

# ТОГОЛОК МОЛДО

**(1860 — 1942)**

## I

Дүйнөлүк маданияттын тарыхына кайрылганда, өз элинин духун чыгармаларында чагылдырып, ал калктын турмушун ар тараптан кеңири сүрөттөп, өлбөс мурасты жараткан залкар чоң таланттарды, сөз өнөрүнүн чыгаан чеберлерин бардык улуттан дээрлик, ачып айтканда, улуу элден да жана саны аз кичине элден да учуратууга болот. Андай тубаса таланттуу ойчул адамдар өздөрүнүн идея жана көркөмдүк жагынан жогору турган өлбөс-өчпөс көркөм чыгармалары, баа жеткис асыл мурастары менен бирге түбөлүккө жашай бермекчи.

Кыргыз эли өзүнүн тарыхый басып өткөн жолунда акыл-ойдун мол байлыгын түзүү менен эчен таланттуу адамдарды чыгарган. Аны кыргыз элинин ар түрдүү жанрдагы оозеки чыгармалары, алардын эң көлөмдүүсү дүйнө жүзүнө белгилүү болгон монументалдуу «Манас» трилогиясы ачык көрсөтүп турат. Ал баа жеткис асыл мурастарды кыргыз эли, анын таланттуу адамдары түзгөн. Бирок, жазуу-сызуу болбогондуктан, өткөндөгү сөз өнөр чеберлеринин чыгармалары бизге толук жеткен жок. Ал гана түгүл, өткөндөгү ак таңдай акындардын аттары, ойчулдардын ысымдары бизге белгисиз. Акыл-ой байлыктарын түзгөн алдыңкы адамдардын айрымдарынын ысымдары гана улама сөз катары эл арасында айтылып калды.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясы эзүүчү таптын бийлигин кулатып, эмгекчилер үчүн дүйнөдө эң биринчи демократиялык мамлекетти түзүү менен бирге, эркин чыгармачылыкка кеңири арым[1] берди. Октябрь революциясынан кийин гана искусство элге таандык болуп калды. Коммунисттик партиянын күндөлүк көргөн камкордугунун, улуу жолбашчы В. И. Лениндин улуттук туура саясатынын натыйжасында гана эмгек-

[1] В. И. Ленин. Чыгармалар, 27 том, 4-басылышы, 135-бет.

чилер массасынын, алардын ичинде кыргыз элинин эчен кылымдар бою түзгөн акыл-ой байлыктарын жыйноо, аларды изилдөө, акындардын чыгармаларын жазып алуу жана жарыкка чыгаруу, жалпы эле маданий мурастарды элге кайра тартуулоо иши жолго коюлду.

Тоголок Молдо — кыргыз элинин демократ акындарынын көрүнүктүү өкүлү. Ал — өткөн доордо кыргыз эмгекчилеринин мүдөөлөрүн терeңден козгоп ырдаган акын. Бирок, анын чыгармалары өткөн заманда көңүлгө алынган эмес. Улуу акындын чыгармалары Совет бийлиги тушунда жарык көрүп, адабиятыбыздын корун көбөйтүүдө өз салымын кошуу менен кыргыз элинин духовный байлыгынын бөлүнгүс кенчи болуп калды.

* * *

Абдрахманов[1] Байымбет (Тоголок Молдо) 1860-жылы 17-июнда Нарын өрөөнүнүн батыш күңгөй тарабындагы Куртка деген жерде кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Азыр ал жер Ак-Талаа районуна карайт, анда бир нече колхоздон бириккен ири чарба бар. Ага улуу акындын ысмы берилгендиктен, азыр Тоголок Молдо атындагы колхоз деп аталат. Тоголок Молдо өмүр бою дээрлик өзү туулган Курткада жашады. Акын 1942-жылы 4-январь күнү дүйнөдөн кайтты, сөөгү Курткaнын оозуна, Нарын дарыясынын оң жак жээгине коюлган. Улуу акын ушул жерде түбөлүккө уктап жатат.

Байымбеттин атасы Абдрахман ашкан кедей адам болгондуктан, өзүнүн үй-бүлөсүн багууга каражаты жеткен эмес. Алты баланы багуу үчүн бардык күчүн жумшоо менен көп кыйындыкты өткөргөн. Бирок, балдарынын эң улуусу Байымбет 14 жашка чыкканда, Абдрахман дүйнөдөн кайтып, бул үй-бүлө оор жоготууга учурайт. Ушундай оор жоготуу тууралу акын мындайча эске салат:

Он төрт жашка келгенде
Атам өлүп айрылдым.
Арманым көп Байымбет
Андан бетер кайгырдым.
Энем — жесир, мен — жетим,
Эсимден танып зар кылдым.

Болочок акын Байымбет жаш кезинен жетимдиктин жана жокчулуктун зарын аябай тартат. Абдрахмандын атасынын бир тууганы кадимки атактуу комузчу, өз учурундагы белгилүү ырчы Музоокенин колун карап, чөбүрөгөн жетимдер аз убакыт эптеп күн өткөрүп турушту. Карылык жетип, күчтөн тайып калган Музооке колунан келишинче жардам көрсөтүп, жетимдерди асырап багат. Анын жетимдерге көрсөткөн жардамы узакка созулган жок. Музооке да үч-төрт жылдан кийин дүйнөдөн кайтат. Жетимдер дагы оор жоготууга учурап, эми бирөгөлө жардамсыз калышты.

Багар белдүү кишиси же оокат кылар бирин-экин малы болбогон соң, жесир аял, жетим балдар кыйынчылыкка учурап, турмуш жагынан кысыла баштады. Кантсе да, балдарды багуу керек эле.

---

[1] Эки томдуктун биринчи басылышында, редактор өзүнчө «Абдыракманов» деп ондоп жиберген. Бул басылышында мурунку калыбы сакталды.

Турмуштары кысылган соң. Коңур эне алты баласын колунан жетелеп, Жумгалга барды. Ал жерде өзү бирөөнүн эшигинде жүрүп, балдарын әптеп багып турду. Беш-алты ай ал жерде болуп, оокаттары өтпөсүнө көзү жетти. Акыры 1878-жылы Чүйгө келип, Токмок шаарынын сырт жагы Кара-Дөбө деген жерден турук алды. Бул кезде Байымбет 18 жашка келип, жумуш кылууга жарап калган эле. Ошон үчүн бүрөөлөргө жалчы жүрүп, бөбөктөрү менен энесин багууну көздөдү. Ошентип, Чүйгө келген күндөн мындай карай Байымбет ар кимге жалданып иштей баштайт.

Байымбет ар кимге жалчы жүрдү. Ал дунганга, орустун кулактарына жана кыргыздын байлары дебей баарына малай жүрүп, алардын ар түрдүү жумуштарын иштеди. Бирөөлөрдүн эгинин айдап, суусун сугарса, бирөөлөрдүн чөбүн чаап, эгинин орду, малын бакты. Орус кулактарынын арабасын айдап, Кемин жана Шамшы деген жерлерден кышкысын карагай тартты. Айтор, эмгекке жараган күндөн мындай карай анын аткарбаган жумушу калган жок.

Небереси Байымбеттин зээндүүлүгүн баамдаган Музооке жаш баланы айылдык молдого берип үч-төрт жыл окуткан болучу. Чоң абасы Музооке дүйнөдөн кайткандан кийин окууну уланта алган эмес. Чүйгө келгенден кийин зээни бар Байымбет дагы окууну, билимин көтөрүүнү ойлоду. Ал эми молдого төлөйүн десе, тапканы бөбөктөрүнүн кийим-кечегине, тамак-ашына жетчү эмес. Ошонун үчүн кеч убактарда молдонун түрдүү жумуштарын бүтүрүп, андан дагы сабак ала баштайт. Бирок, ал кездеги катаал молдонун кысымына чыдай алган жок. Бир жылдан соң окууну таштап, өзү бала окутууга өттү.

Байымбет өзүнүн өмүр баянында эски окуу жана балдарды окуткан молдолор жөнүндө мындай деп айткан: «Молдо ар бир балага динди жаттоо үчүн буйручу. Балдар өздөрүнчө жарамазан айткандай чуулдап жаттоочу. Эгер айтып жатып жаңылса, молдо түзөтүп айтуучу эмес. Түзөтүүнүн ордуна өзүнүн даярдап алган сындуу чыбыгы менен чечинтип алып сабачу.

Күн мурунтан эле чыбыктан коркуп, жаттаган динин түздөп айта албай жаңылып, тузакка түшкөн чымчыктай болуп, баягы кооз каардуу чыбыкка балдар дагы түшүшчү. Биз окуган убактарда кыйын эле. Ал молдодон таяк жегенибиз үчүн ата-энебиз молдого өзүнүн акыркы байлыгын төлөчү. Ошол жылдарда окуу каптай кыйын эле!» Байымбеттин бул айтканынын эч калети жок. Ал өз көзү менен көргөнүн, башынан өткөргөн окуяны эске салып отурат.

Болочок акын Байымбет өзүнүн зээндүүлүгү, сергектиги аркасында билим алып, ак эмгеги менен гана адам катарына кошулуп, 22 жашында үйлөнүп, 1887-жылы туулуп өскөн жери Курткага көчүп кеткен. Бул мезгилде Байымбет 27 жашка чыгып, анын акындыгы артылып, элге таанылып калган кези болучу.

Чүйдөн көчүп келгенден кийин Байымбет өзүнүн туулган жери Курткадан жай алып, кыйла убакытка чейин жашап турду. Өткүр тилдүү акын айрым манаптардын айыбын чукуп ыр жазып, аларды кээде ашкерелеп мазактай баштайт. Анын өткүр ырларына ууккан манаптар акынды куугунтукка алат. Бул жердеги манаптар ыза көрсөткөн соң, акыры аркы өйүзгө — Дөрбөлжүн тарапка өтүп кетүүгө аргасыз болот. Аркы өйүзгө баргандан кийин акын тынчып

калган жок. Эзүүчүлөрдүн кылмыштарын ашкерелегенине чыдабаган манаптар дагы куугунтукка ала баштайт. Дөрбөлжүн тараптан орун ала албаган акын 1915-жылы Тогуз-Торо багытына көчүп кетүүгө аргасыз болду. Байымбет Улуу Октябрь революциясынын жеңишин мына ушул Тогуз-Тородо турганында укту.

Мурунтан бай-манаптан запкыны көп жеп, эркиндик күндү эңсеп жүргөн акын Октябрь революциясын жүрөгүнө сыйбаган кубанычы менен тосуп алды. Ал жаңы кубулуштарга активдүү катышып, Совет бийлигин чыңдоодо талыкпай иштей баштайт. Акындын андай демилгелүү ишин көрө албаган жергиликтүү бай-манаптар басмачыларга билдирип, Байымбеттин үйүнө чабуул жасатышат. Акын жергиликтүү элдин жардамы менен аман качып кутулган болучу. Басмачылар анын үй-жайын басып талап, ошол учурда аялдар бөлүмүндө иштеп турган аялын кошо ала кетишкен. Ал жердеги бай-манаптар кастарын тигип калганын сезген акын аялынан, үй-мүлкүнөн ажырап, акыры 1922-жылы өзүнүн туулуп өскөн жери Курткага кайра көчүп келген. Кийин «Чоң-Арык» колхозго мүчө болуп кирип, өмүрү өткөнчө ушул Курткада жашап, ушул жерде чыгармаларын улантты.

1936-жылдан тартып, Байымбет илим-изилдөө институту менен байланыш жасап, өзүнүн ырларын жана оозеки элдик чыгармалардан жазып бере баштайт. Эки жылдын ичинде илим-изилдөө институтуна 200 басма табакка жакын көлөмдө келе турган ар түрдүү темадагы материалдарды тапшырат. Анын чыгармачылыктагы эмгеги эске алынып, 1938-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзуна мүчө болуп өтөт. 1939-жылы кыргыз искусствосунун Москвада өткөрүлгөн декадасына катышып, акын «Ардак белгиси» ордени менен сыйланат. 1940-жылы акындын туулгандан бери 80 жашка толгондугуна байланыштуу Кыргызстандын коомчулугу анын юбилейин өткөрдү.

Тоголок Молдо — биздин гана республикага эмес, Советтер Союзунда жашаган бардык бир боордош элдерге да белгилүү акын. Тоголок Молдонун чыгармаларынын орус тилине жана башка боордош элдердин тилине которулушу, анын өзү көп улуттуу совет адабиятынын китеп текчелерин толуктоо менен катар, акындын мурасынын баалуулугунун, көркөм сөз өнөрүнө тийиштүү салым кошкондугунун күбөсү болуп эсептелет.

## 2.

Эгер өткөн XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында жашаган акындардын чыгармачылыгына кайрыла турган болсок, алардын адабий мурасы эки нукта өнүгө баштаганын байкайбыз. Кайсы бир акындар өздөрүнүн чыгармаларын мурдагы традициянын нугу менен уланта, ачып айтканда, оозеки түрүндө импровизация аркылуу түзсө, кайсы бир эскиче окуп, кат-сабатын жойгон таланттуу адамдар ырларын кагаз бетине түшүрө баштайт. Ошонун натыйжасында жамакчы, төкмө акындардын чыгармаларынан нук жагынан айрым турган кыргыздын кол жазма адабияты келип чыгат. Андай акындарды «жазгыч акындар» деп да жүрөбүз. Тоголок Молдо — ошол XIX кылымдын аяккы чейреги, XX кылымдын башындагы жазгыч акындардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири.

Байымбет чыгармачылыкка жаш кезинен киришип, аны өмүрү өткөнчө улантты, мындайча айтканда, алтымыш жылдан ашык мезгилди жалаң чыгармачылыкка арнады. Бул аралыкта акын көп сандагы ырларды, поэмаларды жазган, бирок алар бүт бойдон сакталган эмес. Акындын алгачкы чыгармаларынан 1950-жылы Кара-Дөбө кыштагында туруучу адамдан бир куплет ыр жазылып алынды. Ал ыр — 1878-жылга таандык. Мындан башка алгачкы чыгармаларынан эч кандай маалымат, эч кандай ыр табыла элек.

Байымбеттин чыгармачылык ишине көбүнесе таасир эткен адам — абасы Музооке. Ал киши кыргыз жергесин бүт дээрлик арытып, атагы алыска угулган, ары ашкан комузчу, ары өз замандагы белгилүү ырчы, ошону менен катар улама сөзгө канык, уруулардын бөлүнүшүн, кыргыз элинин тарыхына байланыштуу легендаларды, оозеки чыгармаларды абдан жакшы биле турган. Ошондуктан, өзү тарбиялап өстүргөн Байымбетке кыргыз элинин макал-лакаптарынан тартып тарыхый легендага дейре, окуялуу жөө жомоктордон тартып ири көлөмдөгү эпикалык дастандарга дейре айтып берип, зээндүү бала небереси Байымбетти калктын баа жеткис мурастары менен, акыл-ой байлыктары менен абдан тааныштырып, ага аябай үйрөттү. Анын баары болочок акын Байымбетке айрыкча таасир этүү менен бирге, анын чыгармачылыгынын өсүшүнө белгилүү даражада көмөк көрсөткөн эле. Кыскартып айтканда, Байымбеттин талантынын ойгонушу, сөз өнөрүнө көңүл буруп, чыгармачылыкка кадам шилтеши анын чоң абасы Музоокенин тарбиясы менен тыгыз байланыштуу.

Байымбет төкмө ырчы эмес, ал — бүт дээрлик чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, кол жазма түрүндө аны эл арасына тараткан XIX кылымдын аягындагы жазгыч акындардын көрүнүктүү өкүлүнүн бири.

Илгери кичине кат тааныган кишини эл «молдо» деп атай турган. Ал эми Байымбет чарчы бойлуу, тоголок келген жигит эле. Анын үстүнө кат тааныган сабаттуу, өз заманындагы билимдүү адам болгондуктан, эл аны «Тоголок Молдо» деп атап жүрүп, «Байымбет» деген ысымы көп айтылбай, акыры «Тоголок Молдо» аталып кетет. «Тоголок Молдо» деген ат элге жайылгандан жайылып, ошону менен катар ырлары да эл арасына таралгандан тарап, акындыгы калкка дайын билинет. Ошонун натыйжасында «Байымбет» деген ысымдан көрө «Тоголок Молдо» деген лакап ат элге белгилүү болуп калган.

Тоголок Молдо эмгекке жана чыгармачылыкка өтө жаш киришкен. Ал өзүнүн өмүр баянында минтип жазат: «Мен эрксиздигимден 14 жашымда атаман калдым. 15 жашымда белди бек бууп, кетменди саптап, арыкты аттап, жаш дыйкан болуп кириштим. Дыйкандык кылып, эгин сугарып, оруп-жыйып жүргөн убактарда бирди-бирге кошуп, өзүмчө күңгүрөнүп ырдап жүрдүм. Уккан кайсы бир адамдар: «Аштыгы жок — нанчы, акылы жок — ырчы» деп, дагы айтып жүргөндөрүн уктум. Бирок, толкуп турган жаш көңүлмдө ансайын күчөп ырдай баштадым». Демек, Тоголок Молдо ырчылык кесипке эрте киришкен, 15 жаш курагында «бирди-бирге кошуп, өзүнчө күңгүрөнүп ырдап жүргөн» болот. Акын бир ырында мындай дейт:

Он сегиз жашка келгенде,
Акын болдум атанып.
«Манасты» бүт үйрөндүм,
Тыныбектен жат алып.

Жогоруда мисалга келтирген ырдан Тоголок Молдонун чыгармачылык ишинин белгилүү учуру көрүнүп турат. Бул мисалдан акынга мүнөздүү эки сапатты көз алдыга элестетебиз. Биринчиден, Тоголок Молдонун таланты ташкындап, ырчылык өнөрү артып, бул мезгилде акын катары элге таанылып калганы байкалат. Экинчиден, ал кыргыздын оозеки чыгармаларынын ичинен «Манасты» бүт үйрөнүп», манасчы катары да элге белгилүү болот.

Тоголок Молдонун поэзиясына кайрылганда, анын чыгармачылыгы негизинен эки булактан турганын сезебиз. Ал биринчи эле кыргыз элинин фольклорунун бай материалына, өзүнөн мурдагы акындардын чыгармаларына кайрылып, анын жакшы жактарын, прогрессивдик салттарын өздөштүргөн, аларды чыгармачылыгына билгичтик менен пайдаланган. Ошонун үчүн акындын чыгармалары форма жагынан гана окшош келбестен, алардын кайсы бири фольклордук материалдардын негизинде түзүлгөн, тактап айтканда, Тоголок Молдо тарабынан кайра иштелип чыккан элдик чыгармалар. Экинчи булагы — жазма адабият. Тоголок Молдо кат тааныган, өз заманындагы билимдүү адам болгондуктан, аны оозеки элдик чыгармалардын таасири аркасында гана өсүп чыккан деп айтуу чындыкка жатпас эле. Акын өзүнүн чыгармачылыгын өстүрүү үчүн, сөз өнөрүнүн чеберине жетишүү үчүн экинчи булак катары жазма адабиятка кайрылган, мындайча айтканда, ошол кезде чыккан китептерден, газеталар менен журналдардан пайдалана билген.

Чыгармачылык кесип — эң татаал кесип. Чеберчиликке кыска мөөнөттө жетише калууга мүмкүн эмес. Анын кыйма-чийме татаал жолун тальыкпай басып өткөндө гана чыгармачылыкты өркүндөтүүгө, элдин талабына ылайык чыгармаларды берүүгө мүмкүн экени түшүнүктүү. Акындыкты өркүндөтүү үчүн жана кыргыз элинин тарыхын изилдеп, аны жыйноо үчүн Тоголок Молдо көп ойлонуп, ал жөнүндө көп аракет кылган болучу. Ошондуктан, Кыргызстандын аймагын бүт кыдырып чыгып, кыйла акындар менен таанышты, кыргыз элинин санжырасын, тарыхын жыйнады. Жалаң гана кыргыз акындары эмес, казак, өзбек жана тажик элдеринин акындарынын чыгармаларын китептен окуп билди. Боордош казак элинин атактуу акындары менен жолугушту. Токмок шаарында жүргөндө орус адабиятына кызыкпай койгон эмес. Бирок, орус тилин билбеген соң, аны өздөштүрө албады.

Тоголок Молдо орус адабияты менен котормо аркылуу гана таанышууга мүмкүндүк алган. Анын «Эшек менен булбул» деген тамсили орус элинин улуу тамсилчиси Крыловдун тамсилине мазмун жагынан өтө окшош. Крыловдун «Эшек менен булбул» деген тамсилин казак элинин улуу акыны Абай которгону белгилүү. Ал эми Тоголок Молдо болсо Абайдын чыгармаларын үзбөй окуй турган. Тоголок Молдо казак тилинде кандай болсо, ошол бойдон котор-бостон, өзүнчө иштеп чыккан, кошумчалар киргизген. Андай кошумчалар Тоголок Молдонун «Эшек менен булбул» деген тамсилинен даана билинип турат. Бул сыяктуу окшоштуктар акындын орус

адабияты менен котормо аркылуу тааныш экенин, анын таасири аркасында тамсилди жазганын белгилеген көрүнүштөрдөн.

Эл акындарынын ичинен кыргыз поэзиясынын чебери, улуу акын Токтогул менен болгон байланышы өзгөчө мааниге ээ. Акын 1890-жылы Кетмен-Төбөгө атайы издеп барып, Токтогул менен жолугушуп, үч ай чамалуу аны менен бирге болуп, «ыр түйүнүнүн кежилерин» үйрөнүп кайткан. Бул эки акын жакшы мамилелерин, байланыштарын өмүрлөрүнүн акырларына чейин үзүшкөн эмес.

Тоголок Молдо — элден көп угуп, элден көп үйрөнгөн акын. Ал чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында эл түзгөн акыл-ой байлыктарына, акындардын поэзиясына кайрылуу менен, ошол кезде түрк тилинде чыккан китептерди көп окуп, алардан үлгү алып, өзүнүн изденгичи натыйжасында гана элге татыктуу чыгармаларды түзгөн болучу. Анын адабий мурасы жогорку ойду бекемдеп турат.

## 3

Эмгекчилердин улуу жолбашчысы В. И. Ленин «Коомдо жашап туруп, анан ал коомдон четте туруу мүмкүн эмес»[1] деп үйрөтөт.

Тоголок Молдонун чыгармаларына кайрылганда, В. И. Лениндин көрөгөчтүк менен айткан акылман сөзүн дайыма эске бекем тутуубуз керек. Эң биринчи фактор катары акынды курчап турган чөйрө, ал жашаган коомдук түзүлүш көңүлгө алынууга тийиш. Анткени ти[ги] же бул художник өзүнүн чыгармасында коомдук турмушту, адамдардын ой-максаттарын чагылдырат эмеспи. Тоголок Молдонун чыгармачылыгына ушундай жол менен карообуз керек.

Абдрахманов Байымбет эң кыйын кырдаалда, кыргыз элин караңгылык каптап, жакырчылык басып турган мезгилде, патриархалдык-уруучулдук мамилелердин калдыгы алиге сакталып калган, феодалдык түзүлүш, феодалдык мамилелер өкүм сүрүп турган, ал эми капиталисттик мамилелер кыргыз жергесинде жаңыдан көрүнө баштаган мезгилде дүйнөгө келди. Анын өмүрүнүн жарым кылымдан көбүрөөгү мына ошондой оор шартта, кыргыз эли эки тараптан: падышалык төрөлөр менен жергиликтүү бай-манаптар тарабынан катуу эзилип турган мезгилде, калкты караңгылык аябай каптаган шартта өттү.

Акын кыргыз элинин өткөндөгү оор абалын өз көзү менен көрүп, ага өтө кейиген түрдө карап, катуу эзүүнү жектеген болучу. Эл туташ сабатсыз эле. Падышанын оор салыгы, ага кошумча жергиликтүү бай-манаптардын ар түрдүү чыгымдары кыргыздын кедей-кембагалдарын, жалпы эле букара калкты адам чыдагыс абалга жеткирген болучу. Кыргыз эли жакыр турмуштун торуна капталып, катуу эзүүнүн кысымында аябай жанчылып, арга-амалдары түгөнүп турган. Катуу эзүүгө чыдабаган элдин үстөмдүк жүргүзүүчү тапка, бийлөөчүлөргө карата нааразылыктары күчөп, аларды жек көрүү сезимдери артыла берди. Ушул өңдүү социалдык себептер эмгекчилер массасы менен эзүүчүлөрдүн ортосундагы карама-каршылыкты күчөтпөй койгон жок. Ошонун натыйжасында айрым уруу ичинде, белгилүү катмарлардын ортосунда кагылыштар да чыккан

---

[1] В. И. Ленин. Чыгармалар (кыргызча биринчи басылышы), 10-том, Ф., 1958, 32-бет.

эле. Буга Тоголок Молдо жашаган Нарын өрөөнүндөгү «жети эрдин өлүмү» деген жана 1906-жылдагы уруулар ортосундагы чабышуулар мисал болот. Ушулар сыяктуу кагылыштар кыргыз жергесинин бүт аймагында жүрүп турган эле. Падышанын жана жергиликтүү бийлөөчүлөрдүн эзүүсүнө чыдабаган кыргыз эли 1916-жылы козголоң чыгарып, өздөрүнүн эркиндиги үчүн күрөшүштү. Эгер мурунку кагылыштар уруулар ортосунда болуп келсе, 1916-жылдагы козголоң жалпы элдик күрөшкө айланганы тарыхта белгилүү.

Кыргыз элинин ар кандай адилетсиздикке, эзүүчүлөргө каршы жүргүзгөн күрөшү оозеки чыгармаларда, акындардын поэзиясында чагылдырылбай калган эмес. Оозеки чыгармалардагы эмгекчилер массасынын мүдөөлөрүн жактаган идеяларды кыргыз акындары өздөштүрүү менен катар, өздөрүнүн айрым кубулуштарга, коомдук турмушка карата көз караштарын баяндашкан болучу. Эгер өткөн XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдын башындагы акындардын поэзиясына кайрылсак, эл мүдөөсүн жактап, эмгекчилердин үмүт менен тилегин, максаттуу ойлорун өз чыгармаларында чагылдырганын көрөбүз. Ал акындардын көрүнүктүү өкүлдөрү катары Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы жана башкаларды атоого болот. Бул акындар бардык социалдык теңсиздикке каршы турушуп, эзүүчүлөрдү жектешип, бай-манаптардын мителик менен жашап жаткандыктарын баяндап, жалпы бийлөөчү таптын өкүлдөрүнүн айыптарын ашкерелеп ырдап келишти. Алардын чыгармалары элдик мүдөөнү жактагандыгы, чындык турмушту өз учурунда туура багытта чагылдыргандыгы, эзүүчүлөрдүн кылмышын образдар аркылуу так сүрөттөп көрсөткөндүгү менен баалуу.

Тоголок Молдо кыргыз элинин жакырдык турмушу ошол кездеги бийлөөчүлөрдүн катуу эзүүсүнүн натыйжасы деп туура түшүндү. Ошонун үчүн көпчүлүк чыгармаларында бий-болуштарды, бай-манаптарды сынга алып, алардын мителик менен күн көргөндүктөрүн катуу айыптады. Кайсы бир чыгармаларында бийлөөчүлөргө тике кайрылып, «Силердики өттү, эми жетишет» дегенге чейин барды, туура сөзүн бетке айтты. Кайсы бир чыгармаларында эзилген элге кайрылып, алардын мүдөөлөрүн баяндады жана сезимин ойготууну көздөп эзүүгө каршы турууга үндөдү. Акындын «Кабыргама таш батты», «Селде оронгон молдо кой», «Куба кой менен ээси», «Куштардын аңгемеси», «Тезек-Тагай элдерине» деген жана башка чыгармалары жогоруда айтылган ойду айкын белгилеп турат.

Чогулуп алып жедирдиң  
Чоюбектей зулумга.  
Жалгыздан сааган уюнду  
Кармап бердиң чыгымга.

. . . . . . . . . . . .

Ушинтип жүрүп бечара  
Качан жетет тынымга! — дейт акын.

Тезек-Тагай деген кичине уруунун манаптар тарабынан кандайча катуу эзилгендигин жазса өзүнчө тарых. Бул элдин Чоюбектин эзүүсүнө чыдабай, Касымбек деген манапка өтүшү, эки манап тарабынан адам чыдагыс абалга жетип, кордукту аябай тартуулары

көп окуяны ичине камтыйт. Тоголок Молдо аларды санап айтып олтурбай, кыска жана ары элестүү, сезимге жеткире так сүрөттөп жазган. Бир уруу элдин көргөн оор күндөрү, тарткан жапаалары жогорку ырдан даана көрүнүп турат.

Тоголок Молдо чындык турмушту элестүү сүрөттөп, аны менен гана чектелип калбайт. Ал элге кайрылуу менен, аларга келечекти белгилеп айтты. «Баяналуу күн тууса, балдарың табар эсебин» деген ыр жолу Тезек-Тагай элин эзүүчүлөргө каршы күрөшкө чакырганын, алардын аң-сезимин ойготууга карай жасаган умтулуусун туюндуруп турбайбы?

Кыргыз элинин алдыңкы катардагы көрүнүктүү акыны Тоголок Молдонун эмгекчилердин таламын жактап ырдаганын үстөмдүк жүргүзүп турган бий-болуштар менен бай-манаптар көрө алган эмес. Акынды унчуктурбай коюуну көздөшүп, аны куугунтукка алышкан жана эчен ызаларды көрсөтүшкөн болучу. Тоголок Молдо кыргыздын эмгекчилер массасы сыңары эле жакырдык турмушта жашап, эчен кыйын күндөрдү башынан өткөргөн. Жалпы эле таланттуу адамдар жокчулук менен кемсинтүүнүн туткунунда эзилгендиги белгилүү. «Капитализм,— деп жазган В. И. Ленин,— жумушчулар менен дыйкандар арасындагы толуп жаткан таланттарды муундуруп басып-жанчып жана талкалап келди. Бул таланттар муктаждыктын, жакырчылыктын жана адамдардын керт башын кордоочулуктун эзүүсү астында өлүп жок болуп келген»[1]. Владимир Ильичтин таланттуу адамдардын укуксуз абалда эзилип келгендиги, көргөн күндөрү жөнүндө даанышмандык менен айткан жобосу кыргыз элинин да ондогон-жүздөгөн таланттарына, алардын ичинде эчен ак таңдай акындарына таандык көрүнүш. Анткени кыргыз элинин өткөндөгү маданий турмушуна кайрылганда, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Калык сыяктуу чыгаан акындары жана эчен чебер комузчулары адам чыдагыс кордоочулуктун эзүүсү астында куугунтукка алынып келгенин байкайбыз.

«Падышалык Россия элдер үчүн түрмө болгон.»[2] Бирок, падышалык өкмөттүн колониялык эзүү саясаты канчалык катуу болсо да, Кыргызстандын Россиянын составына кошулушу кыргыз элинин турмушунда илгери карай чоң кадам шилтеш эле. Кыргызстандын Россияга биригишинин негизги артыкчылыгы: артта калган караңгы кыргыз элин жогорку маданияттуу эл — улуу орус эли менен тааныштырууга, алардын прогрессивдик сонун салтынан үлгү алууга, эки элдин ортосунда бекем достукту чыңоого шарт түздү. Ошону менен катар негизги фактор — кыргыз элинин эчен кылымдар бою эңсеп келген эркиндик турмуш жөнүндөгү үмүт-тилектери, максаттуу ойлору революциячыл улуу орус элинин бир туугандык жардамы аркасында гана жүзөгө ашты. Улуу Октябрь революциясынын жеңиши, Коммунисттик партиянын гениалдуу ойчул В. И. Лениндин улут саясатынын изинен тайбай камкордук менен жүргүзгөн туура жетекчилиги аркасында эңсеп келген эркиндик күнгө жетишип, жыргал замандын кучагында гүлдөп өсүүгө мүм-

---

[1] В. И. Ленин, Чыгармалар, кыргызча биринчи басылышы, 30-том, ф., 1958, 65-бет.

[2] Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын тарыхы (толукталып экинчи басылышы) ф., 1963, 17-бет.

күндүк алды. Мына ушул күндөн мындай карай кыргыз элинин мазмуну боюнча социалисттик, формасы боюнча улуттук маданияты, анын ичинде адабияты пайда болуп, ылдам темп менен өнүгүп жатат. Тоголок Молдо мурун муктаждыктын эзүүсүндө кор болуп келсе, Октябрь революциясынын жеңишинен кийин гана эркин чыгармачылыкка жетишти жана жаңы замандын жарчысы катарында ырдап чыкты.

## 4

Тоголок Молдонун адабий мурастары тема жана жанр жагынан ар түрдүү. Анын репертуарында элдик ырлардан, кошоктордон тартып «Шырдакбек», «Жаңыл Мырза», «Мендирман», «Эр Эшим» сыяктуу дастандарга, кыргыздын монументалдуу эпосу «Манас» трилогиясына чейин бар. Тоголок Молдо өзүнүн акындыгы менен «Телибай Тентек», «Жети таз менен Жеке таз», «Бабыркан» деген жомокторду жана башка легендаларды кайра иштеп, идея-көркөмдүк жактан жогорку бийиктикке жеткирген десек жаңылбайбыз. Ал чыгармаларды окуганда, кандайдыр кооз дүйнөгө кирип, эчен сонундарды көрүп, чыныгы турмуш менен аралашып жүргөндөй болобуз. Кайсы бир чыгарма фантазиянын сыйкырдуу күчү менен сезимди өзүнө тартып алып, адамдардын адепки түшүнүгүн көз алдыга элестетет. Кээде адилеттик менен зомбулуктун, акыл менен алаңгазардын ортосундагы айыгышкан күрөштү тиги же бул чыгармадан учуратып калабыз. Жети таз менен Жеке таздын ортосундагы конфликтилер мына ошого мисал болот.

Адамдык сапат, адамгерчилик жөнүндөгү идея улуу художниктердин чыгармаларында көрөсөндүү орунду ээлегени белгилүү. Тоголок Молдонун көпчүлүк чыгармаларынын өзөгүн ушундай идея ээлегенин анын адабий мурасы көрсөтүп турат. Адамгерчиликтүү, акылдуу каарман гана өз элинин намысын коргоп, ар ишке туруктуулукту көрсөтөт деген идея көпчүлүк чыгармаларынын мазмунун түзөт. Мендирман — ары акылдуу, ары туруктуу каарман. Анын адамгерчилиги ушунча бийик даражада. Ага карама-каршы Адылкандын образы туруксуздукту, акылсыздыкты көрсөтөт. Аялы Айым Каныш — туруксуз аялдын типтүү өкүлү. «Кемчонтой» поэмасында Бактагүл ушунча акылдуу, абдан туруктуу аял болуп көрүнөт. Ошондой дааналык менен гана кем акыл Чонтойдон кутулуп, эркиндикке чыгууга, эски үрп-адаттын торун үзүүгө мүмкүндүк албадыбы!

Тоголок Молдонун тематикасы боюнча бай чыгармаларын окуганда, эчен түрдүү каармандарды, типтүү образдарды биринен сала бирин кездештирип отурууга болот. Кайсы бир каармандын кылык-жоругу окуучуну кытыгылап күлдүрсө, кайсы бири ачууну келтириши мүмкүн. Кайсы бир каармандар баатырдык аракети, эл үчүн кылган кызматы аркылуу окуучунун көңүлүн эргитип, анын өзүнө тийиштүү даражада таасир этиши мүмкүн. Бул сыяктуу асыл сапаттар Тоголок Молдонун бүт чыгармачылыгына мүнөздүү көрүнүш.

Тоголок Молдонун чыгармалары жанры боюнча ар түрдүү экенин белгилөө менен бирге, анын кошокторуна кыскача токтолуп көрөлүк. Кыргызда кошок—илгертеден келе жаткан традициялуу жанр. Тоголок Молдо традициялуу элдик кошокторду жериген жок,

кайра алардын кайсы бирин өз чыгармаларында пайдаланды, үлгүсүнөн үйрөндү. Акын аны жөн гана көчүрүп алууну көздөбөдү. Элдик кошокторду пайдаланганда, көбүнчө анын идеясына көңүл бурду. Ошонун үчүн акындын кошокторунун багыты башка. Мурдагы кайсы бир кошоктордой бай-манаптардын идеологиясы болуп кызмат кылып, үстөмдүк жүргүзүүчү таптын өкүлдөрүн даңазалап мактабастан, акындын кошоктору жөнөкөй адамдардын адамгерчилигин, анын кужурмөн эмгегин, чыныгы турмуштун картиналарын чагылдырган чыгармалар. Бай-манаптарды даңазаламак түгүл, кайра «Дыйкандын аялынын кошогунда» казы менен муптулар катуу сынга алынат.

Темасы боюнча кошок деп аталганы менен, буларда «эл милдетин эрте бүтүргөн» жөнөкөй адамдар — кесип ээлери, кужурмөн эмгектин мааниси өтө жылуу, ары жагымдуу баяндалат. Кошокторду окуганда, «Кычкачка кармап зар чапкан, кызматы менен мал тапкан» зергер устанын, «Арыгын терең кең чапкан, ак буудай деген кен тапкан», ошону менен «турпакты алтын деп билген» дыйкандын, «Жардыны майга жыргаткан» мергендин образдары даана көрүнөт. Тоголок Молдонун ушул темадагы чыгармаларын алсак, алар «кошок» деп аталганы менен, лирикалык мүнөздө ички сырды ачык туюндуруп, чыныгы турмушту күчтүү сезим менен сүрөттөгөн, эмгекти сүйүүгө үндөгөн социалдык-тарбиялык мааниси бар поэманы эске салат.

Акындын чыгармачылыгында ар түрдүү темадагы армандар да бар. Армандар — ар кандай социалдык теңсиздикке, адилетсиз бийликке, эски үрп-адатка наразылык билдирүү негизинде келип чыккан түрлөрдөн. Ошонун үчүн армандардын алган темасы кең, аны менен катар турмушта кездешкен көп окуяны камтышы мүмкүн. Туурасын айтканда, акын кошокторду кесипке карай топтоштуруп берген өңдүү, армандарды да ошол кездеги мол кездешкен чыныгы турмуштун негизинде жазган. Акындын «Чалга берген кыздын арманы», «Жаш балага берген кыздын арманы», «Насыяга кеткен кыздын арманы» деген армандардын өзү ошол кездеги мүнөздүү окуялардан алынганын көрсөтүп турат.

Тоголок Молдо — оозеки чыгармачылыктын материалынан пайдалануу менен татынакай тамсилдерди жазып, ал жанрды өнүктүргөн акын. Анын тамсилдеринен эзүүчү таптын өкүлөдрүнүн түрдүү катмарын көрүүгө болот. «Бөрү менен түлкү», «Каркыра менен түлкү», «Эшек менен булбул» жана башка тамсилдеринде бөрүдөй ач көз залимдер, түлкүдөй жорткон куулар, эч нерсени түшүнбөгөн эшекке окшош дөдөй бийлер сынга алынып, алардын жаман кылык-жоруктары, кылмыштары окуялар аркылуу, ага катышкан терс образдар аркылуу ашкереленет.

Тоголок Молдо — ири көлөмдөгү поэмалардын да автору. Анын «Кемчонтой», «Бабыркан», «Жанбакты», «Ала-Тоо», «Куба кой менен ээси», «Манаптардын залимдиги», «Кедейлерге насыят», «Эркиндик», «Аткантаң менен Сүйгөнбай», «Жер жана анын балдары», «Абышка, кемпирдин көмөчү» деген жана башка поэмалары көпчүлүк окуучуларга белгилүү. Булардын кайсы биринде жаратылыш кубулушу эргүү менен сүрөттөлсө, айрым поэма сатиралык планда жазылып, анда социалдык-коомдук маселелер чагылдырылгандыгын байкайбыз. «Кемчонтой», «Бабыркан», «Манаптардын залимдиги»

деген поэмалар сатира түрүндө жана аллегориялык формада жазылган чыгармалардан. Жогоруда аталган поэмалардын негизги өзөгүн ээлеген идея — эзүүчүлөрдү сынга алуу, алардын кылмыштарын ашкерелөө экендигин алардын мазмуну айтып турат. Бирок, бул чыгармалар бир-биринин окуяларын кайталап, анын тегерегинде өнүкпөй калган кубулуштар эмес. Ар бир поэмада кыргыз элинин белгилүү тарыхый учуру сүрөттөлүп, акындын поэтикалык ойлору ачык чагылдырылган. Ошонун үчүн алардын ар бири өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Дагы бир белгилеп айта турган нерсе — буларда камтылган окуялардын кыргыз элинин өткөндөгү реалдык турмушуна мүнөздүүлүгү, андагы айрым каармандардын типтүү образдардан экендиги. Жогоруда аталган поэмалар турмуш чындыгын ар тараптан кеңири камтыгандыгы, коомдук-тарыхый өзгөрүүлөрдү туура жана элестүү сүрөттөгөндүгү менен баалуу.

5.

Чыгармачылык иш — бир күндүк кубулуш эмес. Чыгармачылыкта такшалуу деген сөз — коомдук турмуш, тарыхый өзгөрүүлөр менен таанышуу, ал аркылуу өзүнүн поэтикалык оюн жыйынтыктай билүү деген сөз. Акындын чыгармаларында кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолун, эмгекчилердин эзүүчүлөргө карата жүргүзгөн күрөштөрүн чагылдырышы ушундай маселеге тыгыз байланыштуу.

Тоголок Молдо ошол кездеги коомдук турмуш менен жакшы таанышып, келишпес эки таптын — эзүүчү менен эзилгендердин ортосундагы айыгышкан күрөштү ачык түшүнгөн болот. Ал эмгекчилердин эңсеген тилегин, көздөгөн максатын чыгармаларында чагылдырып, көпчүлүк массанын активдүү жарчысы болуп алдыда жүрүүгө умтулат. Такшалган акын элдин мүдөөлөрүн туюндурган баалуу чыгармаларды түзүүгө жетишип, Улуу Октябрь социалисттик революциясынын салтанаттуу жеңишин чоң кубаныч менен тосуп алды.

Улуу Октябрь революциясы мурунтан туура жолдо турган демократ акындардын көрүнүктүүлөрүнүн бири Тоголок Молдонун ой дүйнөсүнө, чыгармачылыгына идеялык жаны багыт берип, кескин бурулуш жасады. Совет бийлиги орногон күндөн тартып ал Коммунисттик партиянын жана Совет өкмөтүнүн саясатын, директиваларын колдоп чыгуу менен катар жаңы бийликти чыңдоо үчүн талыкпас пропагандист, Октябрь революциясынын активдүү жарчысы болуп чыга келди.

Октябрь революциясынын жеңишине шыктанган акын Кыргызстанда Совет бийлиги орногон күндөрдүн алгачкы мезгилдеринде эле бир поэмадан соң экинчи поэманы жазып, социалдык мааниси бар жогорку идеялуу бир топ көркөм чыгармаларды берди. Анын Улуу Октябрь революциясынын жеңишине арнап жазган биринчи «Өзгөрүш» («Революция») поэмасы эл арасына тез тарап жеткен эле. Акын ушул чыгармасына удаалаш «Кедейлерге насыят», «Аялдардын азаттыгы», «Аткантаң менен Сүйгөнбай», «Эркиндик» деген поэмаларды жазып, аларда жаңы замандын артыкчылыгын, Кеңеш Өкмөтүнүн келечеги кең экенин ыргуу менен баяндаган болучу.

«Өзгөрүш» аттуу поэма — тарыхый мааниси жана алган орду

жагынан кыргыз совет адабиятынын тунгучтарынын бири, төл башы деп айтарлык чыгарма. Акын ал поэма аркылуу Улуу Октябрь революциясынын жеңиши жөнүндө кыргыз элинин кубанычтуу оюн, тунук сезимин ушунча жылуу, ушунча так баяндаган. Акындын позициясын, поэтикалык оюн «Өзгөрүш» аттуу поэма айкын көрсөтүп турат.

Тоголок Молдо Совет бийлиги орногон күндөн мындай карай Улуу Октябрь революциясынын жеңиши жөнүндө эмгекчилер массасына жарыялап ырдаган жарчы, элет кыргыздарынын аң-сезимин ойготуу үчүн үлгүлүү иш алып барган үгүтчү, эзүүчү таптын калдыктарына каршы жүргүзүлгөн күрөштө мыкты уюштургуч катары эл алдында жүрдү жана өзүнүн анык патриот акын экендигин көрсөттү.

Поэма жалпы жарды-жалчылардын, кедей-кембагалдардын аң-сезимин ойготууга арналып, кыргыз кедейлерине карата кеңеш катары акыл-насаат иретинде айтылгандыктан, акындын койгон «Өзгөрүш» деген темасы өзгөрүлүп, эл тарабынан «Кедейлерге насыят» деп аталып кеткен. Кыргызстанда «Кедейлерге насыят» деген сөздү укпаган, поэманы окубаган адам жок десек жаңылбайбыз. Кыргыз окуучулары тарабынан жылуу тосуп алынышы, калк арасында жатка ырдалып, элдик чыгармага айланышы өз учурунда бул поэманын зор мааниге ээ болгондугун, көпчүлүктүн калың катмарына жеткендигин далилдейт.

Тарыхый учурдун сүрөттөлүшүнө, окуянын камтылышына карағанда, Тоголок Молдо поэманы кыска мөөнөттүн ичинде гана жаза койбостон, кыйла мезгилдин аралыгында жүргүзүлгөн күрөштүн, бир топ тарыхый шарттардын тажрыйбасын пайдалангандыгын, жаңы коомго карата акындын туткан позициясын чыгарманын мазмуну айкын белгилеп турат. Бул поэмадан Тоголок Молдо элди революциялык күрөшкө чакырган революциячыл акын даражасында көрүнөт. Ал «Калем алам оң колго, кабар берем оң-солго» деп, жаңы замандын жарчысы экендигин билдирип, элге революция тууралу жар салып кабарлайт. Акын Октябрь революциясы жеңген менен күрөш токтолбосун эскертип, кыргыз кедейлерин душмандан өч алууга чакырат. Ал «Он жетинчи жылында азаттык болду кылымга» деп, өзүнүн кубанычын билдирүү менен кедейлерге кайрылып, анан мындай дейт:

Кедейлерим, сөзүмдү ук,
Өзгөрүштө алга чык!
Бастырбастан белиңди,
Бай-манаптын баарын жык!

Акындын ар бир сөзү, поэманын ар бир жолу революциялык күрөшкө чакыруу менен күчтүү пафосто айтылып, кедейлерди күрөшкө чакырат. Кедей-кембагалдардын, жарды-жалчылардын аңсезимин ойготууда, аларды «Ынтымакты колго алгын, ыраакты болжоп жол чалгын» деп, күчтү бир жерге топтоодо, «бай-манапка кол салууда» акын алдыда жүргөн күрөшчүл болуп көрүнөт. Эмгекчилердин революциялык күрөшүн чагылдырууда «Өзгөрүш» аттуу поэманын тарыхый-тарбиялык мааниси зор. 1925-жылы бул поэма «Насыят» деген ат менен Москвада басылып чыгып, кыргыз жер-



Кантская районная библиотека
7104

гесине тез тарап, эл арасында жатка ырдалып жүргөн, кедей-кембагалдардын сүйгөн китеби болгон.

Коммунисттик партиянын, Совет Өкмөтүнүн жүргүзгөн саясатын колдоп чыгышы, В. И. Ленин чапкан жолду жан-дили менен сүйүп, жаңы доорду, социалисттик коомду берилүү менен чыгармаларында чагылдырышы «Өзгөрүш» поэмасына гана таандык эмес, анын өзү Тоголок Молдонун советтик мезгилде түзгөн бардык адабий мурасына мүнөздүү. «Өзгөрүш» («Кедейлерге насыят») поэмасында көтөрүлгөн идеялар акындын «Эркиндик», «Аткантаң менен Сүйгөнбай», «Манаптардын залимдиги» деген поэмаларында жана башка дастандары менен ырларында даты улантылып, поэтикалык ойлор менен дагы толукталган. Аны акындын көп сандагы, ар түрдүү темадагы чыгармалары айкын көрсөтүп турат.

Тоголок Молдо Улуу Ата Мекендик согуштун кабарын угуп, көп улуттуу советтик бир үй-бүлөдө кыргыз эмгекчилери да мыкты уулдарын жана кыздарын басып кирген душмандарга каршы узатканын өз көзү менен көрдү. Кыргызстандын жана советтик бир тууган элдердин акын-жазуучуларынын кээ бири фронтко жөнөп кетсе, айрымдары тылда калып, өздөрүнүн курч калемин, бүт талантын эл күчүн топтоого, душманды тез жеңүүгө арнашканы белгилүү. Кыргыздын карыя акыны Тоголок Молдо да курч калемин душманга каршы учтап, бүткүл элди жеңишке үндөп ырдады. Ошонун натыйжасында кыска мөөнөттүн ичинде идея-көркөмдүк жагынан жогору турган «Биз даярбыз!», «Армияга арнайлы», «Өскөн чак, кайраттуу күн», «Жетишкенбиз, жеңебиз», «Октябрь» деген чыгармаларды жазууга үлгүрдү.

Жыйынтыктап айтканда, Тоголок Молдо карыса да карап турбай, өзү сүйгөн кесиби чыгармачылыгын улантып, эл үчүн, Ата Мекен үчүн талыкпай иштеди. Карыя акын өмүрүнүн акыркы мезгилине чейин курч калемин токтоткон жок. Тоголок Молдонун чыныгы патриот акын экендигин анын Ата Мекендик согуш мезгилинде жазган ырлары далилдеп турат. Кыргыз элинин сүйүктүү акыны Тоголок Молдо өзүнүн басып өткөн өмүр жолунда көп сандагы баалуу чыгармаларды түздү жана соңуна өлбөс мурастарды калтырды.

Идеялуулугу жана элдиги боюнча Тоголок Молдонун чыгармалары коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп отурат. Анын чыгармалары программага киргизилип, кыргыз мектептеринде жана жогорку окуу жайларында окутулууда. Акындын ырлары менен поэмалары орус жана башка боордош элдердин тилине которулуп, өзүнчө китеп болуп чыгып, жалпы көп улуттуу совет адабиятынын байлыгын түзүүдө тийиштүү салымын кошту.

Тоголок Молдонун адабий мурастары көпчүлүк окуучулардын көңүлүн өзүнө буруп, алардын сүйгөн чыгармаларынан болуу менен катар илимий жактан изилдөөнүн объектисине да айланды. Кийинки кездерде адабиятчылар, тилчилер жана философтор менен тарыхчылар Тоголок Молдонун чыгармаларына кайрылышып, түрдүү жагынан изилдөө ишин жүргүзүүдө.

1960-жылы Тоголок Молдонун туулгандан бери жүз жашка толгондугуна байланыштуу жалпы союздук масштабда акындын юбилейи өткөрүлдү. Ошого байланыштуу ага арналып эстелик тургузулду жана өзү туулуп өскөн жерде уюшулган колхозго, айрым

мектепке жана шаарлардын көчөлөрүнө анын ысмы коюлду. Мына ушулардын баары кыргыз элинин акыны Тоголок Молдонун чыгармаларын жогору баалагандыгынын, терең сүйгөндүгүнүн күбөсү жана бир тууган Коммунисттик партиянын таланттуу адамдар тууралу дайыма көрүп келген камкордугунун натыйжасы болуп эсептелет.

Бул эки томдукту кайра басып чыгарууда мурунку жыйнагы негиз кылып алынды. Ошону менен катар 1936—1938-жылдары акындын өзүнөн жазып калтырылган, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана Адабият институтунун фондусунда сакталып турган материалдардан жыйырмадан ашык наамдагы чыгарма жаңыдан эки томдукка киргизилди. Анын өзү көпчүлүк окуучуларды улуу акындын чыгармалары менен дагы кеңири таанышууга жардам берет деп ойлойбуз.

*Жаки Таштемиров.*

## КОШОКТОР

■

### ДЫЙКАНДЫН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Асылым дыйкан жыргалым,
Асылың көрүп жыргадым.
Бала-чакаң жаш калды,
Баркыңды санап куурадым.

Бармактарың барбайтып,
Басаган элең, жыргалым.
Ортондоруң оркойтуп
Орокчу элең, жыргалым.
Кабырганды каржайтып,
Карылуу элең, жыргалым.
Батыра чапкан кетменди,
Байкаган үрөн сепкенди.
Өзү — дыйкан табышкер,
Ойлонбогон өткөндү.

Арыкка суусун бурганым,
Айылга жыйын курганым.
Ак буудай айдап, нанын жеп,
Аштык багып турганым.
Адамдан талап кылбаган,
Асыл элең, жыргалым.
Булуңга буудай сепкеним,
Буудайга алган кетмениң,
Талаага таруу сепкениң,
Таза урунган кетмениң.
Кош өгүзүн байлаган,
Шайман тиркээч шайлаган.
Кара жерди каңтарып,

Эшилтип эгин айдаган.
Эл кеткенде жайлоого,
Эгиндин башын жайлаган.
Буурусунун буктурган,
Кара жерге суктурган.
— Түгөнбөс кенч эгин — деп,
Сугатчыга уктурган.
Эмгек кыл деген насаатын,
Дыйкандарга жуктурган.
Ат семирткен арпага,
Пайдасы тийген барчага.
«Асыл дыйкан өттү» — деп,
Атагың кетти канчага.

Арыгын терең кең чапкан,
Ак буудай деген кен тапкан.
Дыйкандык кылып дан тапкан,
Жыргатып жакшы жан баккан.
Бурбай эккен буудайды,
Гүлкан[1] кылган бу жайды.
Жыргалым дыйкан барында
Жыргап көрдүм убайды.
Адырга сепкен арпаны,
Аян кылган канчаны.
«Талаага сепкен таруу» — деп,
«Табар пайдам ушул» — деп.
Конуш кылган колотту,
Колотко сепкен конокту.
Чамынганы жолборстой,
Чарыкка салган орокту.

Булуңга сепкен буурчакты,
Алтын деп билген турпакты.
Ашка-нанга мол кылып,
Тойгузуп турган курсакты.
Пейилинде жактырбайт,
Бекер басып жүрүштү.
Жарышка салып кеп кылган,
Арпа менен күрүчтү.

---

[1] *Гүлкан кылган* — гүлдөткөн.

Тоголок кызыл даны бар,
Токчулук буудай жана бар.
Бурбай айда буудайды
Талыкпай айда тарууну.
Талыктырбайт адамды
Көңүлдөнүп жакшы иште,
Берекелүү алууну,
Тарууга чыгар каруунну.
Бакалдар сатат баарыны,
Байкатып айтам шалыны.
Кабыгы сайын дан экен,
Кымбаты дандын шалы экен.
Көлгө урук септирет,
Абыдан ылай тептирет,
Көлгө чыгат көгөрүп,
Суута чыгат майсалып,
Баасына келтирип,
Бул жаныбар күрүчтү,
Дыйкандар сатат байсалап[1].
Кызыл болот кээси,
Кымбат болот баасы.

Салаадан майын чыгарып,
Салса болот сорпого,
Бул жаныбар күрүчүн,
Маалим тамак барчага.
Салаадан майы чыкпаса,
Садага кетсин арпага.

Жылжыган Сыргак сен элең,
Сырыңды билген мен элем.
Сыртаным дыйкан, барында,
Мен бейбак, эмнеден кем элем?..
Ойдо жаткан таш элең,
Орокчунун башы элең.
Сууда жаткан таш элең,
Сугатчынын башы элен.
Кырда жаткан таш элең,
Кырманчынын башы элең.
Калың кара туугандын
Казанга бышкан ашы элең

[1] *Байса* — муунга ченеп өлчөө.

Кырды кырдай басканым,
Кызыгып ороо казганым.
Башкага жаман көрүнсө,
Өзүмө жакшы арстаным.
Толуп жатат өнөрүң,
Билбедим сенин өлөрүң.

Береке кирген ашыма,
Пейли жумшак берeним,
Ала кар менен аралаш,
Эгинди эрте айдаган.
Суу сугарып, арык чаап,
Саратан чөлдү жайлаган.
Кагылайын дыйканым,
Качкан эмес пайдадан.
Пайда таап эгинден
Арбын кылып айдаган.

«Аккула» — деп кепсенди,
Арбын берген мол кылып,
Ал-кайратын зор кылып.
Башынан дыйкан ийгеним,
Пайдасы журтка тийгеним.
Бала кезден бер жакка,
Эгин айдап жүргөнүм.
Ар кызматы жаккандан,
Эли-журту сүйгөнүм.

Чөптү тоодой көп кылган,
Төгөрөгүн чеп кылган.
Саманын арбын көп кылган,
— Берекелүү дыйкан — деп,
Жалпы калк аны кеп кылган.
Жаманчылык жут күнү,
Чабыр-чубур арыктар
Тегеректеп жеп турган.
Артын байкап санаган,
Артык кадыр самаган.
Жут болгондо топурап,
Малдуулар көзүн караган.

Дыйканымды өлтүрдү,
Баласы мендей какшасын,

Башыма жабыр келтирди.
Эч кылмышы жок эле,
Дыйканымды күнөөлөп,
Жайлаптыр датка өлтүрүп,
Жалпы журтка күбөлөп.
Багымды датка байлады,
Мээнетим бекер сайлады.
Карабет жесир калган соң,
Капасын айтып сайрады.
Тикирейип көп ыйлап,
Тилин тишке кайрады.

Асылым дыйкан арстаным,
Талыкпай ташка басканым.
Кара жолтой какшаалга
Жок эле менин жазганым.

Арманын айтып ар качан,
Алганы дартын козгосун,
Казы-мупту жолумдан,
Каршы чыгып тоспосун.
Какшаал казы залымдын
Кара кийип катыны
Тукуму тарап тоз болсун!
Уугу сынып кыйрасын,
Уулу мендей ыйласын.
Керегеси кыйрасын,
Келини мендей ыйласын.
Түндүгү сынып кыйрасын,
Тууганы мендей ыйласын!

Асылым дыйкан курдашым,
Армандуу болду бул башым.
Асылым аман турганда,
Анык эле жыргашым.
Арстаным сенден айрылып,
Арылбады көз жашым.
Керилип кетмен чапканым,
Кетмендей нанды тапканым,
Кенебей жыргап жатканым.
Кейитип кеттиң, арстаным.

Оюлтуп ороо казганым,
Олжону кабат тапканым
Оёнум дыйкан, арстаным!

**УСТАНЫН**
**АЯЛЫНЫН**
**КОШОГУ**

Балкасы менен зар чапкан,
Бармагы менен мал тапкан.
Кычкачка кармап зар чапкан,
Кызматы менен мал тапкан.
Көрүгүн көк букадай өкүрткөн,
Көмүрүн ирик койдой иргелткен.
Баянын айтам бир канча
Балкасын так текедей секирткен.

Асылым уста арстаным,
Бактыма кудай жазганым.
Балаңа калды мүлк болуп
Болоттон соккон барсканың.
Дөшүң калды темирден,
Көз ачык өттүң өмүрдөн.
Чың темирди балкытып,
Өнөрүн ашты көмүрдөн.
— Жалпы журт пайда көрсүн — деп,
Жасадың таштан тегирмен.
Туйгунум устам барыңда,
Тууганы нанга кеңилген.
Көзү ачык сенин балдарың
Көтөрүп нанды кемирген.
Башында Дөөт пириңиз,[1]
Пайда көргөн жегимден.
Жайдарым сендей табылбайт
Жалпы элет элинден.
Суйсалып ойноп жүрчү элем,
Сымбатым артып келинден.
Каз элечек мен элем,

[1] *Дөөтү пир* — миф, илгерки адамдар устачылык кесиптин ээси болот деп жоромолдошкон.

Кармаган эрим сен элең,
Торко элечек мен элем,
Тойгузган эрим сен элең.
Каз элечек жыйналды,
Карабет какшап ыйлады.
Торко элечек жыйналды,
Кадимки кадыр сый калды.
Арманын айтып карабет,
Азабын тартып кыйналды.
Карабет менин үстүмдө,
Калдайган калың чыр калды.

Алтынды зергер эритет,
Адамды өлгөн кемитет.
Күмүштү зергер эритет,
Күйөөсү өлгөн кемитет.
Балкаң темир, дөшүң таш,
Балдарыңдын баары жаш ,
Арманым чоң кара бет,
Ага, иниңдин боору таш
Жыргалым сени санасам,
Көзүмдөн аккан кандуу жаш,
Асылым сени таппадым,
Эки көзүм жаштадым.
Мен карабет шордуу күң,
Пейлиңди самап какшадым.
Асылым уста жыргалым,
Армансыз ойноп жыргадым.
Акырет кеттиң, өзүң жок,
Азабың тартып куурадым.

Сонунда сендей жан болбос,
Соопко белин байлаган,
— Калбасын менден көөнү — деп,
Калктын көөнүн жайлаган.
Эртеден кечке узанса
Эрикпеген, жыргалым.
— Бирөөнүн ишин кылдым — деп,
Терикпеген, жыргалым.
Балта менен керкини,
Барскан менен сылаган.
Көпчүлүктүн кызматын,

Кылганга өзү чыдаган.
Кең пейил элең адамдан,
Келген бүтпөй кеткен жок,
Соопко белин байлаган.
Соопкер сендей өткөн жок,
Кычкачын колго кармаган,
Кылбаган иши калбаган,
— Кыйык эмес, элпек деп,
Кызматын көргөн жардаган.
Элге ылайык жумушту
Эрте кармап күтүнгөн.
— Эртең келгин — дебестен,
Келген күнү бүтүргөн.

Жоо жарагы себилди,[1]
Сом бүтүрчү темирди,
Баатырлар алчу жаракты,
Баарысын журтка таратты.
Алтын шыбап сабына,
Ай балта соктун болоттон.
Табылып турган кезинде,
Тартынбадың коноктон.
Байкабай койчу мен эмес,
Башка усталар тең эмес,
Баянын айтсам кем эмес,
Байыркы айткан жомоктон.

Найзага болот тык[2] кылган,
Тыгын өткүр курч кылган,
Кабагын түйбөй жадырап,
Кас тууганын журт кылган.
Мылтыкты соккон сай салып,
Билими арткан канчалык.
Баранды соккон сай салып,
Баасы арткан канчалык.
Комутта өткөн кайраным,
Козголуп калды арманым.

---

[1] *Себил* — согушка кийүүчү кийим.
[2] *Тык* — курч темирди ширетип коюуну айтат.

Өзүң жарды, малың аз
Өксөп калды балдарың!
Башыма кара салгамын,
Асылым уста жыргалым,
Армансыз ойноп жыргарым,
Армандуу калды алганың!
Беренім уста өлгөн соң,
Беш тырмак тийди бетиме,
Жүдөп, какап кор болуп,
Жүрөмүн калктын четинде.
Өзүңдөн калган үч бала,
Эсен жүрсө эр жетер,
Эр жеткенче эс кетер,
Эсине албай дос кетер.
Карыптык башка келгенде,
Кайгы менен күн кечер.
Эмгек кылсак эринбей,
Эптеп, септеп күн өтөр.

## КАЛМЕРГЕНДИН АЯЛЫНЫН КОШОГУ

Мен айтайын башынан,
Калемдей кара кашынан.
Какшадым ойлоп муң басып,
Калмерген өттү жашынан.
Арчадан кундак ойдурган,
Алмадан шыйрак жондурган,
Кундакка мылтык кынаткан,
Тоо теке атып сулаткан.
Сүмбөң кызыл табылгы,
Үйрөндүң мылтык себилди.
Жашында өлүп жай болдуң,
Жасаган бербей өмүрдү.
Асылым Калы мергеним,
Тоодон теке тергеним.
Шыралга[1] деп келгенге,
Шыйрагын кеспей бергеним.

---

[1] *Шыралга* — соога.

Күпсөргө дары куйганым,
Күйүкпөй баскан бууданым.
Күндө үч убак ыйлатып,
Күйүткө салдың жыргалым!
Кутусун салып мойнуна,
Дарысын катып койнуна,
Барам деп басып бийикке,
Кетүүчү элең кийикке.
Белестен аша бергенче,
Беш теке атып сулаткан,
Башкасын айтып нетейин
Баарысын түзгө кулаткан.
Кырандан аша бергенче,
Кырк теке атып сулаткан,
Кызматын айтып өтөйүн,
Атканын түзгө кулаткан.
Эчкини аттың эби жок,
Эликти аттың чени жок.
Жардыны майга жыргаттың,
Жалган деп айтар кеби жок.

Аркар менен кулжаны
Алдыңа салып айдадың,
Айдап жүрүп жайладың.
Аркансыз, жипсиз байладың.
Адырга аркар тургузбас,
Адис мерген жыргалым.
Кыраңга кулжа тургузбас,
Кыраан мерген жыргалым.

Алмабаш[1] мылтык асынган,
Аяктай ташка жашынган,
Асылым Калы жыргалым,
Адистиги ашынган.
Көк чыбык[2] мылтык асынган,
Көнөктөй ташка жашынган.
Көрөгөн Калы мергеним,
Көп мергенден ашынган.

---

[1] *Алма баш*—эски мылтыктын бир түрү.
[2] *Көк чыбык* — эски мылтыктын бир түрү.

Ак зоодон түтүн булаткан,
Ак бугу атып сулаткан.
Абышка менен кемпирге,
Аппак майды тууратткан.
Мергендигин белгилүү
Мелдешип кылган каралды,
Карагай, талдан чеп кылып,
Какшаткан далай маралды.
Аюуну атып жайлаган,
Адырды бүтүн майлаган.
Аюу аткан адис мерген — деп!
Атпай журт даңкын жар кылган.
Илбирс менен жолборсту
Илесин таап кыйраткан,
— Терисин ичик кылам — деп,
Салкын жайга кургаткан.
Ак кийик атып келгенде
Айлынын баарын жыйнаткан,
Айыл-апа коңшусун,
Аппак майга жыргаткан.
Белеске салган капканын,
Береке кылган тапканын.
Берендиги башкача
Пейли жакшы арстаным.
Кадууга салган капканын,
Кадырга берген тапканын,
Табылгасын Кал мерген
Көрбөдүм түк да сатканын.
Бөксөгө чыгып сонорлоп[1],
Бөрүнү атып кыйратты.
Бөрүнү атып Кал мерген,
Бөлтүрүгүн ыйлатты.
Түлкүгө салып капканды,
Түлкүнүн көбүн кыйратты.
Түлкүдөн ичик кылдырып,
Түлкүчөгүн ыйлатты.
Илбирс менен бөрүгө
Ийменбей кирип кол салды.
Кара таш зоонун бетине,

---

[1] *Сонорлоп* — кар жаагандан кийин ууга чыкканды айтат.

Какайып басар жол салды.
Мылтыгы бараң алты сай,
Бар-жогуна карабай.
— Бали! — деп келген адамга,
Берип турган жадабай.

Калтардан канча түлкү алган,
Казына болор мүлк алган,
Мергендиги Калынын
Кожожаштан үлгү алган.
Калмерген — менин жыргалым,
Канча жыл дуулап жыргадым.
Кара кошок сөз менен,
Кайгыңды тартып ыйладым.
Асылым — менин мергеним,
Арстан жүрөк берээним,
Тилеги кабыл келгеним,
Тиктегенин жеңгеним.

Марал атса кенебей,
Марттыгын жанга теңебей,
Башын кеспей бүпбүтүн,
Шыралгага бергеним.
Кабылан Калы арстаным
Кадууга салган капканың,
Карк олжого батканым.
Караанын көрбөй какшадым.
Кармаган жерден кан чыккан,
Балбан эле мергеним.
Аюу менен күрөшүп,
Алган эле мергеним.

Ченинде аюу жатканда,
Сезбей басып барчу эле,
Ок дарысын коротпой,
Оёнум кармап алчу эле.
Баатырдыгы башкача
Баатыр жолборс жүрөктүү,
Качпай кирчү кармашып,
Карсакка[1] салган дүмөктү,

[1] *Карсак* — түлкүнүн бир түрү.

Айбаттуу элең башкача,
Ажыдаардай жүрөктүү.
Арстандыгын мындан бил,
Аюуну кармап жүдөттү.
Аюуну аткан алыстан,
Жолборсту аткан камыштан.
Каман аткан черлерден,
Катылып жаткан жерлерден.

Кабылан, жолборс, аюунун
Жатар жери белгилүү.
Качпай барып мергендин
Агар жери белгилүү.
Күндүр-түндүр көп аткан,
Мергендиги белгилүү.
Адистиктен түндөрдө
Көргөндүгү белгилүү.
Карышкырды кубалап,
Жеңгендиги белгилүү.
Кийикти тоодон кулаткан,
Арстанды черден сулаткан.
Табышын адам туйбаган,
Аткандар сулап туйлаган.
Жандын баары кас болуп,
Бөрүгө айла жыйнаган,
Кармап алып бөрүнү,
Тишин кагып кыйнаган.

Кагыраган кара таш —
Тоого баскан мергеним,
Мелтиреген көк айкын —
Зоого баскан мергеним.
«Бойлобойм» — деп ойлобой,
Аккан суудан аттаган,
Кайберенди үркүтпөй,
Бир күнү үйгө жатпаган.
Сен — карчыганын тынары.
Мен — кара тоонун улары.
Кагылайын мергеним,
Кандай арга кылалы!?

**МААНАНЫН КОШОГУ**

Энекем, ак тактанын буту элең,
Ак сарай үйдүн куту элең.
Көк тактанын буту элең,
Көк сарай үйдүн куту элең.

Энекем, ак талдан уук копшоткон,
Ак сарай үйүн окшоткон.
Көк талдан уук копшоткон,
Көк сарай үйүн окшоткон.

Керегең талдын кызылы,
Уугуң талдын узуну,
Босогоң кайың ноодасы,
Түндүгүң кайың шыңгасы.

Жез оймок аял өзү эле,
Сарамжал менен үй кармап,
Салтанат менен жыргашы.
Кийизин аппак бордоткон,
Кылымын артык оңдоткон,
Үзүгүн аппак бордоткон,
Этегин чачы тордоткон.

Төкмө чачы төтөгө,
Төгүлтүп салган үйүнө,
Килем көчөт келтирип,
Чырмак салган чийине.

Боегун жакшы кандырган,
Боосу терме кажары[1]
Адамдын көзүн талдырган,
Акылын айран калтырган.
Үзүк менен жабыкбаш,
Баарысын кыял[2] ойдурган.
Арасынан оюунун.
Актан милте койдурган.

---

[1] *Кажары*—сайманын бардык түрү.
[2] *Кыял* — сайманын бир түрү.

Жабыкбаштын баарына,
Кара кундуз кармаган.
«Катын да болсом кылганым,
Калсын» — деп нуска арнаган.
Оң колуна кайчы алган,
Сол колуна барча алган.

Кайчысы колдо шартылдап,
Барчасы[1] колдо жаркылдап,
Үлгүлүү ишин бүтүргөн,
Үйдө отуруп бүтүргөн,
Саймасына күтүнгөн.
Сарамжалын бүтүргөн.
Томогодой ак өргөө
Үйүң калды, энеке,
Чымын канат чырмаган,
Чийиң калды, энеке.

Ала канат ашканаң,
Ак жагынан жыйып кет,
Арт жагында шербеттин
Көзүнүн жашын тыйып кет.

## САРАҢ КЫЗДЫ БЕРГЕНДЕ ЖЕҢЕСИНИН КОШКОНУ

Кыялап өткөн көч элек,
Кыз экөөбүз өч элек.
Өч да болсок ыйлайлык,
Ата-энени сыйлайлык.

Ой сараң кыз, балакет,
Тамакка кылдың аракет.
Жаман көргөн жеңеңди,
Учкаштырып ала кет!

Куба курут, сары май,
Жыйылып турду үйүңдө,

[1] *Барча* — кымбат баалуу кийимдин бир түрү.

«Жеңем» — деп тамак бербедиң,
Сурап турган күнүмдө.
Сарандыгы бийкечтин
Эсимден кетпейт тирүүмдө.

Кол кармашып бир басып,
Ойнободум кыз менен.
Тамак ичип жайланып,
Тойлободум кыз менен.

Тизелешип отуруп,
Иш кылбадым кыз менен.
Ичте сырды чечишип,
Сөз кылбадым кыз менен.
Келген замат асылды,
Кеңгитип койду башымды.
Сураганды түк бербей,
Сарандыгы ашынды.
Каяшаны көп айтып,
Сурады менин жашымды.

Үйүбүздү кайтарган,
Корукчубуз кыз эле.
Адамдан башка тескери
Жоруктуубуз кыз эле.

Кайтарганга казанды,
Какайып көнгөн маш эле.
Чык татырбас бул үйдөн,
Кайын сиңдим кас эле.

Каста болсо ыйлайлык,
Кадырыңды сыйлайлык,
Кара каска[1] какайып,
Карап бекер турбайлык.

Ой сараң кыз, балакет,
Саргарганда бербеген
Саамалыңды ала кет,
Сандыгыңа сала кет!

---

[1] *Кара кас* — калп эле деген мааниде.

Сабылганда бербеген
Сары майың ала кет.
Санаасы бөлөк карабет,
Сандыгыңа сала кет!
Кош билерик, кош шакек,
Оң колуңа сала кет,
Урушуп эрмек кылганга,
Жаман көргөн жеңеңди
Учкаштырып ала кет!

Кыйма элечек тартып кет,
Кыйналганда бербеген
Кымызың калды, артып кет.
Сайма элечек тартып кет,
Сагынганда бербеген,
Курутуң калды, ала кет,
Куржунуңа сала кет!

Казан сенин аягың,
Калбасын мында тамагың.
Өмүрүнчө кызганып,
Өз жеңеңден аядың.

Сузгу сенин кашыгың,
Жок эле сага жазыгым.
Кайын сиңдим кызыке,
Калбасын мында азыгың!

Соку эле сенин сыягың,
Сокбилек сенин кыягың,
Аш-тамакка киришкен,
Башка эле сенин кыялың.

Казан кап сенин калпагың,
Кара сырмак[1] талканың,
Түпкүч сенин оймогуң,
Түп оокатың ойлогун,
Аш-тамактан бул үйгө
Түк эчтеке койбогун!
Баарын жыйнап ала кет,
Кызыке, куржунуңа сала кет!

---

[1] *Кара сырмак* — таруу талкан.

## «КӨК КӨЙНӨК»

Көп болот биздин бүлөбүз,
Көк уй — биздин энебиз.
Айрылып калсак көк уйдан,
Ачкалыктан өлөбүз.
Жалгыз уйду таштап кет,
Жабырга кантип көнөбүз.

Кара алачык — желеси,—
Кайнатамдын керээзи.
Оокат кылган сүтүнөн
Он баламдын энеси.

Бүлөлүктү санагын,
Ал-жайыма карагын,
Жалгыз уйдан айрылсам,
Балдарды кантип багамын?
«Көк көйнөк» уксаң зарымды,
Бир жакшылык баштап кет,
Он баламды боздотпой,
Жалгыз уйду таштап кет!..

«Көк көйнөк» ага болбоду,
Көк уйду улам торгоду.
Өлдү көк уй чиренип,
Асылган оору койбоду.

Балдары сүт деп ыйлады,
Энесин болбой кыйнады.
Ошондо аял муңканып,
Көк уйду мындай ырдады:
— Аргымак атка бербеген,
Адам сурап келбеген.
Азыгым көк уй барында,
Ачкалык бизди жеңбеген.

Тобурчак атка бербеген,
Дос, тамыр сурап келбеген.
Тоютум көк уй барында,
Томсортуп бизди жеңбеген.

Төрт эмчегиң азыгым,
Кагылуу калды казыгың.
Он баламды какшаттың,
«Көк көйнөк», жоктур жазыгым!
Айрансыз калып балдарым,
Армандуу болуп жашыдым.

Желенде калды чүлүгүң,
Башыма түштү күйүтүң.
Бири өлгөндө баары өлгөн,
«Көк көйнөк», сенин булугуң!

Асылым көк уй, кайраным,
Казан толгон айраным,
Каргашалуу «көк көйнөк»
Какшанып калды балдарым!

## КҮЛЖАР

(Эри жолоочулап барып, кайра келсе, катыны өлүп, эринин кошкону).

Дабыр-дүбүр күн жааса,
Муздагандан айтамын.
Өз жарымдан айрылып,
Сыздагандан айтамын.
Базар үйүм бузулуп,
Баш кеткенден айтамын.
Келинчектей Күлжарым
Жаш кеткенден айтамын.
Укурук бойлуу, узун чач,
Күлжаным, уланында кеттиң жаш.
Керегe бойлуу, керме каш,
Келининде кеттиң жаш.
Уланында кетерби,
Урматтуу жашы өчөрбү?
Келининде кетерби?
Келин аты өчөрбү?
Сапарга барган көп кошум
Сапар тилеп кайткан жок.
«Жан жолдошуң оору» деп,

Бир да бири айткан жок.
Кошунга барган көп кошум
Жолу болуп кайткан жок.
«Жолдошум Күлжар ооору» деп,
Бир да бири айткан жок.
«Жан жолдошум келсин! — деп,
Ак жүзүмдү көрсүн» деп,
Күлжарым каттоочудан айтсачы,
Акырет жайга кайтсачы.
Алты канат ак үйүң
Аркасынан капшырдың,
Алды каткан эки кыз
Аны кимге тапшырдың?
Жети канат ак үйүң
Желкесинен капшырдың.
Жетим калган эки кыз
Жетимди кимге тапшырдың?
Томогодой ак ордо
Үйүң калды, Күлжарым.
Чымын канат чырмаган
Чийиң калды, Күлжарым.
Ак өргөндү чечип кет,
Ак мээриңден кечип кет,
Күлжарым, анан кийин көчүп кет!
Ала канат ашкана
Ак жагынан жыйып кет.
Алды каткан эки кыз
Көзүнүн жашын тыйып кет!
Кийген тону шоодурайт,
«Энекем качан келет?» деп,
Эки көзү жоодурайт.
Маана, Напай — эки кыз
Балдарын ыйлап чыркырайт.
Балдардын үнүн укканда,
Сай сөөгүм зыркырайт.
Алыска сапар барганда,
Айрылып калдым жарымдан.
Арманым айтып өтөрмүн,
Күлжарым, сенин зарыңдан.
Ургаачыдан башкача
Урматтуу элең, Күлжарым.
Сыптан башка адамдан

Зыйнаттуу элең, Күлжарым.
Күлжарым, сендей жар болбос,
Күйгөнүмдө ар болбос.
Күйүтүң тартып боздогон
Мендей муңдуу жан болбос.

**ГҮЛ ОЙРОН**

Дөөлөс уруусунан Ысык-Көлдө XIX кылымдын орто ченинде Арпа деген жигит төмөнкү таптан болуп, 30 жаш чамасында ажалынан өлүп, 3 баласы жетим калат. Зайыбы Чыны деген аял эң кошокчу чыгып, «Гүл ойрон» деген сөздү бул баштап айтып, бир айтканын экинчи бир кайталап айтпайт.

Асылым Арпа гүл ойрон,
Кандай жорук баштадың?
Катын менен балаңды
Каран түндө таштадың.
Жашында өлгөн оңорбу?
Жаш кезинде тул калган
Мендей бейбак болорбу?
Кара бет атка конорбу?
Кызылды кийген оңорбу?
Кыш чилдеде тоңорбу?
Келининде кесилип,
Кара бет атка конорбу?
Бир төшөктө эки баш,
Үч балаң калды жетим жаш.
Эки башты айырган
Эгем таала боору таш.
Арпа ичинде бир буудай
Такта буудай дечү элем.
Эл ичинде Арпамды
Сакта кудай дечү элем.
Жайкалып чыккан буудайды
Такта буудай дечү элем,
Жаш гүл ойрон Арпамды
Сакта куудай дечү элем.
Ыргалып чыккан буудайым,
Ырайым кылбай кудайым,

Асылым Арпа гүл ойрон,
Айрылдым сенден, жубайым.
Жайкалып чыккан буудайым,
Жардам кылбай кудайым,
Жаш кезинде айрылдым,
Асылым Арпа жубайым.
Ээр-Таштын Ача-Бел
Энкейте жылкы кууганым,
Эсил Арпа бууданым.
Тай экенден тамгашым,
Козу экенден эндешим
Кокуй ойрон күлүстөн,
Комутта калдым, тендешим.
Эшигимдин алдына
Эмилден кишен салдырдым.
Эли-журтум ичинде
Арпа ойронумду алдырдым.
Босогондун алдына
Болоттон кишен салдырдым.
Жайдарым Арпа гүл ойрон,
Жалаңгычка алдырдым.
Асылым Арпа ойронум,
Айлыма болот коргонум.
Жылас болуп гүл ойрон,
Жыйырма беш жашта сойлодуң.
Кара тоону этектеп,
Арпа ойрон,
Карчыга салып кеткенби?
Карчыгасын качырып,
Казакка суроо кеткенби?
Кызыл тоону этектеп,
Арпа гүл ойрон,
Кыргыек салып кеткенби?
Кыргыегин качырып,
Кытайга элчи кеткенби?
Казактан ойрон келген жок,
Кайрылып үйүн көргөн жок.
Кайран Арпа ойронду
Какшасам кудай берген жок.
Кытайдан Арпа келген жок,
Кылчайып үйүн көргөн жок.
Тилегеним Арпа эле,

Тилекти кудай берген жок.
Желеде калды тайларың,
Жетим калды балдарың.
Ширгеде калды тайларың,
Чыркырап калды балдарың.
Аз атанын уулунан
Азып туулган жан элең.
Асылым менин өзүмө
Алтындай баркың бар элең.
Асылым Арпа гүл ойрон,—
Аз гана урук дөөлөстөн.
Кейиш тартып, кор болуп,
Кемибеген дөөлөттөн.
Асылым Арпа гүл ойрон,
Алкынтып миндиң буудандан.
Аз атанын уулу деп,
Азар тарткан тууган дан.
Булкунтуп минген буудандан,
Муңканып өткөн туугандан.
Арпа берип, жем жебей,
Арык болду бууданың.
Аз болгонуң атадан,—
Анжыянда көп экен
Сандаган дөөлөс тууганың.
Буудай берип, жем жебей,
Муунсуз болду бууданың.
Букара болуп жүргөнүң,—
Анжыянда бар экен
Жалпы дөөлөс тууганың.
Тууганына кете албай,
Туз таткан жерден өтө албай,
Багынып жүрүп жок болдуң
Баралыңа жете албай.
Алтындан топчу бүчүмдө,
Аян көрбөй түшүндө,
Асылым Арпа гүл ойрон,
Арманың кетти ичинде.
Күмүштөн топчу бүчүмдө,
Көрбөй калдым түшүмдө.
Гүл ойрон, сенден айрылып,
Күйүтүм калды ичимде.

Асылым Арпа гүл ойрон,
Кара чачым жайдырдың,
Калдайтып кара салдырдың.
Калк ичинде мен шордуу
Кайран Арпа ойронду
Кабыланга чалдырдым
Жашыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Жаш алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Кызыл алма колго алып,
Бейиште бекен гүл ойрон?
Кыз алган жарым калды деп,
Кейиште бекен гүл ойрон?
Жергенден келген жети каз,
Жегөөн коюп, бирөөн ат.
Жети эшиктүү бейиштин
Эшигин ачып, төрүн бас.
Аркадан келген алты каз,
Алтоон коюп, бирөөн ат.
Алты атан өткөн кыямат
Ага барып салам айт.
Алты атаң өткөн кыямат,
Алты эшиктүү бейиштин,
Гүл ойрон, эшигин ачып, төрүн бас.
Күлүстөн мырза гүл ойрон
Кулуп кетти бейишке.
Күйүтүң тартып мен бейбак
Күйүп калдым кейишке.
Асылым Арпа гүл ойрон,
Аттанып кеттиң бейишке.
Азабың тартып зар ыйлап,
Арканда калдым кейишке.
Гүл ойрон,
Кушун илгир баккандан,
Кулуп кетти бейишке
Кудайга иши жаккандан.
Гүл бейиштен жай алды
Гүлжигит акыл тапкандан.
Арканда калып, кор болдум
Азабым аштай каткандан.
Күлүгүңдү күз чаппай,

Күлкүңүздү биз таппай,
Аргымагың жаз чаппай,
Акылыңды мен таппай.
Гүл ойрон
Сымбаттуу келген сен өзүң,
Айтымың калган ак сөзүң.
Акырет кеткен сен өзүң,
Арманда калган мен өзүм.

Арпа гүл ойрондун кошокчу аялы Чыныны көч үстүндө Бугунун чоңдору Мураталы, Боромбай ээрчип, кошок угуп, жол бербейт. Ошондогу айткан кошогу:

Бурмалуу саадак, бугу шым,
Гүл ойрон,
Бугунун уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүң.
Саймалуу саадак, сары шым
Гүл ойрон,
Сарбагыш уулу болбодуң,
Анан кийин өлбөдүң.
Зыйнатыңда отуруп,
Сыпатың айтып көрбөдүм.
Мураталы, Боромбай —
Бугудан чыккан «оёну».
Бул жорукту коёлу,
Журтка барып коночу.
Тоспоңор менин жолумдан,
Кармабагын колумдан.
Гүл ойрондун өлгөнү —
А дагы менин шорумдан.
Кошок уксаң, конуп ук,
Конгон жерде келип ук!
Айылың жакын жайлап ук,
Көчкөндө төөм айдап ук!
Өрүүдө бээм байлап ук,
Арманың калбай шайлап ук!

Ошол көч үстүндө: «Мураталы, Боромбайларга күйөөңдү макта» деп, кимдир бирөө шыбырайт. Анда Чыны кошокчу айтат:

Кызыл макмал топтоймун,
Кымбатым Арпа ойронду

Кылганын айтып жоктоймун.
Кара макмал топтоймун,
Казанат Арпа ойронду
Кадырын айтып жоктоймун.
Киш ичикти кийбеймин,
Киши айткан тилге кирбеймин.
Оруну жок сөз айтып,
Мактаганды билбеймин.
Гүл ойрон өзү — букара,
Коркуп жүргөн манаптан.
Каяша сөз айта албай,
Качып жүргөн тараптан.
Айтуучуга ат берип,
Айттырбаймын жөнөкөй.
Ашыкпастан, шашпастан,
Айтып өткүн көмөкөй!
Кошуучуга кой берип,
Коштурбаймын жөнөкөй.
Кошомат эмес, чын жерден
Кошуп өткүн, көмөкөй!
Үй үстүнө жоо келсе,
Корккон эмес гүл ойрон.
Үйдөн алыс аттанып,
Жорткон эмес гүл ойрон.
Ашкан алыс сапарга
Барган эмес гүл ойрон.
Аттанып чалгын алыстан
Чалган эмес гүл ойрон.
Айдап жылкы алдына
Салган эмес гүл ойрон.
Көп аттанса, катардан
Калган эмес гүл ойрон.
Айтып айтпай пайда жок,
Кеткен жан кайтып келеби?
Кемиткен кудай берpermalink?
Өлгөн жан кайтып келеби?
Өксүткөн кудай береби?
Аман болсун балдарың,
Артында туяк — калганың.
Билбей калган жан барбы
Дүнүйөнүн жалганын?

## ТОТУНУН КОШОГУ

Бай Баястан — сараң бай,
Күткөн малы арам бай.
Салбардын кызы болгончо,
Калганым жакшы жаралбай.
Баласын чөлдө саргартып,
Бай ушундай болчубу?
Акылы жок, Карачач,
Муну «ата» деген оңчубу?
Саратанда саргарып,
Чөлдө калдың, Карачач!
Пайдасы жок жаныңа
Элде калдың, Карачач!
Бай Баястан — бай атам,
Дүнүйө, малы шай ата.
Пайдасы тийбей малынан,
Саргарып чөлдө мен жатам.
«Кыз да болсо туяк» деп,
«Калганы чөлдө уят» деп,
«Бала» деп баркым билген жок,
Маңдайым сылап жүргөн жок.
Катын деп сени, Карачач,
Катарга башың кирген жок.
Атам менин Баястан
Балага болду пайдасыз.
Арманы көп, Карачач,
Ыйлап жүрдүң айласыз.
Базарга минген жоргодон
Байталды не деп минди экен?
Балакеттүү Карачач,
Пайдасы жок атадан
Мени не деп тууду экен?
Кербендер минген кер аттан
Байталды не деп минди экен?
Кейиши көп Карачач
Кереги жок атадан
Мени не деп тууду экен?
Салынды энем Карачач,
Баястан байың сага кас.
Атасы өлгөн курусун,
Ким билиптир мунусун?

Тумшугу жок Карачач,
Тубар эрден туубадың.
Өрттөнүп ыйлап зарланып,
Өмүрүңчө куурадың.
Кайгысы көп Карачач,
Кадырлуу эрден туубадың.
Кайгы тартып, зар ыйлап,
Капа болуп куурадың.
Карачач, сенде жазык жок,
Байталың минген басык жок.
Тумшугу жок, Тотукуш[1],
Атымды байлар казык[2] жок.
Бай Баястан атамды
Бастырбай ажал кармады.
Бала-чака ойлонуп,
Башыңа кара салбады.
Тул түбүндө олтуруп,
Тууралап кызмат кылбадың.
«Туйгунум өттү» деп ыйлап,
Тумшуксуз энем, турбадың.
Мен дагы сенин кайгыңдан,
Безеленип ыйладым.
Медер кылар ага жок,
Бейпайың тартып куурадым.
Атамдын аты — Баястан,
Баястан келген каяктан?
Алда кандай киши эле,
Өз балдарын тараткан?
Байкуш энем Карачач
Башында шордуу жараткан.
Арманы көп Тотукуш
Адамдын көзүн караткан.
«Атаң өлдү, Тоту!» деп,
Анык кабар келген жок.
Билими жок тууганда
Бири да кабар берген жок.
Басыгы жок тору аттан
Байтал минсең жарашат.
«Баястан байым» деп жүрүп,

[1] Өзүн айтып жатат.
[1] Эркек уялаш жок дегени.

Баркың кетти, Карачач!
Жоргосу жок тору аттан
Кунан минсең жарашат.
«Кудай кошкон» деп жүрүп,
Кунуң кетти, Карачач!

# АРМАНДАР

## КЫЗ МАКТЫМДЫН АРМАНЫ

Түлкү жүрбөс түнөк жол,
Түндөп келдим арман күч.
Түшүмө кирбес калмактын,
Колуна кирдим арман күч.

Карышкыр кирбес каран жол,
Капталып калдым арман күч.
Кашыма келбес калмактын,
Колуна кирдим арман күч.

Бул алжыган калмактын
Адамга сыяр кеби жок,
Атка минсе эби жок,
Армандуу өткөн жан болдум.

Алышып ойнор теңим жок,
Ала-Тоо кайда, жер кайда?
Атпай[1] кыргыз эл кайда?
Айтып, айтпай не пайда!

Кулалы деген куш болдум,
Кудай кылды кыз болдум,
Курган Магдым, мыш болдум.

Жарганат деген куш болдум,
Жаратып кудай кыз болдум,
Жалпы журтка мыш болдум.

[1] *Атпай*—көпчүлүк, эл деген мааниде.

Атамдын аты — Байсары,
Байсарыны айталы!
Азапка мени туш кылды
Байсарынын малсары.

Көзүнө малы көрүнүп,
Элинен көчүп бөлүнүп,
«Чарба малын багам» — деп,
«Малдан пайда табам»—деп.
Көчүп келип жайланды,
Акыр заман айланды.
Атамдын кылган кесири,
Азапка башым байланды.

Элет кыргыз ичинде,
Эли менен турган жок.
Эсирип малга Байсары,
Эптүү кесир кылган жок.

Эмгеги көп Мактымга,
Эми мындай жыргал жок.
Канетейин арман күч,
Калмактан санаам тынган жок.

## ЧАЛГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Күнгөйдүн күнү баткан жок,
Күйөөдөн мага айткан жок.
Тескейдин күнү баткан жок,
Теңтуштан мага айткан жок.

Алтымыш бутун аксаткан,
Чалга кетип баратам,
Атам сатып башымды,
Малга кетип баратам.
Башы кара, буту айры,
Чалга кетип баратам.
Пайдасы жок жаныма,
Жанга кетип баратам.
Жетимиш жерге киргизген,

Чалга кетип баратам.
Жээктен тышка сүрүлгөн
Жанга кетип баратам.
Өз башыма ээ болбой,
Малга кетип баратам.
Пайдасы жок башыма,
Чалга кетип баратам.

Убалга атам карабай,
«Балам» — деп мени санабай,
Кудурет мени кыз кылды,
Кууураган чалга туш кылды,

Бузулсун соккон дубалың,
Болбосун асый кунаның.
Боздотуп чалга жөнөткөн,
Атама жетсин убалым.

Алты байса дубалың,
Ат болбосун кунаның.
Ак сакал чалга кыз берген,
Атама жетсин убалым.

Баласын сатып мал алып,
Атамдын күнү мал менен,
Канткенде өсөт көңүлүм,
Какайган какбаш чал менен.

Ашыктуу жилик эт жесем,
Арманым калбайт ал менен,
Алтымыш күнү ойносом,
Ойнум канбайт чал менен.

Ак алма алып жеп жүрдүм,
Арзымды айтып көп жүрдүм,
Ыманбек деген агамды,
Мындай кылбас деп жүрдүм.

Жеңем менен бирге ойноп,
Жер жемишин жеп жүрдүм,
Энемдей болгон жеңемди,
Мындай кылбас деп жүрдүм.

Энеси өлгөн Эркечтин
Эч адамга доосу жок,
Бузулган ишим башынан,
«Мындай» — деп айтар «өзү» жок.

Энеси өлгөн курусун,
Ким билиптир мунусун.
Чалга сатып башымды,
Бүтүрүптүр жумушун.

Тарагым талдан болуптур,
Таалайым чалдан болуптур.
Таалайсыз Эркеч кор болуп,
Чалга теңтуш болуптур.

Келечим[1] жүндөн болуптур,
Кешигим чалдан болуптур,
Энеси өлгөн жетим деп,
Кем атакка конуптур.

Атама арбын мал керек,
Армандуу мага жан керек.
Энекем өлүп кор болдум,
Айтып, айтпай не керек!

Оюмдун баары омолду,
Олуттуу ишим жоголду.
Күлкүмдүн баары күбүлдү,
Күйөөдөн Эркеч түңүлдү.
Көмүктө калган мен шордуу,
Көрөмүн эптеп күнүмдү.

## ЖАШ БАЛАГА БЕРГЕН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Бай Шеримбай кайнатам
Бай Карабай өз атам,
Күйөөлү кызга көз артам,

[1] *Келечим*—кийимдин түрү.

Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Калка кылар дубал жок,
Анаркүл менде убал жок,
Жыйырма бешке чыкканча,
Ойноп-күлөр улан жок.
Абышкалар тойдо жейт,
Асыл койдун куйругун,
Жаш балага туш кылган,
Жараткандын буйругун.
Алты жаштагы жаш бала,
Анарга күйөө болчубу,
Жабыр тартып Анаркүл,
Кары кыз атка кончубу,
Жергеден башым кемиткен,
Карабай атам оңчубу.
Жети жашар жаш бала,
Жетилип күйөө болчубу,
Жесир жүрүп Анаркүл,
Жакшы атакка кончубу,
Өз атам мага кылды кас,
Өзгөчө мага боору таш.
Келсин деп кабар кылууга,
Кесирлүү күйөөм болду жаш.
Жыйырма бешке чыкканча,
Күйөөнүн жүзүн көрбөдүм.
Кордонгондон Анаркүл,
Ажал жетип өлбөдүм.
Күйөө келип кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап,
Женелер жетип жандашып,
Жеңгетайын камдашып,
«Күйөөсү келди кыздын» — деп,
Женелер колум кармашып,
Тентушума барбадым.
Жыйырма бешке келгенче,
Телмирип ыйлап зарладым.
Кадеми каткан Анаркүл,
Кары кыз деп аталган,
Кадырдуу башым кор болуп,
Калдым белем катардан.
Кары кыз мага күн барбы?
Кайгырбай жатар түн барбы?

Атам мени бербесе,
Ачылып чыгар күн барбы?
Эшикке чыгып карасам,
Эстеп күйөө санасам,
Кырангы чыгып карасам,
Кызыгып күйөө карасам,
Карарган калың мал турат,
Карагай, кайың тал турат,
Мал көрүнөт көзүмө,
Кайың, тал кирбейт сөзүмө.
Күйүт тартып зар ыйлап,
Күйөө түшөт эсиме.
Бактысы жок Анаркүл,
Күйөө келбейт өзүмө.
Күйөө келсе өзүмө,
Куштармын айткан сөзүнө.
Келбети артык жигитти,
Келтирбейт менин кезиме.
Карагай — кайным болсочу,
Кайың тал — күйөөм болсочу,
Аралаш айлым консочу,
Анаркүл ойноп онсочу.
Арманы көп Анаркүл,
Арманым айтып болдум зил,
Өрттөнгөн атам Карабай,
Өтпөдү буга айткан тил.
Карабайдын төрүндө,
Какшаган бейбак тул болдум.
Арзыкул акем айтса экен,
Айтып жеңгө салса экен.
Бай Шериден алганын,
Атам кайрып берсе экен.
Ажыратып башымды,
Көп көтөрбөй жашымды,
Теңтушума берсе экен.
Кепке-сөзгө келсе экен,
Быйыл мени берсе экен.
Быйыл мени бербесе,
Тирүүлөй көргө көмсө экен.

**НАСЫЯГА
КЕТКЕН
КЫЗДЫН АРМАНЫ**

Атбашынын сазында,
Чоко болуш башында,
Кара сакал соодагер,
Болуштун келди кашына.
Насыячы Карт келди,
Кенжеке мага дарт келди.
Бир келбеди, үч келди,
Кара жанга күч келди.
Өзүмдүн атам Сатылган,
Балаалуу карызга чатылган,
Көтөрмө теңге көтөрүп,
Көпкөнүнөн катылган.
Кызматчы болдуң болушка,
Кордукту болуш кылган соң,
Коно албадың конушка.
Кагазга бастың мөөрүңдү,
Катчылар тапты жөнүңдү.
Беребиз деп бул койду,
Болушуң тапты бул ойду.
Экинчи жылдын өзүндө,
Элден уккан сөзүмдө,
Арбытып койду жаздырып,
Кез болду арбын кесирге.
Бексулга койдуң колуңду,
Байладың өзүң жолуңду,
Көтөрө албай карзыңды,
Көрдүң белем сонуңду.
Торгоду болуш сөзүңдү,
Торук кылды өзүңдү.
Аласа картын ээрчитип,
Ашты белең көзүңдү.
Атбашы, Нарын ара жер,
Аксай, Арпа сара жер,
Эшмамбет менен Атабай,
Ак чапандан пара жээр.
Насияга кыз берген,
Сен, Сатаке кара жер,

Карызга берди дедирбей,
Кенжеке кечтим жанымдан.
Кадыр алда чоң кудай,
Кара жаным ала көр!
Канетейин арман көп,
Казган көргө сала көр!
Бу кордукту көргөнчө,
Армандуу болуп өлгөнчө,
Токмокко орус толгондо,[1]
Жаңыдан комиссия болгондо,
Өзүң жаңы старшын болгондо,
Үйүңө үйөз конгондо,
Жүгүңө бешмант толгондо,
Жүгүндөгү бешмантың,
Чачып кетпей не болдум,
Көмүлөрүм билгенсоң,
Көл башында бугуга,
Качып кетпей не болдум.
Жылкы ичинде чоң тору ат,
Боолук салса карматат,
Насия алды аманат,
Насияга кыз берип,
Сатаке!
Өзүңө калды жаман ат!..
Эшмамбеттин кыздары
Кер жорго минип дуулады,
Нурмамбеттин Кенжеке
Кер эшек минип куурады.
Саксайган картка баратам,
Сердекти майдай туурады.
Атабайдын кыздары,
Аргымак минип дуулады,
Алды каткан Кенжеке,
Азап тартып куурады.
Карчыга салсаң ккуга сал,
Кадырым билбейт как баш чал.
Картайган чалга бергенче,
Кардымды жарып сууга сал.

---

[1] *Токмокко орус толгондо* — орустар жаңы келип, шаар салына баштаганда деген мааниде.

Ителги салсаң кууга сал,
Итейген чалга бергенче,
Ичимди жарып суугa сал.
Калдыбай минди кара атты,
Сасыкбай минди сары атты.
Болушу минди боз атты,
Кенжекени кейитип,
Ташкентти көздөй узатты.
Атагы чыккан Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам,
Адырайган бир карттын,
Колунда кетип баратам.
Жети шаар Ташкенттин,
Жолунда кетип баратам,
Жепирейген бир карттын,
Колунда кетип баратам.
Бактым болсо созормун,
Балакет чалдан кутулсам,
Бир баркымды билер теңтушка,
Кара башым кошормун.
Мааниси жок жан болсо,
Баркымды билбей кор болуп,
Барган сайын бошормун.

## КЫЗ КЕНЖЕКЕНИН АРМАНЫ

Бай Байбото кайнатам,
Малга кароо өз атам.
Жыйырма жашка чыкканча,
Күйөөсүз жалгыз мен жатам.
Өткөрдүң ата жашымды,
Билдим сенин касынды.
Бала деп мени ойлобой,
Малга саттың башымды.
Ат чаптырып той жедиң,
Алда канча кой жедиң.
Желкилдеген төө жедиң,
Желини карыш бээ жедиң,
Калың малың бүткөнсоң,
Жалгыз ат болду салыгың,

Анча мынча кечпестен,
Арбын болду алымың.
Эки жыл болду бир тайга,
Сарандык кылды кайын атам.
Кечип бербей кеңешип,
Сасыктык кылды өз атам.
Төрөдөй менин төрт акем,
Төрө Чынгыш бой акем,
«Кенжеке кетип калат» — деп,
Кайтарганың кой акем!
Кайтарганың койбосоң.
Чакырып тоюң сой, акем!
Каада менен той союп,
Мойнун кайрып кой союп,
Атам мени жөнөтсүн,
Каалаганын жөн коюп,
Агам жөнгө келсин де,
Азыр мени берсин де,
Агама айткын сөзүмдү,
Азыр жөнөт өзүмдү!
Өмүрүмө кылбасын,
Өзүмдүн атам кесирди.
Астыртан кабар кеп угуп,
Армандуу сөздү көп угуп.
Ардыгып жүрөт колуктуң,
Азыр баргын деп угуп.
Күйөөм келди бешимде,
Жеңекем келди кечинде,
Атамын кылган жоругу,
Өлсөм кетпейт эсимде.
Жеңем келип айткан сөз,
Үйдөн чыктым булактап,
— Кайда кызың барат? — деп,
Кылайын буга санат — деп,
Оолукма жинди өз атам,
Басып калды кулактап.
Бозоруп күйөөм турганы ай,
Жинди атам туруп кейитип,
Башыма кордук кылганы ай,
Айылдын карап турганы ай.
Арбак урган жинди атам,
Айбыкпай мени урганы ай.

Аябай кордук кылганы ай,
Эрегишип эки бай,
Турушканын айтайын,
Бир мал үчүн өтүшпөй,
Урушканын айтайын.
Аргымак минсем келбесмин,
Азаптан мен да өлбөсмүн.
Аманат жаным өткөнчө,
Ат бастырып келбесмин!
Тобурчак минсем желбесмин,
Тозоктон мен да өлбөсмүн.
Эшигиңдин алдына,
Толгонуп кайта келбесмин!
Ой карагай четинди,
Жебей чөбү кетилди.
Бир көңүлүм калган соң,
Карабайм, ата, бетиңди!
Как баш атам куруп кал,
Калжырабай туруп кал!
Жолу катуу түгөт чал,
Жолбун иттей улуп кал!

## ТОКОЛ АЯЛДЫН ЗАРЫ

Тергеним — тезек,
Темингеним — соку.
Ичкеним — сары суу,
Кулагым чуру-чуу.
Жатканым — карчыт,
Укканым — какшык.
Жатканда мойнум ылдый агат тамчы,
Үйгө келгенде, жегеним — камчы.

## КУБАТТЫН УУЛУ КУЛМЫРЗА

Кутчу Кубаттын уулу Кулмырза менен мундуз Обонбайдын кызы Ак Саткын экөө ашык болуп, Ак Саткынды Кулмырза алам деп жүргөнүндө, ушак сөз менен Обонбай кулдарына Кулмырзаны өлтүртүп коюптур. Обонбай Кулмырзанын өлүгүн бекитип таштап, коркконунан үркүп, көчүп калыптыр. Бул арада Кубат: «Эки күн болду, балам жок, ботом ай, бул кандай шумдук!?» деп, Кулмырзаны издеп жүрүп, Обонбайдын көчүнө учурайт. Кубаттын элендеп, жок издегендей шашып жүргөнүн көрө салып, Ак Саткын Кубатка карата Кулмырзанын эмне болгонун кошок менен дайындап уктурганы:

Атаң Кубат кары эле, досум,
Кадыры калкка даң эле, досум.
Кан баласы Кулмырза досум,
Бир кишиче бар эле, досум.
Атаң Кубат элеңдейт, досум,
Айтар сөзүн белендейт, досум.
Издеген жогу Кулмырза, досум,
Жогумду кайдан көрөм дейт, досум.
Кубаттын уулу Кулмырза досум,
Кудайым кошкон шум мырза досум!
Чөнтөгүң толгон пул мырза досум,
Арууке болдум тул, мырза досум.
Минген атың көк кашка, досум,
Канжыгаң кыска ак тасма, досум.
Үзөңгү боон бек тасма, досум,
Мен өлөйүн десем жан башка, досум.
Экөөбүз ашык болгондо, досум,
Элибиз көчүп конгондо, досум.
Эр Кубаттын Кулмырза досум,
Менин көңүлүмө толгондо, досум,
Жалган куран[1] жаз эле, досум,
Жалам айран аз эле, досум.
Жаз болгондо, кар кетип, досум,
Ат боорунан саз эле, досум.
Кыштоо журттан ташынып, досум,

Элибиз көчүп конду эле, досум,
Эргеге жыйын курду эле, досум.
Сен жогортон келдиң жылжытып, досум,
Жорго боз минип, жок сурап, досум.
Мен турат элем көйкөлүп, досум,
Туурдук калап көлбүрөп, досум.
Алдыңдан тосуп Обонбай, досум,
Атакем турду кеп сурап, досум.
Атакем айтты: ат ал — деп, досум,
Ат алсаң да бат ал — деп, досум.
Эки жагым карасам, досум,
Илгенчи бала жок экен, досум.
Көргөн жерде байкадым, досум

. . . . . . . . . . .

Атыңды алып байладым, досум.
Алдыңа килем шайладым, досум.
Эгилип эшик ачканда, досум,
Эмчегим эзе кармадың, досум.
Эгиле түшүп токтодум, досум,
Шоктугуң мындан билгенмин, досум,
Бешенең ысык, бейлиң саз, досум,
Бейлимди салып жүргөнмүн. досум.
Сүйрөп килем саларда, досум,
Сүбөмдөн эзе кармадың, досум.
Сүйөнө түшүп токтодум, досум,
Сүйгөнүмдөн шүк болдум, досум.
Шоктугуң мындан билгенмин, досум,
Тескери карап күлгөнмүн, досум.
Маңдайың жарык, балдай сөз, досум,
Баркыңды билип жүргөнмүн, досум.
Шаардан алган сары аяк, досум,
Илени жука сыр аяк, досум,
Байтал бээнин бал кымыз, досум,
Кунан бээнин курч кымыз, досум,
Энекем куйду, мен турдум, досум,
Эгилип кымыз мен сундум, досум.
Сыр аякка жапшыра, досум,
Бармагым баса кармадың, досум.
Баркыңды билип токтодум, досум.
Конуп калдың кылчактап, досум,
Кеч кирди деп шылтактап, досум.

Конокко атам кой сойду, досум,
Колу-жолу бош койду, досум.
Түн ортосу мезгилде, досум,
Аяк жагым күймөнөт, досум,
«Сен кимсиң?» десем, «Мен» дедиң, досум,
Кыз жанымды наз кылбай, досум,
Койнумду ачып, «кел» дедим, досум.
Чечендик менен кеп айттың, досум,
Кеп айтканда эп айттың, досум.
«Тамырлык эмес, таеже, досум,
Аламын сени» деп айттың, досум.
Ишендим айткан сөзүңө, досум,
Ыраазы болдум өзүңө, досум.
Көңүлүм сүйүп көргөндө, досум,
Көрүндүң ысык көзүмө, досум.
Күйүүчү сөздөн кеп айттың, досум,
«Күйөөлөп алам» деп айттың, досум.
Кадырдан салбас кеп айттың, досум,
«Кайындап алам» деп айттың, досум.
«Алганың жакшы, жээн» деп, досум,
«Айткан болбос өөн» деп, досум.
Талап кылган жээнге, досум,
«Таеже койну ээн» деп, досум.
Койнумду ачып сен келдиң, досум,
. . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . .
Таң саргарып атканда, досум,
Тараза жылдыз батканда, досум.
Соопко белин байлаган, досум,
Сопу атам асан айтканда, досум.
Мен колтуктап чыгып аткардым, досум,
Сен колоттоп кеттиң кол булгап, досум.
Комутта калган немедей, досум,
Мен туруп калдым көз ымдап, досум.
Тайганың таштан теке алган, досум,
Бүркүтүң чөлдөн түлкү алган, досум.

Кулмырза, сенде чен барбы, досум?
Жигитте сага тең барбы, досум?
Арадан алты ай бир өттү, досум,
Саратан жайлоо жай өттү, досум.
Анча-мынча күн өтпөй, досум,
Айткан шерттүү түн өтпөй, досум.
Кайырманын боюнда, досум,
Кайрылып келдиң коном деп, досум.
Калың берип, тай союп, досум,
Кадырлуу күйөө болом деп, досум.
Конуп калдың жайкалып, досум,
Кондурдум төшөк жай салып, досум.
Кара жолтой кулдарга, досум,
Калган экен байкалып, досум.
Дүм булак барып, куш салдың, досум,
Түйшүктүү мага күч салдың, досум,
Жүрөгүмө иш салдың, досум.
Кайнарга барып, куш салдың, досум,
Кайгыны мага күч салдың, досум,
Кабагым ачкыс иш салдың, досум.
Өрүктөн бекен ээриң, досум,
Сага озолондум, жээним — досум,
Өзгөчө түштү мээрим, досум.
Кайыңдан бекен ээриң, досум,
Какшатып кеттиң, жээним — досум,
Башкача түштү мээрим, досум.
Атам Обонбай как баш айткан бейм, досум,
Ажалың кулдан тарткан бейм, досум.
Айкалып ойноп жатканда, досум,
Аңгемеге батканда, досум,
Жайкалып ойноп жатканда, досум,
Тамашага батканда, досум.
Каран-саран эткенсип, досум,
Кашыма келди бир адам, досум,
Арбаң-барбаң эткенсип, досум,
Эшиктен кирди эки адам, досум.
Эчки десем киши экен, досум.
Эгемдин салган иши экен, досум.
Эшиктен кирген эки адам, досум,
Кош камчы урду сооруна, досум,
Кашыңа келген бир адам, досум,

Кош бычак урду жонуңа, досум.
Коркутмакчы кылам, деп, досум,
Сайып алды билекке, досум,
Тайып кетти жүрөккө, досум.
Как жүрөктөн кан чыкты, досум,
Кан чыкканда, жан чыкты, досум.
Эт жүрөктөн кан чыкты, досум,
Эшикке жетпей жан чыкты, досум.
Ичигиң калды иргеде, досум,
Чыгарда жаным бирге эле, досум.
Такыяң калды төрүмдө, досум,
Тараза тапкын көрүңдө, досум.
Аманат дүйнө арман күч, досум,
Амалым барбы өлүмгө, досум?
Эшиктин алды күрөндү, досум,
Күрөндүгө көмүлдүң, досум,
Ажал жетип, күн бүтсө, досум,
Айласы барбы өлүмдүн, досум?

Колу кандуу Обонбай, досум,
Коркуп көчтү шашкандан, досум.
Кан адамды куткарбайт, досум,
Кутулбайт как баш качкандан, досум.
Ажалың кулдан болгону, досум,
Калам тагдыр жазгандан, досум,
Каныңды төккөн өз атам, досум,
Кабардар болсун кайын атам, досум.
Кабарың айтып, жар салып, досум,
Кызыл тилим сайратам, досум.
Атаң Кубат барбайбы, досум?
Аныктап кабар албайбы, досум?
Күл таштаган үстүнө, досум,
Күрөндүнү чалбайбы, досум?
Карагер атын каңтарсын, досум,
Кабактарды аңтарсын, досум.
Күрөң атын каңтарсын, досум,
Күрөндүнү аңтарсын, досум.
Кара көзү кашайды, досум,
Кайын атам менден жалтанат, досум,
Арманын айтып Ак Саткын, досум,
Айтпай журтка жар салат, досум.
Атакең Кубат барбайбы, досум,

Күрөндүнү чалбайбы, досум,
Айлына кабар салбайбы, досум?
Баласын таап албайбы, досум?
Баласын таап албаса, досум,
Обонбай как баш танбайбы, досум?

Күбөсү даяр болгон соң, досум,
Анан күйдүрүп кунун албайбы, досум?
Акырет кеткен, Кулмырза досум,
Армандуу кылдың, шум мырза досум.
Кубаттын уулу Кулмырза досум,
Кудайым кошкон — шум мырза досум!
Ак сөзгө как баш көнбөйбү, досум?
Айттырбай кунун бербейби, досум?
Айтарга адам чыкпаса, досум,
Муну Ак Саткын айтып бербейби, досум?
Алтымыш-айбың, кунуң-жүз, досум
Ашыңды берер быйыл күз, досум.
Кунуңдун башы — тогуз кыз, досум,
Тогуз кыздын башчысы, досум,
Тозоктуу бейбак өзүм баш, досум.
Өз баласын өлтүргөн, досум,
Обонбай чалдын боору таш, досум.
Кыз да болсо бала элем, досум,
Кыяр чал мага кылды кас, досум.
Барбай туруп, тул болдум, досум,
Баркым кеткен шум болдум, досум.
Балакет баскан Ак Саткын, досум,
Бир байталдан кем баа күң болдум, досум.
Келбей туруп, тул болдум, досум,
Кесирим тийген шум болдум, досум
Кесепеттүү Ак Саткын, досум,
Бир кейишке тууган шум болдум, досум.
Тулуңду өзүм сактаймын, досум,
Тууруңду минтип актаймын, досум.
Тумшугу жок Ак Саткын, досум,
Туйгундан сендей таппаймын, досум.
Алты жыл арбак сактаймын, досум,
Арбагыңды актаймын, досум.
Арманым айтар, Кулмырза досум,
Асылдан сендей таппаймын, досум.

Ак Саткын башын баалап, кунга өткөрүп, Кубаттын колунда Кулмырзага аза күтүп, Кулмырзанын иниси Биймырзага тиет,. Ак Саткын аза күтүп отургандагы айткан кошогу:

Кескен терек сайда бар,
Кер кашка күлүк байда бар,
Келбей туруп тул калган
Мендей бейбак кайда бар?
Кыйган терек сайда бар,
Кыл жейрен күлүк байда бар,
Кыз экенде тул калган
Мендей бейбак кайда бар?
Куда болуп курчашып,
Кудагыйга ун чачып,
Жериңден келбей күйөөлөп,
Жеңгетайга пул чачып.
Күйөө келип кайындап,
Күйөөлүгүн дайындап,
Алты айланып келбедиң,
Акылыңды көрбөдүм.
Армандуу бейбак Ак Саткын
Сенден мурун өлбөдүм.
Азаптуу тууган кара бет
Азабыңа көнбөдүм.

Уурданып келип сен өлдүң,
Ушул ишке мен көндүм.
Тулуңду сактап турганга
Тумшуксуз Саткын мен көндүм.
Кудурет насип кылган жок,
Кулмырза, сендей асылды.
Обонбай как баш оңбогур,
Келтирдиң кунга башымды.
Торудан жорго минбедим,
Той баштап доор сүрбөдүм.
Как баш чал мындай кыларын
Кадемсиз Саткын билбедим.
Карадан жорго минбедим,
Калк баштап доор сүрбөдүм.
Обонбай мындай кыларын
Ойлонуп Саткын билбедим.

Келеңкирлүү чачпакка
Келтирип маржан чөгөрбөй,
Келиндик доор сүргөн соң,
Алдыма бешик өңөрбөй,
Ал арманым ал болду,
Азарың тартып дал болдум.
Мен кара бет Ак Саткын
Азапка туулган жан болдум.
Ак ордодой үй күтпөй,
Ашкана калап, чий күтпөй,
Куураган Саткын кантейин,
Кулмырза, сенден сый күтпөй,
Бул арманым бул болду,
Таш элем,— талкан кум болду.

Кызыгын көрбөй дүйнөнүн,
Кыз кара бет тул болду.
Сыпатым менен кунчуга
Сыйлуу келин болбодум,
Жаным курсун өлбөгөн
Жакшы атакка конбодум.
Курдашка айың кеп айтар,
Кунга келген деп айтар.
Абысын айың кеп айтар,
Айыпка келген деп айтар.
Абысын айың айткан сөз
Ал айып менин мойнумда.
Кулмырза, сени санасам,
Көзүмдүн жашы койнумда.
Санасам жоксуң ойнумда,
Сагынсам жоксуң койнумда.
Мен кара бет Ак Саткын
Зарлап калдым ордумда.

## КАЧКАН КЫЗ

Жабыркатып жанымды
Жашымда атам кайындап,
Байлыгына кызыгып,
Жайсыз жерге дайындап,
Жакшы көргөн бир жеңем

Жаман экен күйөөң деп,
Ушак кылып айындап.
Өз жеңемден уккан соң,
Өрттөнүп ичим жалындап,
Сүйбөгөн бир жаманга
Барбаймын деп зар ыйлап.
Жарманкелүү Каркыра —
Жайлообуздун асылы.
Күйөөң жаман деген соң,
Кайгырып сөөгүм жашыды.

Арманда болуп жаш жаным,
Көзүмдөн тал-тал жаш акты.
Жамандан кайным болгон соң,
Кара жан тартты азапты.

Бир күнү күйөөм келиптир,
Аябай малды бериптир.
Мал жеген соң атакем,
Берүүгө мени көнүптүр.

Жакшы көргөн жеңемди
Чакырып алдым эрмекке.
Жылдыз толгон кезинде
Жаманды бардым көрмөккө.

Жамандын жайын билген соң,
Көп ойлондум өлмөккө.

Атамдын аты — Каптагай,
Армандуу болдум бир далай.
Айласызга туш келсең,
Өмүрүң өтөр жыргабай.
Азамат болсо алганың,
Армансыз дүйнө жыргалы ай!
Акмакка мени кайындап,
Атамдын жабыр кылганы ай!
Кечкил мурун, кең тумшук
Күйөөм жандын урганы ай!

Кара жан жабыр көргөн соң,
Качпадым асты өлгөндөн.
Зар ыйлатып атакем,
Тартынбайт мени бергенден.

Көңүлүм айнып жөнөдүм
Көлдүн башы Аралдан.
Кудурет ачса багымды,
Кутулсам деп жамандан.
Тагдырда жазса башыма,
Жакшысын тапсам адамдан.

Өрнөктүү заман баштадым,
Өз киймимди таштадым.
Өрттөнүп ичим күйгөндөп
Өлүп кете жаздадым.

Малайча кийим кийиндим,
Басканыма сүйүндүм.
Караңгыга жамынып,
Көлдү көздөй жүгүрдүм.

Кейигенден зарланып,
Келдим көлдүн жанына.
Амалсыз жаным күйгөндөн
Ыраазы болдум жаныма.

Эркелеп өскөн курган жан,
Энеден калдым женеге.
Кайрылбадым артыма,
Атакем берем деген соң,
Бир эшек сүрөт немеге.
Жашынып түшүп жөнөдүм
Тактай салган кемеге.

Кемеде жүрүп ыйладым,
Кара жанды кыйнадым.
Көлдө жүрүп үч күнү,
Көзүмдүн жашын тыйбадым.

Кейитип жанды күйгүзүп,
Кемечи орус тил билбейт.
Шамал согуп, көл толкуп,
Жаман кеме тим жүрбөйт.

Балыкчынын жанынан.
Кеме чыкты бир күнү

Үшкүрүгүм басылып,
Үмүт кылдым жанымдан.

Оруска малай бир жигит
Билип койду сырымды.
Жашырбастан жигитке
Айтып бердим чынымды.
Аламын деп ал жигит
Аягыма жыгылды.
Арманда болуп азис жан,
Тагдырга сырым угулду.
Тапсам деген тилегим
Таалайы ашык уулду.
«Нике кыйып алалдап,
Алып жаткын анан» деп,
«Жанга залал жаман» деп,
Сөйкөмдү бердим колуна.
Орундалып тилегим,
Башталса ишим оңуна.

Качып бардым бир күнү
Карагоонун шаарына.
Асыл жанды кыйналтып,
Каламбы тагдыр каарына?

Аманат жанды бир түнү
Ашпозчуга сактадым.
Самап көлдөн чыкканым —
Сарбагышты жактадым.
Кыдырып Кочкор, Жумгалды
Өзүмө теңди таппадым.
Жолугар деп бир жакшы
Кеминди көздөй баскамын.

## СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

### ТОЛГОНАЙ

Тору жорго жетелеп,
Тооруп келдим айлыңа,
Тойбогон атаң берген жок,
Мен кантейин, Толгонум?
Кара жорго жетелеп,
Кайгып келдим айлыңа,
Как баш атаң берген жок,
Мен кантейин, Толгонум?
Атаңдын аты Эрмекбай,
Ысабай чалга бермек бай,
Букарада башайы,
Кийип алдың, Толгонум,
Кокондуктун Ысабек,
Тийип алдың, Толгонум.
Ай чырайлуу Толгонду
Бир жашка толгон карт алды.
Малын берип айрылып,
Сенин курдашың Андаш жур калды.
Ай чырайлуу Толгонум,
Бул картка кантип тиесиң?
Мунун сакалын кангип сүйөсүң?
Жашынып жүрүп кор болуп,
Жанган отко күйөсүң,
Кадемиң каткан, Толгонай,
Бир караңгы тамга киресиң.
Буга кантип чыдап жүрөсүң?

Эрмекбай атаң чыр кылды,
Эстен кетпес сыр кылды.

Акылымдан айрылып,
Маминтип атпай журтка ыр кылды.
Ак кайың түбү кермектир
Атандын аты Эрмектир,
Эрмекке түшкөн эмгектир.
Алтындан сөйкө салынган,
Кулагында болсомчу,
Айлындан басып суу алган,
Булагында болсомчу.
Күмүштөн сөйкө салынган,
Кулагында болсомчу.
Күндө барып суу алган,
Булагында болсомчу.
Улуу тоонун боорунан,
Улар болуп чакырсам,
Угар бекен Толгонум.
Кара тоонун, боорунан,
Карга болуп чакырсам,
Карар бекен Толгонум?
Тору айгыр миндим жал жоктон,
Токмокко кирдим мал жоктон,
Кара айгыр миндим жал жоктон,
Кашкарга кирдим мал жоктон.
Мен шаардан келгинче,
Коломтодон кор чыкты,
Кокондуктун Ысабек,
Толгонума зор чыкты.

### ЖИГИТТИН КЫЗГА ЫРДАГАНЫ

Кыздын аты — Айтамак,
Айтып өтөм бир сабак.
Келиндин аты Кермекаш,
Келбеги жакшы, узун чач.
Ай кырандан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,
Айкалышып жаткандай.
Күн кырандан баткандай,
Айтамак менен жар ойноп,

Күбүрөшүп жаткандай.
Белестен чыккан айдайым,
Беш кара боз тайдайым,
Кырандан чыккан айдайым,
Кызыр эмди тайдайым.
Булбулдун муңдуу тилиндей,
Бүркүттүн жогдор жүнүндөй,
Кел ойнойлу, ай тамак,
Жан адамга билинбей.
Бетегелүү кой таштан,
Айыл элек кыз бала,
Азек-мазек сөз айтсак,
Кайыр элек кыз бала.
Караңгыда басканда,
Атагың дайын ак ыргал,
Көрүп жүрдүк көп жыргал,
Көз таанышым ак ыргал.
Ак ыргал кыздын шайыры,
Ак бетиңден өптүрсөң,
Аманат жандын кайыры.
Тоту куштай сыланган,
Боюң таза ак ыргал,
Буркурап жыпар жыттанган,
Койнуң жыттуу ак ыргал.
Ыргал, ыргал, ыргал жан,
Ыргалышкан кыздар жан.
Боз улан менен өскөн жан,
Күмүш топчуң күйдүм жан,
Ыргал жан сени сүйдүм жан.
Күйдүрбөчү, кыздар жан?
Тоголок күмүш топчу жан,
Ыргып бери турчу жан.,
Ак бетиңден сүйдүрчү,
Асылдыгың билдирчи.

## ЖИГИТТИН КЕЛИНГЕ ЫРДАГАНЫ

Кашың кара кундуздай,
Жылтылдайсың, келин жан,
Чапма кунан жоргодой,

Кылтылдайсың, келин жан.
Ак чабактай кыландап,

Ууга ойнодук, келин жан,
Айлың жакын бир жүрүп,
Дууга ойнодук, келин жан.
Асыл кылып бир далай,
Кой-койлодуң, келин жан.
Азабың тартып бир далай,
Бой-бойлодуң, келин жан.
Аппак этиң биз көрсөк,
«Апей, кимсиң!» — дедиң жан.
Наркы жакшы сөзүңдө,
Куну бар кара көзүңдө,
Кубандырып адамды,
Кылыгың кыйын өзүңдө.
Ала десем, куладай,
Арка чачың буладай.
Буладай сенин чачынды,
Кандай бенде сылады ай?!
Жейрен десем, куладай,
Желке чачың буладай,
Буладай сенин чачынды,
Кандай бенде сылады ай!
Тал, тал жибек чачынды,
Кундуздай кара кашынды,
Кысынып жүрүп далайга...
Өткөрмөк болдуң жашынды.
Бул сөзүмө кулак сал,
Олуттуу жашты өткөрбөй,
Ордунча ойноп күлүп ал.
Ууру — Кырчын, Көндөйдө — [1]
Ай келиндин айылы.
Үңкүр мурун Шайылда —
Калың берген кайыны.
«Ай келин» — деп аталып
Ашкере болду дайыны.
Улпат[2] сөзү миң дилде,
Ургаачынын шайыры.

---

[1] Жердин аты.
[2] Улпат—чогулуп отурганда айтылган сөз.

«Шайылдага коном» — деп,
«Тамашада болом» — деп,

«Ай келинге коном» — деп,
«Аңгемеде болом» — деп,
Барып калдым айлына,
О кудайлат, беш чүйүт[1]
Олтурган экен куралып,
Ай келин чыкса чубалып,
Чачын жууп сыланып.
Сөзү адамга кубаныч,
Кирин жууп барпырап,
Чачын жууп жаркырап,
«Мен үчүн келген мейман» — деп,
Карап турду зыркырап.
Чүйүттөрдүн Шайылда
Шайылдаң конок бербейт деп,
Кондурган жок үйүнө
Кепке, сөзгө келбейт деп,
Арыз кылдым Ыса бийине.
Абжип болгон Ыса бий,
Айтсам сөзүм тыңдады,
«Ай келин үчүн бардың» — деп,
Арзымды кабыл кылбады.
Мен — күңгөйдүн андысы[2],
Ай келин, сиз —тескейдин жалбызы,
Ашык болуп күйгөн жан,
Кушатр экен баргысы.
Арка чачың кулпунуп,
Тармал экен, Ай келин,
Албай туруп ырдаган,
Арман экен, Ай келин.
Желке чачың кулпунуп,
Тармал экен, Ай келин,
Жетпей туруп ырдаган,
Арман экен, Ай келин.
Ашыктыктын күйүтү,
Козуке менен Баяндан,
Калган экен, Ай келин.

---

[1] О кудайлат, беш чүйүт — уруулардын аттары.
[2] Андыс—чөптүн аты.

Ай келин чыкпай койбойт деп,
Алам деп бирөө ойлойт деп,
Бар мурундун Шайылда,
Байсогур менен жайлады,
Маймыл ооз Саркүчүк,
Ай келинди токтотуп,
Жайы, кышы байлады.
Безеленип курган жан,
Мээнетин бекер байлады.
Байлаганга токтобой,
Толмоч жубан Ай келин,
Тобундан качып кутулду.
Тозокко кеткен Саркүчүк,
Кетирбейм деп кутурду.
Төркүнүнө барганда,
Чыгамын деп чыр салды.
Чыгарбайм деген чүйүттөр,
Чыдай албай кур калды.
Болуш, бийлер чыгарып,
Эки күлүк ат баштап,
Үч жүз сом акча пул салды.
Чыккандан кийин зарланып,
Манапка зордук кылдырдым,
Өрттөнүп кеткен манапка,
Өз колумдан жулдурдум.
Аалы, Калпа көрүнөө
Кылып койду кордукту,
Көз көрүнөө залимдер,
Көрсөттү кыйла зордукту.
Шайлоонун болгон кезинде,
Жок экен бул сөз эсинде.
Ыймандардын Турдубай,
Каргаша чыкты жолумдан.
Калпа, Аалы манаптар,
Тартып кетти колумдан.
Кара жаным чок болуп,
Кашымда жолдош жок болуп,
Айрылып калдым өзүндөн,
Айтып жүргөн сөзүндөн.
Кемесия[1] кезинде

[1] Комесия — болуштарды шайлоо мезгили.

Ай келин кетти парага.
Такылдаган Канкелди,
Ошол жүрүп арага,
Турдубай алды өзүңдү,
Укпады айткан сөзүмдү.
Келинди карган чал алып,
Атагыңды өчүрдү.
Кесепеттүү манаптар,
Ишиме кылды кесирди.

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Кылычың боосу кыйма боз,
Кылыгы жакшы, молдо дос,
Саадагың боосу сайма боз,
Санаасы бирге, молдо дос,
Үзөнгү боон күмүштөн,
Үйрүлөйүн, молдо дос,
Үркүндө жүрүп күйүшкөн,
Канжыгаң боосу күмүштөн,
Кагылайын молдо дос,
Кай жерде жүрсөм күйүшкөн,
Кызыл тоонун боорунан,
Кырдап келем, молдо дос,
Кыз башымды зарлатып,
Ырдап келем, молдо дос.
Жашыл тоонун боорунан
Кырдап келем, молдо дос,
Жаш жанымда уялбай,
Ырдап келем, молдо дос.
Мен ырдап жүргөн ырымды
Угат бекен, молдо дос?
Эртели, кечти ойлонуп,
Мени санап делбиреп,
Мендей болуп эндиреп,
Чыгат бекен, молдо дос?
Зардап жүргөн зарымды,
Билет бекен, молдо дос?
Мендей болуп зарланып,

Жүрөт бекен, молдо дос?
Кызыл кыргый колго алып,
Көчтү жандап өткөндө,
Көзүм калат тунарып,
Көрүнүп жарым кеткенде,
Боз карчыга колго алып,
Айылды жандап өткөндө,
Боорум бышып чок болуп,
Боздотуп келбей кеткенде,
Сабатың окуп ачылган,
Сага ашык болдум жашымдан.
Илимиң окуп ачылган,
Сага, илинип калдым жашымдан.
Жүрөгүм түтүн, ичим чок,
Сүлдөрүм калды, дарман жок.
Молдо дос сени сагынып,
Асты дарман калган жок.
Укпай кеттиң зарымды,
Мага кандайлыктан таарынды?!
Кызыл-Кыя, Ак-Ташта,
Көчүң барбы, молдо дос?
Мени мынча зарлатып,
Өчүң барбы, молдо дос?
Арпанын башы Семиз-Саз,
Айлың конду, молдо дос,
Арбак урган Үчкемпир,
Кайным болду молдо дос.
Үч-Булак менен Көл-Сазга,
Бээ байладың, молдо дос,
Каралашып биз менен,
Бир жайладың, молдо дос.
Мен үйдө олтурдум үлпүлдөп,
Ак тамагым бүлкүлдөп,
Эшикке чыгам элеңдеп,
Эми жарым келет деп,
Кадимки сөздө бар болсоң,
Кадыр билген жар болсоң,
Өзүң жетик билимдүү,
Убадалуу жан болсоң,
Эртеңден калбай келип кет,
Эриктирбей көрүп кет.
Аларыңды аныктап,

Убадаңды берип кет.
Мен Үчкемпирге барбаймын,
Убайымда калбаймын.
Малы бар деп ал итке,
Башыма балаа салбаймын,
Балакетке калбаймын.
Кабарың уксам, молдо дос,
Кайгыңды тартып зарлаймын.
Кара жаным курмандык,
Как өзүңө арнаймын.
Мен кечтим ата-энемден,
Үчкемпирге берем деп,
Урулуу малын жегенден,
Убада сөздө бар болсо,
Жүр, молдо дос, кетели!
Комуттуу болуп жүргөнчө,
Кол кармашып өтөлү.
Күйүп минтип жүргөнчө,
Көз көргүс жерге кетели.
Быйылдан калсак оңбойбуз,
Бир балаага калбаймын,
Ал себептен, молдо дос,
Ашык болуп күйгөндөн,
Айтып кабар саламын,
Пайда болбос шашканда,
Сарамжалың так камда.
Кепте, сөздө бар болсоң,
Кел кетели... жатканда
Кулак салгын мунума,
Курчалышып туруууга,
Кел кетели, молдо дос,
Көл башында бугуга.
Атаны сыйлап нетебиз?
Армандуу болуп өтөбүз,
Энени сыйлап нетебиз?
Эмгек тартып өтөбүз.
Эртеңден калбай, молдо дос,
Көңүлүмдү жайлап кет,
Ушунчалык күйдүрбөй,
Убада сөздү байлап кет!

Болот калем колго алып,
Болжоюн сөздүн орунун,
. . . . . . . . . . . .
Ашыклыктын зарпынан,
Аалам кылды жоругуң,
Чыдай албай ойлонуп,
Чыгардым сөздүн сонунун.
Асыл таштан көзү бар,
Алтындан шакек колунда,
Жакында көрдүм бир сулуу
Көтөрмөнүн жонунда.
Тилембайдан тик чыккан,
Көк-Колоттун оюнда.
Сүрөткө тарткан эмедей,
Сымбатың артык борумдуу.
Көптөн бери мен өзүм,
Көрбөдүм мындай сонунду.
Бою чарчы, кара көз,
Болжосом сага жан жетпес,
Борумун көрсө оолугуп,
Боз балдар өтсө кыя өтпөс.
Балбылдаган кара көз,
Байкасам сага жан жетпес,
Балдан таттуу ширин сөз,
Боз улан көрсө кыя өтпөс,
Мен сүйлөбөйм жалган кеп,
Сүйгөнүм өзүң, арман көп,
Сүрөтүндү тарттырып,
«Алсам» — деп жүргөн андан көп.
Айтсам арман арылбайт,
Аселде сендей табылбайт.
Ашык болуп күйбөсөң,
Адамды адам сагынбайт.
Он сегиз менен жыйырма,
От арбадай зарылдайт,
Басылбастан күүлөнүп,
Барган сайын жалындайт.
Олуттуу жашка толгон соң,
Оюндан осол болгон соң,
Айланта санап ич күйүп,

Адамда сендей табылбайт.
Жылып өттү кидирбей,
Жабырлык салдың жаныма,
Мурунтан Үкөй билинбей.
Арманда кылдың өзүмдү,
Айлыбыз жакын жүрө албай.
Алтындай жүзүң жалтылдап,
Атилес, шайы түрүндөй.
Жоолуктан чыккан саамайың,
Тотукуштун жүнүндөй.
Азыркы турган борумуң,
Алманын кызыл гүлүндөй.
Оттой табың жана элек,
Ойноп ойнуң кана элек,
Оюндун ойнор табында,
Отузга жашың бара элек.
Чачың тал-тал жибектей,
Жасатың тарткан сүрөттэй.
Асылдыгың мааниси,
Акындын кызы Чүрэктөй.
Башың алтын түймэдөй,
Тилиң шекер шириндей,
Растан сага күйгөнүм,
Ражаб менен Дүрүдөй.
Аппак этиң жымылдап,
Атилес, шайы, дүнүйөдей,
Кашың кара кундуздай,
Көзүң кавхар жылдыздай,
Мурунуң борум мистедей,
Аппак этиң чүштөдөй,
Тишиң тизген жахуттай,
Тырмагың аппак акактай,
Эки бетиң албырып,
Эгизден жанган панардай,
Эки эмчегиң тирсийип,
Аптапка бышкан анардай.
Боюң тегиз мунардай,
Борумуң алгыр тынардай.
Колуң асыл чынардай,
Койнуң атыр жыпардай,
Бетиң аппак пахтадай,
Бедериң жибек тувардай,

Сыртың тегиз дубалдай,
Сының чалыш кунандай.
Түгөнгүр сенин дартыңдан,
Түндө ойготкон зарпыңдан,
Ушунчалык ойлонуп,
Ырдап калдым уялбай.
Үрпүкан, сага күйгөнүм,
Үч жыл болду жаңыдан.
Ашыктыктын азабын,
Угуп койгун абыдан.
Салам наама кат жаздым,
Сагынып сага баралбай,
Айтышкан шерттен жаналбай.
Аныктап жооп ала албай,
Абыдан күйдүм сен үчүн,
Миз буура менен Жамалдай,
Гавхарым сынса сен үчүн,
Көрбөймүн бир да залалдай.
Башыма мүшкүл иш салдың,
Боз жигит менен Жамалдай.
Тапканымды сарп кылып,
Турармын сенден аябай.
Койнуңда жатып өлсөм дейм.
Козуке менен Баяндай.
Өңүм десем түшүмдөй,
Өзгөчө күйдүм сен үчүн,
Олжобай менен Кишимдей.
Асылга асыл табылбайт,
Асылга асыл табылса,
Ашыктык оту жалындайт.
Басылбастан күүлөнүп,
Барган сайын жалындайт.
Калган көңүл, качкан куш,
Кайта издесе табылбайт.
Акылдан айнып сен үчүн,
Күйгөнүмдү билбейсиң,
Сүрөтүңдү сагынып,
Сүйгөнүмдү билбейсиң.
Арманым айтып зарланып,
Жүргөнүмдү билбейсиң.
Аткан таңдай тамагың,
Ак алмадай сагагың,

Арманым айтып сен үчүн,
Айтып ырдап барамын.
Акылың болсо ойлонуп,
Күйгөнүмө карагын.
Күйгөнүмдү эстесең,
Күндө үч убак карагын.
Кадимки сөздө бар болсоң
Кадырым билген жар болсоң,
Кошомат эмес, анык сөз,
Кошулууга зар болсоң,
Кагаздан сөзүм угарсың,
Качыкеден чыгарсың.
Чыксаң мага тиерсиң,
Чының менен сүйөрсүң,
Чыбыктай болуп буралып,
Чырмалышып жүрөрсүң.
Билеселүү жан болсоң,
Бул сөзүмө кирерсиң.
Сенин боюңду көрүп боздоймун,
Борумдуу сөздөн козгоюн,
Каранды көрүп какшайын,
Кадимки сөздөн баштайын.
Пикирлерге кор кылып,
Сөзүмдү кантип таштайын.
Алкымыңдын агынан,
Ашык болдум абыдан.
Чындап жаның күйдүрүп,
Отко түштүм жаңыдан,
Карарып көзүң моймолжуп,
Калыпка тартып койгонсуп,
Кайгыны мынча не салдың,
Кант уйкумдан ойготуп?
Сузулуп көзүң моймолжуп,
Сүрөткө тартып койгонсуп,
Түйшүктү мынча не салдың,
Түн уйкумдан ойготуп?
Түн уйкумду үч бөлүп,
Түрлүү-түрлүү ойлонтуп.
Атилес көйнөк кийгениң,
Аста басып жүргөнүң,
Акактай тишиң кашкайып,
Адамдан башка күлгөнүң,

Дукаба бешмант кийгениң,
Түрлөнүп басып жүргөнүң,
Секетпай сага зарланып,
Сен үчүн анык күйгөнүм.
Үрпүкан сага кеп айтам,
Убада сөздү бек айтам,
Азелде тагдыр буюрса,
Аламын сени деп айтам.
Туткуйдун башы Аралдан,
Кудурет берсе боштондук,
Кутулсам деп жалындан.
Убада сөздө бар болсо,
Үрпүк турат каралда,
Кадимки сөздөн жанбасаң,
Каалабасмын залалга.
Боёчор келген кара көз,
Борумуңа калдым таң.
Упадай бетте жууну жок,
Устуканың алтындан.
Карагаттай мөлтүрөп,
Карарып кашың тартылган.
Так он беште кезинде,
Сага, тааныштык кылды кандай жан?

Бурала басып жүргөнүң,
Белестин кызыл гүлүндөй,
Сүйлөгөн сөзүң татыктуу,
Бураган арген үнүндөй.
Оозундан чыккан илебиң,
Булбулдун мукам үнүндөй.
Жылмайып басып жүргөнүң,
Жайлоонун айлуу түнүндөй.
Туткуйдун башы көк колот,
Кайнатаңыз Бекболот,
Кадырлаш Үкөй өзүңө,
Качан сөзүм эп болот?
Аксайдын башы жайылма,
Айлыңыз көчүп көп конду,
Арманың айтып зарланып,
Айныганың көп болду.
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу болсоң жетерсиң.

Сабырсыз болсоң бекерсиң.
Сагынбай таштап кетерсиң!
Сабырлуу болсоң озорсуң,
Самаган жерден тозорсуң,
Сабырсыз болсоң осолсуң,
Барган сайын бошорсуң,
Турбасаң шертке Үрпүкан,
Тултук эмчек коползуң.
Карайсың көзүң кылгырып,
Какшык айтып жылдырып,
Качан колго тиесиң,
Какшатпай жанды тындырып.
Аста басып буралып,
Арка чачың чубалып,
Алганым болсо Үрпүкан,
Аптамага суу алып.
Секин басып суу алып,
Желке чачың чубалып,
Жеткеним болсо Үрпүкан,
Жез кумганга суу алып.
Алганың мындай болгон соң,
Адамда арман калабы,
Ашыктык оту күйдүрбөй,
Адамзат бенде жанабы.
Күнү үстүндө кор болдуң,
Гүлгүн жашың тең жүрбөй,
Чидердеп сени өтөт бейм,
Эркинче ойноп күлдүрбөй.
Чогулса сени сөз кылат,
Чоро, саяк манабы,
Байымбеттен баш күндөн,
Алсам деп жүргөн талабы.
Айткан менен бекер сөз,
Албаса арман калабы?
Серпкенде каштан билгениң,
Секин басып жүргөнүң,
Көөнүмдөн кетпейт асыл зат,
Сермелип карап күлгөнүң.
Какканда каштан билгениң,
Аста басып жүргөнүң,
Оюмдан кетпейт асыл зат,
Кашкайып карап күлгөнүң.

Жабырымды билбейсиң,
Жалганбы менин күйгөнүм?..
Же жыйырма беш кайран баш,
Менден кеттиң билинбей,
Жабыркаттың жанымды,
Жаш кезде колго илинбей,
Азаттык болсо чыксаңчы,
Ашыктык отко күйдүрбөй.
Экинин бири болгончо
Экөөбүз жүрсөк телмирбей.

## КОЙКӨЗ

Байымбет айтам баяндап,
Бардыгымды дайындап,
Койкөздүн жайын билдирип,
Күйгөнүмдү кабарлап.

Түндө жатып түш көрүп,
Түн уйкумду үч бөлүп,
Түпөйүл болуп ичимде,
Ажап айран иш көрүп.

Санаа тартып саргарып,
Дартызар болуп сандалып.
Кунава[1] жутуп кумсарып,
Алтымыш тамыр ийгенден,
Аспарай[2] көңүл сүйгөндөн,
Ай чырайлуу Койкөздүн
Азабын тарттым күйгөндөн.

Жерден, суудан калтырбай,
Санап айтам Койкөзгө,
Келиштирип кеп менен,
Жамап айтам Койкөзгө
Асыл Койкөз — ашынам,
Мен ашына болдум жашымдан.
Кабар салып өтөмүн.
Калтырбай баарын башынан.
Чоң-Чарыкты[3] аралап,

[1] *Кунава* — кайгы деген мааниде.
[2] *Аспарай*—ашыкча сүйгөн деген мааниде.
[3] *Чоң-Чарык*—жердин аты.

Чоң дөбөнүн кашынан,
Ат-Кулак менен Оржойду,
Айтып өтөм башынан.

Аяк жагы өзөн суу,
Айыл конгон сазынан,
Ортосунда Кара тоо,
Айтып өтөр тарых бар,
Күндү карап чалкайган,
Орто жайлоо Бабык бар.
Зарлаган сөзүм эшитсе,
Сагынат бекен биздин жар?

Айланасы карагай,
Адам айран калгандай.
Карагайдын кени бар,
Албан түрдүү чеби бар.

Ушунчалык сөз менен,
Уктуруп айтар кеби бар.
Ашык жарым Койкөздү,
Айтып өтөр эби бар.

Кадыраалы, Боролбай,
Катар бүткөн жери бар.
Конул уулу Чоң-Чарык
Жердеп жүргөн жери бар.
Кагаздан сөзүм эшитсен,
Кабардар болгун, күйгөн жар.
Обоз, Байтал, Кашка жол,
Окшобойт буга башка жол.

Башка жолдор бөлүнүп,
Биздин Курткага келет тасма жол.
Кадырман Койкөз күйгөн жар,
Кайда болсон аман бол.

Арпа тектир, Кер булак,
Байжан үңкүр Зор булак.
Ашыгым Койкөз — күйгөн жар,
Айлымда болсоң гүл бурап.
Айкалышып бир жатып,
Армандан чыксак сөз сурап.

Касиеттүү жакшы жер,
Кадыраалы өзөнү.

Карыганда Бошкойго,
Саламдашып өтөлү.
Кармагандыр Бошкойду,
Карылыктын кесели.
Айнығандыр кадимки,
Абышканын чечени.
Кубат болуп калгандыр,
Үрбүлдүн келген чекени,
Кара талаа тегирмен,
Канчалар нанга семирген.

Бар өнөрү дыйкандык,
Пайда тапкан дыйкандан.
Ак сакалы Бошкойдун,
Аманы болбой өмүрдөн.
Үрбүл келип сапардан,
Үйүнө жаман көрүнгөн.
Кашында Үрбүл турганда,
Каршы сөз укпай келинден.

Толук чыгып токсонго,
Тайгандырсың эбинден.
Тоголонгон тополуң,
Чыкпасын кокус эбинден.
Бошкойго салам айтам деп,
Учурашып кой деген.

Туюк булуң калыптыр,
Ирети келген жериңден,
Койкөзүм кошо калбасын,
Козгоп келген кебимден.

Чын көңүлүм өзүңдө,
Чыкпасмын Койкөз кебинден.
Кадырым билген жар болсоң,
Канткенде чыгам эбинден?
Кош боор албас Бото жар,
Ортосунда көлмө бар.
Ойноп, күлүп жүрсөк деп,
Ойлонот бекен биздин жар?

Кара булуң, Кайырма,
Кадырман Койкөз асылда,
Ургаачылык кылбастан,
Убада сөзүң дайында.

Карды жарык Таш алыш,
Курткадан чыккан Чоң арык,
Кадырым билген Койкөздү,
Кагазга жаздым бир тарых.

Чечкенди талаа, Жакалык,
Жакалык менен Курткалык,
Чегин айтып жазалык.

. . . . . . . . . .

Көрбөсөм Койкөз ашыкты,
Көөнүмдөн кетпейт капалык.

Жергелүү калкым жардам кыл,
Жетишпеген кыскага,
Аласаң болсо сабыр кыл,
Ачууланып кыстаба.

Илимин таап дос болгун,
Ишиң түшөт устага.
Жесирдин көөнүн оорутуп,
Жетимди башка муштаба.
Жергелүү саяк элиме,
Жердеген Куртка жериме,
Ашыктын зарлап күйгөнү
Айтылды маалим нускада.
Эл жайлаган Соңкөлдү,
Сазынан айтып келейин.
Ашыгым Койкөз ар сөзгө,
Машынан айтып келейин.
Эдил — Үңкүр, Молдонун,
Белин айтып берейин.

Эл жердеген ар түрдүү,
Жерин айтып өтөйүн.
Келишимдүү Койкөздүн,
Кебин айтып өтөйүн.
Сары иймек, Киндик, Арчалуу,
Сайын айтып өтөйүн.

Санаган жарым Койкөздүн,
Жайын айтып өтөйүн.
Анын төмөн жагында,
Ак-Терек менен Арал бар,
Ашык жарым Койкөздү,
Айныткан нечен адам бар.

. . . . . . . . . . . .

Тогуз-Булак, Ак-Талаа,
Зар айтамын мен мына.
Акылман Койкөз — күйгөн жар.
Айтышып жүргөн шерт кана?

Карасуу, Күйрөк, Аккыя,
Буудай өңдүү ак куба.
Биздин Койкөз маңкайган,
Перизаттай жан тура!
Сасык булак, Жуматай,
Чапты кыркып адырдап,
Көрсөтүп өтөм кагырды,
Көл кайың менен Шабырлап,
Ырдын кени ичимде,
Ташып жатат тамырлап.

. . . . . . . . . . . .

Эми Какыр менен Коргондун,
Кабар салам башынан.
Кыя салып өтөмүн,
Кыз жайлоонун кашынан.
Кыялданып күйгөн жар,
Кызыктырдын жашынан.
Капалыгым таркаткан,
Купуя сөзгө машыңдан.
Кадырман Койкөз, таптаттуу,
Калемпир кошкон ашындан.
Чындап, Койкөз, сүйгөндөн,
Чыккым келбейт кашыңдан.

Теке жайлоо, Кыз-Мазар,
Терип айтып берейин,
Бала таман, Көк-Мойнок,
Башынан айтып берейин.
Жайдарым Койкөз, күйгөн жар.
Жайымды айтып берейин.

Кошуп айтып өтөйүн,
Козуке менен Баянды,
Убада сөзгө тургандан,
Сүйдүм Койкөз аялды.

Койкөзүм шертке турбаса,
Кызматын элге жаямбы?!
Малга жайлуу эгин жай,
Карагайга бүтүн бай.

Айдаганы дыйкандын,
Арпа менен ак буудай.
Отун, суусу жанында,
Узун булак өзөнүн,
Сүйлөп айтып дайындап,
Сөз түйүнүн чечемин.

. . . . . . . . . . .

Кош көнүл Койкөз бейлинди
Сүйүп турган кезегим.
Ашыкпы деген дартындан,
Күйүп турган кезегим,
Бакалы-Тоок, Ак-Чийди,
Баяндап айтып өтөмүн.
Басалгалуу Койкөзүм,
Максатка качан жетемин?
Бар жоругу башкача,
Күйбөгөндө нетемин?

. . . . . . . . . .

Ургаачынын асылы
Ушак сөзгө кирдебес.
Перизаттай Койкөздү,
Кандай бенде үрдөбөс.
Ташкыя менен Көк-Жарды,
Таптым Койкөз чын жарды.
Койкөзүм сенин дартындан,
Кылып жүрөм көп зарды.
Кайын-Кечүү, Бөөк-Жар,
Алтынчыга жөлөк жар.

Оокатка жайлуу жакшы жер,
Окшобойт буга бөлөк жер.
Азили Койкөз күйгөнду,
Айнытат бузуп пейли тар.

## АШЫКТЫК ЖӨНҮНДӨ
## АРМАН ЖАШ

Акыл менен ойлонуп,
Арманымды айтамын,
Армандуу болгон кырк жашка
Барганымды айтамын.
Оюн менен күлкүдөн,
Калганымды айтамын.
Кыз-келинден дайын жок,
Карганымды айтамын.
Байымбеттин казалы,
Байит[1] кылып жазалы.
Аалам кылды жоругуң,
Арман жаштын азары.
Жаштыкта кылган үзүрүң,
Жарманкенин базары.
Жигиттик өзү адамга,
Келген дөөлөт кезинде
Айланта санап ич күйөт,
Арман жаш турат эсинде.
Он сегизде толосуң,
Оюндун гүлү болосуң.
Кылчайбастан үйүңө,
Кыздуу жерге коносуң.
Жыйырма менен отуз жаш,
Жигиттиктин дөөлөтү,
Айлында болсо кыз чиркин,
Ашыклыктын сөөлөтү.
Кызыл көйнөк, шай кемсел,
Кыя басып түрлөнүп,
Кылчайып сүйлөп буралып.
Кыяктын күүсү үндөнүп,

[1] Байит — дайындап деген мааниде.

Кош этек көйнөк, шай кемсел,
Комуздун күүсү үндөнүп,
Кошамат айтат кыз чиркин,
Короого басып түрлөнүп.
Атилес көйнөк, шай кемсел,
Аста басып түрлөнүп,
Арманың айтсаң кыз менен,
Аргендин күүсү үндөнүп,
Кемсели тувар, кемчат бөрк,
Керилип басып түрлөнүп,
Кеңешип жаткан кыз менен
Керемофон үндөнүп.
Жыйырма менен отуз жаш,
Жигиттикке жан жетпес,
Кыялың сыпаа, өзүң мас,
Кызматыңдан кыз кетпес.
Кыя басып буралып,
Кыз балдар көрсө кыя өтпөс.
Кыркка чыксаң кыйрадың.
Кыздарды кайдан уладың.
Жабыркап калган кезиңде,
Жаштарды кайдан туурадың.
Элүүгө чыксаң эңилдиң,
Эл көзүнө жеңилдиң,
Ургаачыга кеп айтсаң,
Урматы болбойт кебиңдин.
Алтымышка чыкканда
Асылы болбойт өмүрдүн.
Тике сөз кыздан уккан соң,
Тирүү да болсоң көмүлдүң.
Жалынган менен кыз көнбөйт,
Сакалың курган бабай деп,
Жер куруткан куу сакал,
Жетмегиң бизге далай деп,
Алжыраган абышка,
Ал-кубатың калай деп,
Шылдың кылат өзүңдү,
Шыбырлап сөгөт көзүңдү.
Үч түлөп аппак болгон соң,
Үжөткө албайт сөзүңдү,
Он сегизде жаркырап,
Онунчу лампа чыраксың,

Ташыса дайра көл болгон,
Таштан чыккан булаксың.
Кыя басып түрлөнүп,
Кыз-келин менен ынаксың.
Жыйырмага чыкканда,
Жигиттик кызыл гүлдөйсүң,
Жыйынды көзгө илбейсиң,
Жыгылар жериң билбейсиң.
Кыялың сыпаа, өзүң мас,
Кызы жок үйгө кирбейсиң.

. . . . . . . . . . .

Отузга жаңы чыкканда,
Жылдызда болсоң айдайсың,
Дүйнөнү чачып коротуп,
Түш көргөндөй айдайсың.
Кыркка чыксаң токтойсуң,
Өткөн жашты соттойсуң,
Чидерлеп отко койгондой,
Чылбыр боюо оттойсуң.
Элүүдөн жашың ашканда,
Эгизден паска түшкөнүң,
Эсепке кирет ичкениң,
Эсине сени албастан,
Эшикке чык деп кыз-келин,
Алтымышка чыкканда,
Айгырдан бычкан аттайсың,
Кесепеттүү кыз тургай,
Кемпириң менен жатпайсың.
Кадырың кетип катынга,
Өз үйүңө батпайсың.
Жигиттик өтүп кеткен соң,
Издеген менен таппайсың.
Экинчи келсе жигиттик,
Эсепсиз малга сатпайсың.
Жетимиште жер болдуң,
Жер таянып туралбай,
Кулагың укпас кер болдуң,
Ургаачыга уялбай
Ошондо кантип эр болдуң.
Сексенге чыксаң алжырап,
Сүйлөсөң тилиң балдырап,
Баспаган бечел баласың,

Арманың айтар курбуң жок,
Акылыңдан танасың.
Кемпириң менен урушуп,
Кейишти башка саласың,
Токсонго чыксаң токтодуң,
Топурак болуп жок болдуң,
Жаш кезиңдей оолугуп,
Жаңыдан кантип октолдуң.
Жүзгө чыгар жөнүң жок,
Жүдөп өлөр күнүң жок,
Жигиттикте кээриң жок,
Жиндилик кылчу дооруң жок...
Арман жаштын казалы,
Айтып нуска жазалы.
Жигиттиктин бир катар,
Кылып өттүк базарын.
Орто жашың кырк экен,
Оюндун кыйдам сырты экен,
Жыйырма менен отуз жаш,
Кара болот курч экен.
Олуттуу жашка толгонсоң,
Оюндан калып турчу экен.
Кайратыңды билген соң,
Катындар шылдың кылчу экен.
Уят болуп муңайып,
Ургаачыга сынчу экен.
Элүү менен алтымыш,
Эгизден паска барган жаш,
Эси бар адам карган жаш.
Эсине муну алган жаш,
Байбичеңе кор кылып,
Башка түйшүк салган жаш.
Акылың болсо ойлоп бил,
Акыйкат жери арман жаш.

# ТҮРДҮҮ ЫРЛАРЫ

## БУУДАН КӨК

I.

Бир кембагал жардынын
Жалгыз аты Буудан көк,
Келишимдүү тууган көк,
Жакшы таптап ээси,
Сары атанда сууган көк.

Жарды байкуш жактырып,
Таардан жабуу жаптырып,
Ошол атын буудан көк,
Сарпайылап[1] бактырып,
— Ушул атым буудан — деп,

Үкүнүн жүнүн тактырып.
Сылап, сыйпап үйрөттү,
Кайыштан чылбыр сүйрөттү.
Арпадан жемин чайнады,
Азем менен байлады.

Жалгыз аты жардынын,
Куйругу сопол, өңү көк,
Айта берсе түгөнбөйт,
Буудан көктүн кеби көп.

Жалгыз аттуу жардыга,
Башка байлар кеп айтат:
«Буудан деп буга чарчабай,
Жөн минсеңчи» — деп айтат.

---

[1] Сарпайылап—асыл жабуу жаап.

Жардынын жалгыз малы деп,
Канакей мунун жалы деп,
Жалгыз атын буудан деп,
Жардыда барбы ары деп?
Куйругу жок, жалы жок,
Сопол атын мактайт деп,
Жоргосу жок, жүрүш жок,
Копол атын мактайт деп,
Атын багып алсырап,
Үйүндө тынчып жатпайт деп,
Өз оюна тим койсоң,
Бир топ малга сагпайт деп.

Күткөн малы жалгыз ат,
Буудан деп муну мактады,
Атын чабар байге жок,
Алты ай бүтүн таптады.
Өлгөн киши бар болбойт,
Малдуу киши кар болбойт.
Жалгыз атын жөн минбей,
Жардыда эч бир ар болбойт.
Жок тура сенин эсиң деп,
Кембагал ченеп эсир деп,
Чолок көктү буудан деп,
Көп тура сенде кесир деп.
Ай туяктуу жылкы деп,
Атын мактайт бул кедей
Жылкынын сырын биле албайт,
Айтса адамга тил албайт,
Көк чологун буудан деп,
Көтөрүлбөй жүрө албайт.

II.

Бир байдын ашы берилип,
Арасынан жыл өтпөй,
Атты чапты алыска
Жан адамга сүрөтпөй.
Байгесинин башына
Тогуз нарча төө сайды.

Токсон тубар бээ сайды,
Тогуз жүз соолук кой сайды.

Атты айдады алыска,
Арбын байге алышка.
Байгени бөлүп берүүгө,
Баатырдан чыкты калыска.
Ат чабуучу заяпкер[1],
Алыстан келген талапкер,
Талап кылып байгеден
Аттарын салды жарышка.

Җал-куйругун түйдүрүп,
Җаш балага миндирип,
Буудан көктүн ээси,
Буудан атын билдирип,
Уктуруп сөзүн алыска,
Арбын байге алышка,
Айдады атты алыска,
Бууданы түштү жарышка.
Ат айдоочу камдатып,
Атты айдатты чаңдатып.
Заяпкерден эч адам
Җиберген жок жандатып.
Буудан көктүн ээси,
Минерге аты жок болуп
Өпкөсү көпкөн кембагал
Тура албады токтолуп:
— Җалгыз атым Буудан, көк,
Ҟелди бекен Буудан көк?
Ҟалды бекен Буудан көк,
Өлдү бекен Буудан көк?

III.

Ал аңгыча ат келди,
Ат келгенде бат келди,
Буудан көк буудан экенин
Җалпы-жайык калк көрдү.

[1] *Заяпкер* — ат таптачу киши.

Буудан көк келе жатканда,
Жарды байкуш сүйүнүп
Атым чыгып келди деп,
Алдынан чыкты түйүлүп:
— Куу-куу Буудан көк,
Кең Алайда туугаи көк,
Жаныбарым Буудан көк,
Жай чилдеде сууган көк,
Буудандыгың билгиздиң,
Кадыр[1] түнгө киргиздиң.
Он эки куйрук, кырк чалгын,
Канат болдуң Буудан көк,
Кембагалга кенч дөөлөт
Санат болдуң Буудан көк.
Куу-куу Буудан көк,
Жай чилдеде сууган көк.

## КАРА МАКМАЛ, ЖОРГОЛО!

Өткөн заман өзүндө,
Калпы жок айткан сөзүмдө.
Жалгыз атка таянып,
Жабыркап жүргөн кезинде.
Бир кембагал катыны,
Аябай чырды баштады.
Алды каткан кембагал
Ал чырынан качпады.
Катын айтат эрине:
— Байым[2], мени жакшы көр,
Атыңды сатып базардан
Макмалдан чапан алып бер!
Анда эри кеп айтат:
— Сабыр кылгын — деп, айтат —
Жалгыз атты сатканда,
Кор болобуз — деп, айтат.
Кой, байбичем, чыр кылба,

[1] *Кадыр түн*—жакшылык берүүчү, мында байлыкка жеткирдиң деген мааниде.
[2] *Күйөөм деген мааниде.*

Жалгыз атты сатпайлык,
Жалдырап жөө жатпайлык.
Ат аякты сындырат,
Алгы-берги иш турат.
Атты сатсак окустан,
Кор болобуз кокустан.
Аты жокто ырыс жок,
Ырыс жокто туруш жок,

. . . . . . . . . . .

Эгин бышат эки айда,
Эгинди кантип басабыз?
Эгин калса басылбай,
Эмгегин тартып жатабыз.
Аштык калса басылбай,
Арбыйт го биздин капабыз.
Ал оокатты ойлобой,
Атты кантип сатабыз?
Анда катын кеп айтат:
Сабыр кылбай бек айтат —
— Айткан сөзгө көнбөйсүң,
Мени жакшы көрбөйсүң.
Катындын баары сүйүнүп,
Кара макмал кийинип,
Жылас болгон мен эмес,
Жыргаган катын көп экен,
Эрине сөзү эп экен.
Эмгекке калган мен экен.
Катындын сөзүн албаган,
Каргашалуу сен экен,
Атпай[1] журттун ичинде,
Ардактуу катын көп экен.
Алган эри жек көрүп,
Азапка калган мен экен.
Ашыңа атың союлсун,
Этин жеп энең тоюнсун!
Бура салба көөнүңдү,
Бул жоругуң коюлсун.
Алып бергениң мына бул,
Чыттан тигилген көйнөгүм.

---

[1] *Атпай* — жалпы көпчүлүк.

Толук болду төрт айга,
Бул көйнөктү кийгеним!..
Көрсөткөнүң ушул — деп,—
Катын салды жанжалды.
Көйнөгүн айрып бүлдүрдү,
Көпчүлүктү күлдүрдү.
Ачуусу мынча болорбу,

. . . . . . . . . . .

Көйнөк менен келтирип,
Эрин башка уруптур,
Көпчүлүктүн ичинде
Көшөрүп карап туруптур.
Жалгыз атын жетелеп,
Жөнөп калды кембагал.
Каргашалуу катыны,
Кошо барды базарга ал.
Атын сатып теңге алып,
Катындын берди колуна,
Кармалды эми торуна,
Кандай түрдүү кеп чыгат,
Каранар сөздүн соңуна.
Катыны турса чамынып,
Кандай иш келет оңуна?
Тентек катын жүгүрүп,
Дүкөнгө барды сүйүнүп,
«Атымды сатып койдум» — деп,
Эри калды күйүнүп.
Макмалдан алды чапанды,
Шайыдан алды көйнөктү.
Балекеттүү куу катын,
Баштады мындай өрнөктү.
Баш-аяк киймин бүт алып,
Базардан катын жөнөдү.
Дагы мындан башкача,
Толуп жатат өнөрү.
Арадан эки ай өтүп,
Аштык бышып, күз болду.
Ангемеси бирдалай,
Ажап айран иш болду.
Эрди, катын ээрчишип,
Эми кирди орокко,
Катын калды бир канча,

Кутулбай турган домокко.
Орду менен кутунду,
Орогун оруп бутурду:
Чийнеге салар көлүк[1] жок,
Мурунтан мындай көнүк жок.
Эгинин ташып алууга,
Кырманга ташып салууга,
Ынтымак кылган адам жок
Көлүк сурап баруута.
Ага да барды жүгүрүп,
Буга да барды жүгүрүп,
Тамтыгы кетип талыкшып,
Эри келди түңүлүп.
Арпаны ташып алсырап.
Катын жүрөт кансырап.
Таруууну ташып талыкшып,
Буудайды ташып муңканып,
Көрбөгөн мындай жорукту,
Кыйналып катын зорукту.
Жөө көтөрүп, боо ташып,
Абдан көрдү кордукту.
Таманы шишип тешилип,
Балтыры шишип басалбай,
Жалгыз атты саттырган,
Жабырдан катын кача албай,
Катынды мээнет чырмады,
Таманы шишип ырбады.
Көнүккөн эркек билеби,
Көп кейибейт жүрөгү.
Калдалаң кылып башында,
Катындын салган дүмөгү.
Катынга эри кеп айтат:
— Бул сөзүмдү угуп тур,
Абыдан жоргоң чыгыптыр,
Чапандын баркын билбепмин,
Сени жорго кылыптыр.
Бул кара макмал, жорго экен,
Окута турган «молдо» экен!
Катын сенде айып жок,
Кара макмал, жорголо!

---

[1] *Көлүк* — унаа.

Камыгып кетсең салкындап,
Шай көйнөккө корголо!
Өөдө башың көтөрүп,
Кара макмал, жорголо!
Жоругун мурун билбепмин,
Жорго экен кийген чапаның,
Мен жорго чапан кийбепмин,
Ушунча болуп сакалым!

Катын өзү катылды,
Азапка өзү чатылды
Капа болбойт кембагал,
Саттым деп жалгыз атымды.

## ЭКИ ЧИЛДЕ

### 1

### КЫШКЫ ЧИЛДЕ

Кыш чилдеси кырк күнү,
Суук болот күн-түнү.
Бургак[1] болот мунарык,
Жер көрүнбөйт тунарып.
Кысым болот кышында,
Кыш чилденин тушунда.
Малга-жанга көп жабыр,
Кыйын болот ушунда.
Жолдоштору кырк болот,
Бу да кыркка жык толот.
Кырдач[2] деген алты күн,
Кыйкырып өтөт кырданып,
Малдын-жандын майын жеп,
Түрүн бузуп сурданып.
Апкыт-сапкыт алты күн,
Ал да суук кыш болот.
Ала шалбырт кар эрип,
Түндө тоңуп муз болот.
Анын арка жагынан,

---

[1] *Бургак* — кар катуу жааганга айтылат.
[2] Кышкы чилденин ар учурлары.

Адынын[1] келет алты уулу,
Жединин[2] келет жети уулу,
Алты, жети — он үчү,
Чилденин кайрат бел күчү.
Бул он үчтүн артынан,
Үйгө түшүп үт[3] келет,
Үткө аралаш жут келет.
Үттүн өзү он беш күн,
Бири калбай бүт келет.

Чилде кымбат кармаса,
Малдын майы калбаса,
Жут ушунда башталат.
Малдын кырып арыгын,
Итке сүйрөп ташталат.
Кам кылбаган адамга,
Мал тукуму аз калат.
Минерине ат калбай,
Ээр токумун жазданат.
Кышкы чилде чыгарда,
Жолдошуна кеп айтат:
— Кайрат кылып какайып,
Жаным кырдач камчылан,
Кайрат кылып алчылан.
Мал майлуу калды,
Баарысы жайлуу калды.
Боз улан богоктуу калды,
Боз токту куйруктуу калды.
Кысырак жалдуу калды,
Кыз эмчектүү калды.
Төө комдуу калды,
Кой жондуу калды,
Уй семиз калды,
Баары тегиз калды.
Баарысын айтып өтөйүн,
Өкүрүп өгүз калды.
Жылкы кыйылбай калды,

---

[1] Кышкы чилденин учурлары.
[2] Кышкы чилденин учурлары.
[3] Кышкы чилдени акыркы мезгили.

Чыңырыгы тыйылбай калды.
Азыраак шайын алдым,
Айдап жолго салгын.
Кырдан кырдач турбагын,
Сөзүмдү эки кылбагын.
Жаным кырдач камчылан,
Теңим кырдач камчылан!
Бар кайратың күчөтүп,
Барган сайын алчылан!
Кырдач кирет кырданып,
Түрүн бузуп сурданып.
Күндүз бүркөк, түнү ачык,
Күндүз жүзүн бек кармайт.
Чилде агам айткан буйругун,
Бүтүрөйүн деп кармайт.
Күндүз бүркөк, түнү ачык,
Сыдырым шамал көп болот,
Малды жакшы бакпаса,
Ушуну менен сап болот.
Бул кырк күндө жут болсо,
Мал кырылып тарп болот

## II

**Жай чилдеси.**

Жай чилденин өзү да,
Саналуу кырк күн болот,
Жердин баары жымылдап,
Байчечекей гүл болот.
Жер чымырап көк болот,
Көк-ала майдан чөп болот.
Пейил салса жай чилде,
Берекеси көп болот.

Булбул, торгой тил ачат,
Байчечекей гүл ачат.
Ар жаныбар сайрашып,
Ар бир сонун үн ачат.

Күкүк үндөйт көктөмдө,
Торгой сайрайт көктөрдө,
Бака чардайт көлдөрдө,
Дыйкан жыргайт чөлдөрдө.

Чарба жыргайт тоолордо,
Кийик жыргайт зоолордо.
Ар бир түрлүү сонун чөп,
Ыргалып турат тоолордо.
Аштык чыгат жайпалып,
Жердин жүзү жайкалып,
Жабалактап дыйкандар,
Сугарып алат эгинди,
Жаман көрөт ал кезде,
Басып жүргөн тегинди.
Айран, кымыз береке,
Атып жатат көл болуп.
Күндө саап күтүнүп,
Ташып жатат сел болуп.
Жай чилдеде пайда көп,
Оокат, амал айла көп.
Кыш күнүнө касиет,
Саратан жайлоо жайда көп.

Кымыз ичип кызыса,
Карган чалы жашарып,
Аштыгы чыгат жайкалып,
Арпа, буудай баш алып,
Жайкалып жери бууланып,
Жаштардын баары дууланат,
Элге келген энчиден,
Эмгек кылбай тим жатып,
Жалкоолор анык кур калат.
Таруу деген эгини,
Таранчыдан корулат,
Ар сарамжал кылууга,
Арпа, буудай орулат.
Жай саратан чилдеде,
Кыш чилдеси аңдалат.
Баркын ойлор ар адам,
Кыштын камын камданат.
Оокат баркын билбеген,
Ооругандай сандалат.
Сарамжалдуу жигитке,
Жандын баары таң калат.
Жалкоолордун баарысы,
Иш кылууга арданат.

## ЖАНБАКТЫ

Жанбакты жандын сатаңы[1],
Жайын айтып жазалы.
Адамда жок мүнөзү,
Акмак болгон азалы.

Өзү бийдин баласы,
Өрт алгырды карачы.
Жаман жерде жарасы,
Табылган эмес чарасы.

Атасы бий өлгөн соң,
Эл жыйылып көмгөн соң,
Төрт түлүк арбын мал калган,
Жасалга сарай там калган.

Малдын барын түгөтүп,
Ада кылды жанбакты.
Өзүнчө оокат кылам деп,
Чама кылды жан бакты.

Оокаттын жайын билбеди,
Киши айткан тилге кирбеди.
Балакеттүү жан бакты,
Өзүн өлчөп жүрбөдү.

Башында жаман көнүккөн,
Турпаты жаман өлүктөн,
Түбүнөн эмгек кылбаган,
Түйшүк кылбай көнүккөн.

Анча-мынча кызматка,
Бала кезде көнбөгөн.
Өжөрлүгү дагы бар,
Өз билгенин бербеген.

Жанбакты өзүн бий ойлойт,
Түнөгөн жерин үй ойлойт.
Намыс кылат жанбакты,
Бел чечип оокат кылгандан,
Бейли кетти бир жолу,

[1] *Сатаң*—акылсыз деген сөз.

Береке таппайт туугандан.
Тууганы кетти карабай,
Жамандан дили суугандан.

Тамак бышкан үй болсо,
Жатып алат жанбакты,
Кет десе да болбостон,
Катып алат жанбакты.

Кепке-сөзгө келбеген,
Кежир болду жанбакты.
Таштай катып жумшабай,
Темир болду жанбакты.

Жаткан жерин жадатып,
Капа кылат жанбакты.
Өз башына өлчөөсүз,
Жапаа кылат Жанбакты.

Жан бүткөндүн баарына
Шылдың болду Жанбакты.
Кенебеген кем тумшук,
Кургур болду Жанбакты.

Тамак издеп темселеп,
Басып жүрөт Жанбакты.
Өз элине көрүнбөй,
Качып жүрөт Жанбакты.

Басып жүдөп Жанбакты,
Бир айылга кез болду.
Жанбактынын жоругу,
Далай элге сөз болду.

Түтүнмө-түтүн кыдырып,
Курсагы ашка тоюнду,
Тоюнган соң токтолуп,
Басканы тынчып коюлду.

Ал айылдын ээсине
Үйүр болду Жанбакты.
Үйүр болуп алган соң,
Кепке келди Жанбакты.

Кеңеш кылып сүйлөшүп,
Эпке келди Жанбакты,
Ар түрдүү сөз ойлонуп,
Кечке келди Жанбакты.
Жанбактынын бир күнү,
Эли түштү эсине,
Жанбактынын угуптур,
Жана айткан сөзүнө.

Олтурган эл Жакенди,
Шылдың кылып кеп айтат
Жана бир жыл жайланып,
Жүрө бергин деп айтат.

Ал-аңгыча болбоду,
Жакенди жабыр торгоду.
Бир кара уйду кубалап,
Таргыл бука туруптур.
Айылдын баары чогулуп,
Кашатка жыйын куруптур.
Баштагыдан беш бетер,
Дагы кудай уруптур.

Жалпы жыйын шылдындап,
Жанбактыга кеп айтат:
Көпчүлүктүн баарысы,
Көрсөтүп туруп сөз айтат.

Ашыкпа, Жаке, шашпагын,
Кызык өрнөк баштагын.
Даяр тамак табылып,
Бул тамактан качпагын.

Мына бука кууган кунаажын,
Анык тууйт он айда,
Уузунан ичип кет,
Бу дагы сага чоң пайда.

Бир жылча болду келгениң,
Бизге кызык эрмегиң.
Он ай турсаң кунаажын
Ууз берет өзүңө.

Жана бир жыл чыдап тур,
Ишенип менин сөзүмө.
Ырас айтам көзүңө,
Анык алгын эсиңе.

Жанбакты анда кеп айтат,
Жакшы болду деп айтат,
Бука кууду дегенче,
Кунаажын тууду десеңчи.

. . . . . . . . . . . . . .

Тууган уйдун уузу,
Бышып сууду десеңчи.

Элге барып нетейин,
Элден бүтүн кечейин,
Ашыкпастан-шашпастан,
Ууз ичип кетейин.
Эки ай бүтүн өткөндө,
Жанбактыга кеп айтат
Элиңди жоо чааптыр,
Эми кеткин деп айтат.

Жоо чапса элимди,
Сындырыптыр белимди,
Эми кайда барайын,
Бүтүрүптүр кебимди.

Жана үч ай өткөн соң,
Жандырып сөздү эми айтат,
Элиң аман калыптыр,
Эми кеткин деп айтат.

Жакшы айтасың карылар,
Жалпы-жайык баарыңар.
Бура салбай агалар
Бул сөзүмдү алыңар.

Элим аман калыптыр,
Амандыгы угулду,
Амандыгын уктуруп,
Кандырдыңар кыбамды.

Элимдин уктум аманын,
Эсен-түгөл кабарын,
Элим аман болгон соң,
Эми кайда барамын.

Жайы-кышы Жанбакты,
Кунаажындын байында,
Кунаажын тууду бир күнү,
Жаздын баар айында.

Уй тууду деп Жанбакты,
Сүйүнүп жүрөт жадырап.
Элин-журтун ойлонуп,
Эстеп койбойт камырап.

Кунаажындын уузун,
Бышканча күтүп олтурду,
Бата кылып, кол жайып,
Турганча күтүп олтурду.

Кетейин деп эртелеп,
Жанбакты турду энтелеп.
Чокоюна чалынып,
Жыгылып кетти темселеп.

Жанбакты анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Алда менин шашмам ай,
Шашмам курсун деп айтат.

Амандашып-коштошуп,
Жанбакты кетти элине,
Киндик кесип кан тамган,
Так өзүнүн элине.

## САНАТ

Жигиттерге кыз жакшы,
Мүлүшкөргө куш жакшы,
Тамактын бабын келтирген,
Татты кылган туз жакшы
Уктасан жатып түн жакшы,

Оокат кылса күн жакшы.
Алтын, күмүш, жакуттан,
Асыл таштан дүр жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Аземдүү жорго ат жакшы.
Билбес жаман туугандан,
Билеселүү жат жакшы.
Үйүңө бекер жатканча,
Үйрөнсөң илим кат жакшы.
Сарандык кылган бакылдан,
Сакылык кылган март жакшы.
Кесирлүү жаман катындан,
Келте ооруган дарт жакшы.
Биздей көчмөн элетке,
Чарба баккан мал жакшы.
Тамчы тамган боз үйдөн,
Дубалдап соккон там жакшы.
Сарандык кылган жигиттен,
Сарамжалдуу чал жакшы.
Башыңа келсе жалгыздык,
Жакырчылык кам жакшы.
Пара жеген бийлерден,
Баш билги төө мал жакшы.
Аялдарга эр жакшы,
Дыйкандарга жер жакшы.
Эгин айдар чөл жакшы,
Каз, өрдөккө көл жакшы.
Кадырын тапкан эр жигит,
Кары, жашка тең жакшы.

**ӨНӨР**

Өнөр билгин жашында,
Атадан алтоо, жетөө болсоң да,
Ар жалгыздык башыңда,
Тууганың турбас кашыңда.
Бай мактанса,— бир жуттук,
Эр мактанса,— бир октук.
Аштык айда жазында,
Айдабасаң жазында,
Ачка өлөсүң күзүндө.

## ЖАКШЫ КАТЫН

Жакшы катын жадырап,
Ачык болот кабагы,
Акак койгон күмүштөй,
Аппак болот тамагы.
Олуттуу ишти ойлонот,
Окуй турган сабагы.
Эл турганда чыр баштап,
Эзел урбайт баланы.
. . . . . . . . . . . .
Элинди сыйлап ар качан
Бүтүрүп турат чаланы.
Азамат эрдин бактына
Акылдуу болсун аялы.
Эл көзүнчө урушуп,
Эрине тийбес залалы.
Көп ичинде урушуп,
Көрүнөө жаппас жалааны.
Жакшы болсо ургаачы,
Жатыктыгын ылгачы,
Сылык болсо ургаачы,
Сыпаалыгын ылгачы.
Баштан аяк катынды,
Байымбет акын ырдачы.
Тапмайынча бир жакшы,
Таалайлуу жигит, тынбачы.
Акылы бар боз бала,
Акыйкат сөзүм тыңдачы.
Алмайынча бир жакшы
Акылдуу жигит, тынбачы.
Таалайыңа кез болуп,
Табылса жакшы ургачы,
Жакшы катын дүйнөнүн,
Табылбай турган урматы.
Эрегиш кылбайт эрине,
Бу дөөлөтүңдүн зыйнаты.
Күлө багып кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Санжап менен сөз айтып,
Сарамжалын башкарып,

Кыбылжып турса буралып,
Кызматыңды башкарып.
Айланып турса жашында,
Алдыңа тамак аш коюп,
Күмүштөй тиши кашкайып,
Күлбөй сүйлөп мостоюп,
Сүйгүң келет чиркинди,
Ичинден ышкың козголуп,
Аста басып шыпылдап,
Алгыр куштай зыпылдап.
Кыя басып шыпылдап,
Кыргый куштай зыпылдап.

. . . . . . . . . . . .

Самаварын барлатып,
Санжап менен кайнатып,
Дасторконун жайнатып,
Кандырар суусун чайына,
Айттырбай билет машыңды,
Какканда билет кашыңды.
Мейман үчүн даярдайт,
Береке кошуп ашыңды,

. . . . . . . . . . . .

Азамат эрге буюрсун,
Акылга дыйкан асылды
Капалык менен иши жок,
Кабагы жарык күлгөндөй,
Айттырбай билет сырыңды,
Кагаздан окуп билгендей.
Асылзаттын форуму,
Азелден жүрбөйт түрлөнбөй,
Матаны киет түрлөнтүп,
Бачайы көйнөк кийгендей.
Душманга сырын алдырбай,
Жооп берет сүйгөндөй.
Кылар ишин туюнуп,
Кылып турат камыңды,
Шыпырып турат тамыңды.
Санжап менен түгөлдөп,
Санап турат малыңды.
Жакшылап жууруп бышырып,
Таттуу кылат наныңды.
Жубантат сенин жаныңды.

Кээ бир жакшы ургаачы,
Көңүлүңдү жай кылат.
Өзү ичпестен даярдап
Ичкенин кызыл чай кылат.
Оозунан сөзүн чыгарбай,
Оокатын бүтүн жай кылат.
Айтып турган сөзүнөн,
Адептен бир күн жаңылып,
Ачуунун чыкса кезинен,

. . . . . . . . . . .

Кылчайып карап сөз айтпайт,
Эрегиш сөздү чыгарып,
Элге-журтка көз кылбайт.
Эки минут кир сактап,
Эрегишип өч кылбайт.

. . . . . . . . . . .

Күлүп турат жаркылдап,
Ачуусу келип калды деп,
Аста сүйлөп жалжылдап.
Буралып басып түрлөнүп,
Бураган арген үндөнүп,
Муздатпай сенин дилиңди,
Керилип басып түрлөнүп,
Керемофон үндөнүп,
Кейитпей сенин дилиңди,
Кезеги менен үргөлүп.
Жардылыгын билгизбейт,
Аптада жууп ак кылып,
Кир кийимди кийгизбейт.
Кападар кылып көңүлүңдү,
Караңгы түнгө киргизбейт.
Жакшылап жайлап сөз айтып,
Санадар кылып жүргүзбөйт.
Тапканың кайсы деп айтып,
Таамайлап отко күйгүзбөйт.
Алганы жакшы эр жигит,
Ачылган кызыл күлдөйсүң,
Апта сайын бүрдөйсүң.
Алганың эшик ачпаса,
Адеп сактап кирбейсиң.
Катының жаман болгон соң,
Кабагың ачып күлбөйсүң.

Капалык түшүп ичиңе,
Кайгырбай түптү койбойсуң.
Күндө үч убак урушуп,
Күйгөнүңдөн тилдейсиң.
Жыгылар жериң ойлонуп,
Жыйынга басып кирбейсиң.
Сыпаалык бейлиң жоголуп,
Жылдызың куурап зилдейсиң.

### ЖАМАН КАТЫН

Жактырып көрүп кайныңды,
Жакшыдан алгын зайбыңды,
Жаман болсо аялың,
Табалбайсың дайныңды.
Чаркырап турса үч убак,
Жаба албассың айбыңды.
Башка чаап жалкытпа,
Минип жүргөн атыңды,
Көрбөй туруп туш болсоң,
Кимге айтасың датыңды?
Көп ойлонсоң жоругун,
Көк мээ кылат башыңды.
Ичине көр-жер түшүрүп,
Балит кылат ашыңды.
Тамагыңды шишитип,
Так ушунтип сурайт жашыңды.
Эмгектүү эрдин башына,
Эсер катын жолугат,
Эртең менен кеп айтсаң,
Эл жатканча оолугат.
Бейтаалай эрдин бактына
Бир бейжай катын жолугат,
Бешимде туруп кеп айтсаң,
Беш күнгө чейин оолугат.
Армандуу эрдин бактына,
Аксым катын жолугат,
Азанда туруп кеп айтсаң,
Алты күнгө оолугат.
Жаман болсо алганың,
Жалынга жанды салганың.
Жарык дүйнө жүзүндө

Жакында кетпес арманың.
Осол болсо алганың,
Отко жанды салганың.
Отурсаң да, турсаң да,
Оозуңдан кетпейт арманың.
Мейман келсе курушуп,
Бет алдырбай урушуп,
— Нан барбы? — десең,— ун жок — деп,
Назарыңды сындырар:
«Жарым тыйын пул жок» — деп.
Асты-кийнин карабайт,
«Акылсыз сендей кул жок» — деп.
«Убайым тартып үшкүргөн,
Үйүндө мендей тул жок» — деп.
«Баштан аяк сурасаң,
Баары тамам, шол жок» — деп.
Бетиңе салар майбыңды,
Чыңырып сүйлөп дайындап,
Чыгарып турар айбыңды.
Адеп сактап токтолуп,
Аркан менен жыларсың,
Алыстан келген мейманды,
Араң конок кыларсың.
Капа болуп кайгырып,
Канткенде мындан тынарсың?
Сырыңды айтпа эр болсоң,
Бей акыл жаман зайыпка,
Ашкере кылып айбыңды,
Айдатып барар найыпка[1].
Анча-мынча мал тапса,
Алдырып коёр айыпка.
Акмак болсо алганың,
Арылбас сенин арманың.
Кутулбай турган балаага,
Кудурет салса, калганың.
Барымтага бир кеткен,
Пайдасы жок бар малың.
Үйүңдө уруш болгонсоң.
Убайым менен карыганың.

---

[1] Найып—улук

Кең дүйнөң абдан кысылып,
Кейиш менен карыганың.
Кебинди катын майтарса,
Келгенинди кайтарса,
Канткенде болбойт арманың?
Бир караңгы түндө калганың.
Кудай кылса бенделик,
Өтөрсүң шөнтүп сенделип.
Жаман менен урушсаң.
Жеңе албассың тең келип.
Урушкандан уялбай,
Уятты кубат черленип.
Кайрат кылып какыйып,
Кармашып турат демденип.
Ачууң келип сөз айтсаң,
Жакандан алып жармашып,
Жан аябай кармашып,
Аюудан жаман айкырып,
Айлыңдын баарын чакырып,
Анан ажыратат эл келип.
Жаман болсо катының,
Жакшы айткан сөзгө ийилбейт,
Тапканыңа сүйүнбөйт.
Үксүйүп турат урушуп,
Үстү-башын кийинбейт.
Айылчылап жүрөт талпактап,
Аягы турат шалтактап.
Талаада жүрөт талпактап,
Табагы турат шалтактап.
Өзүнө бул иш билинбейт,
Курсагы тойсо күлүңдөйт.
Сууктан жаман корунуп,
Жумасында киринбейт.
Сарамжалы жогунан,
Бар оокатың бириндейт.
Адамдын сөөгүн какшатып,
Айткан сөзү ок болот,
Этек-жеңи салбырап,
Эзелде мындай жок болот.
Эрге каршы суук тил,
Элечеги кок болот.
Ушак айтып сүйрөңдөп,

Урушка оозу шок болот.
Күндө үч убак урушуп,
Күйгөндөн ичиң чок болот.
Кой сааганда челеги,
Белчесинен кок болот.
Кокуйга атаң туш кылса,
Өрттөнүп ичиң от болот.
Жемелеп койсоң желигип,
Жебегени жок болот.
Барса айылга кобурап,
Басылбайт мунун өсөгү,
Самыны турса кир жуубай,
Салаа-салаа этеги,
Жакшы болсо алганың,
Азамат эрдин жетеги.
Акмак болсо катының,
Сенде калбайт акылың.
Эр өлтүргөн душмандай,
Кас болот сенин жакының.
Масилет сөзгө кирбестен,
Айткан сөздү билбестен,
Үйүңдөн чыкса «каапырың».
Кара жанды калкалап,
Мындан качып кутул акырын.
Катының жаман болгонсоң,
Айыкпаган дарт мен тең,
Кырдалдуу ишти өткөзсөң,
Кыркка чыккан жаш мен тең.
Армандуу болбой жигиттер,
Жакшылардан тапкын тең.

**ЖАКШЫ,**
**ЖАМАН БАГУУ**
**ТУУРАЛУУ**

Жакшы бакса түзөтүп,
Кара катын ак болот.
Жаман бакса кейитип,
Убайым тартып сап болот.
Жакшы бакса короого
Кара күчүк сак болот.

Катынды жакшы бакпаса,
Акыл-эси аз болот.
Атты жакшы бакпаса,
Ат кубаты чак болот.
Семиз баккын атынды,
Сездентип баккын катынды.

**КАЙРАН БАШ**

Дабыр-дубур, дабыр таш,
Дарбазанын оозу — темир, түбү — таш.
Жан күйөрүң жок болсо,
Туу түбүндө туйлап калат кайран баш.
Ажал башка келгенче
Талапка жетсин өңчөй жаш.
Кайрылар тууган жок болсо,
Кандекте калат кайран баш.
Бедери жок торкодон
Бек токуган бөз жакшы,
Медери жок туугандан
Бек кармашкан жат жакшы.
Бейили бузук сарандан
Бербесе да март жакшы.
Акылы жок уулдан
Апийим жеген мас жакшы.
Кесирдүү жаман катындан
Келте ооруган дарт жакшы.
Алыска сапар жол жүрсөң,
Асемдүү жорго ат жакшы.
Ордунда болот акылың,
Окусаң өнөр кат жакшы.
Дыйкандарга чөл жакшы,
Чарбага салкын бел жакшы.
Билеселүү жигитке
Өнүп-өскөн эл жакшы.
Каз, өрдөккө көл жакшы,
Катындарга эр жакшы.

Кадыр табуучу эр жигит —
Кары-жашка эл жакшы.
Мүлүшкөргө куш жакшы,

Тамакка жакшы туз жакшы.
Кужуру бар жигитке
Кубанчы болот кыз жакшы.

**АЙГАНДЫН БАЛАСЫ ӨЛГӨНДӨ КЕТБУКАНЫН УГУЗГАНЫ**

Туу куйругу бир кучак
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык
Дулдул качты, Айганым.
Алтын туур ордунан
Туйгун качты, Айганым.
Алтын ордо багынан
Булбул качты, Айганым.
Деңиз толкуп чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жулунуп,
Жер бөксөрдү, Айганым.
Ала-Тоо кулап, бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым.
Төрөлөрдүн уругунан
Төл бөксөрдү, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптатты
Ынак көчтү, Айганым.
Касиети башкача
Чырак өчтү, Айганым.

**АЙГАНДЫН ЖООБУ**

Кет-кет, Кетбука,
Кеби суук, ит бука!
Карап турган кашында

Кашың да курусун, ит бука!
Куу менен сүйлөгөн
Сөзүң курусун, ит бука.
Комуз чертип ырдаган
Ырың курусун, ит бука.
Кара жанды кашайткан
Чырың курусун, Кетбука!
Атайы келген алдыма
Ишиң курусун, Кетбука.
Комуз чертип жоруган
Түшүң курусун, Кетбука!

### ТОКТОГУЛ ЫРЧЫНЫН СӨЗҮ

Азжаныбек ханыбыз,
Аман жүрсүн жаныңыз.
Хан болсо да кабарлап,
Сөзгө кулак салыңыз.
Азирет ханым, кебим бар,
Арзымды угар эбиң бар.
Ардыгып кылган ишиңе,
Арылбай турган кегиң бар.

### ТОКТОГУЛДУН ЖАНЫБЕК ХАНДЫ ТАБАЛАП ЫРДАГАНЫ

Атым менин — Токтогул,
Азжаныбек, соттодуң.
Айтып ырым чача албай,
Армандуу болуп токтодум.
Азжаныбек тушунда
Армандуу болуп боздодум.
Жалпы журт көргөн жабырды
Жайын айтып козгодум.
Жалпы түрктө сайраган —
Булбул элем Токтогул.

Чарчабаган аргымак —
Дулдул элем Токтогул.
Тартынбаган ар иштен —
Кургур элем Токтогул.
Качырганын кайсаган —
Тунжур элем Токтогул.
Толубайга жапжакын
Тууган элем Токтогул.
Топту бузуп, туу жыккан —
Буудан элем Токтогул.
Жаныбек басты белимди,
Калмактыгы билинди.
Калк ичинде сүйлөтпөй,
Кагып салды жинимди.
Арманы көп Токтогул
Айнып калдым акылдан.
Айрылып калдым жете албай.
Агам Толбай жакындан.
Зили душман калмактан
Көрдүк далай кордукту.
Келин-кызга ээ кылбай,
Кылып турду зордукту.
Аябады жаныңды,
Алып турду малыңды.
Кызы талак ит калмак
Кызылдай сорду каныңды!..
Берендигин карматып,
Бердибек[1] болду ханыбыз.
Берен түрктүн балдары
Тынчыды эми жаныбыз.
Куттуу болсун ханыбыз,
Кумардан чыктык баарыбыз.
Атпай түрктүн балдары,
Аман болсун жаныңыз!

[1] Бердибек — Жаныбек хандын иниси, ал элге кошулуп, агасы Жаныбек ханды өлтүргөн, кийин хандыкка дайындалган.

## АСАН КАЙГЫНЫН СӨЗҮ

Бир күнү кар түшүп, кыш болуп калды. Ошондо Асанкайгынын айткан сөзү:

Салган тамы жок,
Кылган камы жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багарга алы жок,
Көзү-башын көгөртүп,
Баягы көгөөн байкуш кантти экен?
Көрө турган көзү жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Таразасын көтөрүп,
Тарбандаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышкан,
Баса албаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге эби жок
Доңуз байкуш кантти экен?
Кирер эшиги жок,
Корголор тешиги жок,
Коңуз байкуш кантти экен?
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап,
Көргүлүктү көргөн чыгар,
Балык байкуш кантти экен?
Жайлоодо жабуу албаган
Арык байкуш канетти экен?
Курт-кумурска үйү жок,
Куурап баары өлгөн чыгар,
Өлбөсө да байкуштар,
Көргүлүктү көргөн чыгар.

Жанын сууда жашырып жүргөн
Жаян байкуш канетти экен?
Колун алып бооруна,
Коркуп качып жүргөн
Коён байкуш канетти экен?
Уясын кар баскан чыгар,
Шору таштай каткан чыгар,
Муздап карга жаткан чыгар,
Чымчык байкуш канетти экен?
Ээси жок багарга
Элик байкуш канетти экен?
Жерге-сууга жукпай жүргөн
Жейрен байкуш канетти экен?
Бөрү мунун душманы эле,
Бөкөн байкуш канетти экен?
Кара таштан жай алган,
Таштан башка үйү да жок эле,
Үй оокаттын бири да жок эле,
Кийик байкуш канетти экен?
Чилде түштү, кыш болду,
Суунун баары тоңуп, муз болду.
Каз, өрдөктөн канча өлдү экен?
Каркыра байкуш канетти экен?
Оокат кыларга эри жок,
Отун аларга эби жок,
Чапаны жыртык, жеңи жок
Жесир байкуш канетти экен?
Жеңесинен жеме угуп жүргөн,
Көңүлдөн калгыс кеп угуп жүргөн,
«Жетим шүмшүк» деп угуп жүргөн,
Кийими жок жылаңач болсо,
Тебетей жок жылаң баш болсо,
Көзүнүн мончоктоп жаш агып жүргөндүр,
Жетим байкуш канетти экен?
Бай-бай, оокат ай,
Жок болсо мал кыйынын кантейин,
Табылбаса нан кыйынын кантейин.
Ажал жетип өлгөнчө, аманат чиркин,
Жан кыйынын кантейин!
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап,
Чалбарларын кие албай,

Чалдар байкуш канетти экен?
Байпагын кие албай,
Басып жүрө албай,
Балдар байкуш канетти экен?
Келини тил албай,
Кепичин кие албай,
Не кыларын биле албай,
Жөн басып жүрө албай,
Кемпир байкуш канетти экен?!

# БАЛДАР ЫРЛАРЫ

■

## ҮРКӨР-ҮРКӨР ТОП ЖЫЛДЫЗ

Үркөр-үркөр топ жылдыз,
Үркүп кайда барасың?
— Жоо желимге барамын!
— Жоо желимде эмнең бар?
— Аштык айдаар уулум бар.
Жибек согоор кызым бар.
Аштык алып нан кылам,
Жибек алып, тон кылам.
Аштык алып уулумдан,
Азык-түлүк камдаймын.
Ашка кардым тойгонсон,
Анан айды жандаймын!
Жибек алып кызымдан,
Кийим-кечек камдаймын.
Кийим-кечек кийген соң,
Анан айды жандаймын!

Дагы сонун кебим бар,
Кебимди угар эбиң бар!
Жүгүрүп жүрүп, жүн таптым,
Жүн алдынан тарак таптым,
Таракты таттыма бердим,
Таттым боз токтусун берди.
Токтуну конокко сойдум,
Конок камчысын берди,
Камчысын алып, каз урдум,
Каз жумурткасын берди.
Жумуртканы көлгө салдым.
Көл көбүгүн берди,

Ак уюма шыбасам,
Аяк-аяк сүт берди.
Көк уюма шыбасам,
Көнөк-көнөк сүт берди.
Айран, жуурат көп болду.
Ушул иш мага эп болду.

### ЭЛКИН ТОО

Элкин, Элкин, Элкин тоо,
Элкин тоого мен чыксам,
Эл карааны көрүнбөйт.
Эки семиз ат минсем,
Жер карааны көрүнбөйт.
Көлдө жаткан көп өрдөк,
Ылаачын тийсе бөлүнбөйт,
Чечендер сөзгө эринбейт.
Сулуулар жөнсүз керилбейт,
Буктурбай бугу аттырбайт,
Буралбай сулуу өптүрбөйт.
Оорунун жайын соо билбейт.
Буйласыз атан жөн жүрбөйт.
Эки ат минген кеч калбайт,
Элдүү түлкү ачка өлбөйт.
Адыры болбой тоо болбойт,
Аркары болбой зоо болбойт.
Бийиги болбой тоо болбойт,
Кийиги болбой зоо болбойт.
Карысы болбой эл болбойт,
Камышы болбой чөл болбойт.
Өрдөгү болбой көл болбойт,
Ашуусу болбой бел болбойт.
Кар бузулбай сел болбойт.
Калысы болбой эл болбойт.
Булагы жок жер болбойт,
Карагай болбой чер болбойт,
Кайратсыз адам эр болбойт.
Сулуунун мойну кир болбойт.

Каак-каак каргалар,
Камыш түбү жорголор,
Элебайдын эки кыз,
Эшек минип жорголор.
Жорголор деп, ким айтат?
Жортуп жүргөн киши айтат.
Киши айтат деп, ким айтат?
Кишенделүү тай айтат.
Тай айтат деп, ким айтат?
Тай энеси Кулпу айтат.
Кулпу айтат деп, ким айтат?
Кудуктагы бака айтат.
Бака айтат деп, ким айтат?
Маарап жүргөн эчки айтат.
Эчки айтат деп, ким айтат?
Энеси өлгөн теке айтат.
Теке айтат деп, ким айтат?
Тели болгон жылкы айтат.
Жылкы айтат деп, ким айтат?
Жылып аккан суу айтат.
Суу айтат деп, ким айтат?
Суу түбүндө таш айтат.
Таш айтат деп, ким айтат?
Тартар деген куш айтат.
Куш айтат деп, ким айтат?
Күйөөсү келген кыз айтат.
Кыз айтат деп, ким айтат?
Кырда жаткан төө айтат.
Төө айтат деп, ким айтат?
Төөнүн чоңу нар айтат.
Нар айтат деп, ким айтат?
Нашаа тарткан маңги айтат.
Маңги айтат деп, ким айтат?
Мала кашка бука айтат.
Бука айтат деп, ким айтат?
Буудай менен арпа айтат.
Арпа айтат деп, ким айтат?
Айтпай журттун баары айтат.
Баары айтат деп, ким айтат?
Бешиктеги бала айтат.

## ТАЛЫМ КЫЗ МЕНЕН КӨБӨКТҮН АЙТЫШКАНЫ

Талым кыз:

— Адамзаат пендеси,
Сүйгөн нуру не болот?
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру не болот?
Аркасында тунарык,
Кирген нуру не болот?
Асман, жерди жаркыткан,
Ачык нуру не болот?
Асман, жерди бүркөгөн,
Сасык нуру не болот?
Асман, жердин зыйнаты,
Каныкнуру не болот?
Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру не болот?
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру не болот?
Талымдын тартпа домогун,
Таба салгын жомогун,
Менин атым—Талым кыз,
Ченеп мага жологун.

Көбөктүн жообу:

— Адамзаат пендеси,
Сүйгөн нуру таң болот,
Асман менен закымдап,
Жүргөн нуру ай болот,
Арасында тунарык,
Кирген нуру түн болот.
Асман-жерди жаркыткан,
Ачык нуру күн болот.
Жер асманды бүркөгөн,

---

[1] Талым кыз аттуу залим кыз болот, ал ар ким менен айтышып, жеңгенин өлтүрө берген экен. Акыры Көбөккө жеңдириптир деген элдин лакабы бар.

Сасык нуру туман дейт.
Жер-асманды жаркыткан,
Анык нуру жылдыз дейт.
Эл ортосун ынтымак,
Кылган нуру жакшы сөз.
Бир ордуна кебелбей,
Турган нуру убада.
Таптымбы, Талым, сөзүңдү?
Келтирдимби кезиңди?
Аптыкпагын, Талым кыз,
Ачмак болдум көзүңдү!..

Талым кыз:

— Жер сиңип кеткен жети атаң,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жерди жемире баскан чал буура,
Ал эмне Көбөк чоң?
Желини сүттүү куу инген,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жез буйлалуу нар тайлак,
Ал эмне Көбөк чоң?
Оргочордон от күйөт,
Ал эмне Көбөк чоң?
Ысык-Көлдө ит үрөт,
Ал эмне Көбөк чоң?
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган ким болот?
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган ким болот?
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган ким болот?
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп турган ким болот?
Сөөгүндү ысытып,
Эзип турган ким болот?

Көбөк:

— Жер сиңип кеткен жети атаң—
Жети атабыз эмеспи!
Жерди жемире баскан чал буура—

Түп атабыз эмеспи!
Желини сүттүү куу инген,
Өз энебиз эмеспи!
Жез буйлалуу нар тайлак—
Карындашым эмеспи!
Оргочордон от күйсө, —
Эки көзүң жайнаган,
Ысык-Көлдөн ит үрсө,
Бака болот чардаган.
Жан бүткөндүн баарынан,
Каргыш алган карышкыр.
Жанга залал кылбастан,
Алкыш алган байкуштар.
Түйүлгөндүн түйүнүн,
Чечип турган чечендер,
Түндөп-күндөп токтобой,
Көчүп жүргөн санаа дейт.
Сөөгүндү ысытып,
Эзип турган бала дейт.

Т а л ы м  к ы з:

— Узун, узун, узун жол,
Учун билген ким экен?
Күндөп-түндөп жүгүрүп,
Аянбай жүргөн ким экен?
Алыс менен жууктун,
Ченин билген ким экен?
Ачуу менен таттууну,
Даамын таткан ким экен?
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган ким экен?
Кан төгүшкөн душманды,
Жакын кылган ким экен?
Кайраты бар адамды,
Баатыр кылган ким экен?
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган ким болот?
Ойдо жокту ойлонтуп,
Кесел кылган ким болот?
Муңкүрөтүп адамды,
Карып кылган ким болот?

Мууну-жүүнүн бошотуп,
Арык кылган ким болот?
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган ким болот?

Көбөк:

— Узун жолду узартып,
Учун билген кербенчи.
Күндөп-түндөп жүгүргөн,
Аянбаган мергенчи.
Алыс менен жууктун,
Ченин билген базарчы.
Ачуу менен таттуунун,
Даамын таткан казанчы.
Кайраты бар жигитти,
Баатыр кылган эл болот.
Оолуктуруп адамды,
Чечен кылган тил болот.
Ойдо жокту ойлотуп,
Кесел кылган жин болот.
Күңгүрөтүп адамды,
Карып кылган ургаачы.
Муунун-жүүнүн бошотуп,
Арык кылган убайым.
Кызыл жүзүн оңдуруп,
Сарык кылган бересе.
Жана сөзүң бар болсо,
Жообун берем бир нече.

Талым кыз:

— Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн бар бекен?
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Казда бүтүн бар бекен?
Башынан алыш албаган,
Таш оодарып салбаган,
Сууда бүтүн бар бекен?
Качырганын кайсаган,

Иттин чоңу бар бекен?
Качырганын куткарбас,
Куштун чоңу бар бекен?

Көбөк:

Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Кууда бүтүн куркулдай.
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Каздан бүтүн карлыгач.
Башынан алыш албаган,
Таш оодарып салбаган,
Суудан бүтүн Ысык-Көл.
Качырганын кайсаган,
Иттин чоңу кумайык.
Кармаганын куткарбас,
Куштун шери буудайык.
Каргашалуу Талым кыз,
Ушул кимге ылайык?

Талым кыз:

Тим жүрбөстөн сөзүнө,
Тийиштик кылдым өзүнө,
Күнөөм болсо кечкин — деп,
Күрмөгөн жибиң чечкин деп,
Таппадым деп, ыгынды,
Талым кыз сөзгө жыгылды.

**ТУРУМТАЙ**

*(Темир комуздун күүсү менен)*

Куу-куу турумтай,
Жиги-жиги, турумтай,
Бетегенин түбүндө,
Беш балаң калды, турумтай!

Суктугундан бир балаң,
Сууда калды турумтай!

Тойбогур сенин бир балаң,
Тоодо калды турумтай!

Убал жок деп торгойду,
Уят болдуң турумтай.
Белде калды бир балаң,
Бейли бузук турумтай!

Толуп жаткан өзүңө,
Жазык кылдың турумтай.
Торгой менен булбулду,
Азык кылдың турумтай!

Көпкөнүңдөн бир балаң,
Көлдө калды турумтай.
Тумшугу жок бир балаң,
Чууда калды турумтай!

Бети суук сенин бир балаң,
Белде калды турумтай.
Чөпкө оронуп бир балаң,
Чөлдө калды турумтай.

Кызыл этте бир балаң,
Кырда калды турумтай.
Айыкпаган азаптан —
Чырда калды турумтай!

Ынсап кылып, тобо деп,
Жүргөнүң жок турумтай.
Өзүң мындай болоруң,
Билгениң жок турумтай!

Жайган торго чалынып,
Торго түштүң турумтай!
Эки көзүң жалдырап,
Колго түштүң турумтай!

Шыйрагыңдан байлатып,
Сынга түштүң турумтай!
Жамандык кылып, жан кыйып,
Кунга түштүң турумтай!

Береке тапкан жериң жок,
Пейлиң бузган турумтай,
Жакшылык кылган жериң жок,
Шайтан баскан турумтай.

### ТОРПОГУМ

Кыдың-кыдың торпогум,
Кыдыңдаган торпогум.
— Кокус өлүп калат—деп,
Торпогумдан коркомун.
Анжыяндын камышын,
Аралган — торпогум,
Атка саман салганда,
Сагалаган — торпогум.
Бурма сууга барганда,
Булкулдаган — торпогум.
Ийри сууга барганда,
Жулкулдаган — торпогум.
Тескейдеги бетеге,
Терип жеген — торпогум.
Күңгөйдөгү бетеге,
Күбүп жеген — торпогум.
Адырдагы бетеге,
Аймап жеген — торпогум.
Алдына салган саманды,
Жалмап жеген — торпогум.
Коктудагы шиберди,
Койбой жеген — торпогум.
— Торпогум өлүп калат—деп,
Мындан жаман коркомун.
Күндө үч убак мингенде,
Жоргологан торпогум.
Күн жааганда үйүмө
Коргологан торпогум.
Жомогумай, жомогум,
Жорго кара торпогум.
Торпогум өлүп калат деп,
Уй өлөттөн коркомун.
Жабуу жапса жарашып,
Жаркыраган торпогум.

Кышкы чилде суукка,
Калтыраган торпогум.
Саратанда токтобой,
Сайгак кууган торпогум.
Жалгыз чымын артынан
Айдап кууган торпогум.
Быйыл түштү жаңыдан,
Мурдуңдагы боркогуң.
Семирүүчү кезегиң.
Эми болду торпогум.
Айта жүрчү бирдалай,
Эби болду торпогум.
Ай төбөдөн тоголду,
Жорго торпок жоголду.
Торпогумду жоготтум,
Ишим кантип оңолду!
Манаттан баштык тиктирип,
Жем илейин дечү элем,
Мамыркандын ашына,
Бир минейин дечү элем.
Өз көзүмө жаркырап,
Айдай болгон торпогум.
Кысыр эмди секирген,
Тайдай болгон торпогум.
Ашка барган катындар,
Алчаңдабай айтыңар.
Ашта-тойдо көргөнүң,
Торпогум жообун айтыңар.
Тойго барган катындар,
Тойпоңдобой айтыңар,
Тойдо торпок көргөнүң,
Мен көрдүм деп айтыңар.
Ашка келген баарыңар,
Кепке кулак салыңар,
Көрүп-билип калганың,
Сүйүнчүсүн алыңар.
Сүйүнчүсү беш теңге,
Торпогум өзү ток эле,
Токтобогон шок эле.
Аягы менен жоголду,
Алса ууру алгандыр,
Көзүм көрбөй калгандыр.

Каргашалуу уурулар,
Кайгыга мени салгандыр.
Торпокту алса ким алды?
Түн каткандын бири алды.
Торпогумду ким алса,
Союп албай, тирүү алды.
Ал-аңгыча болбоду,
Адырдан келди торпогу,
Жайытынан издебей,
Жаш баланын корккону.
Торпогун таап сүйүнүп,
Эликтей чуркап түйүлүп,
Торпогу тойдо табылды,
Торпогуна жалынды.
Кендирим кескен кедейлик,
Мындан башка малым жок,
Табылып калды торпогум,
Сактасын эми жаныңды.

## БОТОСУ ӨЛГӨН ТӨӨ

Эки эмчегим тирсейтип,
Эмизбедим ботойду.
Жайлоонун чөбү жалбырак,
Жедирбедим ботойду.
Талдын башын сыдырып,
Жардын башын кыдырып,
Элге-журтка дайындап,
Ээрчитпедим ботойду.
Эрмек кылып эмизип,
Телчитпедим ботойду.
Бороонду күндө жоготуп,
Издетпедим ботойду.
Келин, кызды чогултуп,
Тиздетпедим ботойду.
Калы килем жаптырып,
Жүктөтпөдүм ботойду.
Сарбандарга[1] бактырып,

---

[1] *Сарбандар*—төө кайтарчу.

Чиркетпедим ботойду.
Анжыянды чалдырып,
Асылдан жабдык салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Жүктөтпөдүм ботойду.
Көбүргөнгө көшүлтүп,
Көлдөтпөдүм ботойду.
Көзүм тирүү чагында,
Төлдөтпөдүм ботойду.
Жалбыракка жайкалтып,
Семиртпедим ботойду.
Саратанда туз берип,
Кемиртпедим ботойду.
Жаш балдарга, «ыйлаак»—деп,
Ойнотподум ботойду.
Аста сылап уктаса,
Ойготподум ботойду.
Кубалатып балдарды,
Ойнотподум ботойду.

## ЖОМОКТОР

■

### ТЕЛИБАЙ ТЕНТЕК

Мурунку өткөн заманда
Дадаңбай деген бай болгон,
Баласынын жогунан,
Бала деп тилеп зар болгон.
«Куубаш Дадаң» деген сөз,
Дадаңбайга ар болгон.
Ыйлап жүрүп бала деп,
Арман менен күн өтүп,
Арасынан бир катар,
Алда канча жыл өтүп,
Капалык бар сөзүндө,
Карып кеткен кезинде,
Бала көрдү Дадаңбай.
Арманы калбай өзүндө.
«Балам аман жүрсүн деп,
Аман жүрсө балам—деп,
Баладан тынды санаам»—деп.
Эр жеткенде Телибай,
Акылы жок жан болду.
Балам жинди болду деп,
Дадаңбай буга дал болду.
Балдары малга ээ болду.
Баарынан Телибай дөө болду.
Эс-акылы жогунан,
Дөө болгону кээ болду.
Эки агасын Телибай,
Малга-жанга ээ кылбай,
Малым бар деп ойлобой,
Бир айткан кебин эки айтат,

Даданбайды мээ кылат.
Малдын, жандын баарына,
Жалгыз өзүн ээ кылат.
Түк жебестен этинен
Түгөтүп кирди четинен.
Аз күн өтүп арадан,
Малдын баарын түгөттү,
Тоого алып барып бир далай,
Бөрү, жору тойсун деп,
Балакетти баштады,
Малдан жарып таштады.
Арадан канча күн өттү,
Күнгө аралаш түн өттү.
Акмактык кылып Телибай,
Агаларын жүдөттү.
Баштагыдан беш бетер,
Акыл-эстен айрылды.
Талатып малын түгөтүп,
Акыры өзүн кар кылды.
Капа болуп атасы,
Камыгып ыйлап кайгырды.
Кармаар малдан түк калбай,
Телибай такыр айрылды.
«Балам жинди чыкты»—деп,
Күйүп жүрүп чок болуп,
«Багуучу балам жинди»—деп,
«Шайтанга болду минги»—деп.
Жалгыз эмес Телибай,
Жана бар эки агасы.
Телибай тентек шок болду,
Эс-акылы жок болду.
«Оңолуп кетер балам»—деп,
«Баладан тынбайт санаам»—деп,
«Кудуреттин ишине,
Барбы менин чарам»—деп.
Молдого берип окутсам,
Жиндилиги калар—деп,
Тентектиги жоголсо,
Анан тилимди алар—деп,
Атасы менен энеси,
Баласын алып ортого,
Телибайды жетелеп,

Алып барды молдого.
Атасы Дадаң кеп айтат:
— Ай, молдоке!—деп айтат,—
Балам тентек болду,—деп,
Бир айтпастан көп айтат.
Оң айткан сөзгө тил албайт,
Иштин жөнүн биле албайт.
Бузулду балам жоругу,
Бузуктук кылбай жүрө албайт.
Бүткөн ишти бүлдүрөт.
Элдин баарын күлдүрөт.
Өзү билбейт кумсарып,
Отурбайт үйгө тынч алып.
Айланайын молдоке,
Жалгыз балам ушу эле,
Жалгыз деп жазып айтпаймын,
Улуусу мындан кыз эле.
Кызымды бердим күйөөгө,
Айлымда жакын бирөөгө,
Тентек болду бул балам,
Бала үчүн менин убарам.
Бул баланы окутуп,
Тентектигин тыйып бер,
Айткан тилиң албаса,
Аябай мыктап уруп бер!—
Телибайды тапшырып,
Молдонун берди колуна.
Катынын Дадаң ээрчитип,
Кайта басты жолуна.
Молдо туруп кат жазып,
Кат жазганда бат жазып.
Алды калем колуна,
Алиппе деп ат жазып,
Телибай тентек баласын,
Табайын деп чарасын,
Телибайдын колуна
Берди окутчу кагазын.
Молдого Телибай тил албайт,
Тентек кылбай жүрө албайт.
Молдо ойлонуп баланы,
Не кыларын биле албайт.
Молдо айтса, терс айтып,

Молдонун жанын күйдүрдү,
Айрып, жыртып бир канча,
Дептерин да бүлдүрдү.
Зерикти молдо Телибайдан,
— «Кеткин,—деди,—бу жайдан!»..
Телибай кайтты үйүнө,
Жини арбыды күнүгө.
Телибай деги чыдабайт,
Тентектик кылбай жүрүүгө.
Келе жатса жолунда,
Келтеги бар колунда.
Телибайдын сөзүнө
Кулагын тунат сонунга.
Бир топ бала ойношуп,
Жүрүптүр музоо кайтарып,
Телибайдын өзүндө
Коркуу жок жандан жалтанып.
Байкап басып озунду,
Балдарга келип кошулду.
Мал кайтарган балдарга,
Көрсөтмөк болду жосунду[1].
Мен Телибай тентек деп,
Балдарды уруп келтектеп,
Балдарды уруп кыйратты,
Баштан аяк ыйлатты.
Айдап алды музоосун,
Ал балдарга бербестен,
Бул музоо меники—деп,
Теңдикке Телибай келбестен,
Музоону салып алдына,
Телибай келди үйүнө.
Музоону баккан балдардын,
Жооп айтпайт бирине,
Музоону Телибай жыйнады,
Токмоктоп уруп кыйнады.
Бул кордукка чыдабай,
Кайтарган балдар ыйлады.
Телибай тентек музоону,
Токмоктоп уруп сойду деп,
Музоонун баарын алып барып,

[1] *Жосун* — кордукту деген мааниде.

Туюкка камап койду деп,
Ыйлап барды үйүнө.
Балдардын баары чуркурап,
Энесине барган соң,
Жаңырып ыйлайт буркурап.
Атасы буга кайгырып,
Музоосун берди балдарга.
Телибай тентек ызалап,
Ыйлап келген жандарга,
Музоодон калган түңүлүп,
Балдар кайтты сүйүнүп.
Айдап алып музоосун,
Айлына барды жүгүрүп.
Бир топ жоон күн өтүп,
Күнгө аралаш түн өтүп,
Ал-аңгыча болбоду,
Дадаңды ажал торгоду.
Кесел болуп нечен күн,
Акыретке жөнөдү.
Телибай тентек тескери,
Айткан сөзгө көнбөдү.
Көптөн бери Дадаңдын
Өз колунда малы жок,
Баласы жинди жаны жок.
Мал табарга алы жок.

. . . . . . .

Кембагал Дадаң өлгөн соң,
Кепин кылар бөзү жок.
Телибайдын энеси,
«Балам»—деп буга кеп айтат,
«Атаң өлдү келбейт»—деп,
«Айласын кылгын»—деп айтат.
«Кайрылып келбейт атаң жок,
Кепин кылар матаң жок.
Кантип муну көмөбүз?
Мындан башка капам жок.
Эчтеме менен оюң жок,
Конокко соёр коюң жок,
Салпайган жинди куңуң жок,
Сатып алар булуң жок.
Кантип жерге жашырам,
Кара жанда тыным жок.

Эч болбосо үйүңдө,
Челпек[1] кылар унуң жок.
Элеңдебей жүгүрүп,
Эжең жакын, барып кел,
Кепин берсе, кечикпей,
Ылдам барып алып кел.
Акыл салып кеп айтып,
Атаң өлдү деп айтып,
Эжеңе кабар салып кел,
Эки агаң мында көр казсын,
Кантип булар тим жатсын.
Ылдамыраак барып кел.
Эмне берсе алып кел! —
— Энеке макул болот деп,
Телибай кетти жүгүрүп,
Эрте өлгөн бир жан деп,
Атасынан түңүлүп.
Эжесине барды далдаңдап,
Телибай тентек кеп айтат,
— «Арманың барбы эжеке?
Атаң өлдү»,—деп айтат.
Эжеси туруп ыйлады,
Элинин баарын жыйнады.
Атаң өлдү дегенде,
Ыйлабай чыдап турабы.
— «Мен келдим эже өзүңө,
Кулак салгын сөзүмө.
Энем сага жиберди,
Алып кел деп силерди.
Конокко соёр кой сурап,
Челпек кылар ун сурап.
Кеңеш кылып кеп сурап,
Кепин кылар бөз сурап,
Энем мени жиберди,
Берсин деди силерди.
Берериңди камдагын,
Бүгүн түштөн калбагын.»
Айтып сөзүн угузуп,
Телибай турду темселеп,

---

[1] Челпек — жупка нан деген мааниде.

Бачымыраак кетсек деп,
Айтып турду энтелеп.
Эжеси анда кеп айтат,
— Азыраак токто—деп айтат —
Сарамжалын бүтүрүп,
Санжап[1] кылып күтүнүп.
Койду саап алайын,
Сураганың берейин,
Койду саап болгон соң,
Өзүң менен жөнөйүн.
Азыраак сабыр кылгын деп,
Баланы ала тургун деп,
Баласын берди колуна.
Байкагын сөздүн соңуна.
Эмчектеги жаш бала,
Алар замат ыйлады,
Токтобостон көп ыйлап,
Телибайды кыйнады.
Ыйлаганы ырбады
Телибайды мээнет чырмады.
— Басыл-басыл бөбөк деп,
Баланын башын сылады.
Сылап көрсө баланын,
Балкылдап турат эмгеги,
Жара чыккан экен деп,
Башка сөзгө келбеди,
«Ыйлабаптыр бекер»—деп,
«Ириңдеп калган экен»—деп,
«Аман болсо бөбөгүм,
Мындан айгып кетер»—деп,
Телибай тентек шашпады,
Балакетти баштады.
Баланын мээсин «ириң» деп,
Алып жерге таштады.
Мээсин чукуп алган соң.
Өлүп калды баласы.
Акылы жок Телибайдын,
Акмактыгын карачы,
Тынчып уктап калды деп,
Ойлоп калды санаасы.

---

[1] *Санжап* — тактап деген сөз.

Өлбөй бала калабы?
Өлөр жерде жарасы.
Ал аңгыча эжеси
Малын саап бүтүрдү.
Малын саап болгон соң,
Бармак болуп күтүндү.
Телибай тентек кеп айтат:
Эжесине эми айтат:
— Ириңдеп башы калыптыр,
Ириңин алдым—деп айтат,
Акылсыз эже билбепсиң,
Жарасын байкап жүрбөпсүң.
Жаман эже билбепсиң,
Жакшылап байкап жүрбөпсүң.
Мына береги жара—деп,
Жарасын эже кара—деп,
Ириңин алып салган соң,
Уктап калды бала — деп.
Эжеси алса баланы,
Эчак өлгөн жаны жок.
Жаны кеткен балада,
Бетинде кызыл каны жок.
Телибай түпкө жеттиң! деп,
Тентек ит турбай кеткин—деп,
Убалыма калдың—деп,
Уят кылып салдың—деп,
Эжеси ыйлап бакырып.
Эли-журтун чакырып,
Телибайды кудай урду деп,
Темтейип карап турду деп.
Түбүмө Телибай жетти деп,
Жетпегенде нетти?—деп,
Түрү суук түгөнгүр,
Түгөтүп таштап кетти—деп,
Балама кылды кесир—деп.
Балакетти кетир—деп,
Жаш баламды өлтүрүп,
Барбеле менде өчүң? — деп.
Кейип ыйлап сөз айтып,
Кепин кылар бөз берип,
Челпек кылар ун берип,
Конокко соёр кой берип, —

Буларды берип колуна,
Телибайды салды жолуна.
Тентек Телибай не кылат?
Байкаңар сөздүн соңуна.
Жетелеп коюн колунда,
Келе жатса жолунда,
Алдынан бөрү жолукту,
Акмак Телибей оолукту.
«Чубалжык куйрук, көк чунак,
Бул кудайдын ити»—деп,
«Ити менен кудайдын
Эч кимдин болбойт иши»—деп,
«Жолумдан тосуп жүрүптүр,
Келеримди билиптир,
Кудайдын ити күлүкпү?
Менин коюм күлүкпү?
Билейин койдун чамасын,
Табайын иттин чарасын.
Көрөйүн койдун өнөрүн,
Жарыштырып көрөмүн.
Коюмдан бул өтпөйт—деп,
«Өтмөк турсун жетпейт»—деп,
Бөрүгө коюн жиберди,
«Сынайын» деп «силерди»,
Кою кетти колунан,
Бөрү кууду соңунан.
Каргашалуу Телибайдын.
Келеби иши оңунан?
Жеткен жерде карышкыр.
Койду басып жеп алды,
«Бүгүн жолум болду»—деп,
Тоого барып дем алды.
Жана Телибай жүгүрүп,
Азыраак жолго барганда
Айылына жакындап,
Арасы жакын калганда,
Казандай кара кудукту,
Көрө салды көз менен,
Сүйлөп турду сөз менен:
«Кудайымдын казаны,
Куру кайнап туруптур,
Көргөн, билген адам жок,

Көптөн бери куруптур.
Унду буга салыш—деп,
Чалгыч менен чалыш—деп,
Ашты кылып бүтүрүп,
Анан үйгө барыш»—деп,
Эчтемесин калтырбай,
Кудукка унду салыптыр.
Агаласын кетирип,
Чалгыч менен чалыптыр.
Азыраак болуп калды деп,
Армандуу болуп калыптыр.
Андан өтүп Телибай,
Көп камышка барыптыр,
Шамал тийсе камыштар,
Нары-бери ыргалат.
Алгандын баарын жоготуп,
Акмак Телибай кур калат.
«Мен көрбөпмүн башынан,
Өтүүчү элем кашынан.
Кур жүгүнүп туруптур,
Кудайымдын келини.
Алып келе жатканым —
Атамды ороор кепини.
Келинге кылып бүркөнчөк[1],
Табайын мунун эбини[2].
Буга байлап өтөм—деп,
Тартынганым бекер—деп.
«Бүркөнчөк байлап өтпөсөм,
Таарынып келин кетер»—деп,
Айрып алып бир баштан,
Байлап жатат камышка,
Телибайдын ою жок,
Тартынып мындан калышка.
Баарын байлап бүткөн соң,
«Жарашып калды келин»—деп,
«Ушу кылган жумушум,
Кеткени жок тегин»—деп.
Акылсыз, акмак Телибай,
Акмактыгы билинип.

[1] *Бүркөнчөк*—жеңил жоолук.
[2] *Эбини* — эбин деген сөз.

Атасынын кепини
Камышка калды илинип.
Адамда мындай зан болбойт
Телибайдай акмак жан болбойт.
Энесине барбастан,
Эч кимдин тилин албастан,
Жакшы айткан сөзгө көнбөстөн,
Атасын келип көмбөстөн,
Телибай жинди темтейип,
Талаадан качып жоголду.
Минтип жүргөн Телибайдын,
Иши кайдан оңолду.
Акылы жок ордунда,
Атанын акы мойнунда.
Агалары күтүнүп,
Көрдү казып бүтүрүп,
Карап турган кезинде
Уят жок Телибай бетинде,
Эчтемени ойлобой,
Жетип барды кечинде.
Туруму болбойт сөзүндө,
Уяты жок өзүндө.
Анын арка жагынан,
Эжеси барды алсырап,
Атасынын үстүнө,
Баласы өлүп кансырап.
Эл жыйылып келишти,
Кошумча жардам беришти.
«Тапканыбыз ушу»—деп,
Даданбайды көмүштү.
«Бул Телибай оңбойт»—деп,
«Дегеле адам болбойт»—деп,
«Акыры бизди жок кылат,
Анан бизди койбойт»—деп,
Телибайды алышты,
Алыс жерге барышты.
Кийимин дырдай чечтирип,
Жыланачтап салышты.
Агалары мындай дейт:
«Тоого чыгып барабыз,
Томкоруп алтын алабыз,
Бай болуп жыргап калабыз,

Алтын алып кулатсак,
Алтын келет жаркырап,
Кучактап кал алтынды,
Карап турбай алсырап.
Карап тургун көргөндө,
Кучактап кал келгенде.
Байкап тургун көргөндө,
Басып калгын келгенде!»
Телибай буга ынады,
Келгенде карап турабы,
Агалары барышты,
Отунду арбын алышты.
Казандай ташты чок кылып,
Аябай отту жагышты.
Өлтүрүүгө Телибайды,
Кептери бүтүп калышты.
Кызарып таш ысыды,
Жаккан отун көп болуп,
Төбөндөн тийген Телибай,
Өз тууганга жек болду.
Таш кызарып болгон соң,
Көңүлүнө толгон соң,
Телибай деп чакырды,
Токтобостон бакырды.
— Акылы жок ит элең,
Аянып мындан калба — деп,
Таш барып түзгө барганда,
Басып калды кучактап,
Акмактыгын мындан бил,
Аяныч жок кылчактап,
Териси ташка жабышты,
Тентектин эбин табышты.
Анда Телибай кеп айтат:
Аянбаймын деп айтат —
«Эки акем мында келгинче,
Эрдигимди көргөнчө,
Ыркырасаң, ыркыра,
Шыркырасаң, шыркыра,
«— Эрдик кылар салтым» — деп,
«Коё бербейм алтын» — деп,
Күйүп жатып жан берди,
Акмакты мындай ким көрдү!

**ЖЕТИ ТАЗ,**
**ЖЕКЕ ТАЗ**

*(Жомок)*

Мурунку өткөн заманда
Угуп жүргөн кабарда,
Желип жүрөт жеке таз,
Жетик болгон амалга.
Өргө салат өз боюн,
Жеке таздын чатагы.
Жеке таз калып артында
Жеткир таз болду атагы.
Өзүнүн аты — Жеке таз,
Ойлогону меке[1] таз.
Жеке таз көөп кетти деп,
Жети таз бүтүн бого кас.
Жеке таз өзү амалчы,
Жетип жүргөн кабарчы.
Чөп салып байлап көзүнө,
Бекер дүйнө табарчы.
Желип жүрүп Жеке таз,
Жети тазга залалчы.
Жети таз өзү маңги таз,
Акылы жок аңги таз.
Өзү жетөө болсо да
Жеке таздан акыл пас.
Жети таздар кеңешип,
Жеке таз менен эгешип,
Жеткир таз оңбой кетти деп,
Жеке тазды керешип.
Келтирип кеңеш кылышты,
Жекелеп мурун озунуп,
Биригип оокат кылмакка.
Ынтымак кылды кошулуп.
Бул жетөөнүн өзүндө,
Кас көргөнү жеке таз.
Жеке карап жүргөн жок,
Ойлогону меке таз.
Жети таздын жетөөндө,
Жети энеси бар экен.

---

[1] Бакытка жетүү үчүн акыл ойлоо.

Жеке тазга башынан
Жетөөнүн пейли тар экен.
Жеткир таз деп кубалап,
Башынан дили кара экен,
Жети бала, жети эне,
Бир үйдө турган бала экен.
Эне-бала кошулуп,
Бир үйдө он төрт жан экен.
Мал дегенден жетөөндө
Жети торпок малы бар,
Мындан башка малы жок,
Мал табарга алы жок.
Акыл-эси аз болду,
Адамдыкта саны жок.
Жеке таздын өзүндө,
Угулуп келген сөзүндө,
Жети таздын жоругу
Жеке таздын эсинде.
Энеси бар кашында,
Эскертип турган башында.
Амал-акыл үйрөнүп,
Аяр болгон жашында.
Жекеде бар бир торпок,
Бул торпогу чыр торпок.
Жети таздын башына,
Чымын-чиркей ашына.
Чымын-чиркей жүдөтүп,
Карап турат кашына.
Жети таз менен жеке таз
Беттешип күндө чүкө ойнойт.
Жети тазды жеке таз
Утуп алып түк койбойт.
«Алды каткан жеке деп,
Арбыды сенде меке» деп,
Аябай уруп токмоктойт,
Ушу сага кеке деп.
Тартып алып чүкөсүн,
Жекени салды жолуна.
Балакети дагы бар,
Байканар сөздүн соңуна.
Жеке таз калып артында
Шайтан муну кысты деп,

Бул жорукту коёлу,
Торпогун эптеп соёлу,
Атын жеткир коёлу.
Ачуубузду келтирсе,
Эки көзүн оёлу».
Жеке тазды сабады,
Желкеге коюп камады,
Аябай уруп жайлады,
Азабы аштай кайнады.
Көзгө топурак чачабы?
Көбөйүп калды чатагы.
Акылы бар Жеке таз,
Ал чырынан качабы?
Көпкүр тарткан жети таз
Торпогун тартып алышты.
Алдына салып торпокту,
Айкын музга барышты.
Тайгалантып торпоктун
Чатын айрып салышты.
«Торпогуң жеткир, өлдү» деп,
Шатырап күлүп калышты.
Торпогу өлүп туйлады,
Жыгылып музда сойлоду.
Акылы арбын Жеке таз,
Аңдыганы меке таз.
Ойлоп калды Жеке таз
Жетөөнө каршы жүрмөккө.
Айып алган таздардын
Сазайын берип көрмөккө.
Торпогун союп алыптыр,
Толтуруп капка салыптыр,
Торпок этин калтырбай,
Үйүнө алып барыптыр.
Жеке таздын жанында
Көп айыл бар төөсү бар,
Ошол төөнү кайтарган
Сарбанчы деген ээси бар.
Жеке таз кирип аралап,
Атан төөдөн саралап.
Бир акбаш атан тандады.
Башынан агын жоготуп,
Кызыл кан менен кандады.

Кылайын деп бир амал,
Кыйла шумдук камдады.
Кызыл баш болду атаны,
Кыйла болду чатагы.
Жаны күйгөн Жеке таз
Жайланып тынчып жатабы?
Минип алып төөнү,
Билдирбей айтып жүйөнү.
«Таздардын эбин тапсам» деп,
Ичине сактап кинени.
Жети тазга барыптыр,
Жекени көрө салыптыр.
«Төөнү кайдан алдың?» — деп,
Жети таз сурап калыптыр.
Жеке таз туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат;
Күйүтү көп Жеке таз,
Күйдүрчү сөздү эми айтат;
«Жети таз, сенде эсиң жок,
Эсиң турсун, көзүң жок.
Пейли бузук, жети таз,
Менден сурар сөзүң жок.
Торпогумду сойгонмун,
Бул акылды ойлондум.
Этин салбай казанга,
Алып бардым базарга.
«Чоң торпоктун этине
Төө берчү адам барбы?» деп,
Атан төөгө кардармын,
Өзүм карып, жардармын.
Базарга барып кыйкырдым,
Айкайды салып бакырдым.
Баягы торпогумдун этине
Ушул төөнү алганмын».

Жеке таздын сөзүнө
Жети таз туруп ишенди.
Жетөө жети торпогун
Барган замат союшту.
Базарга барып сатмакка
Даяр кылып коюшту.
Түндөп туруп азанда,

Жөнөп калды базарга.
Масылат кылып алышты,
Базарга таздар барышты.
Баягы сойгон торпогун
Базарга барып салышты.
Бакырышып кыйкырып,
Базардын туруп четине:
— Төө берүүчү барбы? — дейт,—
Өлгөн торпок этине?
Базардагы адамдар
Бардыгы айран-таң калат,
«Кандай акмак адам?» деп,
Калктын баары таңданат.
«Бул акмак турсун жинди» дейт,
«Шайтанга болгон минги» дейт,
Чоң базардын өзүндө
Шылдың кылат кимди? — дейт.
Уруп-согуп токмоктоп,
Базардан айдап чыгарды.
Адамзат пендеде
Акмакта мындай чыр барбы?
«Жеке таз кордук кылды дейт,
Бизди жеп, жаны тынды дейт.
Базардан айдап чыккан соң,
Шагыбыз жаман сынды» дейт.
Желигип калган жети таз,
Жеке таз менен болду кас.
Жеке тазга калганда,
Жети таздын боору таш.
Жеке таздын энесин
Жети таз барып өлтүрдү.
Жалгызсынтып жекенин
Жанына жабыр келтирди.
«Элге-журтка сындык деп,
Жекеге жакшы кылдык деп,
Желип кетет бир жакка,
Жекеден эми тындык» деп.
Жеке таздын энесин
Жети таз жайлап таштады.
Үйдөгү мүлкүн бүт алып,
Мындай шумдук баштады.
Жеке таз келсе үйүнө,

Энесин жайлап салыптыр.
Бар оокатын жети таз
Калтырбастан алыптыр.
Үшкүрүп ыйлап жеке таз,
Үйү караан калыптыр.
Байкуш тазда эне жок,
Башкарууга пенде жок.
«Энем болсо өлдү» деп,
Жеке таз амал ойлонду:
«Жети таздын кордугун
Көзүм менен көрдүм деп.
Айбанчалыш жети таз,
Энеңер «аман» турарсың!
Баатыр жекең барында
«Баш кошуп» оокат кыларсың!
Башыма түшкөн заман деп,
Бул кордугуң жаман деп,
Айбанчалыш таздарга
Кылайын бир амал деп,
Эрдигин жекең билгизди,
Энесин жууп тазалап,
Асыл кийим кийгизди.
«Энем байкуш өлгөн соң,
Калбасын деп катардан,
Келишимдүү сыр сандык
Сатып алды базардан.
Сандыкка салып энесин,
Төөсүнө аны жүктөдү,
Анча-мынча токтолуп,
Аял кылып күтпөдү.
Базарга барды жетелеп,
Төөгө жүктөп энесин.
Жерге батпас жеке таз
Аңгемесин көрөрсүң.
Базарга барды, жар салды,
Жар салганда шар салды:
— Бул сандыктын ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Көңүлүңдү сергитет,
Көрүп койсом көөнүм ток.
Көргөн дагы арманда,
Көрбөгөн да арманда,

Көрбөй адам туралбайт,
Ушул дүйнө жалганда.
Сандыгымда бир кыз бар
Сары Чолпон жылдыздай.
Калемдей кашы чийилген
Кемчет кара кундуздай.
Чачы жерге чубалат
Тизилген бермет шурудай.
«Душмандык бирөө кылат» деп,
Үйүмө жалгыз койбоймун.
Өзүмөн башка жан көрсө,
Өлүп калат тирилбей.
Касиети кызымдын
Калкка калат билинбей».
Жекеден бул сөз чыкканда,
Элдин баары укканда,
Кандын кызы башында,
Кырк кызы бар кашында,
Сейилдик кылып базарга
Кандын кызы келиптир.
Жеке таздын жоругун
Келген элдер көрүптүр.
Калк жыйылып алыптыр,
Сандыкка көзүн салыптыр.
«Бул алда кандай жорук?» деп,
Кыздар айран калыптыр.
Кандын кызы кайрылып:
«Ушул кызды көрөм дейт.
Өлүп калса бул кызы
Берер кызым белен дейт.
Кылапат жок сөзүмдө,
Кыянат жок өзүмдө.
Кыздарым азыр турбайбы?
Кырк кыздын бирин албайбы?
Өлүп калса, кызың деп,
Убада сөзүм ушул деп,
Жерге кирген, жеке таз,
Сандыгыңды түшүр» деп,
Жеке тазды шаштырды.
Сандыктын оозун ачтырды.
Амалы көп жеке таз
Энесине эң мурун

Кийимди таза кийгизген.
Келтирип жүзүн сулуулап,
Кереметин билгизген.
Жыпар менен жыттуудан
Жыттантып арбын эздирген,
Карып калган энесин
Гүл буратып таштаган.
Кандын кызы көрүптүр,
Көрсө кызы өлүптүр.
Өлүү кызга-тирүү кыз,
Кырк кыздын бирин бериптир.
Акылынын барынан
Алып чыкты бир кызды.
Бактысына келишкен
Балбылдаган нур кызды.
Аңгемеси мына бул —
Айга тете жылдызды.
Аяр тазың турбастан,
Тереӊ оюп, кеӊ казып,
Энесин көргө жашырды.
Жети таз келди Жекеге,
Жекенин үйүн көрмөккө,
«Арам жаман Жекени
Кылалык бүгүн эрмек» деп.
Кубулжуган Жекенин
Жайын байкап келмекке.
Келсе, Жеке үйүндө,
Бир сулуу кыз жанында.
Сымбаты окшойт бул кыздын
Кандын кызы Канымга.
Жети таз көрүп таң калды,
Таң калганда, арданды.
«Биз дагы бирден кыз алсак,
Болбойбу?» деп камданды.
Жекеден жетөө кеп сурайт:
— Бул кызды кайдан алдың? — д
Анда Жеке кеп айтат:
Жети таз, сенин эсиң жок,
Эсиң турсун, көзүң жок.
Акылы жок аңги таз,
Адамга жагар сөзүң жок.
Акыл сурар Жекеден,

Акмак таздар, кезиң жок!
Энемди силер өлтүрдүң,
Башыма жабыр келтирдиң.
Эки көзүм жайнады,
Энемден көрдүм пайданы.
Эрте туруп азанда,
Энемди салдым базарга.
Базарга барып турбадым,
Башка сөздү урбадым.
Айкырыгым баспастан,
Андан бетер чындадым.
«Өлүү кызга тирүү кыз
Бере турган барбы? деп,
Улуу кызым мына бул
Көрө турган барбы?» — деп.
Базарда кардар көп экен,
Энемди берип, кыз алдым.
Алган кызым — мына бул,
Өз бактыма туш алдым.
Жети таз, энеңерди өлтүрүп,
Эрте жөнө азанда.
Күн чыга элек мезгилде
Салып алгын базарга!
«Өлүү кызга тирүү кыз
Бере турган барбы?» — де.
Кыйкырыктан качпагын,
Кызык жорук баштагын.
Энеңер бирден кыз болот,
Башка сөздү таштагын!
Жекеден мындай кеп угуп,
Жети таз кайтты сүйүнүп.
Жеке таз берген насааты
Көңүлүнө түйүлүп.
Келген замат турбастан,
Башка сөздү урбастан,
Акылы жок жети таз
Бир да кылчаң кылбастан,
Уялбастан жалтанып,
Жетөө жети балта алып,
Таздарды шайтан айдады,
Энелерин жайлады.
Эси жоктор ойлонбой,

Эрте туруп азанда,
Энелерин көтөрүп,
Жөнөп калды базарга,
Барса базар дүбүрөп,
Кызып калган кези экен.
Мал алуучу соодагер
Толуп калган кези экен.
Энелерин көтөрүп,
Таздар жүрдү бакырып:
— Талапкер адам барбы? — деп,
Басылбастан чакырып.
— Көтөргөнүм — ушу дейт,
Таятамдын кызы дейт.
Өлүү кызга тирүү кыз
Бере турган барбы? — дейт.
Айкырыкты салышты,
Адамдар айран калышты.
Көргөн-билген баары айтат,
Көп жашаган кары айтат:
«Кесепеттүү жети таз,
Кенебеген кесир дейт,
Каргашалуу каапырды
Кан базардан кетир» дейт.
Кан базардан айдады,
Таздардын көзү жайнады.
Жеке тазга катылып,
Азабы аштай кайнады.
Жеке таздын жети таз
Үйүн өрттөп таштады,
Мындай жорук баштады,
Буга Жекен шашпады.
Өрттөп салып Жекенин
Үйү калды күл болуп.
Жети таздын жоругу
Көңүлүнө зил болуп.
Эртесинде Жеке таз
Күл, көмүрүн аралаш
Капка салып артынып,
Амалы көп Жеке таз
Турганы жок тартынып:
«Жүктөгөнүм — алтын дейт,
Сөзүмдө жок калпым дейт.

Алтын саткан базарга
Атадан калган салтым дейт.
Бул алтыным — асыл таш,
Алтынга алтын айырбаш.
Алтын керек жан болсо,
Ала бергин башма-баш
Айыбын айтып сатамын,
Анык жерин айтамын.
Аласа кардар болбосо,
Үйүмө алып кайтамын.
Көпчүлүктүн ичинде
Бул алтынды көрбөңөр.
Көрөр болсоң жалгыз көр,
Жакпаса пулун беребеңер.
Алып барып үйүңө,
Анан кийин көрүңөр.
Жагып калса алтыным,
Анан пулун бериңер.
Бербей пулун көргөнгө,
Көмүр болот көргөндө.
Кулуп койсо күл болот,
Алгандын көңүлү зил болот».
Кандын кызы тайрандап,
Жана келип калыптыр.
Көпкүлөң тарткан кесирлүү
Жекени көрө салыптыр:
— Алтыныңды алам — деп,
Жанына басып барыптыр.
Зордук кылып Жекеге,
Жекени салып желкеге,
Капты чечип кан кызы
Алтын деп көрө салыптыр.
Жеке таз жатып ыйлады,
Жаткан жерден турбады.
— Алтынымды бергин — деп,
Кандын кызын кыйнады.
Уялгандан кан кызы
Өзүндөй алтын бериптир.
Алтынды алып Жеке таз,
Үйүнө кайтып келиптир.
Жети таз чыгып жолунан,
Алтынды көрүп колунан,

«Алтынды кайдан алдың?» деп,
Анда Жеке кеп айтат:
— Алтыным ушул деп айтат.
Өрттөдүңөр үйүмдү,
Сапырдыңар күлүмдү.
Калган күлүн алпарып,
Базарга саттым көмүрдү.
Жети таз туруп кеңешип,
Жеке таз менен эгешип:
Күлүн сатып Жеке таз,
Алтынды арбын алыптыр.
Каргашалуу Жеке таз
Казына күтүп калыптыр.
Үйлөрдү отко жагалы,
Биз дагы пайда табалы.
Күлүн сатып бир канча,
Алтын, күмүш алалы!
Жети таз келип желигип,
От жагып үйүн күйдүрдү.
Кенедей неме калтырбай,
Өзүнүн мүлкүн бүлдүрдү.
Күлүн салып бир канча,
Базарга барды темселеп.
«Базарга өтүп кетет» деп,
Ашып-шашып энтелеп.
«Өрттөгөн үйдүн күлүнө
Алтын берчү барбы?» деп,
Күйдүргөн үйдүн күлүнө
Күмүш берчү барбы? деп,
Айкырыкты салышты.
«Алда кандай акмак» деп,
Адамдар карап калышты.
Жеткендер уруп келтектеп,
Жетпеген уруп этектеп,
«Жүзү кара таздар» деп,
«Жолобо мында, эшек!» деп,
Сабап уруп буларды,
Базардан айдап чыгарды.
Кордук көргөн Жети таз
Жана пикир ойлоду.
Жети таз менен Жеке таз
Эрегишин койбоду.

«Бул Жекени соёлу,
Эки көзүн оёлу.
Таңып таштап терекке,
Тышынан отту коёлу.
Ашыкпайлы, шашпайлы,
Мындай өнөр баштайлы.
Кутулабыз, калабыз,
Отко өрттөп салабыз.
Бул Жекенин катынын
Ортобузга алабыз».
Кеңеш кылып алышты,
Жеке тазга барышты.
Аңгемелүү Жекени
Айдап жолго салышты.
Айдап барып Жекени,
Чоң терекке таңышты.
«Өрттөйбүз» деп, отунга
Жети таз кетип калышты.
Тебетейди бир көзгө
Баса кийип салыптыр.
Бир топ жылкы алдында.
Кубалап айдап алыптыр.
Бир байдын сокур баласы
Жекеге жакын барыптыр.
Таңылуу турган Жекеге
Бала айран калыптыр.
Сокур бала кеп айтат:
— Таңылуу турган терекке
Кандай шордуу адамсың?
Кандай күнөө кылгансың?
Канга айыптуу болгонсуң.
Бекер күнөө кылгансың,
Бекке айыптуу болгонсуң.
Айтып берчи чыныңды,
Мен угайын сырыңды.
Анда Жеке кеп айтат:
— Көрүп турган бул көзүм
Сокур эле — деп айтат.—
Ар кимден кабар көп уктум,
Анык сөздү көп уктум.
Мени таңган байтерек
Аны мазар деп уктум.

Бул терекке таңылса,
Колу жокко кол кирет,
Буту жокко бут кирет.
Көзү жокко көз кирет,
Тили жокко сөз кирет.
Көзүм үчүн камындым,
«Жаратканга жалындым».
Бул терекке мен келип,
Дарылыкка таңылдым.
Көзүм кирди, арман жок,
Эч арманым калган жок.
Ушул айткан сөзүмдө
Бир кыпындай жалган жок.
Ал сөзгө сокур ынады,
Тандырбай сокур турабы?
«Мени да, аке, таңгын» деп,
Тандырганга чыдады.
Жекенин иши келип оңуна,
Карабастан соңуна,
Ордуна байлап сокурду,
Жеке түштү жолуна.
Ал аңгыча болбоду,
Жетөө келди желигип,
Отундарын көтөрүп,
«Өрттөйбүз» деп ээлигип.
Айсал-буйсал кылбастан,
Азыраак карап турбастан,
Туш-тушуна от койду.
Өлтүрмөккө камынды,
Отту асманга чыгарды,
Шыркыратып жалынды.
Сокур ыйлайт жалынып:
— Мен эмес таңган кишиң — деп,—
Жок эле менин ишим — деп.
Жети таз ага болбоду,
«Кууланган таз» деп ойлоду.
«Көз киргизип алам» деп,
Кууралган сокур сойлоду.
Жети таз буга күтүндү,
Чыгарды көккө түтүндү.
Байдын уулу сокурду
Күйдүрүп отко бүтүрдү.

«Жекени жайлап салдык — деп,
Кутулуп мындан калдык — деп,—
Бул Жекени өлтүрүп,
Таркады бойдон ардык — деп,—
Ойноп кумар каналы,
Эми үйгө баралы.
Жеке таздын катынын
Ортобузга алалы».
Жеке тазды жети таз
Кекетип жүргөн күнүгө.
Келген бойдон жети таз
Жекенин келди үйүнө.
Келсе, үйүндө олтурат
Келберсиген Жеке таз.
— Биз өрттөдүк, өлдүң деп,
Жеке, кайдан келдиң? — деп,
Өлтүргөн, Жеке, келипсиң,
Эмне сонун көрдүң? деп.
Анда Жеке кеп айтат,
Жети тазды жоготчу
Желмогуз сөзүн эми айтат:
— Жети таз, мени күйдүрүп,
Отко өрттөп өлтүрдүң.
Жакшылык кылбай өзүмө,
Жаныма жабыр келтирдиң.
Өлтүрүп силер кеткенде,
Атам келди башыма.
«Кагылайын балам» деп,
Карап турду кашыма.
Өлүгүмдү алпарып,
Көлгө салды чүмүтүп.
Кайгысыз болуп калыпмын
Өлгөнүмдү унутуп.
Мынабу турган жылкыны
Атам берди, мен алдым.
«Атамдын берген энчиси
Куттуу болсун» деп алдым.
Силердин дагы атаңар
Көлдө жүрөт, бай экен.
Түгөнө турган мал эмес,
Төрт түлүк малы шай экен.
Акмак болуп жүргөнчө,

Атаңдан энчи алсаңчы.
Башка сөздү нетесиң?
Бай болуп жатып калсаңчы! —
Жети таз буга желикти,
Желиккенде ээликти.
Жеке тазды ээрчитип
Көл боюна келишти.
— Сөзүмдө жок катам деп,
Мынабу жерде атаң деп,
Аңги таз, сенин баарыңа
Анык сөздү айтам деп,
Түбү жок тунук көл экен,
Толкуп жаткан сел экен,
Айланасы ал көлдүн
Толуп жаткан эл экен.
Кашында жүргөн адамдын,
Айдын, Күндүн баарысын,
Айнектей тартат сүрөтүн.
Аңги таздын баарына
Көлдөн адам көрсөттү.
Көрө салып жети таз
Аңгемени арбытты.
Көмүлөрүн билбестен,
Көлгө түштү баарысы.
Өттү, кетти дүйнөдөн
Жети таз өлүп жоголду.

**БАБЫРГАН**

Мурунку өткөн заманда,
Даба барбы жаманга.
Акылсыз кара калк болуп,
Эмгеги кеткен залалга.
Бабырган деген эл экен,
Көкнар, нашаа жээр экен.
Кумар болсо кумсарын,
Кулагы укпас кер экен.
Бир канча элдин баарысы,
Акылынан адашкан,
Адаммын деп ойлобой,
Айбан атка жанашкан.

Арзан тамак жээрбиз деп,
Суусунубуз кансын деп,
Кумарыбыз жансын деп,
Бул пияздан ашайлык,
Курсак тоюп жашайлык.
Калганын үйгө алып барып,
Сонун тамак жасайлык.
Бала-чага барганда,
Баарысы жесин базарлык,
Жытын жыттап көргөндө,
Жигит болуп жашардык.
Сонун экен пиязың,
Байкап көрдүк кыясын.
Таттуу чыгар бул пияз,
Тамактын таптык уясын.
Биз кылбайлык балалык,
Тамакка тоюп алалык.
Тамаша кылып даң салып,
Анан үйгө баралык.
Жайып коюп четине,
Пиязга кирди жегенге.
Бабырган кеңиз[1] ынабай,
Балан-пастан дегенге.
Бабыргандар бабырап,
Баарысы сүйлөп жабырап.
Ашап кирди пиязды
Астына алып дабырап.
Пиязды тамак деп кирди,
Бир-бир баштан жеп кирди.
Бирден пияз ашады,
Ашаган жерде чачады.
Акылсыз акмак болгон соң,
Ачуу деп мындан качабы?
Көзүнөн жашы буурчактап,
Артын карап кылчактап.
Эчтемени ойлобой,
Күлкүгө кирди ырсактап.
Бейли жаман кешпирди,
Мээнетке кудай келтирди.
Ачурканып ахулап,

[1] *Кеңиз* — келесоо деген мааниде.

Жаш куюлду көзүнөн.
Маңгилердин жоругун
Байкап уккун сөзүнөн.
«Тамак» деп алар пияз жеп,
Айныды акыл-эсинен.
Кесепеттүү кеңизге
Кез болду мээнет өзүнөн.
Бирин-бири карашып,
Ыйлаганын көрүшүп,
Ыйдын арты көбөйүп,
Ырбаганын көрүшүп,
Өзү менен иши жок,
Жөнүн айтар киши жок.
Көзүнөн жаш куюлду,
Азапка өзү урунду.
«Тамак жеп жанды сыйладык.
Тасторконду жыйнадык.
Мунун өзү бир шумдук,
Алда кандай ыйладык!
Бул ый тегин ый эмес,
Оңой-олтоң сыр эмес.
Баятан бери ыйладык,
Басыла турган чыр эмес.
Бала-чага үйдөгү
Аман эмес, өлгөн го?
Нурдан болгон көрөгөч
Көзүбүз муну көргөн го?
Көзүбүз муну көрбөсө,
Үйдөн бирөө өлбөсө,
«Анык бирөө өлдү» деп,
Айтып кабар келбесе,
Кандайлыктан ыйладык?
Ыйлап жанды кыйнадык,
«Пияз» деген тамак жеп
Биз курсакты сыйладык.
Көргөн сырда жалган жок.
Эч ким үйгө барган жок.
Катын-бала соо эмес,
Адам өлбөй калган жок.
Эми үйгө баралы,
Өөдө-төмөн айтпастан,
Өкүрүктү салалы.

Эркегинде эси жок,
Эсеп билер мээси жок.
Ар кимиси бир айтып,
Адамга сыяр сөзү жок.
Катынында акыл жок,
Кашында тууган жакын жок.
Алыш-бериш мамиле
Бабырганда такыр жок.
Башкы атагы бабырган,
Акыл-эстен жаңылган.
Каркыраны кудай деп
Канаттууга табынган.
Барар болсо бир жакка,
Баарысы барат камынып,
Эски-уску кийимин,
Желбегей киет жамынып.
Канаттуу кудай сакта деп
Каркырага кубанып,
Катыны калат үйүндө,
Аш-тамак жок сабылып.
Бабыргандар чогулуп,
Бармак болду базарга.
Бар оокатын башынан
Тапканды салат казанга.
Эрте туруп камданып,
Жөнөп калды турбастан.
Бабыргандын жоругун
Байкап уккун бир баштан.
Базарга жакын барганда,
Карасы жакын калганда,
Башында тунук мээси жок,
Алдырып салган көк нарга.
Бир топ адам жолукту
Акылсыз кешпир жандарга.
Табынганы каркыра,
Бабырган маңги турабы?
Байкачу сөздөн урабы?
Учураган адамдан
Базардын жөнүн сурады.
Бабыргандар муну айтат:
Биз базарга барабыз,
Базардан тамак алабыз,

Алып кайта жанабыз.
Базарчылар келиңер,
Жакшы экен кебиңер.
Арзан экен кай тамак
Аныгын айтып бириңер.
Бабырганды башынан
Байкап, билип жүргөн эл.
«Маңгилер» деп жоругун.
Башынан бери билген эл.
Сыр чыгарбай кеп айтат,
«Базардагы тамактын
Арзаны пияз» деп айтат.
«Пияз деген бир тамак,
Жесе кумар кандырат,
Акылынан тандырат.
Азаматтар, барсаңар,
Оокат кылар эрсиңер.
Арзан тамак пияздан
Барып алып жээрсиңер.
Кубангандан баарыңар,
Кушкер[1] экен дээрсиңер.
Жесең буга тоёсуң,
Суусаганды коёсуң.
Биз дагы алдык пияздан,
Кеңеш кылып отуруп,
Арзанын көрүп пияздын,
Куржунга салып толтуруп,
Шылдың кылып кеп айтып,
«Арзаны пияз» деп айтып.
Бабырганды ынатып,
Базардын түштү жолуна.
Бабыргандан кеп чыгат,
Байкаңыз сөздүн соңуна.
Бабырган барды базарга,
Куржунду салып мойнуна.
Бабыргандар барышты,
Базарга көзүн салышты.
Айсал-буйсал кылбастан,
Пияздан арбын алышты.
Оокат кылчу эрбиз деп,

---

[1] *Күшкөр* — таттуу деген маанице.

Бабыргандар дүрбөшүп,
Бабырашып сүйлөшүп.
Жөнөп калды үйүнө,
Бирин-бири жүр дешип.
Айлына жакын барганда,
Айкырыкты салышты.
Өбөктөп алып эшекке,
Өкүрүшүп калышты.
«Кандай жорук болгон?» деп,
Катындар карап калышты.
Өкүргөн бойдон жөнүктөр,[1]
Өксөп ыйлап барышты.
«Баргандын бири өлгөн деп,
Базарчылар көмгөн деп,
Бизге кабар кылганы,
Өкүрүп үйгө келген» деп,
Катын-бала зыркырап,
Баарысы ыйлап буркурап.
«Кимиси өлүп калды?»—деп,
Жапырт ыйлап чуркурап.
Кайгырып ыйлап басылбай,
Капалыгы жазылбай,
Жумуру башта нелер жок,
Ыйдан көзү ачылбай,
Өкүрүп жанды кыйнады,
Өксөп жатып ыйлады.
Баш көтөрүп эс алып,
Бакырыкты жыйнады.
Мындай сонун болобу?
Толуп жатат домогу.
Эс-акылы бар болсо,
Бабырган атка конобу?
Мунун арка жагынан,
Кеңеш кылып абыдан,
Бабыргандар баш кошуп,
Кеп чыгарды жаңыдан:
«Кыш өтүп, жаз болду деп,
Оокаттын келди орду деп,
Малдын баары бөлүнүп,
Башатка катар конду деп.

[1] *Жөнүк* — акылсыз дегени.

Биз дагы малдуу бололу,
Бул жорукту коёлу.
Чарба болуп, мал күтүп,
Таза журтка кополу.
Бүгүн базар баралы,
Базардын наркын чалалы.
Эчки деген сүттүү мал,
Эчки сатып алалы».
Эчки сатып алууга,
Эрте турду азанда.
Баш-аягы жыйналып,
Бабырган барды базарга.
Бабыргандар баш кошуп,
Баары журт билет ал-жайын.
Экиден-үчтөн алынча
Эчки сатып алышты.
Бабыргандын баары элге
Башынан бери дап-дайын.
Маңгилиги белгилүү.
Баары журт билет ал-жайын.
Бабырганда эси жок,
Эси турсун көзү жок.
Акылы жок акмактар,
Адамга сыяр сөзү жок.
Акылы жогун билген соң,
Текени сатты «эчки» деп,
Бабыргандай болобу,
Адамзатта эстүү деп.
Туйдуруп айткан сөзү деп,
Тубар эчки өзү деп,
Ишенбесең кармап көр,
Желини толгон кези деп,
Жерге кирген бабырган,
Желининин бези деп.
Андап кара кепти деп,
Өзү сүттүү эчки деп,
Бабырган анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
Теке болсо мейли деп,
Сүтү болсун деп айтат.
Бабыргандар камынып,
Эчкисин айдап элендеп,

Айран-сүт болду кенен деп,
Саачу катын белен деп,
Эчкисин бөлүп айдашып,
Улагын кармап байлашып.
Айран-сүт толуп калды деп,
Зөөкүрлөр сөзүн жайлашып.
Эчки саап, сүт алып,
Уютуп ичти айранды.
Баркын-наркын ойлобой,
Малга көөнү жайланды.
Бир күнү сүтүн бышырса,
Байыды сүтү көбүрүп.
Казанга сүтү толгон соң,
Көңүлү өстү семирип.
Сүйүнгөндөн келесоо,
Эшикке чыкты жүгүрүп.
Сүтү ташып төгүлдү,
Кешпирлер ышы күбүлүп.
Төгүлгөнүн билбестен,
Жүгүрүп жүрөт сүйүнүп.
«Пулду сатсаң сүткө сат,
Казан менен битта болот,
Бышырган сүт ташты деп,
Берекелди шекилдүү,
Казанымдан ашты»—деп,
Үч айланып үйүнө,
Жүгүрүп үйгө келгиче,
«Таптым мындан пайда» деп,
Ташыган сүтүн көргөндө,
Сүтү ташып төгүлүп,
Казаны куру калыптыр.
Бабырганда акыл жок,
Казанга көзүн салыптыр.
Кайгырып маңги токтолду,
Казанда сүтү жок болду.
«Сүтүм кетти кайда?—деп,
Көрбөдүм мындан пайда деп,
Кемиди менин оокатым,
Кетип калды айла»—деп,
Муну менен турбастан,
Кешпирдин кенен сөзү бар.
Кебинин бирин калтырбай,

Келтирип айтар кези бар.
Бабыргандар кеңешип,
Башкача сонун кеп кылды.
Көк-ала майдан шиберге,
Кеп жейлик бүгүн деп кылды.
Базардан барып кой алды,
Сабиз, пияз мол алды.
Күрүчтөн алып бир канча,
Майданды көздөй жол алды.
Апийим, нашаа көп алды,
Аңгеме жакшы деп алды.
Анча-мынча үйүндө
Апийимден жеп алды.
Калтырбай сөзүн өткөрүп,
Казан-аяк көтөрүп,
Түтүн жеген зөөкүрлөр
Күрсүлдөтүп жөтөлүп.
Майдан эмес, коргонго,
Далай кербен конгонго,
Апырык менен сапырык,
Ичине балит толгонго,
Бабыргандар барышты,
Бабырашып алышты.
Барар замат турбастан,
Койду союп салышты.
Койдун этин бышырып,
Күрүчүн басып демдешип,
Көтөрүлүп дегдешип,
Билеселүү болгонсуп,
Бирине-бири кел дешип.
Абал мурун даамды,
Ак сакалга бер дешип.
Сырын айтып өткөрүп,
Нашаа чегип жөтөлүп.
Куудулданып кубанып,
Бирин-бири көтөрүп,
Бабыргандар бабырап,
Нашаасын чегип мамырап.
Зөөкүрдүн баары өзүнчө,
Сүйлөп өттү жабырап.
Баары сүйлөп өтүштү,
Башкача ойго кетишти.

Бул бабырган маңгинин
Башына балаа жетишти.
Эт болсо бышып казанда,
Демделип күруч казанда,
Нашаа чегип бир катар,
Көңүлдүн чери жазылды.
Кемчилик бизде калбасын,
Кеңешип ишти бүтүрмөк,
Боло турган жумушту.
Мурун ойлоп күтүнмөк,
Эт тыгылса тишине,
Залал кылат кишиге.
Адам ыраазы болобу
Чала кылган ишиңе?
Дандакүүгө барыш деп,
Даяр кылып алыш деп,
Кенен ойлоп, кең санап,
Кемчилик жок калыш деп.
Жол боюнда коргону,
Жоболоң бого орноду.
Калабалуу кеңизди
Кара шайтан торгоду.
Каалгага салып кулпуну,
Бекитти тамдын эшигин.
Башында акыл-мээси жок,
Бабыргандын кесирин.
Байкап көрсөң мына бул —
Бабыргандын өнөрү.
Бабырашып баарысы
Дандакүүгө жөнөдү.
Дандакүү деген—тиш чукуур,
Мындай сонун болобу?
Бабыргандын ар түрдүү
Толуп жатат домогу.
Жолдо келе жатканда,
Бир топ киши жолукту.
Ички сырын айтарга,
Бабыргандар оолукту.
Тааныбаган адамды
Тамакка кылды корукчу.
Киши десе санда жок,
Ким көргөн мындай жорукту?

«Жол боюнда чоң коргон,
Эч адамды түшүрбө.
Эт-куручу дап-даяр,
Эч бир жанга ичирбе.
Кара койду сойгонбуз,
Куручту демдеп койгонбуз.
Койдун этин бышырып,
Даяр кылып койгонбуз.
Каалгага кулп салып,
Ачкычын күлгө көмгөнбүз,
Көмгөн жерди белгилеп,
Тегерете чийгенбиз.
Дандакүүгө барууга,
Арчаны көздөй жүргөнбүз.
Бекитип койдук эшигин,
Эт, куручту жебеңер,
Эсен калам дебеңер.
Дандакүүгө барабыз,
Арчадан барып алабыз.
Эт, куручту жеп коюп,
Калбасын сенде жалаабыз.
Бангилер түштү жолуна,
Байкаңар сөздүн соңуна,
Зөөкүрлөрдүн жумушу,
Түптү келбейт онуна.
Бабыргандан кеп угуп,
Баяны мындай деп угуп.
Ойлонуп калды укканда,
Оозунан бул сөз чыкканда,
«Бабыргандын бул этин,
Баарыбыз барып жейлик деп,
Этимди жедиң деп айтса,
Көрбөдүк биз дейлик деп,
Жоон топ киши сүйлөшүп,
Коргонду алды бетине.
Кирмек болду кеңиздин
Куруч менен этине.
Аттарын түшүп байлашып,
Аябай көөнүн жайлашып,
Тамак даяр белен деп,
Аз эмес, арбын, кенен деп,
Аңдаган сөздүн түрүнөн,

Ачкычты тапты күлүнөн.
Ачкычты алып колуна,
Кайрылбастан соңуна.
Кайта басып жүрүштү,
Мангинин сырын билишти.
Каалганы ачышып,
Эт, күрүчкө киришти.
Аябай жатып ашады,
Майга балкып жашады.
Даяр тамак көрүнсө,
Жүргүнчүлөр качабы?
Тамак ичип жайланып,
Белдерин бекем байланып,
Оюменен тамак жеп,
Оозу-мурду майланып.
Баарысы текши барышып,
Майга тоюп алышып.
Арткан этин калтырбай,
Куржунуна салышып.
Ашып-шашып шекшишип,
Каалгасын бекитип.
Аябай үзүр көрүшүп,
Ачкычын күлгө көмүшүп.
Жөнөп калды турбастан,
Артына кылчаң кылбастан,
Эми бабыргандардын жоругу
Баяндалат бир баштан.
Салгар жолго салышып,
Эшек минип жарышып.
Алабыз деп дандакүү,
Карагай, черге барышып.
Көзүн салып арчага,
Карап жүрдү канчага.
Бабыргандын жөнүгү
Башынан маалым барчага.
Дандакүүнү алышып,
Даярданып калышып.
Бабыргандар таңыркап,
Карагай черге барышып.
Ал аңгыча болбоду,
Азап муну торгоду.
Ажал жетип күн бүтсө,

Ажалдан кантип коргоду?
Сасык үпү «үпүп» деп
Карагайдан үн салды.
Бабыргандар үпүпкө
Карап туруп таң калды:
— Тегин эмес мунуңар,
Башын ийкеп бакырат,
Бери кел деп чакырат.
Каркыра кудай жиберген,
Кабар берчү тилчи окшойт.
Чебердик менен сөз тартчу
Четтен бакчу ченчи окшойт.
Бирибиз буга баралык,
Сүйлөшүп сөзгө каналык.
Кудай ушу болбосун,
Анык сөзгө каналык.
Айран калды бабырган,
Кулпунган чаар жүнүнө,
Басылбастан күүлөнүп,
Үпүп деген үнүнө.
Талыкпастан олтурду,
Так сүйлөгөн тилине.
Жакыныраак барышты
Карагайдын түбүнө.
Бабыргандар кеп айтат,
Байкадык муну деп айтат.
Бабырашып сүйлөшүп,
Бир айтпастан көп айтат.
«Кабар салып сөз айтпайт,
Каркыра кайып куш экен,
Кумарды сүйлөп таркатты,
Кудайыбыз ушу экен...
Бакырып жатат келгин деп,
Алдымда жооп бергин деп,
Талыкпастан чакырат,
Тамашаны көргүн деп,
Бирибиз буга баралы,
Кудайдан кабар алалы.
Анык кебин угуп кел,
Анан үйгө жаналы[1].

---

[1] Жаналы — кайталы деген мааниде.

Сен барып кел кудайга»,
Ичинен бирөөн камдады.
Эки колун бош коюп,
Бутуна аркан байлады:
— Мындан чыгып барасың,
Кудайдан кабар аласың.
Кудай менен сүйлөшүп,
Абдан сөзгө канасың.
Кыйналбайсың түшкөндө,
Начар болсо чамаңыз.
Аркан менен бутуңдан
Аста тартып алабыз.
Бутунда аркан байлалуу,
Бабырган чыкты жайланып,
Өлүм менен иши жок,
Өзү чыкты байланып,
Жакындап чыгып барганда,
Учуп кетти үпүбү.
Чыккан Ошмат жыгачтан
Кыйын болду түшүмү.
«Эмне деди кудай?»—деп,
Бабыргандар бабырайт.
Бири айтпастан баары айтып,
Жалпы сүйлөп жабырайт.
Карагайга жармашып,
Ошмат акен кеп айтат:
— Жерге түшүп айтайын,
Укканымды—деп айтат.
Акылсыз акмак бабырган,
Акылынан жаңылган.
Карагайдан түшө албай,
Алда канча сабылган.
Өөдө-төмөн жүрбөгөн,
Өлөрүн Ошмат билбеген.
Тартып түшүр мени деп
Келесоо кешпир сүйлөгөн.
Жан-жабыла жүгүрүп,
Тартып калды арканды,
Жерге кирген бабырган,
Жемекчи болду Ошматты.
Ошмат коркту анталап,
Тартканда кетти чалкалап

Күчкө салып тартканда,
Булдурду башын талкалап.
Кекиртектен үзүлүп,
Жыгачта башы илинип,
Жерге түштү бүлүнүп.
Бабыргандар карашат;
«Дени мында калыптыр,
Башы кайда кеткен?—деп,
Көрдүңөр беле Ошматтын?
Мурун башы бар беле?
Байкабастан жүрүппүз,
Же башы жок жүргөн жанбеле?
Биринен-бири сурашат,
Бир дагы билген киши жок.
Акмактыгын мындан бил,
Андабаган иши жок.
Бирге жүргөн кадимден
Катыны башын билет деп,
Катыны башын билбесе,
Не үчүн бирге жүрөт»—деп,
Башы жок көөдөн мултуюп,
Бабыргандар баарысы,
Көтөрүп келди Ошматты
Дөңгөчтөй кылып зуңкуйтуп.
Калган сөөгүн алышты,
Катынына барышты.
«Ошматтын башы бар беле?»
Катынга кабар салышты.
Катыны анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
«Бары-жогун билбедим,
Байкап аны жүрбөдүм.
Эртең менен турганда,
Куурмачты куурганда,
Оозу-мурду кыймылдап,
Сакал-муруту байпаңдап,
Турат эле сакалы.
Төкпөй-чачпай баарысын,
Силер сурап келдиңер,
Ырас жерин айталы».

## ЧЫНТАЗ

*(Жомок)*

Жаныбек кандын тушунда
Чынтаз деген бар экен,
Чындыкты айткан жан экен.
Жаныбектин жылкысын,
Багып жүргөн жай, кышын,
Жайы, кышы жалданып,
Жалчы жүргөн алданып,
Акысына тай алып,
Калган анда малданып.
Чынтаз өзү чын айтат,
Чын айтканда тың айтат.
Жалган сөз менен иши жок,
Жайын билген киши жок.
Кызыгып багып тайына,
Кызматы чыгып байына.
Ал Жаныбек Чынтазды
Жылкычы башы кылыптыр.
Жылкы багып, башкарып,
Бир нече жыл жүрүптүр.
Чынтаз жылкы бакканы
Жылкысы түтөп өсүптүр.
«Алыска жылкы багам» деп,
Айдап алыс көчүптүр.
Жылкычы үйүн чечерде,
Алыска айдап көчөрдө,
Бай Жаныбек кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Эки Саргыл атымды
Жакшылап баккын,—деп айтат.
Эки Саргыл бууданым —
Сан жылкымдын сарасы.
Миң жылкымдын ичинде
Анык тулпар баласы.
Аман болсо бууданым,
Казатка минер ат болот.
Саргылды жакшы бакпаган
Жылкычы менден жат болот. —
Бай Жаныбек муну айтып,

Жылкычыны жөнөттү.
Элирген Чынтаз элеңдеп,
Эсине албай бөлөктү.
Оторго чыгып келишип,
Жылкыны санап көрүшүп,
Он миң жылкы баарысы,
Он кош кылып бөлүшүп,
Жылкыны Чынтаз башкарат,
Чынтаздан баары жазганат
Чынтаз өзү келген таз,
Өзү адис мерген таз.
Ууга чыкса, адырдан
Аркар, кулжа терген таз.
Жылкы багып жүрсө да,
Иштин жөнүн көргөн таз.
Атка минип серейип,
Көөп алды дерейип.
Он миң жылкы—бакканы,
Аркар, кулжа—атканы.
Аталык кызы Акмаңдай
Анын болду тапканы.
Алсам деп калды ойлонуп,
Аталык байдын алдына
Чынтаз барды жойлонуп.
Жылкычыдан төрт-бешти
Кошуп алды жанына.
Айтып койгон жери жок
Бай Жаныбек ханына.
Аталык кызы Акмаңдай
Алмак болду сүйлөшүп,
Убада сөзүн бекитип,
Жылкычылар дүрбөшүп,
Аталык берди жоопту:
— Бул жорукту кой—деди, —
Кызык болсун той—деди. —
Эки ак саргыл бууданды,
Тулпардан анык тууганды
Ушу тойго сой!—деди.
«Качар» деп Чынтаз эки аттан
Аталык муну ойлоду.
Чынтаз чындап качырып,
Бай сөзүнө болбоду.

Эки саргыл бууданды
Чынтаз союп таштады.
Тоюн союп бүтүрүп,
Кыз оюнду баштады.
«Чынтаз күйөө болду деп,
Көңүлгө күйөө толду деп,
Аталык кызы Акмандай
Олуттуу жерге конду» деп
Жандын баары жабырап,
Жаштар сүйлөп дабырап,
Кыз, келиндер жыбырап,
Бирине-бири шыбырап,
Толуп жаткан тамаша,
Кыз, күйөөнү оюнда
Олтургузду жанаша.
Элирген Чынтаз кыз алып,
Эки күндө той өттү.
Тоюн берип таратып,
Кызды алып таз кетти.
Ал-аңгыча кыш өтүп,
Кышкы суук муз кетип,
Кыштын арка жагынан
Жаркырап-жайнап жаз жетип,
Белгилүү кыш өткөн соң,
Бээнин туур кезинде,
Эс-акылы арбын таз,
Эки саргыл эсинде.
Эки саргыл бууданды
Жашырып айтып көрөмүн.
Жакшынакай сөз менен
Жайлап жооп беремин.
Сөзүм жакса ханыма,
Жылкыма кайтып келемин.
Сөзүмдүн чыкса жалганы,
Акыры Чынтаз өлөмүн.
«Экөө болсо, бири—ага,
Бирөө болсо, бөрк—ага».
Кадимден берки нарк болот,
Карыдан калган сөз кана?
Жетик Чынтаз ойлонуп,
Бөркүн алды колуна.
«Келер деп ишим оңуна».

Байкаңар сөздүн соңуна.
Камчы сабын ал жерде,
Кагып жерге киргизди.
Камчысынын сабына
Бөркүн алып кийгизди.
Бөркү менен кеңешип,
Кереметин билгизди:
— Кана, бөркүм, кеп салгын,
Кеп салганда чын салгын.
Кутула турган сөзүңдүн
Жөнү мындай деп салгын!
Башка сөзгө чаргытып,
Тансам кандай эки атты?
Чын жеримден мойнума
Алсам кандай эки атты?
Иштейин иштин оңоюн,
Танса—тана коёюн.
«Ууру алды» десем, ууру жок,
Ууру турсун, бөрү жок.
Чынга жүргөн Чынтаздын
Чын сөздөн башка эби жок.
Жана бир сөз айтарда,
«Тели болуп өлдү» десемби?
«Эки саргыл өлгөнүн
Жылкычы көрдү» десемби?
Жалган сөз орун басабы?
Муңдана тартам жазамы.
Эл оозунда элек жок,
Кимдин оозун ким тыят?
«Калыңга берген Чынтаз» деп,
Кашымдан бирөө кыйкырат.
Башымдагы бөркүмсүң,
«Бөркүм, кепке келгин деп,
Кеңеш таап бергин деп,
Масылатын курады,
Үч кайталап сурады.
Кепке жетик чечен таз
Кебин айтпай турабы?
«Чын сөздөн болот себеп деп,
Чынын айтыш керек» деп,
Чынтаз жолго салыптыр,
Чын сөздү ойго алыптыр.

Жаныбек хандын алдына
Чынын айтып барыптыр.
Жаныбек таздан кеп сурайт,
Кеп сураса эп сурайт:
— Баккан малың аманбы,
Баатыр тазым?—деп сурайт.
Чынтаз айтат ханына,
Карап туруп жанына:
— Бир күнөөм бар мойнумда,
Каламбы, ханым, каарыңа?..
Багып барган мал аман,
Баккан малдын баары аман,
Коркуп турам айткандан,
Ушул ишим эң жаман!..
Жалган айтсам,—кесирет,
Жалгаса каным кечирет.
Жалган сөздүн артынан
Жаныма тиет кесирет.
Айтайын, ханым, чынымды,
Жашырып келген сырымды.
Аталык деген бар экен,
Акмандай деген кызына,
Аз Жаныбек канымсың,
Азып кеттим ушуга.
Эки саргыл күлүктү
Кыздын сойдум тоюна.
Кызды көрүп кызыдым,
Эчтеме түшпөй оюма.
Кызды алдым тойлотуп,
Эки күн бүтүн ойнотуп,
Өз мойнумда жазыгым,
Өлтүрсөң мына сойлотуп! —
Кан Жаныбек алдында
Карап турду Чынтазың.
— Кандай окуя болот?—деп,
Санап турду Чынтазың.
Айтканына ынанып,
Аз Жаныбек кубанып:
— Чынтазым анык баатыр—деп,
Чынын айтып жатыр—деп,
Сөздүн угуп жүйөсүн,
Чынтаздын кечти күнөөсүн.

* * *

Эр азамат жигиттер,
Байка сөздүн соңуна.
Ар сөз айтсаң, чынга жүр,
Ишиң келет оңуна!..

## АБЫШКА-КЕМПИРДИН КӨМӨЧҮ

### I

Бир абышка, бир кемпир
Элдин жүргөн четинде.
Бар оокаты бир өгүз,
Кармап жүргөн бетине.

Жетелеп барып сугарат,
Айдап жүрүп откорот,
Андан башка малы жок,
Көп жашап өгүз карыды,
Чөп жей албай арыды.

Кемпир, чал туруп кеңешти:
«Бул өгүздү соёлу,
Эт, майына тоелу.
Карыган өгүз мал болбойт,
Бул жорукту коёлу».

Абышка, кемпир кеңешип
Соймок болду өгүзүн.
Кабыргасын кармалап
Сынап жүрөт семизин.

«Өгүз азыр семиз деп,
Буйруп, кудай, жегиз деп,
Башкасын айтып нетейин,
Буюрган малым — өгүз» деп.

Өгүзүн сойду кемпир, чал:
«Алал малым ушу деп.

Итке сүйрөп салбайлык,
Каат болсо кышы» деп.

Эки капка толтуруп
Эти, майын салышты.
Ала өгүздүн этин жеп,
Жыргап жатып калышты.

## II

Эт түгөнүп жаз болду,
Азык-оокат аз болду.
Күндө үч убак урушуп,
Абышка, кемпир кас болду.
Абышка айтат кемпирге:
— эт, майыңдан калдыбы?
Берекең сенин кеткен бейм,
Пейилиңди кудай алдыбы?
Эт, майыңдан бар болсо,
Жакшы тамак кыл — деди.-
Көтөрүлбөй, куу кемпир,
Көзүңдү ачып тур — деди.
Кемпир турду ыргалып,
Абышкага чыр салып:
Адамга сыяр ыгың жок,
Тамактан башка чырың жок.
Качан айтса калп айтып,
Бир сөзүңдө чының жок.
Убара кылып жүрөсүң,
Кубаңдаган куу сакал,
Оокат кылар эбиң жок.
Ашып-ташып жаткансып,
Тамактан башка кебиң жок.
Майың турсун, унуң жок,
Уну жок сенде кунуң жок.
Эт, май сатып жегенге
Эч болбосо пулуң жок.
Унуң турсун, этиң жок,
Ала өгүздүн эт, майын
Жалгыз жеп өзүң бүтүрдүң,
Эми эт доолаган бетиң жок.

Калды бекен, жок бекен?
Этин байкап көрөйүн.
Эттен калса, как башка
Тамак кылып берейин.

## III

Кемпир туруп караса,
Мына кызык тамаша!
Эт, майынан калбаптыр,
Чалды кудай каргаптыр.

Кемпир туруп кедендеп,
Кабын кагып бөжөңдөп,
Бир азыраак май тапты,
Бир көмөчтүк ун тапты.
Унду кемпир ийледи,
Кедеңдеген куу кемпир
Абышканы бийледи.

Эттин, майдын күкүмү —
Бир көмөчтүк үсүрү.
Калың кылып камырын,
Этке майды каптады.
Жел чыкпастан бышсын деп,
Камыр менен чаптады.

«Ала каптын кагынчык,
Аңдыгандын жаны чык!».
Эми ушундай дейбиз деп,
Эрте туруп жейбиз деп,
Эл жатканда көмөчтү
Коломтого житирип,
Эл турганча жейлик деп,
Эрте жатты күтүнүп.

Жатып калды кемпир, чал
Төшөгүнө жайланып.
Ушу көмөч бышат деп,
Ичи-тышы майланып.
Уктап эрте турушуп,
Абышка менен урушуп,

«Көмөчтү, кемпир ал!» десе,
Кемпир болбойт тырышып:
Бул көмөчтү алганда,
Үйлөбөскө айла жок.
Жоолук, чачым күл болот,
Көмөчүңөн пайда жок.

Анда абышка кеп айтат:
— Акылсыз кемпир!— деп айтат.
Көмөчтү алып үйлөбө,
Мындан башка сүйлөбө!
Мен да үйлөсөм, күл болот
Аппак болгон сакалым.
Сакал турсун, күл болот
Кийип турган чапаным.

## IV

Ачууланды кемпири,
Көмөчтү оттон бир тепти.
Абышка менен кемпирден
Арбынараак иш өттү.

Көмөч качты безилдеп,
«Өзүң кылдың кесир деп.
Каргашалуу кемпир, чал
Кара ташты жесин!» деп.

Кемпир, чал калды айрылып
Кесир кылып көмөчтөн.
Өз алдынча качырып,
Май көмөчтү жөнөткөн.

Тегеренип тил кирип
Булбул болду көмөчү.
Кууса буудан жетпеген,
Дулдул болду көмөчү.

## V

Качкан бойдон көмөчү
Жылкычыга барыптыр.
Барган замат турбастан,
Көмөч кабар салыптыр:
— Ой жылкычы, жылкычы,
Көп уктаган уйкучу.
Ала өгүздүн майынан,
Ала каптын унунан,
Абышка, кемпир нанымын,
Кууп жетсен, мени же!

Айгыр, атын миништи,
Жылкычы, койчу жыйналып,
Артынан түштү көмөчтүн,
Баары кууп кыйналып.
Жылкычынын жарышы,
Койчуну коого салышы,
Бул көмөчтү кубалап,
Жетпей калды баарысы.

Анын арка жагынан
Чимирилип көмөч нан,
Төөчү менен уйчуга
Кабар салды жаңыдан:
— Төөчү, уйчу, жаттыңбы?
Жатып шорун каттыңбы?
Ала өгүздүн майынан,
Ала каптын унунан,
Абдан бышкан көмөчмүн
Абышка, кемпир нанынан,
Жетип жесең, мени же!
Буура, бука минишип,
Бура тартып жүрүшүп,
Жетпей калды көмөчкө,
Барысы кууп жүрүшүп.

Чимирилип кырданып,
Күлүк көмөч турбады.
Ким көрүнгөн жан болсо,
Айтмайынча тынбады.

## VI

Кабылан, жолборс, бөрү бар,
Илбирс, аюу, шери бар.
Жыйын курган жерине
Көмөчтүн айта турган кеби бар:
— Азуулуу арстан, баарыңар,
Менден кабар алыңар.
Ала өгүздүн майымын,
Ала каптын унумун,
Абышка, кемпир нанымын,
Айбандар, жетип мени же!

Жыйын курган немелер,
Жалпы кууду, жетпеди.
«Алда кандай шумдук» деп,
Оюнан көмөч кетпеди.

Көмөч барды түлкүгө,
Түлкү салды күлкүгө.
— Ой түлкү аке, түлкү аке!
Ала өгүздүн майымын,
Ала каптын унумун,
Абышка, кемпир нанымын,
Kууп жетип мени же,
Жетип мени жебесең,
Ата-энеңдин боорун же!

Анда түлкү кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Кулагым укпас карымын,
Ачка жүрүп арыдым,
Аябай быйыл карыдым.
Жакыныраак келип айт,
Жайымды байкап көрүп айт.
Ашыкпастан, көмөчүм,
Айтканыма көнүп айт!..

Көмөч турбай түлкүнүн,
Жакын келди жанына.
«Карыган чалдын мен дагы
Карайын деп алына».

Андан бетер кууланып,
Түлкү турат сурданып:
— Карыган түлкү — мен,— деди,
Күлүк көмөч — сен,—деди.
Кебиңди анык угайын,
Жакыныраак кел,— деди.

Мактанган көмөч туралбай,
Уктурбай сөзүн калалбай,
Жакын барды түлкүгө,
Түкөң салды күлкүгө.
Басып калды көмөчтү,
Кубанып тапкан мүлкүнө.

Колго көмөч тийген соң,
Санаасы тынды, эс алды.
Ичин оюп, көмөчтүн
Эти, майын жеп алды.
«Кеңеш менен жедим» деп,
Кебин айтып олтурду.
Эттин, майдын ордуна
Өз тезегин толтурду.

Көмөчтүн жигин билгизбей,
Желим чаптап, бек кылды.
«Ушул ишим жарайт» деп,
Өзүнүн сөзүн эп кылды.
Көтөрүп алып көмөчтү,
Койчуга барды ашыга.
«Сатамын деп көмөчтү»
Отурду анын кашына:

— Бул көмөчүм баары май,
Ичи толгон сары май.
Сапаты артык карачы,
Адам сатып алгыдай.

Ашыкпагын, мен кетем,
Анан жегин наныңды.
Жалгыз өзүң жеген соң,
Жыргатасың жаныңды.

Көмөчүн сатып койчуга,
Түлкү алды бир койду.
Башынан шумдук ойлонуп,
Жасап алган бул ойду.

Кашынан түлкү кеткен соң,
Өз үйүнө жеткен соң,
Көмөчүн алды жемекке,
Жайланып киймин чечкен соң.
Эти, майы такыр жок,
Тезек чыкты кубулгөн.
«Алдаттым деп түлкүгө»,
Кайгырып койчу күйүнгөн.

**КЕМПИР,**
**ЧАЛ**

Мурунку өткөн заманда,
Теңдик барбы жаманга,
Зарыл болгон жандар көп,
Салкындап соккон шамалга.
Кедейлик кескен өмүрүн,
Кирдетип өткөн көңүлүн,
Байкуш болгон кемпир, чал,
Байкап мындан кабар ал!
Күткөн малы—беш эчки,
Өзүндө жок башка мал.
Баян кылып өтөмүн,
Бул сөзүмө кулак сал.
Эчкиден башка малы жок,
Эчтеме табар алы жок:
Үшкүрүп ыйлап зар кылып,
Бетинде кызыл каны жок.
Көмөч кылар уну жок,
Унга салар пулу жок,
Кейип ыйлап зарланат,
Кемпир, чалдын куну жок.
Камыштан кылган кепеси,
Кемпирдин өтөт кечеси.
Эчкиден качып токтобойт,
Беш эчкинин текеси.

Үстүнө киер кийми жок
Кемпир, чалдын өзүндө.
— Мындан көрө өлсөк — деп,
Жаш тыйылбайт көзүндө,
Өзүнөн тууган жок бала
Кудурет башка салган соң,
Бендесинде не чара.
Чөп алачык кепеси,
Камыштуу суунун боюнда.
Керээттик[1] кылып кемпирдин
Ар неме бар оюнда.

**КЕМПИРДИН СӨЗҮ**

Кемпир чалга чыйраксып,
Күйдүрүп сөздү көп айтат:
«Элдин-журттун эркеги,
Дүнүйө табат деп айтат.
Таап келген малың жок,
Мал табарга алың жок,
Алда кандай чал болдуң,
Адамдыкта саның жок.
Береги кийген көйнөгүм,
Беш жыл болду, жыртылды,
Эч болбосо самын жок,
Кетирдиң менин ырпымды.
Төркүнүмө бердимби
Өрүштө жаткан жылкыңды?
Мени алганың көп болду,
Сенин кылган жоругун
Көңүлүмө кек болду.
Баккан малың—беш эчки,
Мындан башка ишиң жок,
Эл ичинде жайлашып,
Бирдеме алар кишиң жок.

Жатасың да, уктайсың,
Карыш үйдөн чыкпайсың,

[1] Керээттик — билгичтик менен деген мааниде.

Адам десем, айбандай
Айткан сөздү укпайсың.
Аппак болду сакалың,
Абышка, сенин чатагың,
Он беш жылга толду бейм,
Үстүмдө кийген чапаным.

Көйнөк, дамбал менде жок,
Мендей шордуу элде жок,
Камырып-камсып мал табар
Кайрат-кубат сенде жок.

Мендей шордуу кемпирди
Сендей чалга келтирди.
Кесепеттүү абышка,
Кейитип жүрүп өлтүрдү.
Абийрим күлдөй чачылды,
Кийим таап келсеңчи,
Калтыратпай башыңды.
Кара өпкө алган эчкинди,
Кийим үчүн бир кызмат,
Абышкам, сага кылайын.
Ар качандан бир качан,
Айтсам сөзгө көнбөдүң,
Алжыраган абышка,
Ажал жетип өлбөдүң.
Кишилигин жогунан,
Кийим алып бербедиң.
Эми кийим таппасаң,
Кайрылып үйгө келбегин.

Абышка, сенин айыңдан,
Акмактык кылган жайыңдан,
Айран сурап, дан сурап,
Абийирим кетти айылдан.
Тамтыгым кетип таш болдум,
Ыйлап көзүм жаш болдум,
Оокаттын жайын айтам деп,
Дүмүр чал, сага кас болдум.
Эл катары кийим кийбедим,
Эч сырымды билбедиң.
Керсейген түгөт абышка,

Кебимди укпай тилдедин,
Жараткан кошкон амырга,
Жашымда күйдүм жабырга
Курсагым тоё, түгөт чал,
Жебедим тыштуу кабырга.
Үйүм болсо куу камыш,
Кандай жорук, сырт салыш?
Жабырды сенден көргөн соң,
Жайымды айтып көп наалыш.
Жеткир чал, сендей кесир жок,
Жетик айтам, эсиң жок,
Бала-чака эмессиң,
Баштагы жаштык кезиң жок.

**АБЫШКАНЫН**
**СӨЗҮ**

Абышка анда кеп айтат:
— Аяр кыл, кемпир! — деп айтат.
Кара жаны кашайып,
Калтырбай сөзүн эми айтат:
— Туйтуңдаган, куу кемпир,
Бу көрөкчө мени өлтүр!
Чапанды кайдан табайын?
Чамасын байкап карайын.
Көйнөктү кайдан табайын?
Көрүнсө көйнөк алайын.
Көпкүлөң тарткан кемпирим,
Эми көңүлдөнүп багайын.
Жаш кезиңде, кемпирим,
Жалдантып орок ордурдуң.
Жалгыз сени багам деп,
Кып-кызыл каным сордурдум.
Дарманымды кетирдиң,
Дарттуу кылып бүтүрдүң.
Каргашалуу куу кемпир,
Эми кандай ишке күтүндүң?

Кийим табар жайым жок,
Минип чыгар тайым жок,
Бала-чака эмесмин,

Баштагыдай шайым жок.
Жаш кезимден бери жакка,
Кемпир, кестиң демимди,
Ушунчалык айтайын,
Укпай койдуң кебимди.
Азыр менде дарман жок,
Эч дарманым калган жок.
Урушасың, турасың:
«Сени кудай алган жок!..»
Кекетесиң кеп менен,
Ишиң болбойт эп менен.
Качан болсо ойлонуп,
Жүрөсүң, кемпир, кек менен.
Тапканымды таш кылдың,
Качан болсо жашырып,
Кайгылуу сөзгө маш кылдың.
Бага турган эр тапсаң,
Байбай чунак жер тапсаң,
Колуң бош да, жолуң бош,
Багар эрди сен тапсаң.
Камыштан кылган алачык,
Туш-тушунун баары ачык.
Нече жыл турдук жан багып,
Оокат, жайга карашып.
Эми карашпасаң кете кой,
Тилегиңе жете кой.
Жыргай турган жер тапсаң,
Жыргап, куунап өтө кой.

Кесепет кемпир эсирди,
Кетирдиң менин бешимди,
Абийиримди кетирип,
Алмак болдуң өчүңдү.

**КЕМПИРДИН СӨЗҮ**

Кемпир калды куйтуюп,
Кеп айтпастан туйтуюп;
Төбөндөн урган, чалым деп,
Аялуу экен жаның деп.
Бар тапканың беш эчкиң,
Түгөл турат малың деп:
Түгөт чал, сендей чал барбы?

Түбөлүк сенде мал барбы?
Карганасың какылдап,
Кара өпкө сендей жан барбы?
Кайтарган эчкиң арткан жок,
Кайгыны мендей тарткан жок.
Атаң-энең жанында
Мендей акыл айткан жок.
Уктайсың да, жатасың,
Жатып шоруң катасың,
Кардың тойсо — сүйүнүп,
Кардың ачса — капасың.

Чал болбосоң жерге кир,
Чамынасың турасың.
Ойлонбостон оолугуп,
Ойдо жок жаңжал кыласың,
Кептин жөнүн билбестен,
Кесир чал, күндө урасың.
Кетирсең кетир, колум бош,
Кете берем, жолум бош.
Кесиреттүү абышка,
Келтирдиң мени намыска.
Кесириңди түгөтүп,
Кебиңди салам калыска.
Дарманыңды кетирем,
Даярмын арызга барышка...
Оолугуп кемпир жөнөдү,
«Ой!».. деген сөзгө көнбөдү.
Жайын билбейт кемпирдин
Жашында тапкан өнөгү.

**ЧАЛДЫН СӨЗҮ**

— Байбичем, сабыр кылгын!— деп,
Байкап сөзүм тургун деп,
Кийим болсо табылат,
Кичине чыдап тургун деп.
Түгөнбөгөн беш эчки,
Экөөн айдап сатайын,
Каран калган эчкини,
Кайда алып барып катайын?!
Же түгөнбөдү жок болуп,

Түбөлүк кеңеш токтолуп,
Кемпиримдин бул сөзү
Өпкөмө тийген ок болуп.
Же арбыбады көп болуп,
Кемпирге сөзүм кек болуп,
Эки эчки айдап бармакка,
Кеңеши тынды эп болуп.
«Кемпир, кайда жибиң?»— деп,
Базарда даяр кийим деп,
Башайы, барча аламын,
Кийимди кийип сүйүн деп.
Эки эчкини кошоктоп,
Каткан чал кетти базарга.
Эрте туруп камынып,
Жөнөп калды азанда.
Барса, базар жык толгон,
Адам турар жери жок,
Ырысы жок бул чалдын
Ынтымак кылар эли жок.
«Каран калгыр, чиге»— деп,
Кошогун чечип айдады.
Айдаган жерде адашып,
Бир эчкини жайлады.
Ары-бери жүгүрүп,
Азабы таштай кайнады,
Эчкисинен айрылып,
Эки көзү жайнады.
Бир эчкисин базарга,
Салып сатты абышка.
Беш, он теңге бергенин,
Алып сатты абышка.
Теңге колго тийгенде,
Түйөрүнө куру жок,
Уучтап алды колуна,
Мындан башка сыры жок.
Тон базары кайда?— деп,
Тапсам мага пайда деп,
Кемпирим мени кейитип,
Кетип калды айла деп.
Бир эчкисин жоготуп,
Бирин сатып теңге алып,
Мал сатпаган абышка

Басып барды көл салып.
Базарга барды тон сурап.
Башайы тонуң канча?— деп,
Бул базардын өзүнөн
Табылар бекен барча?— деп,
Табылар бекен буулум?— деп
Ташып жатат пулум — деп,
Ичик болсо дагы алам
Ичимдеги сырым — деп.
Он теңге пулун көрсөтүп,
Кымбаттан сурайт каткан чал,
Өмүрүнчө базарды
Көрбөй үйдө жаткан чал.
«Жиндиби бу чал, сообу?»— деп,
Таң калды жандын баарысы:
Бабырганбы, маңгиби?
Кайсы журттун карысы?
Он теңге бар колунда,
Учурадың сонунга,
Ушундай адам болобу?
Айбан мүнөз борумда
А дегенде киш сурайт,
Бир сурабайт, үч сурайт.
Экинчи сурайт барчаны,
Сурап жүрүп чарчады:
«Булум даяр колумда,
Талапкериң келе бер,
Самап келген буюмду
Санап алып бере бер».
Чал абаңдын жүргөнү,
Базарга болду тамаша.
Тамаша чалды кылмакка
Жаштар жүрөт жанаша.
Ал-аңгыча кеч кирип,
Күүгүм кирип, күн батты.
Байкуш чалың темселеп,
Жол таба албай түн катты.
Жарым түндүн өзүндө,
Чалың келди кемпирге.
Кекетип таңда узаткан,
Кемпирдин сөзү эсинде.
Кемпир чыкты жолунан

Кармады чалды колунан,
«Көтөргөнүң барбы?»— деп,
Сыйпалап жүрөт жонунан.
«Кайдан болсун, байбиче?
Сөз айтамын билгизе.
Үйдөн чыктым азанда,
Жетип бардым базарга,
Барган заман, байбичем,
Эчкимдин бири жоголду.
Карыган кэзде, курган чал,
Кайдан ишим оңолду?
Бирин саттым он теңге,
Санасам,— кыйла сом теңге.
Соодагерлер курусун,
Бергени жок эчтеңке.
«Санап булум ал,— дедим,—
Сандыгыңа сал — дедим.
Береги теңге алганым,
Буда кыйла мал»— дедим.
Базардагы адамдар,
Каткырыкты салышат,
«Кандай сонун адам»— деп,
Каткырып күлүп калышат.
Оюмда бар сөзүмдү
Калтырбай айтып сурадым,
Баркымды билбес кемпирге
Башымды кошуп куурадым
Башайы, барча асыл тон
Илилүү турат жайланып.
Теңгеме бирин берген жок,
Кара жолум байланып.
Мындан башка кебим жок,
Бул сөзүмдө төгүн жок,
Кагылайын байбичем,
Капа болор эбиң жок.
Тартынбадым малымды,
Аябадым жанымды,
Башка сөз айтып нетейин?
Байбичем, уккун зарымды.

**КЕМПИРДИН СӨЗҮ**

Түгөнгөн түгөт чал болдуң,
Түйшүгүң арбын жан болдуң.
Сенин кылган ишиңе
Акылым айран дал болдум.
Бала эмессиң, каргансың,
Далай жашка баргансың,
Айдаганың эки эчки
Жоготуп бирин салгансың.
Бирин сатып базарга,
Он теңге санап алгансың.
Каадалуу иш кылгансып,
Омураңдап калгансың.
Эч болбосо, түгөт чал,
Эби, жайын билбейби?
Эчкисин бөөдө жоготпой,
Эсеп менен жүрбөйбү?
Көйнөк, дамбал менде жок,
Мендей шордуу элде жок.
Эми эрден түңүлдүм,
Эмгеги кыйын бу күндүн.
Бул көрөкчө өлөйүн,
Өлүп көрдү көрөйүн.
Кобураган, түгөт чал,
Кордукка кантип көнөйүн?
Түгөт чал, сенден кечтим деп,
Бул оокаттан бездим деп,
Камыш үйүң өзүңө,
Кайрылбай мындан кеттим деп.
Абышкадан түңүлүп,
Арчадай бели бүгүлүп,
Мен кетемин, турбайм деп,
Кемпир качты жүгүрүп.
Кум бакадай купулдап,
Кемпир качты зыпылдап,
Ташбакадай тарбаңдап,
Чал абаң кууду барпаңдап.
Кемпирин жетип кармады,
«Кейибе»— деп зарлады.
Кепке, сөзгө келбестен,

Кемпири аны каргады.
Чыңырып сүйлөп аңкылдап,
Чалга кемпир шаңкылдап:
Эки эчкиден айырып,
Куу чал, алдың эсимди.
Көрүнөө залал келтирген
Көрбөдүм сендей кесирди.
Ачпайсың жумган көзүңдү,
Адам дебейм өзүңдү.
Кара башыл эчки кайраным,
Казан толгон айраным,
Токол эчки сүрөгүм[1],
Сүттүүсүнө күйөмүн.
Өрттөнүп өлгөн абышка,
Сени эр экен деп жүрөмүн.
Эр болгондо эбиң жок,
Эч болбосо, түгөт чал,
Оокатка кылар демиң жок.
Түгөт чал жүрүп түгөттү,
Ыйлап-сыктап күн өттү.

## ЧАЛДЫН СӨЗҮ

Кайгырбагын, байбичем,
Кадырымды билгизем,
Бар тапканым сен үчүн,
Пайдамды сага тийгизем.
Бир берсе бизге дөөлөттү,
Башайы, барча кийгизем.
Эсен болсом жыргатып,
Эл ичинде жүргүзөм.
Дөөлөт берсе жыргайбыз,
Мындай куурап турбайбыз.
Эки эчкиге кайгырба,
Эч кимден талап кылбайбыз.

---

[1] Сүрөк — сүттүү дегени.

## КЕМПИРДИН СӨЗҮ

Изиң сенин каткан чал,
Ийрейип үйдө жаткан чал.
Илесин таппай оокаттын,
Эки эчкимди саткан чал.
Күндө үч убак кобурап,
Кудайдан тилек тиледиң.
Тилеген сайын жүдөдүң,
Жыртылып киймиң түлөдүң.
Башыңда кийген бөркүң жок,
Адам көрөр көркүң жок.
Бул берип кийген чапан жок,
Мултуйган чалым, сакал жок
Бутуңда кийген чарык жок,
Биз өңдөнгөн арык жок.
Жокчулуктун айынан
Ыйлап жүргөн карып жок.
Менин жайым мына бу,
Моюнга илер жери жок,
Эч жеринде эби жок.
Биз өңдөнгөн шордуу жан,
Жаралды бекен бендеден?
Ар канчалык азапты
Көрөт экен өлбөгөн.
Чөп алачык кепебиз,
Тилекке качан жетебиз?
Калкта биздей шордуу жок,
Какшап жүрүп өтөбүз.

## АБЫШКАНЫН СӨЗҮ

Анда абышка кеп айтат:
— Аяр кыл, кемпир,— деп айтат,—
Ушул сөзүм тыңдагын,
Ургаачылык кылбагын.
Карыдык, өлдүк, жоголдук,
Канткенде кайтып оңолдук?
Өлө турган кезимде

Ылайык эмес чогоолдук.
Кемпир, чал — бизде бала жок,
Баладан башка санаа жок,
Бербесе бала кантебиз?
Бендесинде чара жок.
Абышка, кемпир зарланып,
Сабыр кылып токтолду,
— Ыйлаба! — деп айтарга,
Жанында адам жок болду.

# ЭЛДИК ДАСТАНДАР

■

## ЖАҢЫЛ МЫРЗА

Эртегинин жомогу,
Эми келди оролу,
Аялдан Жаңыл мырзаны,
Айтсам эби болобу?
Байыркынын жомогу,
Баштасам келер оролу.
Баатырлыгы артык кыз,
Байкатсам жөнү болобу?
Кыздан чыккан тынары,
Кызматын кыса[1] кылалы.
Аялдан чыккан тынары,
Ачылат адам кумары.
Кагазга Жаңыл жазылбай,
Калбасын деп бу дагы.
Акын молдо Байымбет,
Айткым келди азыраак.
Жаңылдын кылган өнөрү,
Жайылсын калкка чачырап.
Эми чыкты шатырап.
Эл оозунда жүргөн сөз,
Атагы дайын Жаңылдын,
Ата журту Нойгут дейт.
Атасынын өз аты,
Нойгуттан чыккан Койгут дейт.
Лоп дайрадан туулган,
Жүргөн жери чуулган.
Кара калмак каңгайдын,
Калкын бөйдөй куурган.

---

[1] Кыса — казал кылалы.

Асынганы саадак ок,
Аялдан чыккан бул бир шок.
Колок[1] атып, жаа тартса,
Аялда мындай баатыр жок.
Алты шаар, Кашкарда,
Элинин баары баш камда.
Эртегинин сөздөрүн,
Эрикпеймин жазганга.
Койгуттун кызы Жаңылды,
Кошмок болдум дастанга.
Айтсам келер оролу,
Аялдан чыккан арстанга.
Асили Нойгут кыргыздан,
Артык чолпон жылдыздан.
Кызда болсо Нойгуттун,
Намысына тырышкан.
Кара калмак уругу,
Алтай тоодо туругу,
Алты шаарга жолобой,
Качып жаткан бир кыздан.
Алты шаарды жердеген,
Адамга намыс бербеген.
Эрегишип Жаңылды
Эрлерден эч ким жеңбеген.
Каары келген душманга,
Кайраты туул төлдөгөн.
Кармаша кеткен эр болсо,
Кайрылып үйүн көрбөгөн.
Алты шаар, Кашкарда,
Аксы менен Турпанда,
Кара шаар, Камбылда,
Жеркен менен Котондо,
Жергеси менен көп Нойгут,
Жердеп турган ошондо.
Атпай Нойгут тукуму,
Лоп дайрада турулган.
Лоп дайранын боюнда,
Оён Жаңыл туулган.
Ок, саадак атып ойногон.

[1] Колок—жаанын огу.

Басташып келген эр болсо,
Баатыр кыздан сойлогон.
Кылычын кыя байланган,
Алтайдын тоосун айланган,
Атасы Койгут, өзү кыз,
Атышкан жоосун жайлаган.
Саадагын сая байланган,
Алты шаарды айланган,
Жоо бөрүсү баатыр кыз,
Жоо жарагын шайланган.
Аламын деп Жаңылды,
Алда канча жан келген.
Калмак менен кыргыздан,
Калк бийлеген хан келген.
Эл бийлеген эр келген,
Эрегиш кылып шер келген.
Бел байлаган бек келген,
Беттешип мыкты көп келген.
Барына Жаңыл тийбеген,
Басташкан эрди сүйбөгөн.
Саадагы колдо турганда,
Салышпай Жаңыл жүрбөгөн.
Жаңылды жеңип алсак деп,
Канча баатыр дүрбөгөн.
Каарынан корккондон,
Кандардын баары сүрдөгөн.
Акылы толук баатыр кыз,
Азгырган сөзгө кирбеген.
Атышып жеңип албаса,
Мени ала койчу ким деген.
Кыргыздын чоңун кыйраткан,
Кыйла жанды ыйлаткан
Колок менен сулаткан,
Аткан жерде кулаткан.
Калмактын чоңун какшаткан,
Казактын чоңун аксаткан.
Ургаачынын жолборсу,
Улуктун баарын бастаткан.
Кашкардын каны Кантурсун,
Көпкөндүктөн катылган.
Ажалы жеткен Турсундун,
Аялдан чыккан баатырдан.

Жаңылды алам деп келип,
Ажал окко чатылган.
Колу тийип Жаңылдын,
Колок менен атылган.
Казынасы таланып,
Канчалык мүлкү чачылган.
Жарадар болгон эчен жан,
Жаңыл мырза баатырдан.
Кашкарга Турсун хан эле,
Тарлан боз атын идерип,
Арага жуучу жиберип.
Алсам деп калды хан Турсун,
Баатыр кызды имерип:
— Атың Жаңыл мырза — деп,
Мырза кыз сөзгө турса деп,
Алайын деген оюм бар,
Анык жооп кылса деп,
Так өтпөйсүң дүйнөдөн,
Акыры эрге тиесиң,
Эсиң болсо өзүңдө.
Эр кадырын билесиң.
Эрге тийбейм дегениң,
Эсирип жүргөн мүнөзүң.
Эс акылың бар болсо,
Мен айткан сөзгө киресиң.
Анда Жаңыл кеп айтат.
Кеп айтканда бек айтат:
— Жеңип мени алчууну
Көрө элекмин — деп айтат.
Кашкардын ханы хан Турсун,
Каарына кандай жан турсун?
Карындашын алам деп,
Хан Турсун, сени ант урсун.
Саадагын колго имерип,
Долу кара атын идерип,
Козголоң баштап Жаңыл кыз,
Кологун атып жиберип.
Уруш-чабыш кылбастан,
Акылын таап бир баштан,
Колок менен жайлады,
Жазганып Жаңыл турбастан.
Берендиги кармады,

Беттешкен жерде жайлады.
Колуна саадак кармады,
Колок менен жайлады.
Кашкардын ханы Турсунду,
«Акыретке» айдады.
Жибербей акыл тузагы,
Хан Турсундай канчаны,
Алам деп келген Жаңылды,
Турсундун шору кайнады.
Хан Турсундай канчаны,
Жаңыл мырза жайлады.
Долу кара атын каргытып,
Саадактын огун арбытып,
Хан Турсунду сойду деп,
Кашкардын калкын дарбытып.
Жаңылдын кылган адаты,
Көрүп келген адам жок,
Көпчүлүк айткан санаты.
Боло калбас калети.
Аз аңгеме айтайын,
Мырза Жаңыл өнөрүн,
Аялда болсо Жаңыл кыз,
Ойго албаган өлөрүн.
Асманга калпак ыргытып,
Түшүрбөй жерге жүз атат,
Калбыр кылат калпакты,
Эрегишкен эрлерден,
Канчаны Жаңыл чарчатты.
Жааны чоюп асманга,
Колоктун бирин атканда,
Кайрылып колок түшкөнчө,
Аркасынан жана атып,
Асманга окту тургузуп,
Майдалап салган колокту.
Ким көргөн мындай домокту?
Карылар айткан сөзү экен,
Калк ичинде жомокту.
Өзү эркек борумдуу,
Кылган иши орундуу.
Өпкө[1] кызыл, оңмо эмес,

[1] *Өпкө кызыл* — ачык кызыл эмес деген мааниде.

Өзү окуган молдо эмес,
Кошомат айтып бирөөгө,
Кош сөз айткан жорго эмес,
Ылжыраган сары эмес,
Эркекче жүрүш ар эмес.
Түрү суук кара эмес,
Түрлөнбөй жүрчү жан эмес.
Буудай өңдүү кер сары,
Заары бар бетинде,
Шам жаккандай кып-кызыл,
Жалыны бар көзүндө.
Адамдын мизин кайтарган,
Айбаты бар сөзүндө.
Атка чыйрак чабендес,
Ителгидей кара көз;
Качпай жүрүп качырат,
Канчалык душман келсе да,
Саадагы даяр боюнда.
Жаа тартканы жандан тез,
Кабарын угуп калыстан,
Атагын угуп алыстан,
Алабыз деп Жаңылды,
Нечен баатыр сабылды.
Кайраты кабат Жаңылдан,
Канчанын башы чабылды.
Анжыяндын жеринен,
Адигиненин элинен,
Жаазынын жайык белинен,
Анжыян менен Арканын,
Атагы дайым чегинен,
Үлбүрчөк, Бургуй атанып,
Баатырлыкты жат алып,
Көөп турган кезинде,
Учурады кесирге.
Жаңыл кызды алам деп,
Кеткен жок, булар эсинде.
Алабыз деп Жаңылды,
Аттанууга камынды.
Азамат эрлер кыз үчүн,
Ажалга келип кабылды.
Аттанып чыгып жол алып,
Анча-мынча кол алып,

Ала-Тоону аралап,
Басып өттү Кашкарды,
Аралап өттү Аксыны,
Торчуп өттү Турпанды,
Марал башы оюнда,
Лоп дайранын боюнда,
Ойноп жаткан Жаңылга,
Үлбүрчөк, Бургуй эки эр.
Өзү келип катылды.
Баатырлыгын өлчөбөй,
Балекетке чатылды.
Жаңыл да карап турган жок,
Жалынып сөздү урган жок.
Кайратты кабат чоң кылып,
Качып моюн бурган жок.
Саадактын огун жаадырып,
Салышып чыкты турбастан,
Балакеттүү баатыр кыз,
Басташып чыкты бир баштан.
Колок атып, жаа тартып,
Майданга кирди турбастан,
Үлбүрчөк, Бургуй эки эр,
Аянбай бу да салышты.
Жаңыл кызга бет алып,
Жазганбай кирип барышты.
Үлбүрчөк менен Бургуйду,
Жаңыл мырза жайлады.
Саадактын огу зыркырап,
Кан төгүлүп шыркырап,
Кара жан кетти чыркырап,
Калганы ыйлап буркурап.

**ҮЛБҮРЧӨК**
**МЕНЕН**
**БУРГУЙДУН**
**КАТЫНЫНЫН**
**КОШОГУ**

Салганың калды
Сарала кыргый
Алганың калды —

— Келинчек, Бургуй.
Минген атың
Чал кашка жорго,
Жорголой албай —
Бир таман жолго.
Салып бардың —
Жасалуу колго,
Түшүп калдың
Жайылуу торго.
Не катылдың
Өзүңдөн зорго
Минген атың —
Көк кашка жорго,
Көрүнөө бардың —
Жасалуу колго.
Чалынып калдың, жайылуу торго
Түшүп калдың —
Казылган орго.
Не катылдың —
Өзүңдөн зорго?
Алам деп бардың Жаңылды,
Жаңылдан мээнет жабылды.
Канетейин арман күч,
Алганың ыйлап зарылды.
Адигине эл калды,
Ашуулу жазы бел калды,
Үлбүрчөк, Бургуй аталып,
Жердеген жазы жер калды.
Жайлоочу элең Арпага,
Татуучу элең канчага,
Топурак Лоптон буюруп,
Кайтпадың кайтып Аркага.
Карабет кызга катылдың,
Каргашага чатылдың.
Үлбүрчөк, Бургуй эки эрдин
Жаңылдан болду катары.
Жарашпады сапары,
Асыл туйгун эки эрдин,
Айтылып калды макалы.
Анжыян, Арка арасы,
Жалпы жердин сарасы.
Үлбүрчөк, Бургуй аталып.

Эки жайлоо төр турат,
Жылаңач-Чытты белинде.
Атагы дайын жер турат.
Ошо төрдөн шаркырап,
Эки булак суу агат,
Үлбүрчөк, Бургуй аталат.
Муну мындай коюңар,
Ар демеден ою бар,
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Кабарынан болуңар.
Асылы түбү сарбагыш,
Айтылат сөзү чын калыс.
Түбү келет далайдан,
Агул, Кубул, Тагайдан,
Орун алып турчу экен,
Ала-Тоо менен Алайдан.
Кылжырдын аты Сарбагыш,
Өңү сары, мойну ийри,
Кылжыр деп атак алыптыр,
Дөөлөс деген бир уулу,
Сарбагыш атак алыптыр.
Дөөлөстөн болгон төрт бала,
Токо, Жантай, Таздар дейт.
Эң кичүүсү Манап дейт,
Токо, Манап чоң болуп,
Журтка бүлүк салган дейт.
Түтүнгө асый алган дейт,
Азапка элди салган дейт.
Алман алып, эл жемек,
Манаптан нуска калган дейт.
Манаптын болгон балдары,
Сарысейит, Тугур дейт.
Сарысейит балдары —
Үчүкө, Түлкү эки хан,
Үчүнчүсү Кудаян,
Үчүкө, Түлкү, Кудаян,
Үч ага, ини бир тууган.
Кашкардагы Жаңылдын
Кабары буга угулган.
Нойгуттан бир кыз чыкты деп,
Далай эрди жыкты деп,
Кара калмак, кашкарлык,

Жаңылдан коркуп ыкты деп.
Кыйла чабал домогу,
Кыз да болсо мыкты деп,
Бул кабарды укканда,
Жаңылдын даңкы чыкканда,
Жаңылды барып алмак деп,
Нойгутка булук салмак деп,
Арбын кошуун кол менен,
Айлына баса бармак— деп,
Аялдан корккон болобу,
Корккон адам оңобу?
Ал кара бет Жаңылдын,
Арбып барат домогу.
Түлкү мырза Жаңылды,
Алмак болуп жөнөдү.
Лоп дайрада Нойгутка
Бармак болуп жөнөдү.
Кошуунду арбын мол алды,
Миң чамалуу кол алды.
Оендор сапар кылууга,
Лоп дайрага жол алды.
Каркап[1] бир миң кол жүрүп,
Саналуу бир миң жол жүрүп,
Лоп дайранын оюнан,
Аккан суунун боюнан,
Койгуттун алды жылкысын,
Нойгуттун ачты уйкусун.
Кошуундун баарын күлдүрүп,
Жылкысын алып бүлдүрүп,
Айдап жолго салыптыр,
Арбын жылкы алыптыр.
Үчүкө, Түлкү жылкыны,
Кең Какшаалды өрдөтүп,
Жылкыны жолго салыптыр.
Бул арада Жаңылга,
Жылкыны алып кетти деп,
Жаңыдан кабар барыптыр.
Жаңыл угуп козголуп,
Тура албады токтолуп,
Кой күрөң атын каргытып,

[1] *Каркап* — көп деген мааниде.

Аңгемени арбытып:
— Идерлүү жигит, күлүк ат,
Бириң калбай аттан — деп,
Элдин баарын дарбытып,
Саадагын сая байланып,
Жоо жарагын шайланып.
Атамдын аты Койгут деп,
Ата-журтум Нойгут деп,
Түлкү менен Үчүкө,
Эркексинип булар — деп,
Эрдемсип жүрөт куулар — деп,
Нойгуттар атка мингин деп,
Жалпы тамам жүргүн деп,
Жөнөп калды турбастан,
Аттын башын бурбастан.
Жалпы Нойгут жан калбай,
Аттанып калды баарысы,
Бири да моюн бурбастан.
Жаңылын салып алдына,
Нойгуттун колу жөнөдү,
Толуп жаткан Жаңылдын,
Кыла турган өнөрү.
Үчүкө, Түлкү жылкы айдап,
Жаңыл үчүн бел байлап,
Алды, артынан жол чардап,
Марал, Токой, Ийри-Жар,
Баса конуп алышты.
Кош башына бир бээден,
Ай туяк деп чалышты.
Келер Жаңыл турбас деп,
Кеңешти кылып алышты.
Ал аңгыча күн батты,
Эр отту жагып салышты.
Келсе Жаңыл алыш деп,
Эрдемсиген Жаңылды,
Элге алып барыш — деп,
Тамашага батканда,
Жаңыл мырза келиптир,
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Экөөнү бирдей көрүптүр.
Үчүкө, Түлкү эгиз эр.
Экөө тең баатыр жан экен,

Кордоп болбойт адамды,
Айтканынча бар экен.
Качырганын кайсаган
Кара чаар шер экен.
Ыгы келсе бирөөнө,
Тийип алчуу эр экен.
Ийри жардын үстүндө,
Сынап Жаңыл олтурду,
Сымбаттуу Түлкү баатырды,
Сынап сынга толтурду.
Ал аңгыча кер тайган,
Жойлоп жетип барыптыр,
Кер тайгандын келгенин,
Үчүкө көрө калыптыр.
— Тайганы келди канчыктын,
Өзү да келип калган бейм,
Сыртыңдан чалгын чалган бейм.
Сыпатың байкап алган бейм.
Ат-атыңа камын деп,
Келген экен Жаңыл — деп,
Үчүкө айтып салыптыр.
«Канчык» деген бир сөздү,
Жаңыл каршы алыптыр.
«Үчүкө сөзүн танбайт»—деп,
Түлкү мени албайт — деп,
Алса дагы Жаңылдын,
Канчык аты калбайт — деп,
Жааны чоюп келтирип,
Тиер жерин өлтүрүп,
Үчүкөнү бүктөдү,
Түлкүнү жайлап таштады.
Талыкпаган Жаңыл кыз,
Тамашаны баштады,
Атакозу, Чабагы,
Ыргып туруп ордунан,
Эмне болуп кетти деп,
Башын өөдө көтөрүп,
Жөлөп калды а, дагы.
Жаңыл мырза турбастан,
Башка кепти урбастан,
Атакозу, Чабакты,
Колок менен келтирип,

Аны да жайлап таштады.
Талыкпаган кара бет,
Тамашаны баштады.
Башка колго тийбестен,
Жылкысын алып колуна,
Кайра түштү жолуна.
Баштан аяк кулак сал,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Келбеди иши оңуна,
Жаңылдын түштү торуна.
Тагайдан барган миң кошуун,
Үчүкө менен Түлкүнү,
Кара жерди оюшуп,
Кадимкидей коюшуп,
Тарап кайтты элине.
Ала-Тоонун чегине,
Сарысейит баатырдын,
Кулак салгыла кебине.
Атакозу, Чабактын,
Атап кой ата тегине.
Асылы саяк Кабадан,
Айрылып чыккан агадан,
Шыкмаматтын бир уулу,
Бөлөкбай менен Бөөбүй дейт,
Бөлөкбай калып саякта,
Башчысынан айрылып,
Бөөбүй жүрөт таякта.
Сарбагыштын ичинде,
Бөөбүй кетти таралып.
Башчысынан айрылып,
Баштарын катып, жан багып,
Үчүкө, Түлкү өлгөнүн,
Жаңылдан жабыр көргөнүн,
Жалпы кошуун кор болуп,
Жабыр тартып келгенин,
Калк жыйылып уктурду,
Сарысейит баатырга
Ташка тамга баскандай,
Сөзү калды акырга.
Армандуу менин балдарым,

Алдырды деп катынга.
Үчүкө, Түлкү кулунум,
Убайым көрбөй курудум.
Артында калып балдардын,
Арманым айтып, улудум.
Козу, Чабак арстаным,
Атанын ордун басканым,
Асылдардан айрылып,
Арманым айтып какшадым.
Парбардигер кудайга,
Бар бекен менин жазганым.
Өкүргөн үнү басылбай,
Өксөп жатты бир далай.
Капалыгы басылбай,
Какшады Сейит бир далай.
Угузуп келген калың журт,
Баарысы ыйлап буркурап,
Басылбастан чуркурап.
Сарысейит абаңыз,
Үнүн баспайт зыркырап.
Кой деп коёр эч жан жок,
Турбай жатып ыйлады,—
Кары Сейит ошондо,
Кара жанын кыйнады.
Байбичеси Сейиттин,
Басып келди кашына:
— Капа болбо, Сейитим,
Кайрат кылгын жашына,
Үч баландын тынары,
Тукум болот булары.
Кутуруп түшкөн курсактан,
Кан уучтап түшкөн карындан,
Кудаян деген балаң бар,
Артыңда болоор караан бар,
Ушуга кайрат кылгын деп.
Үчүкөнүн үч уулу,
Бир Үчүкө болбойбу,
Бири Түлкү болбойбу.
Бири ашык турбайбы,
Кубат, күчүң кетирбей,
Сарысейит абышка,
Буга шүгүр кылбайбы.

Түлкүдөн Тынай турбайбы,
Түбүндө санаа тынбайбы,
Түлкүдөн калган бир тукум,
Бу да туяк турбайбы.
Көп ыйлаба, абышка,
Сөзүндү сынат калыска.
Көп күйбөгүн отко деп,
Сабыр кыл байым, токто деп.
Ишеничтүү иш кылып,
Иштин артын сокто — деп,
Байбичеси айткан соң,
Сарысейит басылды.
Капалыгы жазылды,
Кайгырган көөнү ачылды.
Кабар айтып кат берип,
Казактан бери чакырды.
Жайлоо каркап толгондо,
Ат кара тил болгондо,
Кабар салды ханына,
Казак, кыргыз баарына:
«Сарысейит балдары,
Нойгуттан барып өлдү деп,
Жаңыл кыз муну женди деп,
Жанындагы кошууну,
Томсоруп ыйлап келди деп,
Казактардын хан Тооке,—
Баарыбызга калыс деп,
Мунун кунун куубасак,
Баарыбызга намыс деп.
Барар жолу алыс деп,
Барып намыс алыш деп,
Баарыбызга кордук деп,
Нойгуттун кылган бул иши,
Хан Тоокеси баш болуп,
Казактан келди миң киши.
Кара кырчын туругу,
Хан Шырдакбек улугу.
Карабагыш хан Төлөк,
Калматай деген карысы,
Жалпы журттун калысы,
Кара Тейит калкынан,
Хан Тейиштин балдары,

Ак Кочкор, Каңкы баарысы,
Анжыянда туругу.
Адигине уругу.
Тилекенин сегизбек,
Кабар барып далайдан,
Алар келди Алайдан,
Наркы атасы Курманбек,
Өз атасы Сейитбек,
Анын уулу Шырдакбек,
Казак, кыргыз калкына.
Кабар салып жалпына.

. . . . . . . . .

Чыйраксынган Жаңылдын,
Түшмөк болду артына
Калың кошуун кол менен,
Какшаалга барчуу жол менен.
Бара турсун хан Шырдак.
Арбын чогуу кол менен.
Кара кырчын боюнда,
Ар деме бар оюнда,
Өң мыктылар чогулуп,
Сөзгө кирди ушунда.
Хан Тоокеси сөз баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
«Алты шаар, Кашкар оюнда,
Лоп дайранын боюнда,
Калың Нойгут элинен,
Кесирлүү кыз чыкты дейт,
Кездешкендин баарысын,
Курдумга[1] башын тыкты дейт.
Төрт оёнду сойду дейт,
Сомдоп таштап койду дейт.
Казак, кыргыз балдары,
Ар шайманды камдагын,
Идерлүү жигит, азамат,
Бул намыстан калбагын.
Кабар салып келүүгө,
Бир азамат камдангын.
Өлбөй адам калабы,

---

[1] *Курдумга* — суунун айлампасы.

Жайлап турса төрт эрди,

. . . . . . . . . . . . .

Адамда тукум калабы.
Буга намыс кылбасак,
Нойгутту жеңип тынбасак,
Бул кара бет Жаңылды,
Казанчы күң кылбасак,
Чыдабадым балдарым,
Бул Жаңылдын дартына,
Бир кызга тең болбойт деп,
Жаман атак калбайбы...
Казак, кыргыз артыңа.
Кеп-кеңешиң бүтүргүн,
Тез камынып күтүнгүн.
Казак, кыргыз элиңден,

. . . . . . . . .

Бир азамат кабар ал,
Кашкарда Нойгут элинен.
Ат жакшысын тандап мин,
Тон жакшысын ылгап кий,
Барып кабар алып кел,
Нойгуттун элин чалып кел,
Угуп сөзгө канып кел.
Азамат жигит бел байлап,
Анык кабар алып кел!»
Хан Шырдак туруп камынып,
Кайыптан кеңеш табылып,
Тейиштин уулу Аккочкор,
Чалгынга барсын деп айтып,
Эрегиш кылып кыз үчүн,—
Элге-журтка эп айтып,
Боз жоргону мингизди,
Борумдуу тондон кийгизди.
Боз жоргонун жоругун,
Бүтүн айтып билгизди.
Шашке ченде жөнөдү,
Байкагын буудан өнөрүн,
Эртеңки күнү шашкеде,
Анык кайра келерин.
Айткан сөзүм кармагын,
Шашкеден түк да калбагын.
Масилет кылып олтуруп,

Сынчылар сынап болтуруп,
Ал кабылан баланы
Көңүлүнө толтуруп,
Баатыр Кочкор балага,
Шырдакбек эми кеп айтат:
Астыңдагы жоргого,
Этиет болгун деп айтат.
Тегин жылкы ал эмес,
Жылкыдан туулган мал эмес,
Кайыптан туулган канаттуу,
Чарчабаган боз жорго,
Чаалыкпаган адаттуу.
Дем алдырган жеринде,
Абыдан орун жайлагын,
Кантарып аса байлагын.
Суутун жакшы кандыргын,
Көк шиберге чалдыргын.
Суугандагы белгиси,
Салып коёт боз жорго,
Колтугунда канатын.
Кайра тартып алганда
Канатынан үн чыгат,
Окуранып унчугат.
Ошондо жорго сууганы,
Окуранып өзүнө,
Кабар кылып турганы.
Аябай чөптү чалдыр деп,
Ссуга абдан кандыр деп
Эсине албай бөлөктү,
Эр Аккочкор өнөктү.
Бата берип бардыгы,
Нойгутту көздөй жөнөттү.
Боз жоргону каргытып,
Аңгемени арбытып,
Бара турсун Аккочкор,
Капкалуу Кашкар жерине,
Калың Нойгут элине.
Эми кулак салыңар,
Жаңыл кыздын кебине.
Кыздан чыккан бир баатыр.
Кылыгын айтар кеп жатыр.
Лоп дайрада туулган.

Ойротко салган чуулган.
Кашкар чекте туулган,
Калмакка салган чуулган.
Кабылан билек, таш жүрөк,
Арстандан кыйын Жаңыл кыз,
Ургаачынын шери бул,
Лоп дайрада туулуп,
Орун алган жери бул.
Баатырлардын эсеби,
Салкындап жайлоо чыгууга.
Жайлоого көчкөн кезеги.
Жайлоо мезгил болгондо,
Көп Нойгутун самсытып,
Кулансарык, Сапарбай,
Курчап келип конгондо,
Аккочкор баатыр барыптыр,
Аңгемени салыптыр.
Аралап жүрүп бар жерин,
Баарын чардап алыптыр.
Кабылан Кочкор жаш бала,
Бешим маал болгондо,
Кайра жолго салыптыр.
Күүгүм кире, күн бата,
Эки арал суу саяңга,
Келип жатып калыптыр.
Айтылуу буудан боз жорго,
Абыдан сууту кансын деп,
Аса байлап салыптыр.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде,
Отко коюп олтуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,
Боз жоргону миниптир,
Аккочкор жолго кириптир.
Аркыратып жоргону,
Чүйдү көздөй жүрүптүр.
Күн чачырап толгондо,
Шашке маал болгондо,
Тооке хан, Шырдактын,
Тобуна барып кириптир.
Хан Тооке менен Шырдакбек,
Чалгынчыбыз келди деп,

Чардап жерин көрду деп,
Тоорулчубуз келди деп,
Толук кабар берди деп,
Аккочкордон кеп угуп,
Аңгемесин көп угуп,
Нойгуттун калкы жайлоого,
Келген экен деп угуп.
Эч ким менен иши жок,
Каршы чыккан киши жок.
Тамашага батыптыр.
Туйгун жаткан кезинде,
Ылдам барып катылсак,
Тууттан калган кесирге,
Эрге тийбей олтуруп,
Эмгекке калган жесирге.
Аккочкор айтып салыптыр,
Хандар кабыл алыптыр.
Сары өзөн Чүйдүн оюнан,
Кара кырчын боюнан,
Апыл-тапыл ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Аңгемени салышып,
Айтуяктан келтирип,
Ак боз бээ чалышып,
Асаба желек калкылдап,
Айчыктуу туулар жаркылдап,
Желегин жерге урушуп,
Жерге тартып турушуп,
Алакан ачып, кол жайып,
Батаны мыктап кылышып,
Калың кыпчак өзүнүн,
Хан Шырдак колду баштады.
Акылынан шашпады.
Анын арка жагынан,
Азамат эрдин багынан,
Казак, кыргыз аралаш,
Түрүлүп кошуун жөнөдү
Тооке, Шырдак, Төлөктүн,
Толуп жатат өнөрү.
Бет алып чыкты Какшаалды,
Тооке, Шырдак, Төлөктүн,
Алдына адам тура албай,

Айбатынан жазганды.
Азгана эмес, мол жүрүп,
Арбын черүүн кол жүрүп,
Аксайга барып жатышты;
Санаты беш күн жол жүрүп,
Аксайга жатып калышты,
Ат өргүтүп алышты.
Эми Тооке кеп айтат,
Азаматтар деп айтат:
Төлөк, Шырдак иним деп.
Айткан сөзүм билгин деп,
Туйгун жатып алчу эмес,
Кабар укпай калчу эмес.
Акылга дыйкан мыктыңдан,
Айткан кеби ыктуудан,
Сан колго кирсе аралап,
Душманга сыр алдырбай,
Жайын байкап чыкчуудан,
Эки азамат даярдап,
Жайсыз кийим кийгизгин,
Жапыс атты мингизгин,
Жайын байкап келүүгө,
Жашырын элчи киргизгин.
— «Макул болот баатыр — деп,
Бу айтканың акыл — деп,
Эл ичинен кыбалап,
Эр жигиттен тандады,
Эптүү жигит камдады:
«Жок караган өңдөнүп,
Жолборсторум, барып кел,
Жолу каткан Нойгуттан,
Анык кабар алып кел.
Картаң кызды көрүп кел.
Журт үчүн кылган бир кызмат,
Ажал жетсе өлүп кел.
Жай баракат шашпай кел,
Барган жолдон жазбай кел.
Тууттан калган карыны,
Ыраңы суук сарыны,
Эрден калган карыны,
Эмгек тарткан сарыны,
Анык сырын билип кел,

Айбыкпастан кирип кел.
Азаматтар барып кел,
Анык кабар алып кел!
Аралап кирип Нойгуттан,
Ашкере кабар чалып кел».
Эки азамат аттанып,
Жолго түшүп шаттанып,
Жетип барды кидирбей,
Эч бир сырын билдирбей,
Аралап кирип алышты,
Айбыкпастан барышты.
Аңгемени салышты.
Кең Кашкардын оюэкен,
Кулансарык, Сапарбай,
Какшаал дайра бою экен.
Жаңыл кыз элин чогултуп,
Үлүш берген тою экен.
Аттарды чапа байлашып,
Отурар жерин жайлашып,
Кеңештерин болтурду,
Экөө бери бөлүнүп,
Билинбестен олтурду.
Айтып сөзүн туйдуруп,
Колуна суу куйдуруп,
Аземин журттан арттырып,
Элге табак тарттырып,
Буудай өңдүү ак куба,
Сулуу кара ат минген,
Башына кундуз бөрк кийген,
Саадагын сая байланган,
Бар шайманын шайланган,
Келип калды бир жигит,
Элдин баарын башкарат,
Эл ийменип жазганат.
Ургаачыдай түрү бар,
Айбаттуу заар сүрү бар.
Барган жигит бүрөөдөн,
Тиги киши ким деди,
Ким экенин билбеди.
Чабак десек жаяндай,
Эркек десек аялдай.
Сураган киши деп айтат,

Кеп айтканда деп айтат:
Сен кайдан келген адамсың?
Акылың жок жамансың.
Үлүш берген көп калкка,
Жаңыл мырза ушу деп,
Калың Нойгут ичинде,
Койгуттун эр кызы деп,
Турган жери Какшаал деп,
Ургаачыдан Жаңылдын,
Урматы артык арстан деп,
Кемчатын кийип башына,
Жолборстугун карматып,
Жолдош алып кашына,
Жаңыл мырза ушул деп,
Ал киши айтып токтоду.
Баатырдын эми өзүнө,
Үндөгөн адам жок болду.
Аземин артык арттырып,
Эки адамга бир табак,
Алып келип тарттырып,
Жансыз барган эки адам,
Элдин жайын билүүгө,
Ченчи барган эки адам,
Билип жайын озунду,
Бирине-бири кошулду.
Тамашаны көрдүк деп,
Тамакты бирге жейлик деп,
Мейиз кошуп аралаш,
Палоо кылган күрүчү,
Ашып турган кези экен,
Жаңыл кыздын жүрүшү.
Күрүчкө баскан эти бар,
Кызда болсом эркектен,
Ашыкмын деген ээти бар.
Этин тартып болгондо,
Тартууну байкап өткөрүп,
Эт, күрүчүн көтөрүп,
Элинен келген шайланып,
Эт, күрүчүн ал жерде,
Чаначка салып байланып;
«Хандар бизге кеп айтар,
Белги албай биз барсак,

Барбай келдиң деп айтар».
Аттарына миништи,
Кайта жолго киришти.
Тооке хан менен Төлөк хан.
Хан Шырдакка барышты.
Жаңылга барган ченчини,
Хандар кепке алышты.
— Билип, көрдүк Жаңылды,
Баатырлык кетпейт оюнан,
Ала келдик шыбага,
Үлүш берген тоюнан. —
Эт, күрүчүн алышып,
Бир табакка салышып.
Хандардын койду алдына.
— Бар белгибиз ушу деп,
Көпкөн экен кутуруп,
Нойгуттун кары кызы деп,
Эч жеринде кеми жок,
Эрдигинде чени жок.
Кыз да болсо Жаңылды,
Адамга өлчөөр теңи жок.
Адамдан башка баатыр кыз.
Түрүн көрсөң жигиттей,
Жарыбаган жаакыр кыз,
Кыздын жайы ушу деп,
Кылбайлык буга кусур — деп,
Баргандар айтып токтоду,
Масылат кеби чук болду.
Баргандан угуп кабарын,
Эми Шырдак октолду:
«— Карыш турган Нойгутка,
Барбай кантип кетебиз?
Кара бет кыз Жаңылды.
Албай кантип кетебиз?»—
Шырдак айтып турганда,
Ушу кепти укканда.
Калкына карап деп айтат:
«Мен бийлеген кеп болсо,
Баары журтка эп болсо,
Акыл менен баралы,
Амал менен алалы.
Көп Нойгуттун жылкысын,

Айдап жолго салалы.
Жылкысын айдап алган соң,
Жаңыл карап турчу эмес,
Баатырсыган кара бет,
— Башка сөздөн урчу эмес.
Акыл менен баруучу,
Жылкыны тийип алган соң,
Салкар[1] жолго салуучу.
Азамат эрлер жам болуп,
Бүйткага туруп калуучу.
Ал кара бет Жаңылды,
Өткөрүп ийип жол менен
Артынан келип алуучу»...
Тейиштин уулу Аккочкор,
Балбандыгы бар экен,
Башкача баатыр жан экен:
«Боз жоргону мин» — деди,
«Жан аябай кир» — деди.
«Жаңыл кыйып өткөндө,
Ийменбестен кир» — деди.
«Ылаачындай ил»— деди.
Апыл-тапыл камынып,
Аттанды колдун барысы.
Карабагыш, хан Төлөк
Казактын ханы Тооке да,
Калк башкарган хан Шырдак,
Кашында турган эл курдап,
Колду баштап жөнөдү,
Айгайлаган чуу менен,
Ала байрак туу менен,
Аксайдан жөнөп калышты,
Айдың жолго салышты.
Жол кармаган тилчисин,
Жолдон кармап алышты.
Камсыз жаткан Жаңылга,
Калың кошуун барышты.
Түрүлгөн кошуун мол барып,
Бейкут жаткан Жаңылдын,
Жылкысын тийип алышты.
Жылкы тийип колуна,

[1] *Салкар* — чоң жол.

Шырдакбек түштү жолуна.
Байкаңар сөздүн соңуна.
«Жылкыны алып кетти— деп,
Түпкө Шырдак жетти — деп,
Жетпегенде нетти?— деп.
Кароолду жакшы койбостон,
Бейкамдык бизден өттү»— деп,
Жоо жарагын шайланып,
Аленгир[1] жаасын асынып,
Кылычын кыя байланып,
Кыздан чыккан кабылан,
Кара атын минип каргытып,
Калкынын баарын дарбытып.
Аңгемесин арбытып,
Артынан түштү Шырдактын,
Аянбаган чыйрактын.
— Аз эмес, арбын мол болсо,
Сандуу түмөн кол болсо,
Бүгүнкү күндүн өзүндө,
Кара долу бууданым,
Сени абдан сынайын.
Калабалуу Шырдакты,
Кайсап жаным тынайын.
Атпай Нойгут — калың журт,
Айтканыма көнгүн — деп,
Азамат жигит, бел байлап,
Артымдан калбай келгин!— деп.
Калабалуу Шырдакка,
Катылбай деги койбоймун,
Мага караан болуп бергин!— деп,
Кара долу бууданын
Каргытып Жаңыл жөнөдү.
«Калкын баштап келгендер —
Хан Шырдак менен Төлөгү.
Карыясы Калматай,
Хан Тооке экен жөлөгү.
Тартынбаймын барганга,
Талап жылкым алганга,
Намыс келет өзүмө,
Талатып Нойгут калганга.

[1] *Аленгир* — алек кылуучу деген сөз.

Бар кайратым чыңдаймын,
Баатырлыгым сынаймын.
Үчүкө менен Түлкүдөй,
Атакозу, Чабактай,
Баарына кыргын саламын.
Башымды тартпай саламын.
Алып кеткен жылкымды,
Ажыратып аламын!»,—
Жаңыл кетти каргытып,
Тамашасын арбытып.
«Калбай баарың келгин — деп.
Көп Нойгутту дарбытып,
Жаңыл мырза элирип,
Бара турсун жолуна,
Хан Шырдакта не сөз бар,
Кабардар болгун сонуна.
Жылкыны тийип алышкан,
Жылдырып жолго салышкан.
Казактардын хан Тооке,
Өзү аяр молтолуу[1].
Кыпчактардын хан Шырдак,
Жүрөгү майлуу толтолуу.
Кара багыш хан Төлөк,
Качып жоодон коркобу?
Жылкыны жолго салыптыр,
Ажыратып алыптыр.
Азаматтын баарысы,
Буйгадан бугуп калыптыр.
— Тейиштин уулу Аккочкор,
Өзүң баатыр шер — деди,
Балбандыгың дагы бар,
Баарыбыздан эр — деди.
Боз жоргону мин — деди,
Тартынбастан кир — деди
Жаңыл кыйдам өткөндө,
Бул кара бет долуну,
Аркасынан кир — деди.
Боз жоргонун жалына,
Балан-бастан дедирбей,
Башка сөздү айттырбай,

---

[1] *Молтолуу* — эң амалдуу.

Басып келип бер — деди.
Ал-аңгыча болбоду.
Жаңыл келди шаңкылдап,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Атып өттү шартылдап,
Кыя салып кеткенде,
Кыйкырып Жаңыл өткөндө,
Бугуп турган оёндор,
Качырып чыгып калышты.
Аянбастан барышты,
Аңгемени салышты.
Камынып барган Аккочкор,
Ителги таан илгендей,
Жүрөгүнүн курчунан,
Оролто кармап сыртынан,
Боз жоргонун жалына,
Басып алып жөнөдү.
— Бали, баатыр, бали, деп,
Хан Шырдакбек өнөгү,
Кара багыш Төлөгү,
Жаңыл тийип колуна,
Кол кайрылып жөнөдү.
— Нойгут да биздин кыргыз — деп,
Арбагынан жылгыс — деп,
Айылын эми чаппайлык,
Арзан олжо таппайлык.

. . . . . . . . .

Хан Төлөк сөздү баштады,
Кайраты барлар шашпады.
Чабуул коюп бүлдүрбөй,
Калкын аман таштады.
Алып барды Жаңылды,
Айтылуу Жаңыл кабылан,
Ажыдаарга кабылды.
Жоо шайманын алышты,
Санаасы тынып калышты.
Долу кара үстүнөн,
Жерге сүйрөп алышты.
Кеңешип туруп баарысы,
Кементайды кийгизди,
Кер байталды мингизди,
Кереметти билгизди.

Арбын жылкы, көп малды,
Ажыратып алышты.
Жетелетип Жаңылды,
Айдың жолго салышты.
Кең Арпанын башына,
Чатыр-Көлдүн кашына,
Жылкыны жайып салышты.
Жаңыл кызды баш кылып,
Калың олжо алышты.
Казактардын жан Тооке,
Карыябыз сен —деди.
Бул олжону бөл — деди.
Жаңыл кызды ал — деди.
Калкыңа алып бар — деди.
Кашкардан тапкан олжом — деп,
Хан Тооке өзүң ал — деди.
— Калматай ага турганда,
Жаңылды кантип алайын,
Изат кылбай карыга,
Жанына кантип барайын—
Тооке мындай дегенде,
Карыябыз эмеспи,
Калматайга бериңер,
Кары, жашың жыйылып,
Ынтымакка келиңер.
Акылдашып олтуруп,
Айтканыма көнүңөр.
Кыз карысы Жаңылды,
Жанынан Жаңыл табылды.
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Кунуна келди Жаңыл кыз,
Атакозу, Чабактын,
Айлына келди Жаңыл кыз.
Калматай ага алсын деп,
Калматайга барсын — деп,
Ушул сөзгө келишти,
Калматайга беришти.
Жылкыга кирди бөлүшүп,
Санагын дайын көрүшүп...

. . . . . . . .

Көп жылкыны санаса,

Эки санга[1] толуптур.
Эсепсиз жылкы болуптур...
Хан Төлөк менен Шырдакбек,
Ар кайсысын беш минден,
Төрткө бөлдү жылкыны.
Казактын ханы Тоокеге,
Беш миң жылкы беришти..
Ынтымагы келишти.
Үчүкө менен Түлкүнүн,
Атакозу, Чабактын
Айтылган дайын куну деп,
Сарбагыштын элине,
Беш миң жылкы беришти.
Анжыянда туругу,
Адигине уругу,
Кара багыш калкына,
Үлбүрчөк, Бургуй куну деп,
Кеңешип кепке келишти,
Беш миң жылкы беришти.
Оң менен солдон калганга,
Олжо талап барганга,
Төрт миң жылкы беришти.
Жылкыны бөлүп алышты,
Жылдырып жолго салышты.
Аккочкор бала шер деди,
Ааламдан ашкан эр деди,
Мөөсүлүнө[2] Кочкордун
Бир миң жылкы бер деди.

**КАЛМАТАЙ ЖАҢЫЛДЫ АЛГАНДАГЫ КҮТҮШҮ**

Кара багыш Калматай,
Каалап алды Жаңылды:
«Карып калган кезимде,
Жаңыл мырза табылды.

---

[1] *Саң* — он миң баш малга таандык айтылган сөз.
[2] *Мөөсүл*—энчисине деген мааниде.

Айылын бөлөк кондуруп,
Төрт түлүктүү малынан,
Энчисин бөлүп бериптир,
Буга Жаңыл көнүптүр.
Күн алыста күйөөлөп,
Калматай абаң келиптир.
Айылын алыс кондуруп,
Аземин башка болтуруп,
Күндө жыйын тамаша,
Хан Төлөк конуп жанаша,
Мырза Жаңыл жеңем деп,
Жеңем турсун энем деп,
Берекелүү байбиче,
Пейли—кую кенен деп,
Кара багыш уругу,
Изат кылып турушту...
Калматай өзү карган чал,
Жетимишке барган чал.
Жаш кезинде дууланып,
Далай намыс алган чал.
Байбичеси башында,
Баатыр Жаңыл кашында,
Жаңылды алды Калматай,
Так жетимиш жашында.
Жаңылды айтат мырзам деп,
Буралып басып турсаң деп,
Жайдары өскөн чиркиним,
Жакшылап кызмат кылсаң деп.
Анда Жаңыл кеп айтат,
Анык сырын эми айтат:
— Эркекче өсүп калыпмын,
Ээн калсын — деп айтат.
Анык жылы дайынсыз,
Бир нече жыл турушту,
Ынтымак оокат кылышты.
Колунан жарак алган соң,
Айласы канча Жаңылдын,
Арстандай Жаңыл баатырдын,
Күлө багып кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Сарамжалын башкарып,
«Кайыр, кудай кылды—деп,

Карыган чалга буюрду—деп,
Шагым жаман сынды—деп,
Эми жаным тынды—деп.
Кармалдым көптүн колуна,
Түштүм туюк торуна.
Карыган чалга туш кылган,
Башында кудай кыз кылган.
Ырысымбы, шорумбу,
Ыйлаймын өзүм шорума.
Санаамды бурбай бөлөккө,
Таянайын Төлөккө.

. . . . . . . .

Кайрат кылып кеп айтып,
Как ушундай деп айтып...
Муну мындай коёлу,
Анжыяндын жеринде,
Арстанбаптын черинде,
Калк камаган ак жолборс,
Кабарынан бололу.
Арстанбап асыл жер экен,
Ар түрдүү жыгач кени бар,
Караңгы токой чер экен.
Арстандардын уюгу,
Аюу, жолборс, шер экен.
Калкы кабар кеп угуп,
Кеп укканда көп угуп,
Арстанбапта токойдон,
Ак жолборс чыкты деп угуп.
Эл жайлоого чыкканда,
Чыгарбай жолду бууду дейт,
Жан каттатпай жайлоого,
Жандын баарын кууду дейт.
Балакетти баштайт дейт,
Барганды алып таштайт дейт.
Кыйкырып турсаң кылчайып,
Өзү адамдан качпайт дейт.
Үчмактуу[1], журт кеп кылды,
Уу кылалы деп кылды.
Калматай баатыр зайыбы,
Мырза Жаңыл айымы.

---

[1] *Учмактуу* — көпчүлүк деген мааниде.

Мергендиги ашык деп,
Угулду эле дайыны.
— Саадагын белге чалсын—деп,
Кологун колго алсын—деп,
Ак жолборстон бул элди,
Ажыратып калсын деп.
Баатыр Төлөк башында,
Жеңеси Жаңыл кашында.
Жолборско барды камынып,
Аттанды Жаңыл шанданып,
Карап туруп калың журт,
Жазганбай чыккан Жаңылдын,
Кайратына таң калып.
Өзү Жаңыл мерген кыз,
Тоодон теке терген кыз.
Керме тоонун тоосунда,
Далай жолборс көргөн кыз.
Кыз кезинен бер жакка,
Кызыкты далай көргөн кыз.
Өзү баатыр балбан кыз,
Качпай жоого барган кыз,
Далай намыс алган кыз.
Кара чаар жолборстон,
Далайын жайлап салган кыз.
Жаңыл туруп кеп айтат,
Жолборско жакын барганда,
Кеп айтканда деп айтат:-
Келтирип сөзүн бек айтат.
Келип турган көпкө айтат,
— Ушул турган калайык,
Бир күчүктөн качабы?
Айласынан күчүктүн,
Акылынан шашабы?
Катындын сөзү дебесең,
Айласын өзүм табайын,
Ак жолборско барайын,
Арканга байлап алайын.
Адигине балдарын,
Ажыратып салайын.
Туйгун Төлөк кайнимин,
Тузун актап салайын.
Кабыландай чамынып,

Жаңыл кылды кайратты,
Көпчүлүктүн алдында,
Кызыл тилин сайратты.
Барды токой кашына,
Төлөктү алып башына,
Жаңыл мырза кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Угуп тургун калайык,
Ушу сөз мага ылайык,
Айткан сөзүм тыңда—деп,
Аял-кылчаң кылба—деп.
Бүткөн боюм баарысын,
Аркан менен чырма—деп,
Кайын агалар, кайнилер,
Ак жолборско жиберип,
Анан мени сында деп.
Алып келбесем жолборсту,
Аял кылып турба—деп.
Жалпы элет көчмөн журт,
Жайлооңо барып жырга—деп.
Тула боюн келтирип,
Аркан менен чырматып,
Айтылуу Жаңыл оёну,
Аңгемени ырбатып.
Жолборстун жаткан жерине,
Бекинип жаткан ченине,
Калктын баарын бүлдүрүп,
Катылып жаткан чебине,
Калкы сөзүн эп көрүп,
Катында мындай болбойт деп,
Кайраты чыкты жүзүнөн,
Жолборсту Жаңыл койбойт деп,
Айткан адам көп болду,
Калкка сөзү эп болду.
Калк үчүн кызмат кылууга,
Жаңыл басты шаңданып,
Жолборсту байлап алууга.
Аркан, жибин камданып,
Карап турган жарданып,
Калың журт калды таңданып.
Жаңыл барып жолборсту,
Бекинип жаткан черинде,

Комдонуп жаткан жеринде,
Кыймылдатпай кармады,
Аркан менен байлады.
Кемеч[1] салып оозуна,
Келтирип Жаңыл байлады.
Жолборстун көзү жайнады,
Жетелеп алып жолборсту,
Төлөктүн келди кашына.
Айран калды калың журт,
Жаңылдын кылган ишине.
Калк баарысы кубанды,
Кайратына жубанды.
Жаңыл баатыр экен деп,
Баары журт буга ынанды.
Элдин баары жайланып,
Жабыла көчтү тоосуна,
Жаңыл себеп болгон соң,
Кабылан жолборс жоосуна.
«Катын деп айтып болбойт»—деп,
«Катын деген оңбойт»—деп,
Калың журт алды оозуна.
Жолборсту кармап жеңишип,
Кайрылып үйгө келишип,
Үйүнө келип жайланып,
Арасынан ай өтүп,
Жыл айланып жай өтүп,
Сандыргалуу Жаңылдын,
Сарамжалы шай өтүп.
Эч нерсе жок эсинде...
Кесепеттүү Калматай,
Учурады кесирге.
— Мен, каадалуу катын алгансып,
Кайындап буга баргансып,
Карыган кезде кор болдум,
Кытайдан келген кесирге.
Каадаланбай кармап кой,
Жаңыл менин бутумду.
Кетирбей менин курчумду,
Мага салбай сыртыңды,
Кармагын Жаңыл бутумду.

---

[1] Кемеч — капшырып байлоо.

Анда Жаңыл кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
— Эркекче өскөн курган жан,
Эбим келбей калыптыр,
Эбимди кудай алыптыр.
Усулу[1] жок өскөн курган жан,
Сумбатсыз өсүп калыпмын.
Усулуңду кудай алыптыр,
Ушалап кармап бутуңду,
Эркекче өскөн курган жан,
Эбим келбей калыптыр.
Эсимди кудай алыптыр.
Кармабай кантип коёюн,
Зайып болуп өзүңө
Салтанаттуу абышкам,
Салчы кулак сөзүмө.
Кытай деп айткан жеринде,
Капа кылдың дилимди,
Катын эмес, кыз элем,
Кастыгың мага билинди.
Кемитип мага сөз айтып,
Кейитпей жүргүн көөнүмдү.
Кыз келип, сага туш болдум,
Кытай деп таптың өөнүмдү.
Айтпаймын сөздү мактанып,
Кара кастан актанып,
Кыз келип сага туш болдум,
Канетейин арман күч,
Кытай деп сага мыш болдум.
Кейитпеймин өзүңдү,
Кечирим кылдым сөзүңдү.
Кыянат сөздү көп айтып,
Кылбай жүрдүм кесирди.
Башында не үчүн аласың,
Кытайдан калган жесирди.
Эркекке Жаңыл жолобос,
Сактыгымды билесиң,
Өзүңө келип бой коштум,
Актыгымды билесиң.
Кечээ кармап бердим жолборсту,

---

[1] Усулу — араб сөзү, метод деген мааниде.

Бабам Нойгут баласы,
Жердигимди билесиң.
Көңүлдөн калгыс суук сөз,
Не деп айтып жүрөсүң?—
Күлө багып кашкандап,
Күзгүдөй бети тастаңдап,
Кейиген дилин билгизбей,
Жайкап сүйлөп токтолду,
Жаңылдын жайын билгендей
Жанында адам жок болду.
Жалпы элет көчмөн журт,
Жайлоого көчүп октолду.
Арпага карап эл көчүп,
Эрте туруп үй чечип,
Салтанат болуп абыдан,
Асыл жайлоо Арпага,
Көчүп чыкты жаңыдан,
Көч үстүндө боз балдар,
Баары сүйлөп бабырап,
Баштан аяк дабырап,
Жарымы айтып «эне» — деп
«Сыпатыңды карасак,
Тынарга чалыш шумкардай,
Алдыңдагы кара атың,
Айтылуу буудан тулпардай,
Жаш чагында үйрөнгөн,
Өнөрүң бизге дайынсыз.
Өзүнө адам баталбай,
Далайга жүрдүң кайырсыз.
Баркыңды билген эл айтат,
Кыздан чыккан баатыр деп.
Кыяпатты жана айтат,
Кыянаттуу капыр деп.
Көпчүлүккө көрсөтүп,
Өнөрүн кылып жатыр дейт.
Өнөрүңдү көрмөккө.
Куштар болуп турабыз,
Көрсөт бизге өнөр деп,
Көбүбүз сурап турабыз!..»
Анда Жаңыл кеп айтат:
«Аяр кыл, балдар! — деп айтат,
Байкагын балдар сөзүмдөн,

Бул иш чыккан эсимден.
Эсимден чыккан бир ишти,
Эсиме кайра салбаңар.
Желиктирип жеңилтип,
Менин тынчым албаңар».
Кары-жашы жыйылып,
Энекелеп сыйынып,
Буга Жаңыл болгон жок,
Болбосуна койгон жок.
«Кайнилерим, кайыр»— деп,
«Калаба болор айыл» — деп,
«Өзүм аман турганда,
Өнөрүм анык дайын» — деп,
Долу кара бууданын,
Келтирип Жаңыл токуду,
Буудандын жайын бир катар,
Булбулдай болуп окуду.
Басмайылын бек тартып,
Чап олоңун бош тартып,
Куюшканын келтирип,
Куткунун түптөн узартып,
Көк жамынчы кементай,
Бөктөрүнчөк бөктөрүп:
«Кесепет, балдар, кылдың» — деп.
Кебин айтып өткөрүп.
Саадагын сая шайланып,
Кылычын кыя байланып.
Жоо жарагын чыңданып,
Сары жаргак чоюлма,
Кең багалек сайма шым,
Келтирип тыштан шымданып,
Жоо көргөндөй чыңданып,
Атка минди койкоюп,
Бастырып чыкты болкоюп,
Карай салып кашынан,
Макмал кыюу ак калпак,
Жанында турган жигитти,
Ыргыт деди башындан.
Асмандатып ал жигит,
Ыргытты калпак башынан,
Саадак тартып, ок атып,
Адис болгон жашынан,

Калпакты жерге түшүрбөй,
Удаасы менен үч атты,
Аткан сайын күч атты.
Жебеси менен жети атты,
Жерге калпак түшүрбөй,
Кайра-кайра көп атты.
Калбыр кылып таштады,
Мас болгондой оолугуп,
Балакетти баштады.
Кысып алды денеси,
Кылчайып элге кетмекке,
Ата журту Нойгутка,
Аманында жетмекке,
«Айланып келген Нойгуттан,
Өзүмдүн атам Койгуттан,
«Койгун десем» — болбодуң,
Алдымдан чыгып торгодуң,
Айтканыма болбодуң,
Мен Нойгуттан келгенде,
Айдап келдиң жоолуктан,
Кер байталга мингизип,
Байлап келдиң боолуктан.
Эртегим түштү эсиме,
Элим түштү оюма,
Аман-эсен калыңар,
Ага-тууган баарыңар.
Дагы айтар сөзүм бар,
Уга турган кезиң бар.
Баатырың Шырдак кашында,
Хан Төлөгүң башында,
Кармап бердим арстанды,
Байлап бердим жолборсту,
Кызматымды билбедиң,
Жакшы айткан тилге кирбедиң.
«Кытайдан келген эски» — деп,
«Кесири көп кески» — деп,
Каргашалуу Калматай,
Жаңыл атым өчүрдүң,
Жайлап жакшы сөз айтып,
Анын баарын кечирдим.
Кадырымды билбедиң,
Мен келгени бетинден,

Жалпы кыргыз четинден,
Эрегишкен калмактар,
Жалгыз байтал алган жок,
Айтпаган сөзүм калган жок.
Айбатымдан жазганып,
Айлына душман барган жок.
«Кытайдан келген долу» — деп,
«Кыз Жаңыл — жандын кору» — деп,
Чалга таңып зарланттың,
«Кытай күндүн шору» — деп,
Жаш жигитиң тоотпой,
Башымды чалга байладың.
Кер байталга мингизип,
Кементайды кийгизип,
Жылкыга кошуп айдадың.
Арманым көп кантейин,
Азабым аштай кайнадым
Эрге тийип жыргайм деп,
Эки көзүм жайнадым.
Кара атын Жаңыл каргытып,
Оозунан көбүк баргытып,
Аңгемесин арбытып,
Айтып сөзүн чаргытып,
Жаңыл мырза жөнөдү,
Жок экен анда Төлөгү.
Кара багыш калың журт,
Карап турду бөлөгү.
Кең Арпанын башынан,
Караколдун чатынан,
Качып чыкты шер Жаңыл,
Калматайдын кашынан.
«Карма кытай күңдү!» — деп,
Калматай туруп бакырды,
Калкынын баарын чакырды.
«Аяр күңдү карма!» — деп,
Артынан кууп калыптыр,
Калматай менен Чомотой,
Айкырыкты салышып,
Артынан кууп барыптыр.
«Жаштар күнүн көрсүн» — деп,
Катылбастан жаштарга,
Калматай менен Чомотой,

Жайлап салып чалдарды,
Жөнөп калды Какшаалга,
Чалдарды атып салган соң,
Кара багыш уругу,
Кан буугандай токтолду.
Кайраты кабат Жаңылга,
Кол кайтарган жок болду.
Чаңдатып Жаңыл качыптыр,
Чатыр көлдү басыптыр,
Торгарт белин ашыптыр,
Кең Кашкарга барыптыр,
Кенелип жатып калыптыр.

## ШЫРДАКБЕК

XVI кылымдагы болгон аңгемелер. Шырдакбек Кыпчак уруусунан Ешимкандын тукуму болуп, Тейитбек, Курманбек, Сейитбек, Шырдакбек болуп, бүткүл Анжиян арканы каратып, калмак менен беттешип турган. Бул кезде калмактын ханы Чагай болуп, бүтүн алты шаар Кашкарды бийлеп турган. Амурсан деген Ат-Башыда туруп, бул арада Контаажы менен Чагай хандык талашып, калмактар да калаба салып Чагайга келет. Буга Чагай орун бербей, Контаажыны Ала-Тоого айдап жиберген.

Контаажы ээн жер, ээн элге келип, Чүйдүн башы Кеминден орун алган. Башы Ысык-Көл, Кызыл-Кыяга чейин, аягы Талас түн тарабы Иле, күн жүрүш тарабы Анжианга чейин хандык кылып, калкын сурап турган. Калдама деген уулун Анжианды суратып койгон. Ажаан деген уулу сары өзөн Чүй, Кочкор, Жумгал, Нарынды сурап турган. Контаажы өзү Иле, Ысык-Көлдү сураган. Кан Шырдактын өмүр баяны, тарыхы жазылат:

Сөзгө кулак салыңыз
Баатыр Шырдак ханыңан,
Кандай түрлүү иш кылган,
Кабарын угуп алыңыз.
Анжиянда туулган,
Агламга салган чуулган.

Туйгун Шырдак баатырдай
Туулбайт адам уулдан.
Хан Шырдактын энеси,
Боюна Шырдак болгондо,
Үч айга бүтүн толгондо,
Талгак болду энеси,
Кабылан жолборс этине.
Жан чыдабай бетине,
Тамак ичпей талыгып,
Жолборстун эти табылбай,
Жаман болду зарыгып.
Жалаң жолборс эти эмес,
Талгак болгон жүрөгү,
Толуп жатат дүмөгү.
Катыны жатып калган соң
Капа болуп талыгып,
Карап туруп Сейитбек,
Капа болуп жүдөдү.
Айтып сөзүн шар кылды,
Калкын жыйып жар кылды.
Эртең ууга барам деп,
Жоборс атып бериңер,
Бурулбастан калың журт,
Буйругума көнүшөр.
Эртеңден калбай уу кылып,
Жолборс атып келиңер.
Жоругума көнүңөр.
Береги менин байбичем,
Жөнүн айтып билгизем.
Кош бойлуу болгон кезеги,
Жүрөгүнө жолборстун
Талгак болду дешеди.
Тамак ичпей талыгып,
Талыкшып жатат күн-түнү,
Уккан, көргөн бар бекен
Мындай кызык үлгүнү?
Байбичем талгак болгону —
Кабыландын жүрөгү,
Саргарып жатып алган соң,
Каныма батты дүмөгү.
Боюндагы баласы,
Тегин бала болбойт го?

Теңдигинен ажырап,
Темтейип бекер жүрбөйт го?
Ичимде жүрөм сүйүнүп,
Кабыл болсо тилегим,
Баатыр бала болот го?
Баркын байкап билемин.
Хан Сейитбек калк баштап,
Жолборско чыкты камынып.
Байбичеси үйүндө
Жолборстун этин сагынып,
Тоого чыгып уу кылып,
Алда канча дуу кылып.
Калаба салды калкына
Канча түрлүү чуу кылып.
Мергендерин келтирип,
Добул кагып карсылдап,
Мылтык атып тарсылдап.
Айдап чыгып токойдон,
Ак жолборстон үчтү атты.
Үчөөн бирдей сойдуруп,
Жүрөгүн алып койдуруп,
Хан Сейитбек шататнып,
Байбиченин алдына
Барып түштү мактанып.
Тамак ичсем кусам деп,
Жайын байкап байбиче,
Жаткан экен сактанып.
Жолборстун этин сагынып,
Жатуучу эле сабылып,
Жүрөгү келди дегенде,,
Ыргып турду камынып.
Можуча[1] келген жез казан
Сууну арбын куюптур,
Таза жууп жүрөктү,
Жез казанга салыптыр.
Үч жолборстун жүрөгүн
Бүт бышырып алыптыр.
Жан адамга бербестен,
Жанына адам келбестен,
Жалгыз жеп тоюп алыптыр.

---

[1] Чөнкө казан.

Талгагы каныш калыптыр.
Талгагы анык канган соң,
Эч нерсени ойлонбой,
Үч күн уктап калыптыр.
Түрлүү нерсе ойлонуп,
Түлкүдөй болуп жойлонуп,
Арасынан жай өтүп,
Тогуз толук ай өтүп,
Онунчу айга барганда
Он күн өтүп калганда,
Толгоосу келди баланын,
Аңгемени козгоду,
Чыдай албай толгоого.
Байбиче жаман боздоду.
Балакеттүү бала бейм?
Бала мени алат бейм?
Баркымды билген Сейитбек,
Байым жесир калат бейм?
Ушу бала оңбойт го?
Оң жакшылык болбойт го?
Эмчи, домчу кемпирден,
Бир нечени келтирген.
Бүбү менен бакшыдан,
Алып келди далайды.
Чыдай албай байбиче,
Эки көзү алайды.
Жаным чыгып барат деп,
Эстен танып алайды.
Тартыңар деп бакырды,
Табыптан канча чакырды,
Тогуз күнү толготту,
Сай сөөгүн какшатып,
Байбичени боздотту.
Сейитбек жүрөт эндиреп,
Этек-жеңи делбиреп.
Баласы куруп калсын деп,
Байбичем аман калса экен,
Аман-эсен көз жарып,
Тилегим кабыл болсо экен.
Ак боз бээ алдырып,
Түлөө кылып чалдырып,

Сары улактан тарттырып,
Садаганы чаптырып.
Тогуз күн толук толгондо,
Толгоосу бышып болгондо.
Каканагы шар этип,
Баланын үнү бар этип
Оң колуна кан уучтап,
Сол колуна дагы уучтап,
Бала түштү баркырап.
Маңдайы ысык жаркырап.
Эркек экен бала деп,
Эми тынды санаа деп,
Алты эркек, үч катын,
Сүйүнчүгө жүгүрүп,
Калктын баары сүйүнүп,
— Кан Сейитбегим сүйүнчү!
Байбичең эркек тапты! — деп,
Абийириңди жапты деп,
Калмаматка жолдош деп,
Мындай сонун болбос деп.
Сейитбек анда кеп айтат:
Сүйүнгөндөн деп айтат,
Байбичем аман калдыбы?
Бала болсо табылды.
Бактыма келип кабылды...
Сүйүнчүсүн мол берди.
Эр башына тогуздан
Сарпай кымкап тон берди.
Жан башына экиден
Жарамдуу жакшы ат берди.
Сүйүнүп турган Сейитбек
Ат бергенде бат берди.
Сүйүнчү келген тогузун
Сүйкүмдүү кылып жөнөттү.
Баланы барып көрмөккө,
Табылды мага эрмек деп,
Той камына киришти,
Атадан калган өрнөк деп.
Басып кирди Сейитбек,
Байбиче айым үстүнө:
— Бешик бооң бек болсун,

Өмүрүң узун болсун деп,
Байбичеси балкайып,
Баласын алып чалкайып,
Аябай тердеп нымыгып,
Кашында турат бир катын,
Этек-жеңин кымырып.
Бул баланын калабасы,
Аябай арбын көп болду.
Баландын жүзүн көрөйүн,
Мен көрүүгө эп болду.
Айта жүрчүү кеп болду.
Баланы алып колуна,
Карап туруп Сейитбек,
Бешенеси жарык деп,
Белгилүү болор соңума.
Баланы берип айымга,
Басып чыкты айлына.
Аман турса бул балам,
Кез болдум деп кешикке,
Эч кимге сырын айтпастан,
Айткан сөздөн кайтпастан,
Жети бээ сойду жентекке,
Катындын баарын тойдурду.
Аңгемени болтурду,
Акыл ойлоп олтурду.
Төөдөн тогуз мал союп,
Жылкыдан токсон бээ союп,
Аябай арбын той союп,
Алда канча кой союп,
Калкын жыйып эт берип,
Тоюн берип өткөрүп,
Атын койду Шырдак деп,
Атагы дайын Шырдак бек
Дөөлөтү каркап толсун деп,
Жоо бөрүсү болсун деп.
Баланын түрү башкача,
Баатырлык атак алсын деп,
Башташып келген душманды
Айдап жолго салсын деп,
Айтылуу Шырдак баланын
Артына даңкы калсын деп,
Эли бата беришип,

Эгилип баары келишип,
Той тарап калкы кайтышты.
Саламат болсун бала деп
Жалпы журту айтышты.
Кылымдан көрдүк зордукту,
Калмактан көрдүк кордукту.
Калчадан көрдүк зордукту,
Калмактан көрдүк кордукту.
Аяк асты болгондо,
Айрып алчу бала деп,
Кордук көрүп жүргөндө,
Коргоп алчу бала деп,
Сынчылар сынап олтурду,
Шырдакты сынга толтурду.
Сейитбек калды сүйүнүп,
Сынчынын айткан бул сөзүн
Көңүлүнө түйүнүп.
Баласын Сейит жактырып,
Бапестеп жакшы бактырып.
Сегиз жашка келгенде,
Сейитбек өлүп жаш калды.
Жетим калган хан Шырдак,
Жетилерге аз калды.
Атасы бардай дуулабай,
Акылынан адашып,
Кимден да болсо жазганды.
Арасынан күн өтүп,
Алты, жети жыл өтүп,
Кедейликтин өзүнөн
Көнүк болду Шырдакбек.
Кеп сураса укпаган
Жөнүк болду Шырдакбек.
Элдин баары кеп айтат:
Кеп айтканда көп айтат.
Сейитбектин баласы
Зөөкүр болду деп айтат.
Аны да Шырдак андабайт,
Илгери басып умтулуп,
Аракет кылып чамдабайт.
Он бешке жашы келгенде,
Оён Шырдак оолукту,
Баштагыдан демденип,

Баш көтөрүп толукту.
Уктап жатып түшүндө,
Ак сакал чалга жолукту.
Ак сакал чал кеп айтат:
Кеп айтканда деп айтат.
Шырдак, мындай жатпа дейт,
Жатып шоруң катпа дейт.
Баштагыдай затың жок,
Алдыңда минген атың жок.
Аттан башка дартың жок,
Эртең турбай жөнөгүн,
Эске албагын бөлөгүн
Беш күн тынбай жол жүрсөң,
Күндөп-түндөп сен жүрсөң,
Кайнаган ысык чөл келет,
Чөлдүн баары кум болот.
Сенин кылар ишиң бул болот:
Чөлдүн орто ченинде,
Кайнаган кара кудук бар,
Кашкайып суудан тунук бар,
Кудуктан агып көл болгон,
Токтогон суу өзөн бар.
Көлдө сонун кеби бар.
Ушу көлгө барганың,
Балам Шырдак, эби бар.
Көрүнбөйт сенин көзүңө,
Көлдү баккан ээси бар.
Ушу сөзүм угуп ал,
Ушул көлдөн суу ичкен,
Кулундуу боз бээси бар.
Кай жерден барып от оттоп
Келгенин адам билбеген,
Кайсы жерди туруктап
Жүргөнүн адам билбеген.
Өзү — кайып тукуму,
Үч күндө келет булакка.
Өзү кетет узакка,
Түк илинбейт тузакка.
Бул кулунду боз бээ,
Тууганына көп болгон,
Башынан бери макталган,
Сен үчүн, Шырдак, сакталган.

Алты ай сапар жол жүрсөң,
Арыбаган мал болот.
Алтымыш азый жүргөнчө,
Карыбаган мал болот.
Кулун тийсе колуна,
Бактыңды кудай бергени.
Дөө болосуң, Шырдакбек,
Дөөлөттүн сага келгени.
Энеси боз бээ адамга
Өмүрүнчө карматпайт,
Кайыптан бүткөн жан ошо,
Касиеттүү мал ошо.
Боз бээден тууган боз кулун
Айтайын сага түп сырын:
Өзү жорго басаган,
Майда жашын жашаган.
Колуңа тийсе ат болот,
Колкосун берип алам деп,
Көп адам сенден жат болот.
Касиеттүү ат болот,
Кандар сурап жат болот.
Периштелүү ат болот,
Бектер сурап жат болот.
Боз жоргонун үстүнө
Минсен бала, өлбөйсүң.
Эрегишкен душмандан
Эч жамандык көрбөйсүң.
Айтып берип Шырдакка,
Ак сакал түштү жолуна,
Бактысы артык Шырдактын
Байкаңар сөздүн соңуна.
Ойгонуп кетсе Шырдактын,
Кайрат айткан өзүнө,
Кашында турган чалы жок,
Түшүнө түлөө кылганга,
Кембагал Шырдак малы жок.
Акыры кудай берер деп,
Алынча дөөлөт келер деп,
Айран болуп түшүнө,
Алданып кылган ишине,
Түпөйүл болуп ишине,
Түшүн айтпай кишиге,

Санаа тартып саргарып,
Жаратканга жалбарып,
Бала Шырдак бел байлап,
Жөнөп калды сандалып.
Кыбыланы[1] бетке алып,
Боз жоргону нээтке алып,
Аз гана эмес, мол жүрдү,
Саналуу он күн жол жүрдү.
Алы куруп алсырап,
Эси кетип эндиреп,
Чөлдүн келди четине,
Кумдун келди бетине.
Байкаңар Шырдак сөзүнө,
Кайрат келди өзүнө.
Анча-мынча жол басып,
Кудуктун келди өзүнө.
Келсе кудук таш экен,
Ташып суусу көл болгон,
Айланасы кызыл кум,
Адам жүргүс чөл болгон,
Кудукту көрүп кубанып,
Сууну көрүп сүйүнүп,
Издеген жогум таптым деп,
Бул дагы менин бактым деп,
Суудан ичип тоюнуп,
Көңүлү калды коюлуп.
Эки жагын караса,
Ажап кызык тамаша.
Өзүнүн көргөн түшү бар,
Тегин кудук бул эмес,
Ээлеп жүргөн киши бар,
Көңүлгө алар иши бар,
Бир чоң жылкы, бир кулун,
Эки малдын изи бар.
Камгак-самгак куурайдан,
Жардам тилеп кудайдан.
Көлөкө кылып кудукка,
Жатып алды Шырдакбек.
Кулунду кудай бергин деп,
Кудугун азыр көрдүм деп,

[1] Кыбыла — күн батыш жак.

Тамашага бир жолу
Батып алды Шырдакбек.
Үч күн удаа өткөн соң,
Кулуну менен бээ келди,
Өзү түшүп адырдан.
Кулун тийсе колума,
Калбасмын деп кадырдан.
Кутулармын башымда
Толуп жаткан жабырдан.
Аңдып жаткан кезинде,
Ар түрлүү сөз эсинде,
Суусап келген боз бээ
Көзүнчө салды көлүнө,
Адам чыдап тургусуз,
Айласыз ысык чөлүнө,
Сууну ичип болгон соң,
Ысыган ичи толгон соң,
Жыгылды боз бээ кырынан.
Эми кабар алыңар
Боз жоргонун чырынан.
Азыр болгон Шырдакбек,
Апыл-тапыл жүгүрүп,
Ач арстандай бүгүлүп,
Басып калды кулунду,
Арстандыгы билинип.
Нокто салып төндүрүп,[1]
Сылап-сыйпап көндүрүп.
Тилекти кудай берди деп,
Тиктеген ишим келди деп.
Жүгөн салып башына,
Кулунду алып кашына.
Сүйүнүп жүргөн кезинде,
Боз бээ мунун эсинде.
Жыгылып калган боз бээ
Көздөн кайып болуптур,
Небак кетип калыптыр,
Бул алда кандай жорук деп
Ажап айран калыптыр.
Сылап-сыйпап көндүрүп,
Боз кулунду жетелеп,

---

[1] Жоошутуу маанисинде.

Вактыма кулун келди деп,
Бачым басып энтелеп,
Он күн барган жолуна,
Алты күндө келиптир
Кайра басып темселеп.
Эч кимге сырың айтпастан,
Ак сакал айткан кебинен,
Айныбаптыр шегинен.
Аман болсо кулунду,
Ат кылып минем деп айтып.
Аңгемелүү кеп айтып.
Базардан сатып алдым деп,
Максатка жетип калдым деп.
Жетелеп барып өндүрүп,
Жем берип бага көндүрүп.
Ардактап багып өстүрүп,
Арпа берип көндүрүп,
Асыл жабуу жаптырып,
Азем менен бактырып,
Мойнуна тумар тактырып,
Болжолсуз муну бактырып.
Үкүнүн жүнүн тактырып,
Урматтап жакшы бактырып,
Ар сөз бар Шырдак эсинде,
Асый болгон кезинде,
Боз жорго колго тийгенде,
Арааны мыкты жүргөндө,
Асыл Сейит Бегимдин,
Баласы жакшы болду деп,
Өзүнүн ордун жоктотпой,
Олутуна конду деп,
Шырдактын көөнү кош болду,
Минген аты боз болду.
Ат жетелеп кой союп,
Адамдын баары дос болду.
Ал кезекте Шырдакка
Теңелер бенде жок болду.
Айдап чыккан калмакты
Атпай[1] делет журтунан
Ашкере болгон арбактуу

[1] Атпай — жалпы.

Карап кылган кандарды,
Калмактан келген жандарды
Анжияндан айдады.
Коңтаажы уулу Калдаңды,
Күйгөн отун өчүрдү,
Малдан-жандан кечирди.
Калдаң тентек төрөнү
Кышында айдап көчүрдү.
Аралбай деген жигити,
Коркконунан чыдабай,
А да көчтү туралбай.
Сыпатын карап корккондон,
Шырдакка кайрат кыла албай.
Ажырап барган туугандан,
Иниси Ажаан[1] буудандан,
Чилдеде көчтү чыркырап,
Баатыр Шырдак куугандан.
Хан Шырдактын кайраты,
Калмактын көбүн жайлады.
Карга камап какшатып,
Калганын сүрүп айдады.
Аңгемеси мына бул,
Асыл кыпчак уругу,
Ак калпак кыргыз кулуну.
Анжианды бүт сурап,
Ала-Тоодо туругу.
Жети шаар Анжиан
Жергеси менен караткан.
Карабайм деген хан болсо,
Каршылык кылган жан болсо,
Калк ичинде бар болсо,
Калтырбай айдап караткан.
Адылдык менен журт сурап,
Калктын көөнүн жайлаган.
Урушам деген душманды,
Убада сөзгө байлаган.
Сурагы адыл мунайым,
Жакшы, жаман дебестен,
Адамдын акын жебеген,
Адөөлөт болуп жудайын.

[1] Ажаан — калмак каны.

Анжиандын бетинен
Жакындап белге келгенде,
Туман болуп бургактап,
Жер көрүнбөй чырмады,
Каргашалуу калмактын
Абыдан иши ырбады.
Адашып кетти Көк-Арттан,
Арылбас болду чоң дарттан,
Чоң Атайдын башынан
Чубуруп кирди таралбай.
Катуу шамал бороонго
Калдама кайрат кыла албай.
Жакын дабаан ушу деп,
Чоң-Атайдын тушу деп.
Көч чубуруп келгенде,
Көчкү жүрдү куркурап,
Көчкү менен аралаш,
Көп калмак кетти чуркурап.
Эки тоо кабышып,
Көчкү басты Калданды.
Капчыгайдын алдында
Канча калмак зарланды.
Кармаган, ажал ушу деп
Калмактар көрдү катарды.
Калдама[1] баатыр өлгөн бел,
Ошо күндөн ушу күн,
Калдама болуп аталды.
Аралбай менен Салбасар
Көк-Артка салды көчтөрүн.
Тобун бузбай кыргыздын
Токтотуп алып сөздөрүн.
Бул Аралбай мырзанын
Коңкул жоор деген аты бар.
Акылы терең билимдүү,
Адамдан артык заты бар.
Бетке алганды сулаткан,
Мергендиги белгилүү,
Беттешкен жоону кыйратып,
Жеңгендиги белгилүү.
Күрөшкөнгө билектүү,

[1] Калдама — калмактын каны.

Балбандыгы белгилүү.
Күм-жам кылып душманды,
Алгандыгы белгилүү.
Эл алдына чуратып,
Коңкул жоор буудандын
Оозунан көбүк чубалтып,
Көк-Арттын ашып белинен,
Салынып тумшук кырданып,
Түшүп келген жеринен.
Эр азамат Аралбай
Түбү менен арчаны
Кайрып жулуп алыптыр.
Эр отту мыктап жагыптыр.
Үшүп келген балдарды
Абышка-кемпир чалдарды,
Тамак берип тойгузуп,
Аман алып калыптыр.
Бул сөздө жок чатагы,
Аралбай мырза от жагып,
Эл жылыткан ошол жер —
Аралбай болду атагы.
Өзү кыргыз уругу,
Тогуз-Торо болуптур
Ошол күндө туругу.
Аралбай, Шырдак бирлешип
Убада сөзүн чийлешип
Сөөлөтү башка баатырлар,
Сөзгө кирди түрлөшүп.
Хан болду кабылан Шырдагы,
Катарга кирди бу дагы.
Айтканын кылып бүтүрөт
Аралбай мырза чыйрагы.
Толук бекен эрдиги,
Токтогул[1] айткан сындагы.
Шырдакбектин кеби бар,
Сыпатын айтар эби бар.
Кыргыз, кыпчак эли бар,
Кызыгын айтар жери бар.
Ош, Анжиан, Маргалан,
Ордосу Кокон, Наманган.

[1] Токтогул — ошол кездеги акын.

Аягы Кожонт, чоң Ташкен,
Сурап турду Шырдакбек.
Үзүлгөндү чыйратып,
Кетилгенди кемитпей,
Курап турду Шырдакбек.
Жети шаар Паргана.
Жердеп турду Шырдакбек.
Жергесинде көп кыргыз,
Эр деп турду Шырдакбек.
Эки кайыш, бир тизгин,
Тилип турду Шырдакбек.
Анжиян менен Арканы,
Баш коштуруп баарысын,
Билип турду Шырдакбек.
Ачуусу келген адамга,
Анык сырын алдырбай,
Күлүп турду Шырдакбек.
Жети шаар Паргана,
Жергеси менен караттым,
Жерсинип калган калмакты
Кырып-жоюп тараттым.
Ысык-Көл менен Кочкорду,
Ат-Башы менен Нарынды,
Кабарчыдан кеп угам,
Калмак басты деп угам.
Амурсан деген бир калмак,
Аңгеме сөздү көп угам,
Хан Кошойдун ордосу
Ат-Башыда деп угам.
Ажаан деген бир калмак,
Чүйдө турат деп угам.
Казак менен кыргызга
Бүлүк кылат деп угам.
Казактардын хан Тооке
Алман берет деп угам.
Алмандын арты түгөнбөй,
Азап тартып заркырап,
Чандан бөгөт деп угам.
Коңтаажы деген бир калмак
Көлдө турат деп угам.
Кышынкысын болгондо,
Кара кыштак, кош Кемин,

Жердеп турат деп угам.
Кыргызды кудай каргаптыр,
Аялуу жери калбаптыр.
Адиден ашып бул калмак,
Ак калпак кыргыз элине,
Ченемдүү жабыр салбаптыр.
Атым Шырдакбек болсом,
Айтканым калкка эп болсом,
Тууганым көрсө кордукту,
Шырдакбек кайдан боломун.
Унчукпай буга тек болсом?
Бул кабарды укканда,
Муунум кетти шалдырап,
Эч айламды таба албай,
Эсимден тандым алдырап.
Жети сууну аралап,
Жерине калмак туруптур.
Жерге тартып аралап,
Жер жуткан калмак конуптур.
Азамат эрлер бел байлап,
Аттанар кезек болуптур.
Ала-Тоону аралап,
Ант урган калмак толуптур.
Адам дебей кыргызды,
Аралап кирип конуптур.
Ак калпак кыргыз уулунун
Азабы кыйын болуптур.
Ала-Тоону аралап,
Чалгынды мыктап чалбасам,
Казак, кыргыз балдары,
Калкымдан кабар албасам,
Келген калмак бетине,
Келтирип ордо салбасам,
Коломолуу кол баштап,
Кошунум менен барбасам,
Атпай журттун убалы
Анда менин мойнумда.
Шертим турса ордумда,
Кошунум турса колумда,
Турбас деп калмак жолумда.
Баатыр Шырдак көч баштап,
Жөнөп калды турбастан.

Боло турган ишимди
Кыламын деп бир баштан.
Устадан тандап миңди алды,
Урумдан ылгап бирди алды.
Кесиптен тандап миңди алды.
Келтирип ылгап бирди алды.
Көк-Артты ашып шартылдап,
Азаматы кийгени
Ак бадана жаркылдап,
Айтылуу Шырдак кол баштап,
Астына түштү шартылдап.
Калкынын баарын дарбытып,
Аңгемесин арбытып,
Сыр сураган адамга
Сырттан Шырдак оёнуң
Сырын айтпай шыбырап,
Келип конду хан Шырдак
Чолок-Кайың чатына.
Бу да калмак төрөсү,
Шалтаң деген калмактын
Баса конду кашына.
Санжыргалуу хан Шырдак
Адамга кабар бербестен,
Атаң-апаң дебестен,
Сырын айтпай кишиге,
Келе замат киришти
Кыла турган ишине.
Бир жылда ишим бүтөт деп,
Казынам арбын бүтөт деп,
Усталарым, аянбай,
Кызматыңды күчөт деп.
Хан Шырдак ишин курдурду,
Күлбагын калың урдурду.
Күлбагын калың чеп кылды,
Күн жүрүш жакка каратып,
Дарбазасын бек кылды.
Хан Шырдакта зордук жок,
Калкына сөзүн эп кылды.
Кашында калмак Шалтаны,
Шалтандын жайын айталы.
Кан Шырдактан корккондон,
Качып кетип калыптыр.

Ат-Башыны жердеген
Амурсанга барыптыр.
Шырдакбек деген чоң келип,
Кылган иши оң келип,
Чолок-Кайың жерине,
Солоондор жатчу чебине.
Жаңыртып ордо салды деп,
Жандын баарын алды деп,
Мунун кылган ишине
Акылым айран калды деп.
Оной-олтоң эме эмес,
Оңдурууучу эме эмес,
Каары катуу, өңү саз,
Каптабай койчу сел эмес.
Анын каарын көргөндө,
Качпай турчу мен эмес.
Чымындай жандан түңүлүп,
Чындап качтым тура албай.
Эсим чыгып эндиреп,
Не кыларым биле албай,
Он жети төрө башчысы,
Ойлонбой уктап жатчусу
Ысык-Көлдө Коңтаажы,
Кабар айткын аныңа
Кара, төрө баарына,
Камынган душман соо койбойт,
Катылсак бизди жоо койбойт.
Авал мурун жоготуп,
Каргашалуу Шырдакбек
Канча ханды ыйлатты...
Солоондорду сойлотту,
Соолтмок болду Ойротту.
Эмки салган ордосу:
Күлбагын[1] калың чеп кылды,
Күн жүрүшкө каратып,
Дарбазасын бек кылды.
Арыгын чоюн ноо кылды,
Күлбагын бийик тоо кылды.
Калмак үчүн даярдап,
Хан Шырдак деген жоо кылды.

---

[1] Күлбагын — тегерегин.

Солоондорум кашымда,
Шалтаң төрө башында.
Кутулуп келдим Шырдактан,
Кутуруп көпкөн чыйрактан.
Мен кысылып жатканда,
Келбеди кабар бул жактан.
Хан шырдак аман турганда,
Кыйбай койбойт багыңды,
Кыйратпай койбойт ханыңды,
Албай койбойт тагыңды,
Аман койбойт жаныңды.—
Деп Шалтаң айтып токтолду,
Ал жыйындын ичинде,
Амурсандын алдында.
Айтып келген Шалтаңга
Балан деген жок болду.
Чочугандан Амурсан,
Жүрөгү чочуп козголду.
Катчыга катын жаздырып,
Аягына келтирип,
Алтын мөөрүн бастырып,
Он жети төрө башчысы,
Коңтаажыга жиберди.
Кабарын угуп Амурсан,
Жанынан үздү күдөрүн,
Бара турсун канына
Амурсандын чабары.
Эр Шырдакбек баатырдын
Элге дайын кабары.
Кайраты кабат таш жүрөк,
Калмакка салып көп дүмөк.
Качпай жоого барары,
Каарданып хан Шырдак,
Калмакты жеңип алары.
Калган-каткан калмакты,
Алтайга барып жайлайм деп,
Айдап жолго салары.
Урматы ашык Шырдактын
Ушул иш эле талабы.
Бир жылы Шырдак күтүндү,
Ордосун салып бүтүрдү.
Күлбагын бийик тоо кылды,

Айланасын Кулбактын
Аркан бою коо кылды.
Арыктын баары карапа,
Агызып сууну ноо кылды.
Жетиктигин билгизип,
Жерге пайда тийгизди.
Жер алдына көмдүрүп,
Ноо менен суу жүргүздү.
Ордосу бийик тоо болду,
Жер алдынан агызып,
Арыгы терең коо болду.
Камынып чыгып кармашар,
Касташары Шырдактын
Кара калмак жоо болду.
Шырдактын дагы кеби бар,
Канаттуу куштай боз жорго,
Кастарлап айтар эби бар.
Атасы тоонун тобурчак,
Энеси чөлдүн муз бурчак,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө жез канат.
Кадимден айткан сөзүндө,
Канаты бар өзүндө.
Шарапаттуу буудандын
Шам күйөт эки көзүндө.
Бар мүчөсү келишкен,
Марал шыйрак кең соору
Бар мүчөсүн жаратып,
Сынчылар келип көрүшкөн.
Буюрсун деп ээсине,
Буудaнга бата беришкен.
Аземдүү тулпар бууданды
Ардактатып бактырган.
Абайы менен үртүгүн
Кымкаптан кылып жаптырган.
Көз тиет деп бууданга
Үкүнүн жүнүн тактырган.
Жыгачтан акыр сырдатып,
Сынчыларга сындаткан.
Акыры кандай болду деп,
Аңгемесин ырбаткан.
Күрүчтөн, кишмиш жем берип,

Боз жоргону жыргаткан.
Боз жоргонун жоругун
Боз балдарга ырдаткан.
Өркөчү бийик, зээри пас,
Өөдөгө салса чарчабас,
Аркасы бийик зээри пас,
Адырга салса чарчабас.
Тайкы жал келген чара баш,
Мындай жылкы жаралбас.
Жаралса да көбөйүп,
Калк ичинде таралбас.
Жото жилик жонгондой,
Кар жилиги каккандай.
Казанат буудан боз жорго
Жүнү тайкы макмалдай.
Жорголотуп кеткени
Чоң байгеге чапкандай,
Касиетин ойлогон
Кадырлап жакшы баккандай.
Кулагы тип-тик куйгандай,
Куюндан бүтүп туулгандай,
Аябай минсе алты күн,
Сыртына тартып кындыйып,
Чарчоо менен иши жок,
Анык бүгүн суугандай.
Алты ай сапар жол жүрсө,
Арыбаган боз жорго.
Алтымыш асый болгончо,
Карыбаган боз жорго.
Кашка тиши капкандай,
Кызыл тили бүлөөдөй.
Жолго салып кеткенде,
Жоругу башка сүрөөлөй,
Күмүш куйрук, сом туяк,
Ак кула жалгыз болбосо,
Айбанда болбойт бул сыяк.
Айтылуу буудан боз жорго,
Буудандыгын мындан бил.
Анык куюн шамалдан
Туулгандыгын мындан бил.
Жебелеп кетсе жел жетпейт,
Жебеден аткан ок жетпейт.

Алты шаар кашкарды,
Арстан Шырдак башкарды.
Алты шаар уйгуру
Айбатынан жазганды.
Лоптун суусун бойлоду.
Алты шаарды тойлоду.
Эриккенде эр Шырдак
Боз жоргосун салдырып,
Күнүн барып ойноду.
Эрте чыгып ордодон,
Кумары канып жоргодон.
Кең Кашкарга баруучу,
Сурагын кылып бүтүрүп,
Бешимде чыгып Кашкардан,
Кайрылып үйгө баруучу,
Кайта жатып калуучу.
Эриккенде бир кезде,
Эрте чыгып үйүнөн
Анжиянга баруучу.
Хан Шырдак келип калды деп
Калкына кабар салуучу.
Өзүбек, кыргыз, тажикти,
Өз жанына алуучу.
Ар шайманын бүтүрүп,
Кечки салкын бешимде,
Боз жоргону минүүчү.
Күн батар маал өзүндөй,
Боз жоргосун каргытып,
Чолок-Кайың ордого,
Кайта келип кирүүчү.
Конбой күнүн келгени,
Шырдакты катын жеңгени.
Аттанарда катыны,
Арып менен кеп айтат,
«Сагынып кетем байым деп,
Даңкың журтка дайын деп,
Бүгүн келгин» деп айтат.
Катынынын жоругун
Хан Шырдак да жактырган,
Алкылдатып катынды,
Аземин артык бактырган.
Тердетип кебез чигитин,

Кырк кызды салып кызматка,
Ак пактага жаткырган.
Айымга суук болот деп,
Кырк кара кой сойдуруп,
Шыйбылчагын чактырган.
Шыйрактын чучук майына
Келтирип күрүч бастырган.
Жатканы кебез ак пакта,
Жегени күрүч жеңил деп,
Ичкени бээнин кымызы,
Оңолбогон катындын
Ушундай сөөлөт турушу.
Чыканактап чырм алса,
Хан Шырдак анын жастыгы.
Аягында айтылат
Катындын кылган кастыгы.
Шырдакбек муну ойлобой,
Хандыкка болгон мастыгы.
Өзү баатыр, өзү хан,
Дөөлөр, шаалар көрүшүп,
Дөөлөтүнө болгон таң.
Кошуну болгон нечен сан,
Каяша айтар адам жок,
Карк дөөлөтү келгенде,
Катынга башын бийлеткен
Хан Шырдак өзү кандай жан?!

Бир күнү Шырдакбек тамашага чыгып отурганда, катыны тайраңдап кашына келет да айтат: «Бегим, бүгүн тамашага чыгып, ушул өз көчөңө боз жоргону салдырып ойноймун»—деди. Шырдакбек сөзүн эки дебеген, боз жоргону токутуп, эрке катынга мингизип, өзү карап отурду. Катын каркыратып боз жоргону салдырып, өөдө-төмөн өттү. Сууп калган боз жорго жоргосуна жан жетпейт. Жан турсун тозоң чаң жетпейт. Ошондо хан Шырдак байбичесине кошомат кылып айтканы:

—Кызыл тоонун эңилчек,
Кызыл тору келинчек,
Кара тоонун эңилчек,
Кара тору келинчек.
Капкалуу сарай дарбаза

Кайсы хандын ордосу?
Көчөгө салган боз жорго
Кайсы хандын жоргосу?
Салдырып жүргөн жоргону
Кайсы хандын айымы?
Жалдыраган жан экен
Хандын сүйгөн зайыбы.
Кылтылдаган келинчек
Мындан кийин көчөгө
Жоргосун катуу салбасын,
Кубанып жүрүп жорго,
Куйругу ооруп калбасын.
Анда катын кеп айтат,
Аянбастан бек айтат:
— Таанбасаң айтайын,
Хан Шырдактын боз жорго,
Таанып алгын — деп айтат.—
Сен билбесең шиктир[1] кул,
Боз жорго деген мал ушул.
Алтын капка дарбаза,
Хан Шырдактын ордосу.
Алтын така кактырган
Как Шырдактын жоргосу.
Хандар сурап бербеген,
Каран калган боз жорго.
Бектер сурап бербеген,
Берен калган боз жорго.
Кызыл тору келинчек —
Хан Шырдактын айымы,
Эрки менен өстүргөн —
Эркелеткен зайыбы.
Билезелүү Шырдакка
Билинип калды майыбы.

Катындан каршы сөз угуп, Шырдак өз башын өзү муштайт. Ошондо да хан Шырдакты кара калмак жеңе алган эмес. Калмактын колунан хан Шырдак келе алган эмес.

[1] Мында «акылсыз» деген мааниде айтылып жатат.

Каттаган элчиден, эл чендечү ченчиден Шырдакбектин катынына Чагай хан өз сыпатын чын, жалган сөз аралаштырып жакшылап жайлап айт деп катынга атайы бир адам жиберет. «Мени мактап айт, биздин Чагайдын ар түрдүү кызматы бар айтып бүтүргүс, кайсынысын айтайын, бир түндө аңга ок атып коёт, аткан аңдын этине айылы башкача тоёт» деп. Бул сөздү Шырдактын эрке катыны угуп, ышкысы ташып, Чагайды арзып калды. «Эбин таап эр Чагайга тийиш керек экен»—деп, бул кабарды Чагай угуп, катты Шырдакбекке жазып, кандай аман турасызбы деп, кабарды катынга айтып, чындап бейли бузулуп: «Шырдакбектин чын сырын катындан барып угуп кел, акыры эркени мен албай койбойм, хан Шырдактын канын ичпей койбойм. Эрке эркелик кылып мени алат экен деп ичинен тынып, капкасынын бегин, кармаган элин, калтырбай сырын айтып берсин, угуп кел»— деп, бир арачы адам жиберди. Жиберген арачы калмак келди, хан Шырдакты көрдү. Бөкчүйүп кирип, Чагайдын катын хан Шырдакка берди. Окуса катта башка сөз жок. «Аман-эсен турасыңарбы?»—деген эле сөз. «Элиңиз менен жайланып турасызбы?» деген сөз.

Эми катынга Чагайдын жазган каты:

—«Дүйнөдө, эрке, сендей катын болбойт, сени сыйлап Бакпаган хан Шырдак оңбойт. Мен сени санап, жолуңду карап, делебем козуп, ашык болуп арзып калдым. Аял да болсоң акылың бар. Айткан сөзүң шар адам экенсиң. Алдыңа адам жибердим, хан Шырдакты кантип жеңем, катын эрке, сени мен кантип алам? Ушунун акыл-айласын анык айтып жибер». Катын жооп айтат:

—«Сен, Чагай төрө,
Өзүң төрө туруп,
Көзүң көрө туруп,
Бекер жатпа.
Хан Шырдак өзү аяр,
Акыл—амалы даяр.
Амалына амал салбасаң,
Амал менен албасаң
Атышып огуң жетпейт,
Күрөшүп күчүң жетпейт.

Алар жөнүн ушу:
Жыгар жериң суусу.

Сууну жердин алдынан жүргүзүп, карападан кылган ноо менен алып келип, ордонун ичинен чыгарган. Бул ноону жерге көмгөндү жан адам билген эмес, эч адам көргөн эмес. Хандан Шырдак билет, катындан мен билем. Салган усталар билет. Булардан башка жан билбейт. Чагай төрөндө акыл болсо, ушуну менен келсе, Шырдакбекти жеңсе, мен Чагайдын катынымын.

Келгенде бекер келбесин, Чолок кайыңдын суусунун башын алсын. Сууга агызып саман салсын. Саман агып, карапа ноодо тыгылат. Суу акпай калган соң, анан Шырдак жыгылат»— деп, бардык сыр-сыпатын айтып берип, Чагайдан келген адамды жөнөттү. Келген адам катындын кебин төкпөй-чачпай айтып берди.

Чагай угуп, ичи ысып, сөөгү кызып, «акмак эркени акмак кылат экемин» деп кубанып калды. «Кой эми тим турбайлы, башка кепти урбайлы. Солоондон тандап беш жүздү алалы. Элине кабар салдырбай Шырдакты тегеректеп калалы. Арзып калган эркени, амал менен алалы» деп, хан Чагай катын сөзүнөн башка сөзгө көнбөй, ашып-шашып, ашууларды ашып, түн катып, түсү качып, суунун башына келип жатып калды. Самандан арбын алды, аябай сууга салды. Бир күн ичинде ноого саман тыгылып суу акпай калды. Жыргап ырын ырдап жаткан хан Шырдак суудан калды кургап, ордонун сыртын калмак алды чырмап. Үч күнү чыдап турду, суусап чөлдөп суудан куруду. Ойлонбой жатып, онтобой ооруга калды. Кас болуп, Шырдакты катыны кайгыга салды. Коргонун камап, калмактар тегеректеп калды. Адамы Шырдактын чуркурап, колу буркурап, калмак курдап, каны кургап, өлөр алга калганда, хан Шырдак калмак Амурсанга карап баш ийдим деп элчи чыгарды. Хан Шырдакты каратып алды, башка сөзгө салды. «Кел алдыма, обозгер Доргону, сөзгө жетик жоргону, менин талабым башка, тартип болсун жашка. Хан Шырдактын айымы, эрке акмакты алмакмын, эркеге берген убадам бар, кандай кылып алсам болот, акылын таап бериңер, бизге караган менен, жакшы санаган менен, катынын тартып алууга колубуздан келбейт. Өзү баатыр, өлбөй туруп, Шырдакбек ка-

тынын бизге бербейт. Шырдакбекке батына кирип алыш керек. Ийменбесген барыш керек.

Шырдакбекти өлтүрүп, акмак айымын алып, ит көрбөгөн ыза менен жок кылып салыш керек. Қатындын убадасы бек, кандай айтсак көнөт, биздин сөзүбүз эп. Бул Шырдакбек катын колдуу болуп өлөт. Эми эл өзүңдүкү, жер өзүңдүкү; убаданы кылдык,урушуп тындык» деп «жайкап, жакшы жардык кылсак, көпкөн бурут көнө калат, катынга кабар салмак, кабарын анык алмак. Қанжар менен жайлап, хан Шырдакты союп салмак. Эңкейген жоодон, эсибиз чыгып турганы биз дагы элбизби калмак?» деп, чоң ханы Чагай кең таштап, хан Шырдакты оюна койду. Чагай үч Турпанда туруп, Амурсан ошого баш иет. Чагай шиктир кул деген жигитин Шырдакбектин катынына дайым жиберип кабар алдырып турат. «Жоргону салдырып ойногондо мени карай качып жүрө берсин» деп айттырат.

Бир күнү катын жоргону сейилдикке минип салдырып туруп, жылт коюп Ат-Башыны көздөй жолго салып, каркыратып боз жоргону минип, Ат-Башыдагы Амурсанга салган бойдон барды. «Хан Шырдакты таштадым деп, жоргону сабак айдадым» деп мактанып барды. Барып кабар салды, Амурсан тез катынды Чагайга карай жолго салды «Бул кандай жорук?» деп, Чагай оттой жанды. Чоң ойду ойлонуп калды. «Чиркин Шырдак, балекет чырмап, бул катынга жамандыкты көп кылып, жабырды көп көрсөткөн экен го? Бул катындан толук сөз сурайын» деп катынды сөзгө алды.

«Хан Шырдакты таштап, мага келип айым болдуң, башка катындай эмес, даңкың журтка дайын болдуң, өрттөнүп жүрүп өлгөнүңө кайыл болдуң. Қана, катын, хан Шырдак сага кандай жабыр, жаза көрсөттү? Мага бир баштан калтырбай айтып берчи»— деп сурап калды. Анда катын:

— Хан Шырдактан катуу жабыр көргөнүм жок, мени жакшылап бакты, пактаны алдырып, кырк келинге сабатып, этиме өтүп калат деп, кырк кызга кебездин чигитин тердирип, пактанын үстүнө жатчумун. Түндө жатып, эртеси эскирип калды деп талатып жиберип жана жаңы пактага жаткырчу эле. Тамак жесем ар күнү кырык кара кой союлуу, шыйбылчактын чучугуна палоо бастырып берүүчү эле. Шекер, шербет, кымыз ан-

дай суусун ачкыл аштан кызматчы кыз-келиндер бири коюп, бири сунуп, кашымда карап туруучу эле. Күндүз ар дайым уктасам мейли үйдө, мейли суракка̀на ордодо болсун, хан Шырдактын тизесине башымды коюп уктачу элем. Айымдын уйкусу арам болот деп, мен ойгонгончо күтүп былк этпей отурчу эле. Менин сизге арзып келгеним кабарынды уктум.

«Чагайдын арстандыгы ашык деп. Бир түндө жолборско да бет алса тартынбай ок атат деп. Мына ошонуңузга арзып келдим. Эми сен мени баксаң Шырдакбектин бакканын уктуң, андан артык кылып бак. Шырдакбек пакта төшөсө, сен жибек була төшө. Шырдак кырк кара кой союп, чучугуна палоо басып берсе, сен ар күнү кырк аркар атып тилин бер. Суусунума ичерим— кытайдын кызыл арагы болсун» деди. Чагай сөзүн тыңшап турган соң, абдан капа болуп, ачуусу келди. «Кайран Шырдак кадыры катын түбүндө жеткен экен. Жердин жүзүндө мындай залим акмак болобу? Муну адам деген оңобу? «Жайлап жакшы багайын, эми эсебин жакшы табайын, кутурган жинин кагайын, менин кылган санатым: катындарга кабар берилсин, эркектерге үлгү болсун, төрөлөргө төлгө болсун, бектерге белги болсун. Бул шермендени дaңкы далайга калсын. Атагы акыр замандын журтуна айтылып калсын» деп, Чагай дароо катынга кара кементайды кийгизет, бетин тилдирип, эрдигин билдирип, үстүнөн койду чубатып, 40 уйду колуна берет, «бат саа» деп. Карап туруу үчүн кашына күзөтчү коёт. Катын отурар жерди билбей, уй саардын эбин билбей койсо, аркасынан барып отуруп, бооруна уйдун тезегин толтуруп, уй бетке тээп, сүтү төгүлүп, тизеси менен жерге катын кыкка башы көмүлүп, бүткөн бою кара терге чөмүлүп, шаймaны кетип, өлөр алга жетип, кырк күнү уй саай албай турду. Алсырап көзү боз-ала болуп турду. Бети-башы кан болуп, кесепет басып, кементайы чаң болуп, кесири журтка даң болуп, күнү куруганда, темселеп турганда атагы дайын айтылуу боз жоргону, шиктир кул минип алып келип көрсөттү. Шиктир кулга мингизип, асылдыгын билдирип, боз жоргону көпчүлүктүн алдында көчөгө салдырды. Көргөндөрдү айран калтырды. «Сабыры кеп жаман жамандыкты каалап алдырдым боз жоргосу мынакей, боз жоргонун ээси менин хан Шыр-

дагым канакей? «Боз жорго суунуп, табына келди жарап, кадырын билбей кор кылдың, көзүңдү ачып, тааныйсыңбы жоргону?»— деп, шиктир сурап турду, анда катын айтат:

— Биздин, биздин, биздин бектин, тааныбайсың, шиктир кулдун жоргосу»— деп бийлеп айтат. Калтырап туруп, күнү куруп, араңдан зорго айтат. Анда Амурсан айтат:

«Бул сылыксынган жамандын эрин өзү кор кылып, эми биз дегенин карачы. Кайран Шырдактын көргөн кордугун куудум, кара бетти какшатып эми суудум. Аман койбой өлтүрүш керек» деп, жан калтырбай чакырып калкын алып, «калк тартип алсын» деп, көпчүлүктүн ортосуна салып, бул бети кара катынды эки бутунан байлап, аркандын учун эки төөнүн мойнуна байлап, эки төөнү эки жакка айдап, чатынан айрып таштады. Хан Шырдактын кегин алды, көргөн жан баары кубанып калды.

«Бул бетбактын эти да калбасын» деп, этин кескилетип итке салды. «Бирдики миңге, миңдики түмөнгө» деп, кыргызда ошондон кийин элдик ылакап айтып калган экен: «Катынды эрке санаган, хан Шырдак, сенден кезесин, үйүнө балалуу жолборс бактырган, Тооке хан, сенден кезесин»— деп, бул макал, ылакап ошол күндөн ушу күн айтылып калды.

Айтылуу берен Чагай хан,
Алдында турган нечен жан.
Катынды жайлап өлтүрүп,
Жанына жабыр келтирип.
Байкап көрдүм сыртынан,
Жүрөгү майлуу курчунан.
Өткүр экен Шырдакбек
Жалпы бурут журтунан.
Каргашалуу бул катын,
Жашырып минип качкандыр,
Атынан Шырдак айрылып,
Азыр жөө жаткандыр,
Атын алып баргын деп,
Өз колуна салгын деп,
Өлтүрдүм жайлап катынды,
Не деп алып жүрдү экен

Кесепеттүү капырды?
Боз жоргону коштотуп,
Эки дорго жиберди.
Катын бекер кор кылган
Баатыр Шырдак бул эрди.
Экөөбүз элдин ханы деп,
Эсен жүрсүн жаны деп.
— Катындан душман жок болот,
Эсиңди жыйып, хан Шырдак,
Душманыңды тааны деп.
Эки дорго жөнөдү,
Боз жоргону коштошуп.
Сыртынан Чагай Шырдактын
Көөнү сүйүп достошуп,
Хан Чагайдын алдынан
Капкалуу Кашкар шаарынан.
Келе жатат дорголор
Хан Шырдактын кашына.
Чагай болду сыргынан
Хан Шырдакка ашына.
Дорголор келди Шырдакка,
Жандан сезбес чыйракка.
Ал аңгыча болбоду
Көрө салды доргону.
Боз жоргону көргөндө
Баатыр Шырдак сүйүнүп,
Ордунан турду түйүлүп,
Салам айтты калмактар:
Ханым, хоома-хоома деп,
Катыныңды эр Чагай,
Жаза кылып өлтүрдү,
Убал барбы жоого? деп,
Боз жорго келди болду деп,
Иштин болор орду деп.
Хан Чагай досум сындаптыр,
Чендүү кызмат кылбаптыр.
Боз жоргону байлатып
Шырдак алды колуна.
Сыйлап жакшы кондуруп,
Доргону салды жолуна.
Чагай менен Шырдактын
Жакын болду арасы.

Эрте чыгып ордодон
Кашкарга барат салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Чагай менен кеңешип,
Бешимде кайтат үйүнө.
Душман менен эгешип,
Болор иштин баарысын
Бүтүрөт хандар кеңешип.
Келер ишти ойлонуп,
Башынан ойлоп күтүнөт.
Ошого чейин хан Шырдак
Адамга сөзүн салбады.
Аялдан чочуп калган эр
Арданып катын албады.
Көөнү келсе Шырдакбек
Боз жоргону салдырып,
Салып кумар кандырып,
Көгарт ашып, таш басып,
Күнүн барат Өзгөнгө.
Сурагын кылып бүтүрүп,
Душманга сырын алдырбай,
Жоо-жарагын күтүнүп
Кайтып келет ордого.
Тарсылдатып салдырып,
Кубаныч кылып жоргого.
Бир жыл тамам болгончо,
Шырдакбек катын алган жок.
Алмак турсун катындын
Жанына жакын барган жок.
Бир жыл бүтүн бүтүптүр,
Катын албай койгону,
Досум катын алса деп,
Хан Чагай муну ойлоду.
Анжианда Алыпбек
Баары журтка калыс бек.
Анын кызы Мыскалды
Айым кылып алгын деп,
Баатыр Шырдак баргын деп
Кадыр салып кеп айтып.
Хан Төлөк мындай кеп айтып,
Айтып сөзүн төндүрүп,

Хан Шырдакты көндүрүп.
Оён Төлөк өбөктү,
Оюна албай бөлөктү.
Жуучу кылып эр Шырдак,
Хан Төлөктү жөнөттү.
Төлөк барды шаттанып,
Өзгөндөн чыгып аттанып.
Анжиандын шаарына
Калбайын деп Шырдактын
Капа болгон каарына.
Алыпбектин үйүнө,
Кабар салып хан Төлөк,
Кара төрө, бийине.
— Анжианда ага-ини,
Өзүм келдим алыстан.
Келгенде тегин келбедим,
Жуучу келдим калыстан.
Алыпбектин өзүндө,
Айтылып уккан сөзүндө.
Мыскал деген кыз бар дейт,
Хан Шырдакка туш бар дейт.
Эби келсе сүйлөшүп,
Убада сөздү чийлешип,
Алыпбекке билдирбей,
Тууганчылык жөнүнөн
Баарыбыз туруп бийлешип,
Ушуну алып берели,
Ынтымакка келели.
Кылалык жакшы кеңеш деп,
Кыз атасы Алыпбек,
Кызын бербейм дебес деп.
Чоңдордун баары кошулуп,
Алыпбектин алдына
Баары барды озунуп.
Сөздүн жөнүн байкаган,
Чечендер кирди жарышка.
Биз келдик деп калыска.
Хан Шырдак кабар алыптыр,
Алыпбектин баласы
Кыз Мыскалды алышка.
Алыпбек кызын бербейм деп,
Кетпесин түркү намыска.

Мал алар болсоң аныңды айт,
Балаңа толук калыңды айт,
Сөз бүтүрүп кетебиз,
Көпкө олтуруп негебиз?
Алыпбек, сенин алдыңа
Жуучу келди кетебиз.
Хан Төлөк айтып токтолду,
Шырдактын сөзүн акыл деп,
Төлөктүн сөзүн макул деп.
Кыз Мыскалды берүүгө,
Баштан аяк кеңешип,
Максатына токтолду.
Кеңешке келген бийлерден,
Чечендик кылып сүйлөрдөн,
Калыңдан кабар кеп баштап,
Калк нускасы деп баштап.
Төөдөн жүздү берсин деп
Ынтымакка келсин деп,
Жылкыдан жүздү берсин деп,
Хан Төлөк буга көнсүн деп,
Оёндон минди берсин деп,
Коротпой алып келсин деп,
Кеңешке чыккан бийлери,
Келтирип сөзүн сүйлөдү.
Бул малын мага көп эмес
Тартынганым эп эмес,
Менин эп болбой турган ишим бар,
Башы бошоп бул жерге
Келбей турган кишим бар.
Өзүм камдап бүтүрөм,
Бул ишиңе күтүнөм.
Өзгөндөн малын аласың,
Мыскалды берип колума,
Мени жолго саласың.
Бейли-куюң он болсо,
Анжиандын Алыпбек
Азыр берсин баласын.
Өпкө кылса Алыпбек,
Өзүм табам чарасын.
Төлөктүн сөзү эп болуп,
Ылайыктуу кеп болуп,
Алыпбектин алдында

Кеңеш кеби токтолуп.
Хан Төлөктүн бул сөзүн,
Бекер деген жок болуп,
Алыпбектин Мыскалды.
Бар шайманын келтирип.
Төлөктүн берди колуна,
Төлөктү салды жолуна.
Хан Шырдакка барамын,
Ханымдан кабар аламын.
Аманатын тапшырып,
Алып барып берген соң,
Мыскалды Шырдак көргөн соң,
Хан Шырдакка кеңешип,
Кайрылып үйгө келген соң.
Кабар берем өзүңө,
Кабардар болгун сөзүмө.
Өзгөнүмө барасың,
Калыңга айткан малымды
Колумдан санап аласың.
Менин сөзүм эки эмес,
Төлөктүн сөзү чеки эмес.
Эр Төлөктүн өнөгү,
Мыскалды алып жөнөдү.
Эр азамат жигиттин
Нечени кошо барыптыр.
Каада билген келинден
Канчаны кошуп алыптыр.
Санжыргалуу эр Төлөк,
Хан Шырдактын алдына
Салтанат менен барыптыр.
Мыскалды алып берген соң,
Мына баатыр Төлөк деп,
Төлөк мага жөлөк деп,
Төлөктөн башка жарабайт,
Төлөктөн башка бөлөк деп
Хан Шырдак калды шаттанып,
Катын алып кубанып.
Кадырлуу Төлөк баатыр деп,
Хан Төлөккө ынанып.

Өткөн заманда уруу кыргыз Нарик деген адам болду, алынча малы, бир катындан тогуз уулу бар. Улуу баласынын аты — Асыл, кичи баласынын аты — Күлтебер. Бул балдар малга, жанга карабай, жүрүш-турушу жаман болуп, өзүлөрүнүн оокаттык малы болгон. Атасына ээ кылбай айдап сатып, малын сап кыла турган болду. Атасы Нарикке күйүмүү жок болду. Бир күнү Нарик отуруп, көп сөздөр оюна келди: «Бул балдар сөзүмдү укпас болду, энеси баласынын тилинен чыкпас болду. Не болсо да өзүмдү карап баккандай бир токол алайын колумдан малдын жугу кете электе» деп, Нарик айлына жакын жерден бир кембагалдын кызын алынча аз калың берип алды.

Баягы тогуз уулу кайрылбай, кабырга туугандай болуп калды. Нариктин колунда мал дегенден тик баскан мал жок. Малы жок болсо да топуктуу адам, токолчосун астына салып аракет кылып, өз оокатын өзү кылат.

Ал аңгыча ай өтүп, күн өтүп, бечара токолчо кош бойлуу болуп калды. «Адамдын башына нелер келип, нелер келбейт, токолчом. Азабын тартып алып баккан тогуз уулдан көргөнүм бул болду. Ал-кубатым бар кезинде алган байбичем тапкан уулум ал болду. Куландын бакырындай болуп, өзүм айдалып чыктым. Малым бар деп кубана турган эмес. Өзүңө малдын буюрганы керек экен. Балам бар деп кубана турган эмес экен. Баланын өзүңө күйүмдүү кайрылып баккан мусулманы керек экен. Томолонгон токолум, курсагында болорболбос бир сүйүнчү нерсе бар. Ошол сүйүнчү медер атасына кайрылып баккан, кадырын билген бала болгой эле. Тетиги кабышкан тогуз иттей болбой»— деди.

Токол айтат: «Андай эмес, байым! Аман-эсен көз жарып алсак болду. «Карындагы баланын кан болорун ким билет, бек болорун ким билет?» Аман болсо сизге немине? Тогуз уулуң бар. Муну көргөн эл ким сизди баласы жок дейт? Ар нерсе болсо да, сизден кайгылуу токол мага бала керек эмеспи?» деди. Анда Токолуна Нарик айтат:

«Кайрылар тууган жок, өзүм кыргыз болдум,
Кедейликтен олтурган ордуман жылгыс болдум.

Атым—Нарик, асылым—түрк, малым жок,
маанайым бас болду.
Бары журттан кор болдум,
Тумшуксуз Нарик тузум шор болдум.
Баласы бар деп эл айтат,
Балам жок деп мен айтам.
Мал үчүн көргөн жапамды,
Бала үчүн болгон капамды,
Неминесин айтасың?
Эстен танып, эмгекке калып жүрдүм,
Акылдан таныл, азапка калып жүрдүм.
Жаным тынбай ыйлап жүрдүм.
Азапты тартып, азар тартып жүрдүм» деди.
Ал аңгыча айы өтүп, аялы эркек бала тапты.
Нариктин абийирин жапты.
Бала кайрат-кубат болуп калды.
Эптеп-септеп бир кой таап той сойду.
Баласынын атын Башкатурда Мендирман койду,
Бала көрүнгөндөн кийин капалык калды,
Кайрат пайда болду.
Казаны ашка толду,
Курсагы нанга тойду,
Бактылуу бала болду.
Бала атыгып, Мендирман атка конду.
Бала эрликке жетип,
Нариктин көңүлүнөн кайгы кетип,
Чөптөн, чардан жуккандай болуп,
Нарикбай атка конуп,
Жадырап-жайнап, күлүп ойноп, жыргап калды.
Кайгысы токтолду,
Капасы жок болду.
Оттой жайнап
Шекардай кайнап,
Баласы шок болду.
Нарик айтат:
— Кашынарга канатын жок,
Шыйпанарга куйругун жок.
Жалгыз жан болдуң.

Сага баатырдыктын, эрликтин эмне кереги бар?
«Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот» дептир.

«Бекыр киши маанада,
Сокур киши шоолада» дептир.—
Бирөөнүн тили тийип калар бекен?
Бирөөнүн колу тийип калар бекен?»
Атасы Нарик коргойт,
Ал сөзгө Мендирман болбойт.
Таш жүрөктүү,
Жолборс билектүү,
Ажыдаар сүрөттүү,
Арбын дүбөктүү бала болуп калды.

Ага чейин малга батып калган Нарикбай карап турсунбу? «Бала дагы бойго жетип, үйлөнө турган кез болуп калды. Мал курусун, баламдын бактысына бүткөн мал эле» деп, ар кимден издеп сурап, кабарлап жүрүп, кимдин кызы жакшы экен деп, көзүн салып, көңүлүнө алып, жүрүп, Нарик кабар укту:

— Ушул элде,
Баланча жерде,
Байсымак келген бир адамдын кызы бар.
Бойчул келген, өзү сулуу,
Сөзү жылуу,
Келбети башка,
Он алты жашта.
Кептен тартынбайт, сөзгө уста,
Сүйлөгөнү — нуска.
Биз пери дейт экенбиз, аны көргөн киши жок эмеспи?
Адамзатта мындай келишкен киши болбойт.
Ага-инилүү бар жамалуу Анарбай деген атасы бар.
Аттанып түшкөндө, адам кемитер киши эмес— деп,
Бир калыс адамдан кабарды укту.
Аптыкпаган, шашпаган, токтолуп калбаган,
Тобосуна жанган карыя адамдан,
Нарикбай угуп алды.
— Муну барып көрмөк керек — деп ойлонуп калды.
Бул сөздү Нарикбай баласына кеңешип,
Мендирманга айта салды.

Мендирман атасына:
— Өзүңүз билиңиз — деп айтты.
— Балам, мен билгеним бекер,
Карган адам болгон соң калтысын көрүп
калармын — деп,
Мендирманды ат-тонун жакшылап, жолдош
кошуп жиберди.
Баласы барып, кызды байкап көрүп, жактырып
келди.
Кыздын аты — Каныш айым экен,
Мендирман кайтып келди.
Бар сыпатын атасына айтып келди.
Нарикбай камынып, тоюн союп,
Малын айдап, барын жайлап,
Тилегиме жеттим — деп,
Баласына Анарбайдын кызы Каныш айымды
алып берди.
Бир катар күндөр өттү,
Жыл маалына жетти.
Сулуулугу башка,
Өзү жандан кашка.

Сулуулук сымбатын бир желмогуз кемпир көрүп, Адылханга айтып жетти. «Адам, сулуулугуна таң калдым» деп, ханга айтып барды. Кошомат кылып:

— Азирет ханым,
Аман жүрсүн жаның!
Мен дүйнөгө келген үй көрүп келдим,
Неминесин айтасың?!
Жаралган жанда,
Кара тору канда.
Мынчалык сымбаты башка сулуу жан болбойт.
Нарик кедейдин келини экен,
Мендирман зөөкүрдүн аялы экен.
Бул кедей кайдан таап алганын билбейм,
Бирок сизге ылайык ургаачы экен —
Деп, ортосундагы бузук кемпир
Каныш айымды мактап өттү,
Бул сөз Адылхандын көңүлүнө кетти.
Оюнан кетпей калды.
- Муну барып көрмөк керек.

Айтканынча бар болсо,
Мендирмандын өзүнө теңтуш кыз алып берип,
Алдап-соолап алмак керек —
Деп, ойлонуп калды.
Каргашалуу кемпир аябай жүрүп,
Адылханды айныта турган болду.
Көрбөй туруп, аким көңүлүнө толду,
Эсинен кетпей турган болду.
Бир күнү Адылхан баягы кемпирдин сөзү менен
аттанып алып,
Обозкер, чоролорун кашына алып,
Нарикбайдын айлына барды.
Хан келгенде айыл-апа кызмат кылып, жүгүрүп
калды.

Адылхан бура тартпай, түптүз барып Нарикбайдын үйүнө түштү. Келген замат хан Канышаны көрдү. Адылхан көрүп, сулуулугуна айран калды. «Муну албаса болбойт» деп, пикир ойлоп калды.

Каныш өзү ашык мыкты, кепке жетик киши эмес. Бирок, көрөр көзгө ашык сулуу болгон. Келген заман хан эки көзүн айырбай карап калды. Баягы жезит кемпир ошондо отурат. Хан келип олтурду. Конок ашын жеп болуп, Мендирман мырзаны: «Жаныма жүрү, кашыма каралды кылып, өзүмө жолдош кылып аламын. Отуз чоромун оёну болсун, кырк чоромдун кыраны болсун» деп, кабарлап айтып кетти. Бул сөз Мендирманга чоң пикир болуп калды. «Бул иштин арты кандай болор экен?» деп, жолборс билек, таш жүрөк кайраты кабат, ар иштин акылын табат. Мендирман өзү айтылуу баатыр, айтылуу эрдин бири болгон. Эч адам мунун сырын билген эмес. Нариктин чоң аялынан тогуз уулу бар. Мендирман бир энеден жалгыз.

— Нарикбайдын бир баласы бар экен,
Адам болот деген дамасы бар экен —
Деп, эл арасында кобур сөз бар.
Ага Мендирман анчалык кубанып кетпейт.
«Адылханга тартынбай чоро болсо болуп
алайын.
Хандын ичи-койнун тартайын.
Жаным аман турса, хан мени не кылар
дейсин»-

Кайратты кабат кылып, ичинен тынып алды.
Не болсо да, Нарикбай акылы аз,
Назары пас киши эмеспи!
«Балам Адылханга обозкер чоро боло
турган болду.
Хандын өзү кара көзүндөй чоросу болмок
болду»—
Деп сүйүнүп жүрөт.
Хандын ичиндеги сырын кандай пенде билет?
Адылхан буйрук кылып Мендирманды
Аялы Айым Каныш менен көчүрүп алды.
Баягы жезит кемпир барган заман
Аңгеме баштап алекке салды.
Эр Мендирман аябаган азапка калды.
«Тобокел» деп жүрө берди,
Адылхандын жоругун,
Айым Каныштын азабын
Көңүлүнө түйө берди.
Бр күнү Мендирманды алдына чакырып алды,
Адылхан айтып салды,
Уккан эл айран калды.
— Мендирман, сен ат жакшысын мин,
Тон жакшысын кий!
Айтылуу азаматтын бири,
Көйкашканын көзүсүң.
Мына күн жүрүш жакта Жаңгел,
Мазан, Даран деген жер бар экен,
Жапайы, жапайы эл бар экен,
Калын токой чер бар экен
Кабылан, жолборс, шер бар экен,
Канча түрлүү дарыя, көл бар экен,
Ташып, толкуп жаткан сел бар экен,
Адамдын чоңу дөө бар экен,
Айбандын чоңу пил бар экен,
Ошол жерде жайы-кышы суугa тоңбогон,
Ысыкка оңбогон
Гүлкаакы деген кызыл гүл бар экен.
Мендирман, сенин мага кылып берер кызматың
ушул:
Биринчи—Жангел, Мазан канча сай экен,
Санап келип бер
Экинчи мен айткан айбан жандарды,

Аккан сууларды, толкуган көлдөрдү
Токой черлерди
Өз көзүң менен көрүп келип, мага айтып бер.
Гүлкаакы деген кызыл гүлдү таап алып келип
бер.
Бул кызматка жарасаң, өзүмө найип кылам,
Элге даркан кылам — деди.
Бул сөз Мендирмандын жанына батты,
Азабы таштай катты.
Айласын табалбай алты күн жатты.
Алты күндөн кийин эр Мендирман эсин жыйып,
Кайрат кылып,
Атасы Нарикбай, тогуз уулунун
Башын кошуп алып, келтирип кеңеш кылды,
Кара бет катын менен эгеш кылды.
«Мандайга жазганын көрөмүн» деп,
Жаңгел, Мазанга жөнөш кылды.
Атасы Нарик ыйлайт,
Мендирманды кыйбайт.
«Хандын бейли бузук,
Көрөбүз мындан кыйла кызык,
Кашына турбай качалык сызып.
Бир бети кара катын чыкты,
Башка элге качып кетсек кутулбайбызбы?»—
Деп, атасы Нарик айтып калды.
Мендирман атасына айтат:
— Мен өзүм — баатыр киши,
Качкан — катындын иши.
Бир сапар барып келейин,
Жаңгел—Мазандын жолун чалып келейин,
Айткан кызыл гүлүн алып келейин —
Деп, баатырдык заты бар,
Маралбаш деген аты бар,
Маралбаш атын минип,
Бадана соот кийип,
Жөнөп калды.
Бир нече күнү жолоочу жүрүп,
Керкейген керикти көрдү,
Талпайган пилди көрдү.
Кабылан шерди көрдү,
Карагай, токой черди көрдү.
Толкуган көлдү көрдү,

Барса келбес жерди көрдү.
Ошончо жырткыч айбандардан бири да
Мендирманга зыян. залал кылганы жок.
Мендирман бекер турбастан,
Бир кийикти атып алды.
Эр отту жагып салды,
Бир жерди отун кылып алды.
Этин кактап жеп, жайланып жатып калды.
Маралбашты байлап салды.
Кыйналган Мендирман кынтайып уктап калды.
Уктаган кезинде бир жоога болгон катын
Мендирмандын кашына келип калды.

Ажыдаар көп жашап карыганда, адам түрүнө айланып, эркек ажыдаар эркек киши болуп, ургаачы ажыдаар ургаачы болуп кетет экен. Бул аял ажыдаардан адам түрүнө түшкөн Жоога экен. Ойгонуп көзүн ачса, кашында бир кашкайган сулуу катын турат. Катын Мендирмандан кеп сурап калды:

Бул алты миң, алты жүз, алтымыш алты
Жаңгел-Мазан
Даран, даран болгону адам баласынан
Жан келбеген барса келбес деген жер эле.
Ушул жерге сен немине кыстоо менен келдиң?
Керк мүйүзүнө сайып кетпептир,
Пил картоонуна салып чайнап кетпептир.
Арстандар алып таштабаптыр.
Сен кандайлыктан Жаңгел-Мазанга
Аралап аман келип калдың?— деди.

Канчалык баатыр болсо да, Мендирман коркуп калды. Катын айтат: «Мен ажыдаардан адам түрүнө айланган Жоога болом» деди. Чочуп калган Мендирман башынан өткөнүнүн баарын айтты. Бирин да калтырган жок. Саргарып сабылып туруп, жана кайрат кылды: «Мен эрте эле өлгөн жан эмесминби?! А көрөкчө бул катындын мага жамандык кылар көзү көрүнбөдү. Мен бул катынга анык сырымды айтып, акыл сурап алайын» деп, Айым Каныш менен Адылхандын жөнүнөн ажыдаар катынга сөз баштады:

— Бизде Түркстан деген жерибизде, түрк деген элибизде Адылхан деген ханыбыз болгон. Бул менин алган

аялымды Адылхан алмак болуп, башыма бул балакетти салып койду. Аялым хандын колунда калды. Не болсо да, алыс барып өлөйүн деп, мен бул жерге келип калдым. Адылхандын тапшырган кызматы: «Сен Жаңгел, Мазан, Даран деген жер бар. Ошол жерде кандай түрлүү айбандар бар? Ошонун баарын көрүп кел, Мазан, Даран канча сай экен? Анык эсебин алып, санап билип кел! Ошол Мазан, Даранда жай куурабаган, кыш үшүбөгөн Гүлгаакынын кызыл гүлү деген гүл бар. Ошол гүлдү таап кел» деп жиберди эле. Хандын мүнөзү мени как талаада өлтүрмөктө, аялымды алмакта — деп, Жоогага айтты.

— Адам баласы опасыз, убарасыз калк болсоңор, мен ал жерге бара албайм. Бирок, жол көрсөтүп, акыл айтып берейин. Ажыдаар, жолборс, керк, пил—ар түрлүү жаныбарларды өзүң көрдүң. Сен көрбөгөн ар түрлүү иштен калганы жок. Санай элек Жаңгел, Мазан, Даран калды.

«Жангел» деп туюк капчыгай зынданды айтат. «Мазан» деп токойду айтат. «Даран» дегени бөлөк-бөлөк колот болот. Сай дегенин санап учуна чыга албайсың. Калкыңа айтып бар, аракетиң баатырдык, эрдик менен бүтөт. Канчалык айтсаң, карарып калган хан сөзүңдү кабыл кылбайт. Бул Жаңгел, Мазан, Дарандын санагы — алты миң алты жүз алтымыш алты сай болот. Гүлгаакынын гүлү бул жерде болбойт, Көйкапта болот. Кош эми, калкыңа кайт, ханыңа айт. Бар сөзүм: жабырдан качпа, жаныңды аяба — деп, Мендирманга энедей акыл айтып, ажыдаар Жоога жолго салды.

Маралбаш бууданды минип, үч ай чамасында жүрүп, Түркстан жерине, түрк элине Мендирман келип калды. Барса келбеске кеткен Мендирман келгенче Адылхан, Айым Каныш кандай түрдө турганы, атасы Нариктин, тогуз агаларынын кандай турганы айтылат.

Адылхан менен Айым Каныш кеби бүткөн, кеңеши тынган. Той кылып, нике кыйып, алууга аракет кыла баштады. Бул сөз бүтүн калкка угулду. «Эл оозунда элек жок» Эл оозунан ар түркүн кеп чыгып калды. Хандын мурунку аты Айыл эле, түз жүргөндүктөн, Адылхан койгон. «Баарыдан мунун залимдиги өтүп, эпсиз Адилдик күйдүрдү го? Пир болом деп жүргөн бала-

ны барса келбес өлүмгө жумшап өлтүрүп, анын катынын аламын деген немине тамтык болсун!

Ханы залим болсо, калкы карап болот,
Катыны жалап болот,
Жалап катын талак болот.
Кечээ Нариктин он уулун он жакка бөлгөн катын,
Өзү жайдары басып, жаман жүрүп, жалап болуп кеңгөн катын.
Укканыңар жок беле?
Нариктин бир катынынан тогуз уулу бар эле.
Тогуздун улуусу—Асыл, кенжеси Күлтебер.

Бул бети кара катын Күлтебер менен жетишип, тамыр болуп, Күлтеберге тиймек болду. Шору көп Мендирманды өлтүрөрдө атасы Нарикке ыйлап, Асыл Мендирманды ала качып куткарбадыбы? «Бала кайның менен катып кал, катының менен жерге кир»— деп калк ичинде бир далай кобур сөз аралап калды. Бул арада Адылхан той берип, Айым Каныштты алмакка элге кабар салды.

Айтылуу Мендирман айдай жаркып,
Майдай балкып, көлдөй толкуп,
Бала да болсо эр Мендирман
Барса келбестен аман-эсен келип калды.
Келген замат кеп сурабай,
Капа болуп каргашалуу Адылхан:
—Атам Өзүбек хандын Обдун суусуна таштаган
Агар алтын, ак жамбы күмүшү бар,
Жана алтын казаны бар,
Алып келип бересиң — деп жумшап калды.
Адылхан тактыда чалкасынан жатат.
Колунда комузу бар,
Булбулдай добушу бар,
Күндүз өнүп ырдап, күлүп коюп,
Комузун чертип жатат,
Кашында Бабакайым деген токсонго чыккан бир абышкасы бар.
— Мен адылдык жолдон ашып кетсем,
Тартынбай айтып, акыл берип тур — деген.

Бул Бабакайым дагы үйдө, тышта, көчөдө көпчүлүктүн канга кылган нааласына күйүп, ар канчалык уккан сөзүн Адылканга айтканы келген экен.

Бул арада күйүп турган Мендирман басып
барып,
Адылкандын колунан комузун алып,
Чертип арманын айтып,
Кандан тартынбай ырдай баштады:
Ой Адылкан каныбыз,
Тынчыбады жаныбыз.
Куттуу болсун өзүңүзгө
Ала турган жарыңыз.
Адылдыкта бар болсоң,
Акыйкаттуу кан болсоң,
Ушул алган катынды
Уруксат менен алыңыз.
Төрөсүнгөн Адылкан,
Төгүлбөсүн каныңыз?
Бузулган экен пейилиң,
Бул пейилден жаныңыз.
Кашыңда карап олтурат
Кайымбаба чалыңыз.
Кызматты кылса мен кылдым,
Кай чоролдон кем кылдым?
Чороң турсун, Адылкан,
Өзүң менен тең кылдым.
Билесендин жогунан
Бир билбедиң кылган кызматты.
Оолугуп катын алам деп,
Ойлободуң ызатты.
Кан Адыл, сага баш бербейм,
Катын турсун, таш бербейм.
Жаныма батты күйүтүң.
Жакшы аяктан аш бербейм.
Мен Мендирман, Мендирман,
Мен да өзүңдөй эрдирман.
Тартса бекем жулунбас,
Талаша бүткөн кендирман.
Балталаса бузулгус
Чытырман токой чердирман.
Калың кыргыз калкыңдын

Кай уулунан кемдирман?
Козу кочкор Мендирман,
Колум сынбай жеңдирман.
Аксак бутум Мендирман,
Алым келсе Жеңдирман.
Коппой калган колотто
Коңур ала бугумун.
Кол чабуулай ок тийип,
Козголо албай турумун.
Адырга оттоп семирген
Айтылуу көкмөк кулжамын.
Арка саптай ок тийип,
Аргам кетип тургамын.
Желкелеп учкан турнамын,
Жез канатым кайрылып,
Канатымдан айрылып,
Жер өбөктөп тургамын.
Азылуу шерден арстанмын,
Аңгемеге батканмын.
Адылкан, сенин өзүнө
Алда кандай жазгамын?
Адылкан, мени кордобо,
Өз башыңды зордобо!
Өктөң калар өзүңдө,
Өлбөймүн деп ойлобо!
Мен бөөдөмүн, бөөдөмүн,
Көп чороңдон өөдөмүн.
Өзүң турсун, Адылкан,
Атаң Өзбеккандан өөдөмүн.
Ашык атсам утармын,
Таш чайнасам жутармын.
Тартынбаймын, Адылкан,
Так жакаңдан жутармын.
Чоролосоң чороңмун,
Төрөлөсөң төрөңмүн,
Караласаң караңмын,
Кадырым билсең balaңмын.
Аял болсо табылат,
Азамат кайдан табылат?
Аянбаймын, Адылкан,
Азапка башың чалынат!..
Катын болсо табылат,

Кабылан кайдан табылат?
Кабылан эрге катылсаң,
Кайгыга башың чалынат.
Катын үчүн кандай жан
Канга барып жалынат?
Кайраты бар азамат
Кармашууга камынат.
Айтышар болсоң аяр бол,
Атышар болсоң даяр бол!
Айтышпасаң сөз менен,
Атышпасаң ок менен,
Тапкан эсиң ушулбу?
Таттым эле тузуңду.
Иштеген ишиң ушулбу?
Ичтим эле тузуңду.
Каалапсың кашкөй катынды,
Анык айт мага дартыңды.
Өзүм алып берейин,
Кетирбегин батыңды.—
Деп келтирип кепти,
Боло турган эпти
Эр Мендирман айта баштады:
— Кана, Адылкан, сен да азамат,
Мен да азамат,
Кан башы көпүрө болсо, аттап өтпө дептир.
Алуучу катыныңды ал,
Сөзгө кулак сал.
Тобокелдеп кетейин,
Тоюнан жеп кетейин.
Атаңдын мазарына,
Айткан казаныңа барайын — деди.
Баба—Кайым карыя башын көтөрүп сөзгө
кирди
— Сен Адылкан, акылыңдан адашкансың,
Шайтанга жанашкансың.
Эсиңдин жоктугунан балаң менен
Эски катынды талашкансың.
Сен бул пейилди кой,
Өмүрүндөн той,
Бул жорукту жой,
Ушул шерменде катынды сой!
Катынды алба,

Каргашага калба.
Башыңа тиет,
Балаа балакетке калба!
Бул иш жеңил эмес,
Бул бала тегин эмес.
Балам Мендирман, акылыңдан таңба,
Азаптуу казанга барба —
Деп, Баба — Кайым карыя акыл-насаат
айтып өттү.—
Капа болбо, Адылкан, жеке мен эмес,
Калктын жону да Мендирманга оой калды.
Ошол жерде каталык менде да өткөн —деди.
«Кара шайтан басып,
Каргашалуу катынга эссиз адылдыгыман
азып
Калган экенмин» — деп,
Алдамчы кемпирди дарга тарттырып өлтүрдү.
Каныш Айымды да жазалап өлтүрдү.

Жалгыз кызы Күлайымды Мендирманга алып берди. Тактысын да берип, бала кылып алды. Баягы өлтүрөбүз деген агалары темселеп келип калды. Атасы Нарикбайды да кашына алып, максатына жетти.

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР

**«Дыйкандын аялынын кошогу».** Бул чыгармасынын жазган жылы аныкталбады. Тоголок Молдонун ырлар жыйнагына киргизилип, 1944-жылы, анан 1951-жылы басылып чыккан. Эки томдукка Тил жана Адабият институтунун фондусундагы материал боюнча берилген. Азыр дагы ошол калыбында жиберилди.

**«Устанын аялынын кошогу»** — жазган жылы такталбады. Алгач 1944-жылы жыйнакка киргизилип, жарык көргөн. Андан кийин 1951-жылдагы жыйнагында жарыяланган болучу. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка пайдаланылган, азыр дагы ошол калыбында жиберилди.

**«Калмергендин аялынын кошогу»** — негизи элдик, алгачкы жолу 1944-жылы чыккан жыйнагында жарыяланган. Андан кийинки ырлар жыйнагына да киргизилген. Фондудагы материал боюнча эки томдукка пайдаланылган, азыр дагы ошол бойдон жиберилди.

**«Маананын кошогу»** — жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1944-жылдагы ырлар жыйнагында жарыяланган. Анан кийин 1951-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка алынган болучу. Азыр дагы ошол калыбынча жиберилди.

**«Саран кызды бергенде женесинин кошкону»** — жазган жылы такталбады. Биринчи жолу 1944-жылы чыккан жыйнакта жарык көргөн. Анан 1951-жылдагы «Тандалган ырлар» жыйнагына киргизилген. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка пайдаланылган болучу. Азыр дагы ошол бойдон жиберилди.

**«Көк көйнөк».** Акындын бул кошогу биринчи жолу 1944-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарык көргөн. Анан 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагына киргизилген. Фондудагы материалдарга салыштыруу менен, эки томдукка кошулган болучу. Азыркысы да ошол боюнча жиберилди.

**«Күлжар».** Бул кошок Тоголок Молдонун 1944-жылы жарык көргөн «1-жыйнак» деген ырлар жыйнагында биринчи жолу басылган болучу. Азыр фондуда сакталып турган кол жазманын негизинде эки томдукка киргизилди

**«Гүлойрон».** Тоголок Молдонун эскертүүсүнө караганда, бул кошок өткөн кылымда Ысык-Көл өрөөнүндө Чыны деген кошокчу аялдын айтуусу боюнча алынган экен. 1944-жылы «1-жыйнакка»

киргизилип, биринчи жолу жарык көргөн. Азыркы басылышында фондудагы материалга салыштырылып, мурун калтырылып кеткен айрым ыр жолдору кошулду.

**«Тотунун кошогу».** Бул кошок да 1936—1938-жылдардын аралыгында Тоголок Молдодон жазылып алынган. Мурун эч жерде жарык көргөн эмес. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка биринчи жолу киргизилди.

**«Кыз Мактымдын арманы».** Бул арман — эл оозунда айтылып келген уламанын негизинде жазылган. Тоголок Молдонун эскертүүсүнө караганда, илгери жоокерчилик заманда Байсары деген бай малына карап, элден бөлөк жайлоолоп кетет экен. Ошондо калмактар келип, чабуул жасап, Кыз Мактымды алып кетет. Акыры Мактым калмактан качып келип, Арстан деген канга тийген экен. Тоголок Молдо бул жөнүндө узак айтат. Мында ырдын тексти гана алынды. Эки томдуктун биринчи томунда жарык көргөн тексти өз калыбынча жиберилди.

**«Чалга берген кыздын арманы».** Бул арман биринчи жолу 1944-жылы чыккан «1-жыйнакта» жарык көргөн. Экинчи жолу 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында жарыяланды. Бул арман орус тилине которулуп, 1952-жылы 4-январда «Советская Киргизия» газетасында жарыяланган болучу. Анан эки томдуктун биринчи томунда басылган. Азыр дагы ошол тексти пайдаланылды.

**«Жаш балага берген кыздын арманы».** Бул арман Тоголок Молдонун өзүнөн жазылып алынган материалдын биринде «Анаркүлдүн арманы» делип да жүрөт. Ушул арман 1944-жылы «1-жыйнакта» «Жаш балага берген кыздын арманы» делип берилип, анан ушул тема менен «Тандалган ырлар» (1951-жылы) жыйнагына киргизилип, элге белгилүү болуп кеткендиктен, эки томдукка өзгөрүүсүз жиберилген болучу. Азыркы тексти да ошол боюнча алынды.

**«Насыяга кеткен кыздын арманы».** Бул арман чыныгы окуядан алынган, жазган жылы белгисиз. Өткөн кылымдын аяк ченинде жергиликтүү бийлөөчүлөр, старчын менен болуш Сатылган деген кедей кишини алдашып, бексулга кол койдурушат да, бир соодагерден эки миң койго карыз акча алышат. Акча колго тийгенден кийин болуш менен старчын, бийлер соодагердин коюн төлөшпөй четке чыга беришет Ал эми Сатылган болсо жалаага жыгылат. Соодагер арыз менен кайрылганда, жергиликтүү бай-манаптар, болуш менен бийлер көрүнө зордук кылып, Сатылгандын Кенжеке деген бойго жеткен карындашын алиги соодагерге эки миң койдун ордуна кармап беришиптир. Ушул окуяга байланыштуу Кенжеке арман ырын чыгарган экен. Фондудагы материалдын негизинде эки томдуктун биринчи томуна киргизилген болучу. Азыр дагы ошол боюнча жиберилди.

**«Кыз Кенжекенин арманы».** Жазган жылы белгисиз. Бул арман биринчи жолу 1944-жылы «1-жыйнакта» жарыяланган болучу. Андан кийин 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында жарыяланды. Азыркы тексти эки томдуктун материалы боюнча киргизилди.

**«Токол аялдын зары».** Бул арман 1938-жылы Тоголок Молдодон жазылып алынган. Эч жерде жарыяланбаган. Азыр фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилди.

**«Кубаттын уулу Кулмырза».** Тоголок Молдонун эскертүүсүнө караганда, акын бул чыгарманы 19 жашында Калыбек деген киши-

ден үйрөнгөн экен. Кийин жазып, аны илим изилдөө институтуна тапшырат. Ошонун негизинде 1930-жылы «Жаңы маданият жолунда» деген журналдын № 5—6 санында биринчи жолу жарыяланат. Ошо жарыяланган материалды толук бойдон алып, эки томдукка киргизүүнү туура таптык.

**«Качкан кыз».** Бул арман 1944-жылы чыккан «1-жыйнакта» биринчи жолу жарыяланган болучу. Азыркы басылышында ошол жыйнакка киргизилген варианты алынды.

**«Толгонай»** жазган жылы белгисиз. «Толгонай» да — чыныгы болгон окуянын негизинде жазылган чыгарма. Мунун окуясы Кокон хандыгынын жүргүзгөн сурагын, кыргыз элинин катуу эзилишин чагылдырганына тыгыз байланыштуу. Кокон хандыгы кыргыздарды эзүү максатында, Нарындын Куртка деген жерине коргон салып, ага миң аскерди жайлаштырган. Анын саркери — аскер башчысы Ысабек деген Толгонайдын сулуулугуна кызыгып, аны зордук менен аялдыкка алган. Анын сүйгөн жигити ошол тууралу ушул «Толгонай» деген ырын чыгарган болот. Ал «Андаштын арманы» деп аталат. 1951-жылы чыккан «Тандалган ырларда» «Толгонай» деген ат менен үч куплет ыр жарыяланган. Элге белгилүү болуп калгандыктан, эки томдукка да ошол тема боюнча жиберилген болучу. Азыркы басылышында өзгөртүүлөр киргизилген жок.

**«Жигиттин кызга ырдаганы».** Биринчи жолу «1-жыйнакка» киргизилип, 1944-жылы жарык көргөн. Анан «Тандалган ырларда» (1951) жарыяланды. Фондудагы материалга салыштырылып, эки томдукка киргизилген болучу. Азыркысында ошол материал пайдаланылды.

**«Жигиттин келинге ырдаганы».** Бул ыры 1895-жылга таандык. Биринчи жолу «1-жыйнакта» 1944-жылы жарыяланган болучу. Анан «Тандалган ырлар» жыйнагында жарык көрдү. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген. Азыр ошол материал боюнча жиберилди.

**«Кыздын ыры».** Жазган жылы аныкталбады. Биринчи жолу «1-жыйнакта» 1944-жылы басылган. Анан фондудагы материал боюнча эки томдукка киргизилген болучу. Азыр дагы ошол материал өзгөрүүсүз жиберилди

**«Үрпүкан».** Үрпүкан күйөөдөн чыгып келгенде, Тоголок Молдо сүйлөшүп, аны алмак болот. Бирок, ал кездеги манаптар малга кызыгып, Үрпүканды Сарт деген байга узатышып, андан 100 ирик алышат. Андай адилетсиздикке нааразы болгон Тоголок Молдо ушул ырын 1895-жылы чыгарган. Фондудагы материал пайдаланылып, 1953-жылы эки томдуктун биринчи томуна «Үрпүкандын» үзүндүсү киргизилген. Азыр да ошол материал өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Койкөз».** Жазган жылы такталган жок. Биринчи жолу 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында кыскартылган түрүндө жарык көргөн. Фондудагы материалдын негизинде айрым толуктоолор менен эки томдукта берилген болучу. Азыр ошол материал пайдаланылды.

**«Ашыктык жөнүндө арман жаш».** Фондудагы материал боюнча биринчи жолу эки томдуктун биринчи томуна киргизилип, 1954-жылы жарык көргөн. Азыр өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Бууданкөк».** Жазган жылы такталган жок. Биринчи жолу «1-жыйнакка» киргизилип, 1944-жылы жарык көргөн. Анан «Тандал-

ган ырлар» (1951-жылы) жыйнагында жарыяланды. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген болучу. Азыр ошо тексти өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Кара макмал, жорголо!»** Эл оозунда айтылып жүргөн лакаптын негизинде түзүлгөн, жазган жылы белгисиз. Биринчи жолу 1939-жылы чыккан «Балдар жомоктору» деген ырлар жыйнагында жарыяланган эле. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилген. Азыркы басылышында ошол материал өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Эки чилде».** Жазган жылы белгисиз. 1951-жылы чыккан «Тандалган ырлар» жыйнагында биринчи жолу жарыяланган болучу. Институттун фондусундагы материал боюнча анан эки томдукка киргизилген. Азыр ошол материал боюнча жиберилди.

**«Жанбакты».** Элдик лакаптын негизинде жазылган чыгарма. Биринчи жолу эки томдукка киргизилген. Азыр ошол материал эч өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Санат».** Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка биринчи жолу киргизилип, 1954-жылы жарык көргөн. Азыр ошол ыр өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Өнөр».** 1938-жылы Тоголок Молдодон жазылып алынган. Негизи элдики. Фондудагы материал боюнча биринчи жолу эки томдукка киргизилди.

**«Жакшы катын».** Жазган жылы такталбады. Фондудагы материал пайдаланылып, биринчи жолу эки томдукка киргизилген болучу. Азыркы басылышында эч өзгөрүү киргизилген жок.

**«Жаман катын».** Жазган жылы белгисиз. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилип, биринчи жолу 1954-жылы жарык көргөн. Азыр ошол материал боюнча өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Жакшы, жаман багуу тууралу».** Негизи элдики болуу керек. Аны Тоголок Молдо кошумчалап чыккан. Бул ыр Тоголок Молдодон 1938-жылы жазылып алынган. Азыр фондудагы материалдын негизинде эки томдукка киргизилди.

**«Кайран баш».** Негизи элдики болуу керек. Бул ыр 1938-жылы Тоголок Молдодон жазылып алынган. Эки томдукка фондудагы материалдын негизинде киргизилди.

**«Айгандын баласы** өлгөндө Кетбуканын угузганы». Бул ыр XIII кылымдагы окуянын негизинде пайда болгон чыгарма. Кетбука деген ырчы жана комузчу жөнүндө эл арасында эчен-эчен уламалар бар, комуз күүсү да бар. Чынгыс-хандын Жуучу деген баласы өлгөндө, эл хандын каарынан коркуп, ага угуза албаганда, Кетбука комуз чертип, табышмактуу ыр менен ушунтип угузган экен. Бул ыр 1938-жылы Тоголок Молдодон жазылып алынган. Ошол вариант боюнча эки томдукка жиберүүнү туура таптык.

«Айгандын жообу». Кетбуканын ырына карата Айган (Чынгысхан ошондой аталган) жооп кайтарган. Демек, Кетбуканын ырынын экинчи бөлүгү болуп эсептелет. Бул ыр дагы Тоголок Молдонун айтып берген варианты боюнча жиберилди.

**«Токтогул ырчынын сөзү».** Тоголок Молдонун маалыматына караганда, бул ыр Жаныбек ханга карата айтылган экен. Ушул ыры үчүн Жаныбек хан каарданып, Токтогул ырчыны кууп жиберет. Өлбөй калганына сүйүнүп, Токтогул ырчы Толубай сынчыга келип, аны менен ынтымактуу жашап калган экен.

Бул ыр 1938-жылы Тоголок Молдодон жазылып алынган. Фондудагы материал боюнча жиберилди.

**«Токтогулдун Жаныбек ханды табалап ырдаганы».** Ал Жаныбек абдан каардуу хан болот. Жаныбек жөнүндө эл оозунда айтылып келе жаткан аңыз сөздөр, жомоктор бар. Ал Жейрен Чечени Алтайга айдап жиберген экен. Эл ханга каршы көтөрүлүп, аны иниси Бердибек деген өлтүрөт. Ошондо Токтогул ушул ырын ырдаган экен. Бул материал Тоголок Молдодон 1938-жылы жазылып алынган. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка биринчи жолу киргизилди.

**«Асан Кайгынын сөзү».** Тоголок Молдонун маалыматына караганда, Асан Кайгы — Токтогул ырчынын замандашы. Демек, экөө тең XV кылымда жашаган болот. «Асан Кайгы мал үчүн, дүнүйө үчүн кайгырган эмес. Ал эл үчүн, жан-жаныбарлар үчүн кайгырган» дейт Тоголок Молдо. Катуу жут болгондо Асан Кайгы катуу кайгырып, ушул ырын айткан экен. Бул ыр Тоголок Молдодон 1938-жылы жазылып алынган. Фондудагы материал боюнча жиберилди.

**«Үркөр-үркөр топ жылдыз».** Негизи элдики, Тоголок Молдо кичине кошумчаларды киргизип иштеп чыккан. Биринчи жолу 1944-жылы чыккан « 1-жыйнакта» жарыяланган болучу. Андан кийинки ырлар жыйнактарында дагы басылып келе жатат. Азыркы басылышында эки томдуктун материалы өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Элкин тоо».** Негизи — элдики. Биринчи жолу «1-жыйнакта» жарыяланган болучу. Андан кийинки жыйнактарда басылып келди. Азыркы басылышында эки томдуктун материалы пайдаланылды.

**«Балдардын ыры».** Негизи — элдики. Биринчи жолу 1951-жылы «Тандалган ырлар» жыйнагында жарыяланган, анан 1952-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка пайдаланылган болучу. Азыркы басылышында эки томдуктун материалы өзгөрүүсүз жиберилди.

**«Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы».** Негизи — элдики. Биринчи жолу «1-жыйнакта» 1944-жылы жарык көргөн. Андан кийинки ырлар жыйнактарында басылып келди. Азыр эки томдуктун материалы боюнча кайрадан эки томдукка пайдаланылды.

**«Турумтай».** Негизи — элдики. Тоголок Молдо кайрадан иштеп, бир топ кошумчалар киргизген. Биринчи жолу «Тандалган ырлар» жыйнагында (1951-жылы), экинчи жолу «Жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнагында (1952-жылы) басылган.

**«Торпогум»** — деген ырдын негизи элдики, бирок Тоголок Молдо көп кошумчаларды киргизип, эң чебердик менен кайрадан иштеп чыккан. Бул ыр биринчи жолу 1939-жылы «балдар жомоктору» деген, экинчи жолу 1952-жылы «Жер жана анын балдары» деген ырлар жыйнактарында басылган.

Тоголок Молдонун айтканы бүт сакталды. Бир гана «Бедени» деген сөз «Бетеге» делинип элдик мотивдин негизинде берилди. Бул жыйнакка институттун фондусундагы материал пайдаланылды.

**«Ботосу өлгөн төө»** негизи элдики. Институттун ма[illegible] боюнча басылып отурат.

**«Телибай Тентек».** Тоголок Молдо бул чыгармасын эл [illegible] айтылып жүргөн анекдот жомоктун негизинде жазган. Бул [illegible]масы 1939-жылы «Балдар жомоктору» деген жыйнагында [illegible]

ланган. Фондудагы материал боюнча толукталып, экинчи томдукка киргизилген. Азыр дагы ошол боюнча жиберилди.

**«Жети таз, Жеке таз».** Бул — эл арасында кеңири айтылып жүргөн, казак жана өзбек элдерине да белгилүү жомок. Тоголок Молдо кара сөз түрүндөгү жомокту ырга айландырып жазган. Фондудагы материалдын негизинде эки томдукка биринчи жолу кошулду.

**«Бабырган».** Бул дагы эл арасында айтылып жүргөн юмордук жомок. Фондудагы материал пайдаланылып, ошол боюнча жиберилди.

**«Чынтаз»** жомогу кара сөз түрүндө айтылат. Тоголок Молдо аны ырга айландырып иштеп чыккан. Андан 1938-жылы жазылып алынган. Фондудагы материал боюнча эки томдукка биринчи жолу киргизилди.

**«Абышка, кемпирдин көмөчү».** Бул дагы эл арасындагы айтылып жүргөн жомок. Кайсы бир окуясы боюнча орус элинин «Колобок» деген жомогуна окшоп кетет. Мурунку жыйнактарда басылып жүргөн. Бирок, эки томдуктун биринчи басылышында редактор эч себепсиз алып таштаптыр. Эки томдуктун бул басылышында кайрадан кошулду.

**«Кемпир, чал»** жомогу юмордук мүнөздө жазылган. Фондудагы материал боюнча эки томдукка биринчи жолу киргизилди.

**«Жаңыл Мырза»** — эл оозунда айтылып жүргөн, кыргыз элине белгилүү дастан. Эл арасында кыргыздын баатыр кызы Жаңыл Мырза жөнүндө толуп жаткан аңыз сөздөр бар. Эл Жаңылды жакында өткөн баатыр кыз катары сөз кылат. «Жаңыл Мырза» дастанынын бир топ варианты бар. Тоголок Молдо да «Жаңыл Мырза» дастанын өзүнүн көз карашы, өзү уккан окуяга карай жазган. Эки томдукка мурдагы басылышы боюнча жиберилди.

**«Шырдакбек»** дастаны да эл арасында мурунтан айтылып келген, кыргыздарга белгилүү чыгарма. Тоголок Молдо өз укканы боюнча жазып тапшырган. Фондудагы материал боюнча эки томдукка биринчи жолу киргизилди.

**«Мендирман»** дагы элге кеңири тараган дастан. Тоголок Молдо кыскача түрдө жорго сөз менен бүт окуясын берген. Фондудагы материал пайдаланылып, эки томдукка биринчи жолу кошулду.

МАЗМУНУ


**Тоголок Молдо**
**Кошоктор**
Дыйкандын аялынын кошогу
Устанын аялынын кошогу
Калмергендин аялынын кошогу
Маананын кошогу
Сараң кызды бергендеги жеңесинин кошогу
Көк көйнөк
Күлжар
Гүл ойрон
Тотунун кошогу
**Армандар**
Кыз Мактымдын арманы
Чалга берген кыздын арманы
Жаш балага берген кыздын арманы
Насыяга кеткен кыздын арманы
Кыз Кенженин арманы
Токол аялдын зары
Кубаттын уулу Кулмырза
Качкан кыз
**Сүйүү ырлары**
Толгонай
Жигиттин кызга ырдаганы
Жигиттин келинге ырдаганы
Кыздын ыры
Үрпүкан
Койкөз
Ашыктык жөнүндө арман жаш
**Түрдүү ырлар**
Буудан көк
Кара макмал, жорголо
Эки чилде . . . 1[illegible]
Кышкы чилде . . . 1[illegible]
Жайкы чилде . . . 1[illegible]
Жанбакты . . . 1[illegible]
Санат . . . 1[illegible]
Өнөр . . . 1[illegible]
Жакшы катын . . . 1[illegible]
Жаман катын . . . 1[illegible]

кшы, жаман тууралуу . . . . . . . . 119
йран баш . . . . . . . . . . . 120
андын баласы өлгөндө . . . . . . 121
андын жообу . . . . . . . . . . 121
ктогул ырчынын сөзү . . . . . . . 122
ктогулдун Жаныбек ханды табалап ырдаганы 122
нкайгынын сөзү . . . . . . . . . 124
**ндар ырлары** . . . . . . . . . . 127
кин тоо . . . . . . . . . . . . 128
ндардын ыры . . . . . . . . . . 129
ным кыз менен Көбөк . . . . . . . 130
румтай . . . . . . . . . . . . 134
попогум . . . . . . . . . . . 136
осу өлгөн төө . . . . . . . . . 138
**моктор** . . . . . . . . . . . 140
нибай тентек . . . . . . . . . . 140
ти таз, жеке таз . . . . . . . . 152
бырган . . . . . . . . . . . . 167
нтаз . . . . . . . . . . . . . 182
ышка-кемпирдин көмөчү . . . . . . 187
мпир, чал . . . . . . . . . . . 194
мпирдин сөзү . . . . . . . . . 195
ышканын сөзү . . . . . . . . . 197
мпирдин сөзү . . . . . . . . . 198
ндын сөзү . . . . . . . . . . . 199
мпирдин сөзү . . . . . . . . . 203
ндын сөзү . . . . . . . . . . . 204
мпирдин сөзү . . . . . . . . . 205
ышканын сөзү . . . . . . . . . 205
**ик дастандар** . . . . . . . . . 207
ңыл Мырза . . . . . . . . . . 207
рдакбек . . . . . . . . . . . 247
гындын аңгемеси . . . . . . . . 272
ндирман . . . . . . . . . . . . 282
**ертүүлөр** . . . . . . . . . . . 296

*Тоголок Молдо*

I том

СОБРАНИЕ СОЧИНЕНИЙ В ДВУХ ТОМАХ

Редактору *Т. Кожомбердиев*
Оформлениеси *И. А. Ефимовдуку*
Худ. редактор *И. Ф. Бульба*
Тех. редактор *С. Чотиев*
Корректор *Ф. Тулина*

Терүүгө 5/VI-1970-ж. берилди. Басууга 8/X 1970 ж. кол коюлду. Д — 03399 Кагазы типографская № 3, форматы 84×108$^1/_{32}$ 9 физ. басма табак, 15,96 шарттуу басма табак 17,47 учеттук табак.

Тиражы 20000. Заказ № 1833
Баасы 1 с. 82 т.

Киргизполиграфкомбинат Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР, г. Фрунзе, ул. Жигулевская, 102